# ЫЙЫК КИТЕП БОЮНЧА ЖАКШЫ КАБАР ТАРАТУУ ЖАНА ШАКИРТЧИЛИК

Доктор Стивен Гибсон

shepherds
GLOBAL CLASSROOM

Copyright © 2015 Шеппердс Глобал Мектеби
Орус курсунун биринчи басылышынан которулган.

Бардык укуктар корголгон. Шеппердс Глобал Мектебинин уруксаты жок, тест барактарынан тышкары ушул китепти жарым-жартылай же толугу менен көбөйтүүгө, электрондук, механикалык, ксерокөчүрмө, жаздыруу же башка жол менен көчүрүгө тыюу салынат.  ШГМ англис тилиндеги ар бир сатып алынган окууту программасы, бизге алар башка тилге которуга жана машайакчы жетекчилердин арасында таркатууга мүмкүнчүлүк берет. Бул максатка курмандык чалуу үчүн ШГМ менен байланышуу үчүн төмөнкү сайтка кириңиздер: www.shepherdsglobal.org.

Бардык цитаталар Ыйык Китептен алынган. Кыргыз тилиндеги БИБЛИЯ. Кайра иштелип, экинчи басылышы 2004. copyright © 2004 Боорукерликтин өкүлдүгү "ҮМҮТ НУРУ"

# Мазмуну

Курстун максаты жана киришүү......5
(1) Улуу тапшырманы кабыл алуу ......7
(2) Кудайга кайрылуу теологиясы ......15
(3) Жакшы кабардын шашылыштыгы......25
(4) Жакшы Кабардын ажырагыс бөлүктөрү......31
(5) Жакшы кабарлык ишеним......35
(6) Ыйык Рухтун иши......43
(7) Сыйынуу жана орозо ......49
(8) Ыйсанын ыкмасы ......57
(9) Жакшы кабарды тартуулоо «Көпүрө» ......67
(10) Рим жолу ......75
(11) Жакшы кабардын насааты ......83
(12) Эшикти ачуу ......91
(13) Жакшы кабар таратуу ыкмаларын ыңгайлаштыруу ......99
(14) Балдарга кызмат ......107
(15) Жыйынга тапшырылган максат......119
(16) Чыныгы шакирттер......125
(17) Руханий жетилүүнү көздөй......135
(18) Кичине топтор үчүн көрсөтмө......143
(19) Шакиртчилик: Сыйынуу жана практика ......155
Өсүү үчүн сабактар: Шакиртчилик үчүн 12 сабак ......161

# Курстун максаты жана киришүү

### Курстун максаты

(1) Жыйындын мааниси жана ага тапшырылган максаттын негизинде жакшы кабарды колдонуу.

(2) Жакшы кабардын негизги доктриналарын кайталоо.

(3) Ишенүүчүлөрдү жакшы кабар таратуунун кээ бир практикалык ыкмаларына үйрөтүү.

(4) Шакирттерди жасоодо жыйындын жоопкерчилиги маанилүү экенин жеткирүү.

(5) Шакиртчиликтин тапшырмаларын аныктоо жана сүрөттөө.

(6) Шакиртчилик боюнча кичине топторду алып баруунун тажырыйбалык ыкмаларын үйрөнүү.

(7) Жаңы ишенгендерди окутуу үчүн сабактардын жыйнагы менен камсыз кылуу.

### Курска киришүү

Бул курс жыйынга миссиясын аткарууга жардам берген курал катары иштелип чыккан; ал жакшы кабар таратуу жыйындын миссиясы экенин жана аны жакшы кабардын маңызы түзүш керектигин көрсөтүп, жергиликтүү жыйындын алдыңкы орунда турганына басым кылат.

Жакшы кабардын негиздерин түшүндүрүп жатып, күнөөкөрдү чындап Кудайга кайрылууга жана машайакчылык жашоого алып барбаган кээ бир заманбап ыкмалардын каталарын оңдоп кетүүгө аракет кылалы.

Студент өзүнүн кызматын өнүктүрүүгө даярдалып жабдууланат.

Көбүнчө сабактарды ар түрлүү топтор үчүн өзүнчө тема катары өтсө болот: мисалы, жакшы кабарды кантип таратуу керектигин үйрөтсө болот.

Китептин аягындагы шакиртчилик боюнча 12 сабакты студенттер жаңы кайрылгандардын тобу үчүн колдонсо болот; 26 сабактан турган (анын ичинде бул 12 сабак) сабактардын жыйнагын Шеппердс Глобал Мектебинен алса болот.

**Курсту алып баруучулар үчүн түшүндүрмөлөр жана көрсөтмөлөр**

Курсту алып баруучуларга сабактардын өзгөчө бөлүктөрү үчүн көрсөтмөлөр бар. *Алар жантык тамга менен берилген.*

Багыт белгиси ► **талкуулоо суроосун** билдирет. Курсту алып баруучу суроону узатып, студенттерге жооп берүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек. Талкуулоо учурунда суроого так жооп берүүнүн зарылчылыгы деле жок. Жооп сабактын өзүндө бар. Эгер бир эле студент дайыма жооп бере берсе же кээ бир студенттер сүйлөбөсө, алып баруучу бирөөнө суроо узатып: «Айбек, бул суроого кандай жооп берет элең?» – десе болот.

Ар бир сабак **тапшырмалар** менен аяктайт. Тапшырмалар кийинки сабакка чейин аткарылып тапшырылышы керек. Эгер студент тапшырмасын аткарып бүтпөй калса, аны кийинчерээк бүтүрсө болот. Бирок сабакта көбүрөөк нерсе үйрөнө алуу үчүн, алып баруучу тапшырмаларды убагында аткарууга үндөш керек.

Студеннттер **жазуу түрүндөгү тапшырмаларды** аткарышат. Адатта курсту алып баруучу жазуу түрүндөгү тапшырмаларды сабактын башында жыйнап алышы керек. (Эки тапшырманы (6-сабак, 1-тапшырма жана 14-сабак, 1-тапшырма) кайтарып көрсөтпөй эле, оозеки тапшырса болот.)

Студенттер курста үйрөнгөн ыкмаларды колдонуп, көп адамдарга **жакшы кабар айтып беришет**. Айтып берген сайын алар өздөрүнүн тажырыйбасы менен бөлүшүп, жакшы кабарды кантип тааныштырганын айтып беришет. Алар улуулар үчүн жакшы кабар тууралуу насаат, ал эми балдар үчүн сабак даярдашат. Студенттер жоопторду эч нерсени карабай, эч ким менен сүйлөшпөй туруп бергидей болушу керек. Сабакты алып баруучуга жоопторду тизмеги берилген эмес, анткени бардык жоопторду оңой эле сабактын өзүнөн тапса болот.

13-сабакта жакшы кабар баракчаларын таратуу боюнча көрсөтмөлөр бар. Эгер мүмкүн болсо ошол көрсөтмөлөрдү сабакка ала келиңиз.

Эгер студент **Shepherds Global Classroom** уюмунан сертификат алгысы келсе, курстун сабактарына катышып, тапшырмаларды аткарып бүтүрүшү керек. Курстун акырында тапшырмалардын аткарылганын белгилей турган форма берилет.

# 1-сабак
# Улуу тапшырманы кабыл алуу

## Киришүү

*Студенттердин бирөөнөн Матай 28:18-20ны окуусун сураныңыз.*

Кээ бир адамдар бул буйрук элчилерге гана берилгенине ишенишет.

► Бул тапшырма аны ошол күнү уккандарга гана тиешелүүбү? Жообуңузду негиздеңиз.

Уильям Кери 1761-1834-жж. Англияда жашаган. Ал өтүкчү болгон. Ал жакшы кабар тараткысы келип, жүрөгү жалындап турган. Ал тиешелүү болгон жыйын активдүү түрдө башка өлкөлөргө миссионерлик кылууга кызыкдар эмес болчу. Алардын коомчулугу «Кудай кимди куткарарын мурун эле чечип койгон, адам ал ишке катышканынан көп деле нерсе көз каранды эмес» дегенге ишенишкен.

Кери жыйын жетекчилеринин конференцияларынын биринде талкуулоо үчүн тема сунуштайт. Ал: «Улуу тапшырма кимге берилген? Жыйын аны акырына чейин аткарышы керекпи? Ыйса шакирттери менен «дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакытта чогуу болом» дебеди беле?» – деп сураган. Конференциянын жетекчиси: «Сен өтө ышкыбоз, [фанатик] экенсиң. Кудай бутпарасты Өзүнө кайрып алгысы келсе, сенден да, менден да, жардам күтпөй эле кайрып алат» деген.

Биз жыйын бул тапшырманы убакыттын акырына чейин аткарышы керек экенин билебиз. Машайак жакшы кабар тараткандар менен бардык убакытта бирге болом деген. Ушундан бул тапшырманы аткаруу жоопкерчилиги бардык муундардагы жыйындарга жүктөлгөн деген тыянак чыгарсак болот. Элчилер көзү тирүү кезинде, бул ишти акырына чыгара алышкан эмес. Ыйса болсо, жакшы кабар бардык элдерге таратыларын айткан (Матай 24:14), ошол себептен жыйындын улам кийинки мууну жакшы кабар таратуу милдетин мурастап алат.

► 28:18-20ны кылдаттык менен карап чыккыла. Бул үзүндүдө тактап айтканда эмне кылууга буйрук кылынган?

Ыйсанын буйругуна ылайык жыйын бардык жерлерде иш алып барып, Анын шакирттерин даярдашы керек.

Бул тапшырма жакшы кабар таратууну камтыйт, анткени Кудайга кайрылбаган адамды шакирт кылуу мүмкүн эмес.

Бул буйрук жыйын жакшы кабар таратууну жана шакирт жасоону биринчи орунга коюп, кызганчаактык менен иш алып барышы керектигин билдирет. Антпесе өзүнүн максатын аткара албайт.

> «Эгер биз Теңирдин жолун Теңир Өзүнүн биринчи шакирттерине берген ишенимдүүлүк менен жолдосок, Анын айткандарын өзүбүз үчүн көрсөтмө кылып алсак, ал алгач айтылганга караганда азыркы учурда күчтүүрөөк иштээрин көрө алмакпыз»
> (Хадсон Тейлор, «Кызматка чакыруу»).

«Дүйнөнүн акырына чейин» деген сөздөр (бардык элдерди – ар бир улутту билдирет) чет элдик миссияларга иштөөгө буйрук берилгенин көрсөтөт, анткени аларга кимдир бирөө жакшы кабарды жеткирбесе, алар аны уга алышпайт. Улутуна жана коомдук катмарга таандыгына карабай, бардык адамдар жакшы кабарды угушу керек.

Бул буйрук жакшы кабар таратууну гана эмес, устатчылыкты да камтыйт, анткени ишенимге жаңы кайрылгандарга Ыйсанын осуяттарын үйрөтүү керек.

Окутуучулар жаңы ишенгендерге Ыйсага баш ийип жашоону үйрөтүү үчүн туура үлгү көрсөтүп, алгач Машайактын буйругуна өздөрүн арнашы керек.

Жаңы ишенген адам да өзүн Машайакка баш ийүүгө арнашы керек, анткени буйруктарга баш ийбей туруп аларды акыл-эс менен билип коюу жетишсиз. Ал алган билимин колдонбой жатса, бул шакиртчиликке каршы келет. Устатчылык процесси билим берүү гана эмес, ал мүнөздү да калыптандырат.

### Жакшы кабар таратуу – Ыйык Китепте биринчи орунда турат

Жакшы кабар таратуу жыйын үчүн биринчи орунда турганын Ыйык Китепте Улуу тапшырмадан сырткары көп үзүндүлөр ырастайт.

*Студенттер төмөндө берилген шилтемелерди карап чыгып, үзүндүлөрдүн ар бири жакшы кабар таратуу биринчи орунда турарына кандай басым кыларын негиздеши керек. Сүйлөшүүнү төмөндө берилген түшүндүрмөлөр менен колдоңуз.*

**Матай 9:36-38**. (Ыйса шакирттери Ал Өзү сыяктуу күнөөкөрлөргө боор ооруп, Кудай руханий оруу-жыйууга жумушчуларды жиберүүсү үчүн сыйынуусун каалаган.)

**Элчилердин иштери 4:29**. (Жыйын алгач куугунтукка туш болгондо, биринчиден денелери зыян тартарына кайгырган эмес, жакшы кабарды таратууга тоскоолдуктар пайда болгонуна кайгырган. Алар Кудайдын Сөзү куугунтуктарга карабастан таралуусу үчүн сыйынган.)

**Элчилердин иштери 11:18**. (Жүйүт жыйыны бутпарастарга куткарылуу берилгени үчүн Кудайды даңктаган.)

**Филипиликтерге 1:18**. (Пабыл өзү түрмөдө болсо да, башкалар Машайак жөнүндө жакшы кабар таратууну улантып жатканына кубанган.)

**Эфестиктерге 6:19**. (Пабыл таасирлүү жакшы кабар таратуу үчүн сыйынууну суранат.)

**Римдиктерге 10:13-15**. (Пабыл шашылыш түрдө жакшы кабарчылар керектигине басым кылат, себеби жакшы кабарды уккандар жана ишенип калгандар гана куткарыла алышат.)

► Ишенүүчүлөр адамдардын куткарылып жатканын көрүүнү каалашы үчүн кандай себептер керек?

**Эмне үчүн ишенүүчү адашкан адамдардын Кудайга кайрылуусун каалашы керек?**

- Машайакчы, биз куткарылышыбыз үчүн асманды таштап, жерде жашоо үчүн келген Ыйсанын үлгүсүн жолдоону каалашы керек.
- Ал козголоңчу Кудайга табынуучу болуп калганы аркылуу Кудайдын даңкталышын каалашы керек.
- Машайакчы жакшы кабардын таралуусун Машайактын жана Анын кун төлөп куткаруусунун жеңиши катары карашы керек.
- Ал Кудай үчүн биринчи орунда турган эмгекке салым кылууну эңсеши керек.
- Ишенүүчү күнөөсү үчүн түбөлүк сот күтүп турган адашкандарга жан тартышы керек.

► Адам жакшы кабар таратууда туура эмес ниетке жетектелиши мүмкүнбү? Ал кандай ниет болушу мүмкүн?

Жергиликтүү жыйындын кызматы ийгиликтүү болуп, өсүп-өрчүшүн каалоо жакшы.

Ийгиликке жетүүдө бизге башка жыйындар менен атаандашуу жана талашып-тартышууну жакшы көрүү түрткү бербегени маанилүү.

Кээ бир ишенүүчүлөр Кудай тарабынан жакшы кабар таратуу үчүн чакырылган жана аларга атайын жөндөмдүүлүк берилген (Эфестиктерге 4:11). Жетекчилер бардык эле адамдардын жакшы кабар таратуу жөндөмдөрү бирдей эмес экенин эске алышы керек. Бирок бардык ишенүүчүлөр жыйынга ушул миссиясын аткарууга кол кабыш кылып, ошондой эле жакшы кабар менен бөлүшүүгө даяр болушу керек.

## Машайакчылар жакшы кабар таратпагандын кээ бир себептери

► Эмне үчүн кээ машайакчылар жакшы кабар таратышпайт?

*Студенттер төмөнкү тизмеге кайрылардан мурун, өздөрү билген себептерди айтып бериши керек.*

- Жалпы рухий ынталуулук жок.
- Жакшы кабар таратуу үчүн жеке жоопкерчилик жок.
- Руханий темаларда сүйлөшүү үчүн билим жетишпейт.
- Жакшы кабарды жеткирүү үчүн билим жетишпейт.
- Каршылыктарга жооп бере албай калуудан коруу.
- Дүйнөдөн айырмаланганынан уялуу.
- Көрүлгөн аракеттин натыйжалуу болорунан күмөн саноо.
- Куугунтук.

► Бул себептердин кайсы бири жакшы кабар таратпай коюу үчүн жетишерлик олуттуубу?

## Башталышы

► Машайакчы адашкандарды куткаруу үчүн эч нерсе кылбай жатса, кылып башташы үчүн эмне кылуу керек?

Адамда жакшы кабар таратууга рухий ынтаалуулук жок болсо, ал өзү руханий жогорудан төрөлүшү керек.

Эгер машайакчы руханий тирүү, кызганчаак жана Улуу тапшырманы аткарууда өзүнүн жеке жоопкерчилигин сезип жатса, ага кийинки эки фактор жетишпей жаткан болушу мүмкүн:

1. **ишеним** – Жакшы кабар күчтүү жана таасирдүү болушу үчүн, ал Кудай эмне кылып жатканын түшүнүшү керек.
2. **даярдык** – Жакшы кабарды бөлүшүүнү үйрөнүш үчүн ал белгилүү билим жана ыкмалар менен камсыз болушу керек.

*Студенттердин биринен Жакан 4:28-30, 39 ду окуп берүүсүн сураныңыз.*

► Самариялык аял адамдарды Машайакка алып келүү үчүн кандай жөндөмдөргө ээ болгон?

Самариялык аял атайын окуудан өткөн эмес, бирок ырайымды сезген, ошол себептен ал үчүн башкаларга Ыйса тууралуу айтып берүү маанилүү болгон.

> «Бул Анын жыйыны үчүн жеңиш жолу болду – алар Куткаруучуну ушунчалык жакшы таанып билгендиктен, Анын Руху жана ыкмасы аларды башкалар менен жакшы кабарды бөлүшүүгө түртүп жатты»
> (Роберт Колман, «*Жакшы кабар таратуу планы*»).

Адамда ырайымды башынан өткөрүү жана башкаларга Машайак тууралуу айтып берүү болгон ушул эки фактор болсо, анда жакшы кабарчынын эң негизги сапаттары бар. Адамды окутуу жакшы – бирок адамда ушул эки нерсе болбосо, аны башка эч нерсе мыкты жакшы кабар таратуучу кыла албайт.

**Маанилүү нерсе. Баштоо үчүн эмне керек?**

► Сиз жакшы кабар таратууга жардам берүү үчүн эмне кылып жатасыз? Салымыңызга ыраазысызбы?

► Сизге жакшы кабарды кызганчаактык менен таасирдүү таратканга эмне жардам бермек?

## Жакшы кабарчынын мүнөзү

Келгиле кандай адам Улуу тапшырманы актарууга кол кабыш кыла аларын сүйлөшөбүз.

Жаңы ишенген адам да күбөлүгү менен бөлүшүп, аны Кудайга алып келген чындык жөнүндө айтып бере алат.

Бирок Кудай узак убакытка натыйжалуу колдоно турган адам белгилүү мүнөздөмөлөргө ээ болушу керек.

### (1) Кудайга кайрылган адам

Жакшы кабарчы Кудайга кайрылган адам болушу керек, себеби: (1) бөлүшүү үчүн анын жеке күбөлүгү болушу керек; (2) ишенимге өзү кайрылган эмес болсо, Кудайга кайрылуу кандай болорун түшүнбөйт; (3) Кудайга кайрылганда мүнөз өзгөрүшү керек.

Кудайга кайрылбаган адам диний ишке катышканда, эмне кылып жатканын түшүнбөйт жана анын ниети туура эмес.

> «Биз машайакчылык кабардын негизги ачкычы, аны тараткан кабарчылардын өзүндө жана алардын адамдык сапатында экенине ишенебиз. Алар сөзсүз түрдө машайакчылык ишеним, сүйүү жана ыйыктыкка ээ болушу керек. Ушундай болсо, алар мүнөзүндө жана мамилесинде Машайактын образы дагы көбүрөөк көрүнүшү үчүн Ыйык Рухтун өзгөртүүчү күчүн рухий жашоосунда башынан өткөргөн. (Бүткүл дүйнөдө жакшы кабар таратуу боюнча Лозанн Комитети «*Виллоубанк маалымдамасы»*).

### (2) Машайакчылык жашоонун жакшы кабарга туура келиши

Адам өзү ишеним арткан бирөөдөн жакшы кабар укканда көбүрөөк таасир алат. Сизге баарынан көп ишенген адамдар – сизди эң жакшы тааныган адамдар. Жакшы кабарчы Кудайга арналган жашоонун үлгүсүн көрсөтүп, Ага баш ийүүдө туруктуу болушу керек.

**(3) Жыйынга тиешелүү болуу**

Жакшы кабарчы жыйындын арналган мүчөсү болушу керек, анткени: (1) ал адамдарды ишенимдегилердин үй-бүлөсүнө чакырышы керек болот; (2) ал жаңы ишенгендерди үйрөтүү үчүн жыйындын жардамына муктаж; (3) ал бирөөнүн алдында руханий жоопкерчиликтүү болушу керек (4) ага жыйындын колдоосу жана шыктандыруусу керек.

Жакшы кабарчы-кызматчы руханий бир туугандарынын шыктандыруусуна муктаж, ал жетекчилерди сыйлап, жыйын үчүн кам көрүүсү керек.

Эгер ал машайакчы болуп туруп: «Жыйынсыз эле кызмат кылса болот» деген ойдо болсо, ал жыйындын маңызын жана жакшы кабардын чакырыгын түшүнгөн эмес.

**(4) Чындыкка ишенимдүү**

Жакшы кабарчы Кудайдын Сөзү – бөлүшүү керек болгон чындыктын казынасы экенине ишениши керек. Ыйык Китеп куткарылуунун жана Кудай менен мамиле куруунун шартын түшүндүрүп берет, адамдар чындыкты жакшыраак кабыл алышы үчүн аны тууралап кереги жок (1 Корунттуктарга 4:1-2).

Ыйык Китеп ар бир адам акыры же бейишке же түбөлүк тозокко барарын айтат. Бул билдирүү жакшы кабарчыга түрткү бериши керек.

**(5) Рухка толгон**

Ыйык Рух жакшы кабарды күчтүү кылат. Ал күнөөнү ашкерелейт, руханий каалоо берет жана күнөөкөргө ишеним менен жооп берүү жөндөмүн берет.

Жакшы кабарчыны Ыйык Рух колдонгондо гана, ал таасирдүү боло алат. Ошол себептен ал момундук менен Кудайга таянып, Кудайдын жетегин сурап сыйынышы керек.

Жакшы кабарчы Рухка толууга умтулуш керек. Рухка толуу жүрөктөрдү тазалайт жана кызмат кылууга күч берет. Ыйса шакирттерине Рухтун ушундай иш-аракетин күтүү керектигин айткан (Элчилердин иштери 1:4-5); Элчилер Элүүнчү күнү Рухтун ушундай иш-аракетин баштарынан өткөрүшкөн (Элчилердин иштери  1:8, 2:4, 15:8-9).

Ошондой эле, жакшы кабарчы өзү туш болгон өзгөчө кыйынчылыктарды жеңе алышы үчүн кээде Кудай аны өзгөчө майлайт (Элчилердин иштери 13:9-12).

## 1-сабактын тапшырмалары

(1) Акыркы 12 айда жеке өзүңүз жакшы кабар таратууга жана шакиртчиликке кандай катышканыңыз жөнүндө бир нече абзац жазыңыз. Келечекте кандай максаттарыңыз бар? Бул курстан кандай пайда алгыңыз келет?

(2) Сиздин аймактагы жыйындар жакшы кабар таратуу үчүн кандай аракет көрүшөт? Байкоо жүргүзүп, суроолорду берип, андан кийин 2-3 барак баяндама жазыңыз.

# 2-сабак
# Кудайга кайрылуу теологиясы

### Окутуучу үчүн эскертүүлөр

*Бул сабакта талкуулана турган Ыйык Китептен алынган үзүндүгө кошумча, Жазуудан көптөгөн шилтемелер келтирилген. Окуу учурунда алардын баарын карап чыгууга жана окууга убакыт жетишсиз болушу мүмкүн. Окутуучу сабак учурунда окуп чыгуу үчүн алардын кээ бирин тандаса болот.*

### Киришүү

«*Кудайга кайрылуу*» деген термин адам куткаркылууга ээ болгондо баштала турган өзгөрүүлөргө тиешелүү. Жакшы кабар таратуунун максаты – күнөөкөрдү Кудайга кайрылтуу.

*1 Тесалоникалыктарга 1-бөлүмдү окуңуздар.*

► Тесалоникалыктарга жазылган катта Кудайга кайрылгандагы өзгөрүүлөрдүн кандай тараптарын көрдүңүз?

Адамга эмнеге куткарылуу керек экенин жана куткарылган учурда эмне болорун түшүнүү үчүн, Кудайга келгенге чейин күнөөкөрдүн абалы кандай болгонун түшүнүү керек.

### Адамдын Кудайга кайрыла электеги абалы

► Адамдын куткарылууга чейинки абалын кандай сүрөттөйт элеңиз?

Адамдын күнөөсүнүн айынан адамзаты төрөлгөндөн баштап эле Кудайдан бөлүнгөн[1]: демек адамдар өзүмчүл жана өздөрүнүн жолун тандашат.

*Төмөндө күнөөкөрдүн төрт мүнөздөмөсү берилген.*

Адам аң-сезимдүү тандоо кыла турган абалга жетери менен күнөө кыла баштайт. Ар бир күнөөкөр (1) көптөгөн күнөөкөр иштерди кылганына күнөөлүү[2].

Күнөө – бул Кудайдын мыйзамын бузуу[3]. Кудай абсолюттук түрдө адилеттүү, Ал күнөөнү актабайт, бардыгы кылган иш-аракеттери үчүн соттолот[4]. Ар бир

[1] Римдиктерге 5:12
[2] Римдиктерге 3:23
[3] 1 Жакан 3:4, Жакып 2:10-11
[4] 2 Корунттуктарга 5:10, Аян 20:12-13

адамдын күнөөсү бар экенине жана соттолууга татыктуу экенине шектенүү жаралбайт – күнөөкөр мурун эле соттолгон[5].

Күнөөнү тандаган адам (2) Кудайдын душманы[6], Анын Жогорудагы Кудайга каршы кылмыштары жок кылынмайынча, ал Кудай менен мамиле түзө албайт.

Күнөөкөр да Кудай менен мамиле кура албайт анткени (3) анын дене каалоолору бузулган [7]. Күнөөнүн кулу катары (4) ал өзүнүн абалын өзгөртө албайт[8].

Күнөөкөргө кандай куткарылуу керек? Ал айыптуу болгондуктан, кечирим алса куткарылат. Ал Кудайдын душманы экенин эске алсак, куткарылуу ал үчүн – элдешүү. Ал бузулгандыктан куткарылуу ал үчүн – тазалануу. Ал алсыз болгондуктан куткарылуу ал үчүн – бошонуу. Жогоруда айтылгандардын бардыгы бир нече керектүү тармакты гана камтыган.

Күнөөкөр Кудайга кайрылганда, кечирилет, Кудай менен элдешет, күнөөдөн тазаланат жана бошонот. Пабыл корунттуктардын ишенгенге чейинки абалын сүрөттөп, алар көптөгөн үрөйдү учурган күнөөлөрдүн тузагында болгонун айтат, бирок андан ары улантып: «…жуулдуңар, ыйыкталдыңар жана акталдыңар...», – дейт  (1 Корунттуктарга 6:11).

### Эмнеге айкаш жыгач керек болгон?

Эч ким өзүнүн кылмыштары үчүн татыктуу баа төлөй алмак эмес, анткени адам түбөлүктүү Кудайга каршы күнөө кетирген. Адам кылган күнөөсү үчүн төлөм катары сунуштай алган түбөлүктүү баалуулукка ээ болгон эч нерсеси жок.

Адам куткарылуу үчүн эч нерсе кыла албагандыктан, андан бул маселени чечүүнү талап кылуу мүмкүн эмес болчу[9]; эгер ал өз күчү менен куткарыла алса, Машайактын айкаш жыгачтагы өлүмү кереги жок болмок[10].

► Эгер Кудай адамды кечиргиси келсе, эмнеге аны жөн эле кечирип койгон жок? Эмнеге айкаш жыгач керек эле?

Кудай ыйык жана бизди чындыкта адилеттүүлүк менен соттошу керек болгондуктан Машайак биз үчүн өлдү[11].

Машайак өзүн курмандык катары бербесе эмне болот эле? Кудай күнөөлөрдүн кунун төлөтпөй, аларды жөн эле кечирсе эмне болот эле?

---

[5] Жакан 3:18-19
[6] Римдиктерге 5:10
[7] Эфестиктерге 2:3
[8] Римдиктерге 5:20, 7:23
[9] Галатиялыктарга 3:21
[10] Галатиялыктарга 2:21
[11] Римдиктерге 2:5-6

Эгер Кудай күнөөнү курмандыксыз кечирсе, күнөө өтө деле чоң мааниге ээ болбой калмак. Анда Эң Жогорку Кудай адилеттүү эмес, а түгүл ыйык эместей сезилмек. Ошондой эле Кудайдын көз карашы боюнча туура иш-аракет кылган Кудай менен башка принциптер боюнча жашаган адамдын ортосунда айырмачылык жоктой сезилмек.

Куткарылуунун кунун төлөбөй туруп куткарылууга ээ болууга мүмкүн болсо, Кудайга адилеттүү жана ыйык Кудайга табынгандай табына алмак эмеспиз. Бирок Кудай чындыгында адилеттүү жана ыйык. Күнөө курмандыксыз кечирилсе Кудайдын абройуна шек келтирилмек.

Бирок Кудай бизди сүйөт жана бизди кечиргиси келет, ошол себептен адамзаты күнөөкөр абалында түбөлүк өлүмгө татыктуу болсо да, Ал адамзатын ошол абалында таштаган жок.

Ыйсанын айкаш жыгачтагы өлүмү, адамзаты кечиримге ээ болуу үчүн түбөлүк баалуулукка ээ болгон татыктуу курмандык. Бул ишти Машайак гана аткара алган, себеби Ал (1) күнөөсүз болгон[12] (Ал жеткилең болгон жана Анын Өзүнө куткарылуунун кереги жок эле) жана (2) Ал Кудай да, адам да болгон.

Кун төлөп куткаруу куткарылуу үчүн керектүү негизди камсыз кылат. Эми Эң Жогорку Кудай, Анын алдында тобо кылып, Анын убадаларына ишенген адамды кечире алат. Айкаш жыгачтын курмандыгы кандай экенин түшүнгөн ар бир адам, «Менин күнөөм Кудайдын алдында олуттуубу?» деген суроо бербей калат.

Кун төлөп куткаруу Кудайдын адилеттүүгү толугу менен сакталып, Кудайдын убадасы боюнча күнөөкөрдү адил деп эсептөөнүн жалгыз жолу: Римдиктерге 3:20-26 кун төлөп куткаруу кандай иш алып барарын түшүндүрөт.

Ыйык Китеп куткарылуунун жалгыз жолу – Кудай камсыз кылган жол экенин ырастайт. Адам Машайакка ишенүү аркылуу ырайым менен куткарылууну четке какса, куткарыла албайт[13].

Мына ошол себептен ырайым менен ишеним аркылуу гана куткарылуу тууралуу окутууну билүү маанилүү. Биз ырайым менен гана куткарылабыз, анткени куткарылууга эмгектенип жете албайбыз же ага татыктуу бир нерсе кыла албайбыз; ага ишеним менен гана ээ болобуз, анткени өзүбүз аракет кылып куткарылууга жете албайбыз. Биз Кудайдын убадасына гана ишене алабыз.

---

[12] 2 Корунттуктарга 5:21
[13] Марк 16:15-16, Элчилердин иштери 4:12, Эврейлерге 2:3

## Алгач ырайым

► Биринчи кайсынысы болот: адам Кудайга жооп береби же Кудай адамда өз ишин жүргүзөбү?

Кудайдын ырайымы күнөөкөрдүн жүрөгүнө кирет, анын күнөөсүн ашкерелейт жана куткарылууга ээ болуу каалоосун жаратат[14]. Эң Жогорку Кудайдын жардамы болбосо, ал күнөөсүн таштай албайт болчу[15]; Теңир Өзү адамга жакшы кабарды кабыл алууга жөндөмдүүлүк берет. Адам ырайымга ээ болбогондуктан куткарылбай калбайт, Кудай ага берген ырайымга жооп кайтарбагандыктан куткарылбайт.

Ыйса дүйнөнүн бардык күнөөсү үчүн өлгөн, Кудай ар бир адамдын куткарылуусун каалайт[16]. Кудайдын ырайымы бул мүмкүнчүлүктү бардык адамдарга берет, бирок эч кимди мажбурлабайт, ошол себептен күнөөкөрдү тобо кылууга жана Кудайга ишенүүгө чакырат[17].

## Тобо кылуунун аныктамасы

► Тобо кылуу деген эмне?

Тобо кылуу деген күнөөкөр айыптуу экенин жана жазаланууга татыктуу экенин мойнуна алып, ошол эле учурда күнөө кылууну токтотууга даяр дегенди билдирет.

Ышайада мындай сүрөттөмө бар:

«Күнөөкөр өз жолун, мыйзамсыз жаман ойлорун таштап, Теңирге кайрылсын. Ошондо Ал ага ырайым кылат, биздин Кудайга кайрылсын, анткени Ал өтө ырайымдуу» (Ышайа 55:7).

Тобо кылуу деген күнөөкөр өзүнүн жашоосун өзү оңдоп, Теңир аны кечире электе Кудайдын алдында адил болуп калышы керектигин билдирбейт. Мындай кылуу мүмкүн эмес, анткени адам күнөөнүн тузагында жана өзүн өзү бошото албайт, бирок ал Кудай аны күнөөдөн бошотуусуна даяр болушу керек.

► Адам *к*уткарылууга ырайым аркылуу ээ болот. Анда эмнеге куткарылууга ээ болуу үчүн тобо кылуу керек?

Куткарылуу үчүн жалгыз талап – ишеним; тобо кылуусуз куткаруучу ишеним болуусу мүмкүн эмес. Эгер адам тобо кылууга даяр эмес болсо, ал күнөөдөн куткарылууну каалабайт.

---

[14] Титке 2:11, Жакан 1:9, Римдиктерге 1:20
[15] Жакан 6:44
[16] 2 Петир 3:9, 1 Жакан 2:2, 1 Тиметейге 4:10
[17] Марк 1:15

Тобо кылуу керек; эгер адам өкүнбөсө, ал күнөөнүн жаман экенин мойнуна албайт. Эгер ал эмнеге күнөө кылууну токтотуу керек экенин баамдабаса, күнөө – жамандык экенин түшүнбөйт. Адам өзүнүн күнөөсү жамандык экенин түшүнбөсө, эмнеге куткарылууга муктаж экенин түшүнбөйт.

Адам чынында айыптуу экенин жана жазага татыктуу экенин мойнуна албаса, ал тобо кылган эмес. Эгер ал күнөөкөр экенин мойнуна алса, бирок ал үчүн андан ары күнөө кылууга жол берген дин ыңгайлуу болсо, ал тобо кылган эмес, анткени ал өзүн күнөөкөрдүн абалына алып келген иштерди кылууну уланткысы келет.

## Куткаруучу ишенимдин аныктамасы

► Куткаруучу ишеним деген эмне?

(1) Адам өз аракети менен өзүн актай албаарын түшүнөт.

«Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги. Эч ким мактанбашы үчүн, бул кылган иштерден да эмес» (Эфестиктерге 2:8-9).

Адам куткарылуу үчүн кымындай да бир нерсе кыла албаарын (иштердин негизинде куткарылуу) түшүнөт.

(2) Адам куткарылуусу үчүн Машайактын курмандыгы жетиштүү экенине ишенет.

«Ал – биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн чалынган ырайым курмандыгы» (1 Жакан 2:2).

*Ырайым курмандыгы* деген биз кечиримге ээ болуу үчүн жетиштүү курмандыкты билдирет.

(3) Адам, Кудай ишенимдин негизинде гана кечирерине ишенет.

«Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт» (1 Жакан 1:9).

Эгер адам куткарылууга ээ болуу үчүн дагы башка шарттар бар деп ойлосо, ырайымдын негизинде гана эмес, кошумча башка иштердин негизинде куткарылууну күтөт.

## Кудайга кайрылуу

*Студенттердин бирине Элчилердин иштери 26:16-18 ди окууну тапшырыңыз.*

► Бул аяттар бизге Пабылдын кызматы тууралуу эмнени айтат?

Пабыл адамдарды куткарылууга алып келип кызмат кылган. 18-аят адамдын Кудайга кайрылуу жараянын (процессин) сүрөттөйт: бул караңгыдан жарыкка жана шайтандын бийлигинен Кудайга бурулууну, кечиримге ээ болууну жана ыйыкталгандар менен бирге мураска ээ болууну билдирет; булардын баары Ыйсага ишенүү аркылуу мүмкүн болот.

> Татыктуу жыйын жетекчиси «чечимдер» менен эмес, Ыйса менен ынталуу мамилени уланткан; машайакчылык сүйүүдө жашаган, Машайактын өлүмү жана тирилүүсү жөнүндө дайыма бөлүшкөн жана үзгүлтүксүз сыйынган машайакчыларга ыраазы болот («Библиялык татыктуу жакшы кабар таратуу жана Кудайга кайрылуу»).

Күнөөкөрдүн машайакчы болуп калуусу – зор өзгөрүү. Ыйык Китеп ишенип калгандарды жаңы адам деп атайт (2 Корунттуктарга 5:17): мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду.

Кудайга кайрылган адам Кудайга толук арналууга карама-каршы келген буркандарды жана башка диний жөрөлгөлөрдү таштайт (1 Тесалоникалыктарга 1:9).

Адамдын мындай кескин өзгөрүүсү башкаларды абдан таң калтырат (1 Петир 4:3-4); алар адам эмнеге мынчалык өзгөргөнүн түшүнө алышпайт. Ишенип калган адамды эң жакын достору жана туугандары кысымга алышы мүмкүн (Матай 10:34-36).

Кудайга кайрылган адам дүйнөнүн артыкчылыктарын жана каалоолорун бөлүшпөйт. Ушул карама-каршылык – Кудайга кайрылуунун эң чоң далили болот (1 Жакан 2:15). Куткарылган адам башка ишенүүчүлөрдү жакшы көрөт жана алар менен баарлашууну каалайт (1 Жакан 3:14).

Кудайга кайрылган адамдын каалоолору өзгөрөт. Ал дагы деле кандайдыр бир нерселерге азгырылышы мүмкүн, бирок ал азгырыктарга каршы тура алат, анткени күнөөгө тарткан кумарлар анын үстүнөн бийлик кылбайт; адам Эң Жогорку Кудайдын ырайымын башынан өткөргөндүктөн Кудайдын Сөзүн таанып билүүгө умтулат (1 Петир 2:2-3).

Кудайга кайрылган адам Кудайды сүйөт жана Ага жагууну каалайт. Ал Кудайдын буйруктарын татаал жана жагымсыз нерсе катары карабайт (1 Жакан 5:2-4).

Куткарылган адам Кудай менен жеке мамиле курат, ал мамилени айрыкча сыйынуу аркылуу курат (1 Корунттуктарга 1:2).

► Өз сөзүңөр менен адам Кудайга кайрылгандан кийин кандай болуп өзгөрөрүн айтып бергиле.

## Жаңыдан төрөлүүнүн белгилери

Ыйык Китеп мындай дейт: адам жогорудан төрөлгөндө бардыгы жаңы болуп калат. Бул төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Жаңы Кудайдыкындай табият (2 Петир 1:4).
- Жаңы Жан багуучу – Ыйык Рух аркылуу Машайак (Матай 23:10, Римдиктерге 8:14).
- Жаңы умтулуу – Кудайдын Сөзүн таанып билүүгө жаңы каалоо (1 Петир 2:2).
- Сүйүүдө жаңы мамиле (Римдиктерге 5:5, 1 Жакан 4:7-8).
- Кудайдын уулу же кызы катары Кудай менен жаңы мамиле (Жакан 1:12).
- Жаңы жардамчы – Ыйык Рух (Жакан 14:16, Римдиктерге 8:26-27).
- Жаңы Арачы – күнөө кетирсек биздин арачыбыз Ыйса Машайак (1 Жакан 2:1).
- Түбөлүк жашоого тирүү жаңы үмүт (Римдиктерге 8:12, 1 Жакан 3:2).

## Куткарылганыңа жеке ынануу

► Адам кайсы туура эмес нерселерге негизделип, машайакчымын деп ойлошу мүмкүн?

Адам төмөнкүлөргө таянып, машайакчымын деп ойлошу мүмкүн:

- Чөмүлдүрүү алган.
- Жыйынга кошулган.
- Кээ бир машайакчылык окутууларга ишенет.
- Кайсы бир диний жөрөлгөлөрдү аткарат.
- Туура жүрүм-турумдун стандарттарын сактайт.
- Ал башынан кандайдыр бир руханий тажырыйба өткөргөн.
- Ал чечим чыгарып машайакчылык ишенимди тутат.

Ыйык Китепке ылайык адам машайакчы экенине толук ынаныш үчүн жогоруда айтылгандардын бардыгы жетишсиз.

Ыйык Китеп биз куткарылганыбызды жана Кудай бизди кабыл алганын так биле аларыбызды айтат. Биз коркунуч менен жашабайбыз, анткени Кудайдын Руху бизди Кудайдын балдары экенибизди ынандырат [18].

[18] Римдиктерге 8:15-16

Бул ынандыруу ушунчалык ишенимдүү болгондуктан биз сот күнүнөн коркпой эле койсок болот[19]. Кээ бир адамдар асманга барарына үмүттөнгөнүн айтышат, бирок биз асманга барарыбызга толук ишенебиз. Куткарылуу жалпы адамзатына берилгенине ишенүү жетишсиз: адам куткарылганын жеке өзү билиши керек.

► Адам куткарылганына толук кантип ынана алат?

Кээ бир адамдар сезимдерине таянат, бирок сезимдер өзгөрүлүп турат жана туура эмес багытта жетелеши мүмкүн.

Адам куткарылганын анын өзгөрүлгөн жашоосу далилдейт, бирок ал башында эле көрүнбөйт: куткарылуунун натыйжасы азырынча айкын көрүнө элек, ошондуктан тобо кылган учурда куткарылгынана ынануу үчүн өзгөрүлгөн жашоо негиз боло албайт.

Ишенүүчү куткарылуу үчүн библиялык көрсөтмөлөрдү аткаргандыктан куткарылганына толук ишенсе болот. Адам чын жүрөктөн тобо кылса жана ишенип калса, Кудай аны кечиргенине толук ишенүүгө акысы бар; ошондо Кудай ага ал Кудайдын уулу/кызы болгонуна Рухтун күбөлөндүрүүсүн берет.

Адам тобо кылбай туруп, куткарылганын сезүүгө аракет кылса, жаңылып өзүн-өзү алдашы мүмкүн.

Эгер адам (1) чын жүрөктөн тобо кылса, (2) Жазуудагы Кудайдын убадасына ишенсе (3) Рухтун күбөлөндүрүүсүнө ээ болсо, алданбайт. Бул ынаным толугу менен ишенимдүү Кудайдын Сөзүнө негизделген; Кудай дайыма Өзүнүн убадаларын аткарат.

### Куткарылуунун ар түрлүү аспектилерин билдирген 10 сөз

**Элдешүү**: бул сөз душман болгондор элдешкенин билдирет: биз куткарылганда Кудай менен элдешебиз[20].

**Кун төлөп куткаруу** бизге каршы жазмалар өчүрүлгөнүн билдирет. Биз куткарылгандан кийин биздин күнөөлөрүбүз жазылган жазмалар жок кылынат[21].

**Ырайым курмандыгы**: бул сөз кимдир бирөөнүн каарын кайттыруу үчүн берилген нерсени билдирет. Куткарылууда Ыйсанын кун төлөп куткаруучу курмандыгы бизден Кудайдын каарын кайттырат[22].

---

[19] 1 Жакан 4:17
[20] 2 Корунттуктарга 5:19, Римдиктерге 5:1 (бул аяттар актоо жөнүндө да, элдешүү жөнүндө да айтат)
[21] Эврейлерге 8:12
[22] 1 Жакан 2:2

**Бошотуу** кимдир бирөө башка күчтүн таасиринен бошонгонун билдирет. Куткарылганда биз шайтандын жана күнөөнүн күчүнөн бошонобуз[23].

**Кайтарып сатып алуу**: бул сөз кимдир бирөөнүн эркиндиги үчүн баа төлөнгөнүн билдирет. Куткарылууда Ыйсанын өлүмү – биздин күнөөнүн тузагынан жана анын жазасынан бошонуунун баасы[24].

**Актоо** кимдир бирөө адил жана күнөөсүз деп жарыяланганын билдирет. Куткарылууда айыптуу күнөөкөр адил болуп эсептелет, анткени анын ордуна Ыйса азап тарткан[25].

**Ыйыкталуу**: бул сөз кимдир бирөө ыйык болуп калганын билдирет. Куткарылууда күнөөкөр Кудайдын ыйык баласы болуп өзгөрөт[26].

**Асырап алуу**: бул сөз кимдир бирөө башка бирөөнүн мыйзамдуу уулу же кызы болуп калганын билдирет. Куткарылууда биз Кудайдын балдары болуп калабыз[27].

**Кайра төрөлүү/жаңыдан төрөлүү**: бул сөз кимдир бирөө жаңыдан жашап баштаганын билдирет. Ишенүүчү куткарылууга ээ болгондо, жаңы жашоо баштайт[28].

**Мөөрлөө**: бул сөз кимдир бирөө башка бирөөгө таандык экенин билдирүү үчүн өзгөчө белгиленгенин билдирет. Куткарылууда Ыйык Рух биздин ичибизге кирет жана бизди Кудайга таандык адамдар катары мөөрлөйт[29].

## Катачылыктан алыс болуу: тобо кылуусу жок дин

Кээ бир адамдар ишеним аркылуу ырайымдын негизинде куткарылууга ээ болуу мүмкүн экенин укканда, өздөрүн куткарылдык деп эсептешет. Алар тобо кылуунун зарылчылыгын сезбегендиктен, чын жүрөктөн тобо кылышкан эмес. Алар эч качан өздөрүн Кудайдын сотуна татыктуу күнөөкөрбүз деп эсептешкен эмес. Алар ырайым деген өзүң каалагандай жашоо деп ойлошот. Алар машайакчылык чындыкты кабыл алгандыктан, өздөрүн ишенүүчүбүз деп эсептешет, бирок алардын жашоосу өзгөрбөйт. Алар эч качан өздөрүнүн эркин Кудайга баш ийдирбейт, Теңирди жашоосунун бир бөлүгү катары кабыл

[23] Лука 1:74; Римдиктерге 6:6, 12-18
[24] Эфестиктерге 1:7, Титке 2:14
[25] 2 Корунттуктарга 5:19, Римдиктерге 5:1 ( бул аяттар бизге актоо жөнүндө да, элдешүү жөнүндө да айтышат)
[26] Көп каттар ишенүүчүлөрдү «ыйыктар» деп атайт (Эфестиктерге 1:1, Колостуктарга 1:1, Филипиликтерге 1:1)
[27] Жакан 1:12, Римдиктерге 8:15
[28] Эфестиктерге 2:1, Жакан 7:38-39, Галатиялыктарга 4:29, Жакан 3:5
[29] Эфестиктерге 1:13

алышат, көбүнчөсү өзүнүн эркине жараша жашашат; мындай жүрүм-турум куткарылуу үчүн Кудай менен өз-ара мамилелешүүгө туура келбейт.

## 2-сабактын тапшырмалары

(1) Бул сабакта биз куткарылуунун ар түрдүү аспектилерине тиешелүү 10 сөздү изилдеп чыктык. Кудай менен өз-ара мамилелешүүдө алардын кайсынысы силерге эң маанилүү сезилерин бир нече абзац менен түшүндүрүп бергиле. Көбүрөөк ойлонушуңуз керек болгон нерселер барбы?

(2) Силердин өлкөдөгү, айрыкча силердин аймактагы машайакчылыктын түрүнө жараша адамдар машайакчы болууну кандай түшүнөрүн жазгыла. 2-3 бетке адамдардын бир нече түрүн жана алардын машайакчылык жөнүндө түшүнүгүн жазгыла. Алардын тобо кылуу, куткаруучу ишеним жана башка окутуулар тууралуу кандай туура эмес түшүнүктөрү бар экенин түшүндүргүлө.

# 3-сабак
# Жакшы кабардын шашылыштыгы

## Киришүү

► Адам жакшы кабар укпай туруп куткарыла алабы? Жакшы кабар таратуу керекпи?

Жазууда Ысрайылга жана жыйынга жолукпай эле Кудайдын ырайымы иштеген мисалдарды көрө алабыз. Жакып адил болгон жана Мусага чейин, ошондой эле Жазуунун биринчи барагы пайда болгонго чейин эле жамандыкты четке каккан. Балаам Кудай менен өз-ара мамиле куруп, өз эркине бийлик кыла албай өзүн жоготпой туруп эле Кудайдан кабар алган адам катары белгилүү болгон. Ишенимдин ата-бабасы Ыбрайым «Бул жерде Кудайдан коркуу жок» дегени менен Абы-Мелек ага караганда адил иш кылган. Римдиктерге 1:21-32 бутпарастардын күнөөкөр абалын сүрөттөйт, бирок алар Кудайды тааныбаганы үчүн эмес, билген нерсесин четке каккан үчүн ушундай абалда болушкан (о.э. Забур 18 жана Римдиктерге 10:18ди карагыла).

«Теңирдин жашыруун сыры – Кудайдан корккондорго, Ал Өзүнүн келишимин ошолорго жарыялайт» (Забур 24:14). Келишим – бул бардыгы күнөө кетиргендиктен ырайымга муктаж болгон адамдын Кудай менен өз-ара мамилесин билдирген термин. Эгер адам Кудайды бүт жүрөгү менен урматтаса, Эң Жогорку Кудай ага өзү менен кантип мамиле куруу керектигин көрсөтөт.

Ыйык Китеп Ыйсанын ысымынан башка бизди куткара турган башка ысым жок экенин айтат (Элчилердин иштери 4:12). Бирок Байыркы Келишимде куткарылган адамдар Машайак жөнүндө билишкен эмес. Кудай кун төлөп куткарууну жана кечирүүнү камсыз кыларын убада кылган, алардын ишеними ушул убадага негизделген. Теңир бул убадасын Ыйса аркылуу ишке ашырды. Машайак жөнүндө уга электер да Кудай Ыйсада камсыз кылган куткарылууга ишеним артса болот.

Куткарылуу башка эч ким аркылуу келиши мүмкүн эмес деген эмнени билдирет? Бул кун төлөп куткаруудан башка куткарылуу жолу жана ыкмасы жок дегени билдирет. Ошондой эле Машайакты тааныган адам Андан баш тартпашы керек, анткени Андан баш тартуу Ал аркылуу куткарылуудан баш тартууну жана куткарылууну башка жол менен издөөнү билдирет.

Ыйса Анын эркин аткарган адам, Анын окутуусун билерин айткан. Бул убаданын мааниси адам чын жүрөктөн Кудайды издесе, Эң Жогорку Кудай ага билүү керек болгон нерселердин баарын ачып берет жана көрсөтөт. «Бул

дүйнөгө келген ар бир адамды жарык кылуучу чыныгы Жарык бар эле» (Жакан 1:9). Ыйык Рух Ыйса жөнүндө укпагандарга да, Анын жарыгын алып келет.

Көптөгөн адамдар Машайакты жолдогон адамдан жакшы кабар уга электе эле, аларды Кудайга алып келген көрүнүштөрдү көрүшкөн же өзгөчө ачылыштарды алышкан. Мисалы бүгүнкү күндө көптөгөн мусулмандар Кудайдан кабар алып, Кудайга кайрылып жатышат.

► Жакшы кабарды чындап түшүнүүдөн мурун Кудайдан өзгөчө кабар алган кимдир бирөө жөнүндө уктуңуз беле?

Ошентип, адам башка адамдардан жакшы кабар укпай туруп Кудайга кайрыла аларын, а түгүл куткарылууга ээ болорун көрдүк. Ошентсе да Ыйык Китеп жакшы кабарды шашылыш түрдө бардыгы угуш керек болгон кабар катары сүрөттөйт.

Римдиктерге жазылган катта жакшы кабарды бөлүшүү өз убагында маанилүү маселе экендигин көрсөтөт. Элчи Жакшы Кабар бул «куткара турган Кудайдын күчү» деп айтыкан (1:16). Пабыл бардык адамдарга жакшы кабарды жеткирүүгө милдеттүү экенин айткан (1:14); ал биз жөн гана Кудайдын кечире турган убадасына ишенүү менен акталабыз деген чындыкка басым кылган (3:26, 5:1).

> «Түндүктүн кенен мейкиндигинде, күндүн таңкы жарыгында, мен бир дагы миссионер жок болгон миңдеген айылдардын түтүнүн, адамдар Машайаксыз, Кудайсыз, үмүтсүз жашаган жерлерди көрдүм.» (Роберт Моффат).

Эми жакшы кабардын шашылыштыгы сезилет. Пабыл мындай дейт: «Бирок Ага ишенбей туруп, Аны кантип чакырышат? Ал жөнүндө укпай туруп, Ага кантип ишенишет? Жакшы Кабарды таратуучулар жок болсо, кантип угушат?» (10:14). «Демек, ишеним уккан сөз аркылуу пайда болот, ал эми уга турган сөз – Кудайдын сөзү» (10:17). Эң Жогорку Кудай угуучуларда куткаруучу ишенимди жаратуу үчүн жакшы кабар аркылуу иш алып барат. Жакшы кабарды насааттоо аркылуу Кудай күнөөкөрлөрдү куткарат.

Эгер адамдар кабарчы жок эле куткарууга ээ боло алса, анда эмнеге кабарчы ушунчалык маанилүү?

### Эмне үчүн миссионерлер керек? (1-бөлүк)

Стив Хайт миссионер: «Эмнеге миссионерлер керек?» деген суроого мындай жооп берген:

> ««Эң жөнөкөй жооп, адамдар жарыкты көрүп, аны четке кагышкан. Жакан 1:9да Ыйса «ар бир адамды жарык кылуучу жарык» экени айтылат. Бирок ушул эле бөлүмдө биз капа кылган сөздөрдү окуйбуз:

> «Жарык караңгыда жаркырап турат, караңгылык жарыкты каптаган жок», же тактап айтканда адамдар жарыкты кармаган жок, анткени алар аны каалашкан эмес. (5-аят). Пабыл жаратылыш бул Кудайды бар экенин көрсөткөн далили деп жазат (Римдиктерге 1:19-20), бирок адамдар Эң Жогорку Кудайды таанып билгенде да, «Аны Кудай катары даңкташкан жок» (21-аят). Жакан бул жөнүндө мындай дейт: «…Дүйнөгө жарык келди, бирок адамдар жарыкка караганда караңгылыкты жакшы көрүштү» (Жакан 3:19). Адамдын бузулган жүрөгү караңгыны көбүрөөк жакшы көрөт. Жалгандын жана мыйзамсыздыктын айынан күнөөкөр жүрөк Кудайдан тескери бурулат (Жеремия 17:9).
>
> Мына ошол себептен миссионерлер кайрадан жарыкты жеткириши керек! Кайра мүмкүнчүлүк берген Кудай аларды «караңгылыктан жарыкка… бурулушу» үчүн жакшы кабардын жаркыраган шамын көтөргөн кабарчыларын жиберет (Элчилердин иштери 26:18)».

Ыйса шакирттерин жакшы кабар таратууга жиберген. Эгер шаар алардын кабарын кабыл албаса, бут кийиминин чаңын күүп, ал жерден чыгып кетүүнү буйруган. Машайак бул сотто аларга каршы күбөлүк болорун айткан, анткени жакшы кабарчынын бут кийиминен күбүлгөн чаң, кабарчы алардын шаарында болгонун далилдемек. Жакшы кабарды четке каккандар, жакшы кабарды эч качан укпагандарга караганда олуттуураак сотко кабылат. Ыйса алар Содомдогу адамдарга караганда катаал сотко кабыларын айткан. Бул бизге жакшы кабар аны уккандарга чоң артыкчылык алып келерин билдирет (Марк 6:11).

## **Миссионерлер эмне үчүн керек? (2-бөлүк)**

Жыйын жетекчиси Эрик Хамлик «Эмнеге миссионерлер керек?» деген бул суроого мындай деп жооп берген:

> «Жакшы кабар мамиле куруу аркылуу жакшыраак жеткендиктен биз миссионерлерди жиберебиз. Жакшы кабардын кабары – Кудай же бир дин жөнүндө жалпы фактылардын жыйындысы эмес: ал Ыйса Машайактын инсандыгында ишке ашкан; миссионерлер Машайактын, Анын кабарынын жана элдешүү кызматынын кабарчылары (2 Кор. 5:20).
>
> Миссионерлер керек, анткени жакшы кабарды жеке түз өткөрүп бербесе, адамдардын көбү жоголот. Адамдар биздин аракетсиздигибизден улам жоголуп жатат деп ишенгибиз келбейт, бирок Римдиктерге 10:13-15те: «Жакшы Кабарды таратуучулар жок болсо, кантип угушат?» – деген суроо берилет. Укпай калышат, ачуу чындык мына ушундай. Миссионерлерди жиберүү жана колдоо – бул буйрук. Кудай бизди кылууга чакырган жумушун өзү кылып коёруна үмүттөнүү бул маселени чечпейт. Кудай бизге Улуу Тапшырмасын берди, ал эми кимге көбүрөөк

берилсе, андан көбүрөөк суралат. Биз Кудайдын ырайымына жооп катары жана Кудай адамдарды Өзүнүн абдан чоң жүрөгүнө тартып дүйнөдө эмгектенип жатат деген ишеним менен миссионерлерди жиберебиз».

## Жакшы кабардын практикалык пайдасы

> 2011 жылдан бери дүйнөнүн жашоочуларынын саны жети миллиард адамдан ашат. Бир күндө 153 000ден ашык адам өлөт, бирок жашоочулардын саны баары бир күнүнө 220 000 адамга көбөйүп турат. Бир мүнөт өткөн сайын 100 адам өлүп турат. Сиз бул сабакты баштагандан бери 1 000 адам өлдү. Алардын канчасы өлгөнгө чейин жакшы кабар укту?

Жакшы кабар – өлүмгө бара жаткандарды куткаруу үчүн Кудай жараткан таасирдүү ыкма; ал «Кудайдын куткаруучу күчү». Келгиле кайрадан «Жакшы кабарды укпаган адам куткарылабы жана эмнеге дүйнөгө миссионерлерди жиберүү керек?» деген суроолорго кайрылабыз. Ой жүгүртүүгө аракет кылалы. Эгер адам менин сыйынууларым жок эле куткарылса, ал үчүн сыйынып эмне кылам? Адам жакшы кабарды бир укканда эле куткарылса, аны кайра айтып берүүнүн эмне кереги бар? Эгер адам жыйынсыз эле куткарылса, анда жыйындардын эмне кереги бар? Бул суроолордун жообу айкын: адам куткарылышы мүмкүн, бирок куткарылуу мүмкүнчүлүгү кыйла азаят. Бул Кудай адамдарды куткарып алуу үчүн алдын ала даярдаган ыкмалар.

Кудайдын Сөзү – күнөөкөрлөрдү Кудайга алып келүү үчүн Ыйык Рух колдонгон курал. А түгүл Ыйык Китеп да жогорудан төрөлүү Кудайдын Сөзү аркылуу ишке ашарын айтат (1 Петир 1:23, 25).

Миссионерлер Жакшы Кабарды укканга чейин куткарылып калган эч кимди таба алышпайт.Кудай ак ниет адамды жакшы кабарсыз куткарып алганы, Анын адилеттүүлүгүн билдирет, бирок биз кайдыгер мамиле кылып Теңир бизге тапшырган куралдарды колдонбой койбошубуз керек. Жалпысынан айтканда Жакшы кабарды укпагандар өлүмгө дуушар болушат. «Жакшы кабар айтпасам мага кайгы» (1 Корунттуктарга 9:16).

*Матай 9:35-38ди окуңуз.*

Ыйса адамдардын муктаждыктарына боору ооруган; Ал шаар кыштактарды кыдырып адамдарга насаат айткан жана аларды айыктырган.

Бирок Машайак баарынан да адамдардын руханий муктаждыгына кам көргөн: Ыйса адамдар куткарылып, Кудайга кайрылып жана Аны таанып билүүсүн каалаган. Бул үзүндүдө Куткаруучу калың элдин руханий муктаждыктарын көрүп, аларга абдан боор ооруганын окуй алабыз. Ыйса алардын койчусу жок койлордой экенин көргөн. Ошондой эле Ал кызматты түшүм жыйноо менен салыштырган жана талаада жумушчулар аз болгонуна өкүнгөн.

Ыйса шакирттерине кайрылып, Кудай Өзүнүн талаасына жумушчуларды жиберсин деп сыйынуусун суранган.

► Эмнеге Ыйса шакирттеринин ушундай сыйынуу менен сыйынуусун суранган? Кудай бул ишти биз сыйынсак да, сыйынбасак да кылууну каалайт эмеспи, чынбы?

Биз Кудайдын эркине жараша сыйынып жатканыбызды билүү кандай сонун: Кудай мындай сыйынууга жооп берет.

Ишенүүчүлөр дагы бир себеп менен ушундай сыйынуусу керек. Ыйса шакирттери Анын азап чегүүсүн жана жакшы кабар миссиясын чогуу бөлүшүүсүн каалаган. Алар бул сыйынуу менен көбүрөөк сыйынышса, түшүм жөнүндө көбүрөөк кам көрүшмөк жана башкаларды бул ишке тартуу менен жумушка катышууну каалашмак.

Биз да Машайак кам көрүүнү каалаган нерсе жөнүндө кам көрүүнү каалашыбыз керек. Ыйса шакирттерине берген сыйынуу бизге да шакирттерине тийгизгендей эле таасир тийгизиши үчүн биз да ошол сыйынуу менен сыйынышыбыз керек.

### Миссионерлик тарых

Миссионерлердин тобу камактагыларга жакшы кабар таратканы барат. Ал жерде миңдеген абактагы адамдар бар, алардын көпчүлүгү адам өлтүрүүчүлөр жана террористтер. Миссионерлер көчөдөгү сахнадан жакшы кабар айтышкан. Алардын айланасында коопсуздукту сактоо үчүн куралчан сакчылар турушкан. Акырында наасатчы: «Алдыга чыгып Жаңы Келишимди алгысы келген адамдар барбы?» деген суроо берген. Ошондо алдыга отуз адам чыккан.

Бир нече жумадан кийин миссионерлер кайра ушул түрмөгө келишкен. Кызматтын алдында кароолчу мындан мурун Жаңы Келишимди алуу үчүн алдыга чыккан отуз адам башка туткундар тарабынан өлтүрүлгөнүн айтты. Миссионерлер кайрадан жакшы кабар таратып, каалоочуларга кайрадан алдыга чыгып Жаңы Келишим алууну сунуш кылышат. Ошондо алдыга үч жүз адам чыгат. Алар мурунку отуз адам Кудайдын чакырыгына жооп бергендиктен өлтүрүлгөнүн билишкен, бирок жакшы кабар алар үчүн ушунчалык баалуу болгондуктан, алар уккан кабардын баалуулугун түшүнгөндүктөн өмүрлөрүн тобокелге салууга даяр эле.

**3-сабактын тапшырмалары**

(1) Бул суроолордун ар бирине бир нече сүйлөм менен жооп жазыңыз. Эч качан жакшы кабар укпаган адам куткарылышы мүмкүнбү? Эмне үчүн биз миссионерлерди жана жакшы кабарчыларды жиберишибиз керек?

(2) Жунустун китебин окуп чыгыңыз. Жакшы кабар айтуучунун шашылыш иш аракетине көңүл буруңуз. Бул окуяда Кудай эмнеге тынчсызданган? 1-2 бетке байкоолоруңузду жазыңыз.

# 4-сабак
# Жакшы кабардын ажырагыс бөлүктөрү

### Окутуучу үчүн эскертүү

*Ар бир жобону изилдөөдө студенттердин бирине Жазуудагы үзүндүнү окууну, андан кийин анын түшүндүрмөсүн окууну тапшырыңыз. Топко ар бир суроону кыскача талкуулоого мүмкүнчүлүк бериңиз.*

### Жакшы кабардын ажырагыс бөлүктөрү

Бул сабакта изилденип жаткан жакшы кабардын аспектилери – анын ажырагыс бөлүктөрү. Адам аларды толук түшүнбөй эле куткарылышы мүмкүн, бирок алардын кайсы бирин четке кагуу жакшы кабардын негизин жок кылат. Бул жоболордун кайсы бирин четке каккан адам же уюм, куткарылуу үчүн жалган каражаттарды табууга жакын болот.

Сиз кимдир бирөөгө жакшы кабар айтып бергенде, адам буга чейин жаңылыш ишенген нерселердин негизинде анын кээ бир тараптары өзгөчө мааниге ээ болуп калат. Мисалы ал белгилүү бир жыйында гана куткарылуу мүмкүн деген ойдо болсо, куткарылуу үчүн сөзсүз түрдө ошол жыйынга тиешелүү болуш керек деген ойдо болот. Мындай жагдайда адамга адам жеке өзү кечиримди кабыл аларын жана Кудай менен мамиле баштаарын угузуу керек.

**(1) Эң Жогорку Кудай адам менен мамиле куруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн адамды Өзүнүн бейнеси боюнча жараткан (Башталыш 1:27, Элчилердин иштери 17:24-28).**

Бул чындык биздин бул дүйнөдө бар болуубуздун жана куткарылуубуздун максатын көрсөтөт; ал инсан-Кудайга ишенбеген диндерге карама-каршы келет жана дүйнөнүн чыныгы көйгөйүн көрсөтөт: адамдардын Кудай менен мамилеси жок.

► Адам Кудай аны сүйөрүнө ишенбесе эмне болот?

**(2) Биринчи адамдар күнөө кетирген жана Кудайдан бөлүнүп калышкан (Башталыш 3:3-6).**

Бул окуя күнөөнүн пайда болуусу жөнүндө айтып берет жана дүйнөнүн азыркы абалынын чыныгы себебин ачып берет. Дүйнө – күнөөнүн айынан кыйынчылык менен азап чегүүнүн орду болуп калган. Кудайдын ой-мүдөөсүндөгү кубаныч

менен максат дагы деле бар, бирок дүйнө Кудай башынан ойлонуштургандай болбой калган.

► Адам дүйнөнүн чыныгы көйгөйү – күнөө экенине ишенбесе эмне болот?

**(3) Ар бирибиз Кудай менен мамилебиз жок төрөлгөнбүз жана Ага каршы күнөө кылганбыз (Римдиктерге 3:10, 23).**

Дүйнөдө жашаган ар бир адам Кудайга каршы билип туруп күнөө кылганына күнөөлү. Дайыма туура иштерди кылган бир дагы адам жок.

► Адам кылган иш аракеттеринде актанса болоруна ишенсе эмне болот?

**(4) Ырайымга ээ болбогон ар бир адамды Кудай соттойт жана ал түбөлүк жазага кабылат (Эврейлерге 9:27, Римдиктерге 14:12, Аян 20:12).**

Бул күнөөкөрдүн куткарылууга муктаждыгынын олуттуулугун жана шашылыштыгын көрсөтөт.

► Адам, Кудай анын күнөөлөрүнүн айынан ага ачууланып жатканына ишенбесе эмне болот?

**(5) Адам, Кудайга каршы кылган күнөөсүнө төлөө үчүн эч нерсе кыла албайт (Римдиктерге 3:20, Эфестиктерге 2:4-9).**

Жакшы иштер жана тартуулар күнөө үчүн төлөм боло албайт, анткени күнөө түбөлүктүү Кудайга каршы кылынды, ал эми дүйнөдөгү бардык нерселер мурунтан эле Кудайга тиешелүү.

► Адам өзүн кечиримге татыктуу кылышым керек дегенге ишенсе эмне болот?

**(6) Кечирүү үчүн негиз болушу керек, анткени күнөө деген олуттуу нерсе, Кудай болсо адилеттүү (Римдиктерге 3:25-26).**

Кудай кечирүүнү каалайт, бирок Ал негизсиз эле кечире берсе, күнөө кадимки нерсе, ал эми Кудай, адилетсиз Кудай болуп калмак.

► Эмне үчүн Машайактын өлүмү керек болду?

**(7) Ыйса, Кудайдын Уулу, күнөөсүз жашаган жана биз кечиримге ээ болушубуз үчүн биздин күнөөлөр үчүн курмандык катары каза болгон (Жакан 3:16, Римдиктерге 5:8-9).**

Ыйса Кудайдын Уулу болгондуктан – Анын курмандыгы түбөлүктүү баалуулукка ээ жана дүйнөдөгү бардык адамдардын кечирилүүсүнө негизди камсыз кылат. Эгер Ал жөн эле адам болсо, мындай курмандык чектелген баалуулукка ээ болмок. Ыйсанын каны, Анын биз үчүн берген өмүрүн билдирет: ал төгүлбөсө, куткарылуу болмок эмес (Эврейлерге 9:22). Машайак Кудай болбосо, бизди

толук куткарылуу менен камсыз кыла албайт болчу, анда биз үмүтсүз абалда куткарылуунун башка жолдорун издөөгө аргасыз болмокпуз.

► Эмне үчүн кээ бир динчил адамдар иштери аркылуу куткарыла алабыз деп ойлошот?

**(8) Ыйса Кудайдын Уулу экенин далилдеп жана түбөлүк өмүр берүүгө бийлиги бар экенин көрсөтүп, денеде өлүмдөн тирилген (Жакан 20:24-28, Аян 1:18).**

Ыйсанын тирилүүсүн четке каккан культтар адатта Анын кудайлыгын жана Анын курмандыгынын жетиштүүлүгүн четке кагышат, андан кийин башка куткарылуу жолун «издеп табышат».

► Ыйса өлүмдөн тирилгенинин негизинде эмнени билсе болот?

**(9) Ыйсанын курмандыгы бардык күнөөлөрдү кечирүү үчүн жетиштүү (1 Жакан 1:9, 2:2).**

Эгер адам бул чындыкты четке какса, иштердин жакшы кабарына ишенет. Көптөгөн диндер адам куткарылуунун кайсы бир бөлүгүнө эмгек сиңирип ээ болоруна ишенишет. Бул диний уюмдарга адамдарды көзөмөлдөөгө жана куткарылуу үчүн эмне кылуу керектигин айтууга жол берет.

► Эмне үчүн кээ бир адамдар өздөрүнүн диний агымынан сырткары куткарыла албайбыз деп ойлошот?

**(10) Кудай өзүнүн күнөөкөр экенин мойнуна алган, күнөөсүнө өкүнгөн жана Кудайдын кечирем деген убадасына ишенген ар бир адамды кечирет (Марка 1:15, 1 Жакан 1:9).**

Куткарылуу үчүн эч ким – адамдар да, уюмдар да, мекемелер да кандайдыр бир талаптарды коюуга же ага ээ болуу үчүн альтернативдүү каражатты сунуш кылууга акысы жок.

► Адам эмненин негизинде куткарылганына ишене алат?

**(11) Тобо кылуу адам өзүнүн күнөөлөрүнө өкүнөрүн жана аларды токтотууга даяр экенин билдирет (Ышайа 55:7; Жезекиел 18:30, 33:9-16; Матай 3:8).**

Тобо кылуу деген адам Кудайды кабыл алганга чейин жеткилеңдикке жетиши керектигин билдирбейт: Эң Жогорку Кудай гана күнөөкөрдү күнөөнүн күчүнөн бошото алат. Тобо кылуу – адам күнөөлөрүн токтото турган деңгээлде аларды кылганы үчүн өкүнөрүн билдирет. Эгер адам андай кылбаса, башкача айтканда дагы деле күнөөдө жашап жатса куткарыла албайт.

► Эмне үчүн адам тобо кылуусуз куткарыла албайт?

**(12) Тобо кылып ишенип калган күнөөкөр Кудайга кайрылып кечирим сураганда, кечирилет (Римдиктерге 10:13, Элчилердин иштери 2:21).**

Ыйсанын аркасы менен дүйнөдөгү ар бир адам үчүн ырайымга жол ачылды. Кудайдын кечиримине ээ болуу үчүн бир дагы уюмдун же ортомчунун кереги жок: адам аны жеке өзү кабыл алат жана Эң Жогорку  Кудай менен түзмө-түз мамиле кура баштайт.

► Адам дароо машайакчы боло аларын эмнеден билсе болот?

**4-сабактын тапшырмалары**

(1) Кудайга кайрылганда сиз үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон жакшы кабардын ажырагыс эки аспектисин бир нече абзац кылып жазыңыз.

(2) Изилдөө үчүн бир культ же машайакчылык эмес уюмду тандаңыз. 2-3 бетке алар жакшы кабардын ажырагыс бөлүктөрүн кантип четке кагарын түшүндүрүңүз. Алар тараткан жалган жакшы кабарды сүрөттөңүз жана алар кайсы туурма эмес доктриналарга негизделгенин көрсөтүңүз. Сиз бул агымдын жолдоочуларына чындыктын библиялык далилдерин кантип жеткирериңизди түшүндүрүп бериңиз.

# 5-сабак
# Жакшы кабарлык ишеним

## Киришүү

*Эфестиктерге 1:4-9ду окуңуз.*

► Бул үзүндү кайсы маанилүү доктриналарды үйрөтөт?

## Жакшы кабарлык ишенимди сүрөттөө

Жакшы кабарлык жыйын – Ыйык Китеп боюнча ырайымдын негизинде ишеним аркылуу гана куткара турган жакшы кабарды окуткан жамаат. Куткарылууга ээ болуу үчүн Машайактын кун төлөп куткаруусунан сырткары эч кандай жакшы иштер кошумча боло албайт.

Чыныгы жакшы кабарды таратуу – жакшы кабарлык жыйын үчүн биринчи орунда турат, анткени жакшы кабарга ишенген адамдар, ал баарынан маанилүү экенин билишет.

Жакшы кабар – жыйын дүйнө менен бөлүшүшү үчүн Кудай жыйынга тапшырган өзгөчө байлык-кенч.

Адатта жакшы кабарлык жыйындардын төмөндөгүдөй мүнөздөмөлөрү болот.

(1) Жакшы кабарлык машайакчылар Ыйык Китептин толук кадыр-баркына ишенишет, аны четке кагуу жакшы кабарга шек келтирет.

(2) Жакшы кабарлык машайакчылар машайакчылык доктриналардын тарыхый негизи бар экенине, аларды четке кагуу жакшы кабарга карама-каршы келерине ишенишет. Мисалы Машайактын кудайлыгын четке каккан культтар, куткарылуу үчүн Анын кун төлөп куткаруучу курмандыгы жетиштүү болгонун четке кагышат жана анын ордуна иштердин жакшы кабарын таратышат.

(3) Жакшы кабарлык жыйындар жеке руханий тажырыйбанын маанилүүлүгүнө басым кылышат, анткени алар адам ишенимге жеке кайрылуусу керектигине жана анын ишеними аң-сезимдүү болушу керектигине ишенишет. Ушундай тажрыйбадан жыйындар жаңы ишенгендерге жакшы кабар айтту менен жана руханий түзүлүшүнө басым кылышат.

► Сиздин жыйын жогоруда айтылган мүнөздөмөлөргө ээби? Жакшы кабар биринчи орунда турганын көрсөткөн башка өзгөчөлүктөрү барбы?

## Жакшы кабардын негизги ролу

Жакшы кабар таратуу – жыйындын миссиясы. Жакшы кабар биринчи орунда турбаган жыйын, Кудай берген тапшырманы унутуп койгон.

Биз Матай 28:18-20да жазылган Улуу Тапшырма жөнүндө окудук. Жыйындын негизги миссиясы кайсы экен?

Жакшы кабар өзү таралган жерлерде жыйын тургузат. Жакшы кабар таратылган жерлердин баарында чыныгы жыйын негизделген; Элчилердин доорунан бери анын мурасы мекемелер эмес, жакшы кабардын уланып тараганы болгон.

> «Машайактын башкаруусу менен жыйындын дүйнөлүк миссиясынын ортосунда түз байланыш бар. Бул Матайда жазылган Улуу Тапшырмадан даана көрүнөт. Ал так айтылган, анткени асманда да, жерде да бардык бийлик Кудай-Ата тарабынан Кудай Уулга берилген; ал эми жыйынга бардык элдерден шакирттерди жасоо тапшырылган (Герберт Кейн, «Жакшы кабардын эмгеги»).

Жыйын тарабынан уюштурулган бардык иш чаралар жакшы кабарды биринчи орунга коюшу керек. Мисалы, жыйын жетекчилерин окутуу программасы жыйынды жакшы кабар таратуу миссиясын аткарууну жана шакиртчиликке багыттаганды камтышы керек.

Уюмдар өзүнүн негизги миссиясын унутуп, алгач өзүнүн миссиясын аткарууга умтулушу мүмкүн; жакшы кабар таратууга жаңылантып басым кылуу, аны дайыма реформалоого алып келет.

Жыйын ишенимдердин салтын, табынуу формаларын, машайакчылык жашоонун практикаларын жана жыйындын эрежелерин өнүктүрөт, бирок жакшы кабар таратууга жаңылантып басым кылуу салттарды реформалоого алып барат.

## Жакшы кабарды биринчи орунга койбой калган учурлар

### (1) Институционализм

Жыйын жакшы кабар таратуу миссиясын аткаруунун үстүнөн иштеген сайын, пландарды түзүп, топ курап, программаларды өнүктүрүп жана каражат табуу керек. Жамаат өзүнүн практикалык максаттарын ишке ашыруу үчүн уюмдарды уюштурат. Алар көбүнчө адамдар өзүн арнаганда жана жыйындар миссиясын аткаруу мотивациясына ээ болгон руханий ойгонуу мезгилде пайда болот.

Уюмдар керек, анткени алар адамдардын жана булактардын узак убакытка сакталып туруусуна өбөлгө түзөт. Алар жок болсо, жыйындардын имараттары да, чет өлкөлүк миссиялар да жок болмок, Ыйык Китеп же башка адабияттар басып чыгарылмак эмес; машайакчылык мектептер, билим берүү программалары жана кызматтарды каржылоо болмок эмес. Жергиликтүү жыйын да – адамдардын тобу өздөрүн ага арнаганда башталган уюм.

Уюм ийгиликтүү болсо, көптөгөн адамдарды тартып өзүнүн иш-аракетин кеңейтет, анткени анын ишин алып баруу үчүн көп эмгектенип жана көп каражат сарптоо керек. Кээде кызматкерлер уюмду түзүү анын негизги максаты, ал эми алардын жумушу – уюм өзүнүн баштапкы миссиясын аткарбаса да, уюмду иштетип туруу деген жаңылыш ойдо болушат.

Уюмдар керек болсо да, алар кез-кезде өздөрүнүн ишине баа берип, аны жакшы кабар биринчи орунду ээлегидей кылып реформалап турушу керек.

**(2) Дин бизнес катары**

Кызмат акча табууга мүмкүнчүлүк бергендиктен, кээ бирөөлөр кызматтарды бизнес катары баштаган. Кызматка сарпталган каражатты табуу үчүн соода кылуу жана кызматка каражат издөө жаман эмес, бирок адамга жакшы кабарга караганда акча көбүрөөк түрткү берсе анын жүрөгүнүн абалы туура эмес, анын жумушу Кудайга жакпайт (1 Петир 5:1-2, 2 Петир 2:3).

Шымон коомдо мартабасын көтөрүү үчүн руханий жөндөмгө ээ болгусу келди, бирок Элчи анын жүрөгүнүн ниети туура эмес экенин көрсөткөн (Элчилердин иштери  8:18-23).

► Жыйындын жетекчиси жыйынды сатууга аракет кылганда, бул иш аракеттин эмнеси туура эмес? Ал жыйын жөнүндө эмнени туура эмес түшүнөт?

**(3) Синкретизм**

Синкретизм – бул машайакчылык менен бири-бирине карама-каршы келген ишенимдердин жана башка диндердин тажрыйбаларынын аралашмасы. Жаңы Келишимдин учурундагы синкретизмдин үлгүсү – самариялыктардын дини. Буркандарга табынган чет жерликтер, Израил жерине келип, анын динин бутка табынуу менен аралаштырып салган. Ыйса алар эмнеге табынып жатышканын өздөрү билбээрин айткан (Жакан 4:22).

Гаитинин тарыхынан синкретизмдин дагы бир мисалы. Гаити француздардын колониясы болгон учурда, Африканын кулдарынан машайакчылыкты кабыл алуу талап кылынган. Алар өздөрүнүн мурунку дини менен Римдик католицизмди аралаштырып алышкан. Көпчүлүк гаитиликтер дагы деле Вуду динин тутушат, бул машайакчылык символдорду колдонуу менен машайакчы ыйыктардын ысымдарын колдонуп, рухтарга табынууну билдирет.

Кээде синкретизм машайакчылык башка эл үстөмдүк кылган элдерге жеткенде пайда болгон. Бирөөнүн алдында ийилиши керек болгон эл үстөмдүк кылган элге жагынышы керек болгон, ошол себептен эл алардын диний салттарын кабыл алган, бирок өзүнүн баштапкы ишенимдерин сактап калган.

► Машайакчылык башка диндер менен аралашкан кандай мисалдарга туш болосуз?

Синкретизмдин пайда болуусуна дүйнөлүк мотивациялар себеп болушу мүмкүн. Эгер адамдар жакшы кабарды кабыл алуу аларга акча-каражат жагынан пайда, саясий тармакта салмактуулук же таасирлүү адамдардын колдоосун камсыз кылат деген ойдо болсо, алар машайакчылыкты кабыл алган түр көрсөтөт, бирок алар чындап тобо кылбайт. Ошондо алар мурунку ишенимдерин жана ырым-жырымдарын аткарууну уланта берет, бирок ошолордун баарына машайакчылыкты жамынтып коёт. Жыйын адамдарда туура эмес ниеттерди жарата турган нерселерди сунуштабай жакшы кабар таратканы жакшы.

Жакшы Кабарды чет элдик миссионерлер алып келгенде, машайакчылыкты эл аны чет элдик дин катары кабыл алышы мүмкүн. Бирок машайакчылык ар бир маданиятка отургузулуп, ошол маданиятта өз үйүндө болгон форманы алуу маанилүү. Мындан ары бөтөн диндей көрүнбөшү керек. Миссионерлер менен жакшы кабарчылар маданияттын кайсы тараптары машайакчылыкка туура келбээрин айырмалай билгени маанилүү. Мындай нерселерди айырмалай билүү жергиликтүү машайакчылардын жардамын талап кылган процесс, ал тез арада бүтүп калбайт.

**(4) Кеңири тараган дин**

Кээде адамдар белгилүү бир элдин динин кабыл алышат. Кээ бир өлкөлөрдө мусулмандар көпчүлүктү түзөт; ал эми башка өлкөлөрдө көпчүлүк адамдар өздөрүн католик деп эсептешет. Адамдардын көбү өздөрү туткан диндин адеп-ахлак стандарттарын карманышпайт жана кээде гана диний жөрөлгөлөрдү аткарып коюшат, бирок алар өздөрүн ошол диндин жолдоочусубуз деп эсептешет.

Көптөгөн адамдар өздөрүн машайакчы деп эсептешет, анткени аларды курчап турган коом – бардык жакшы адамдар – өздөрүн машайакчы деп эсептешет. Алар чындап тобо кылган эмес, бирок өздөрүнүн адеп-ахлак стандарттары бар.

Жакшы кабар деген тобо кылууга жана Машайакка баш ийүүгө чакыруу. Ыйса адам өзүмчүлдүк үчүн өзүн өлтүрбөсө жана Анын чыныгы жолдоочусу болбосо, Анын шакирти боло албаарын айткан  (Лука 9:23).

Машайакчылыкты күнөөкөр коомчулукта кеңири таратуу үчүн ыңгайлаштырып өзгөртүү мүмкүн эмес. Коомчулуктун адеп-ахлактыгы машайакчылык адеп-ахлактын деңгээлинен бир топ төмөн, ал эми ишенүүчү адамдардын жашоосу жалпы коомдо кабыл алынган чен-өлчөмдөрдөн кескин айырмаланып турат.

► Сиздин коомдо тобо кылуусу жок машайакчылык канчалык кеңири тараган?

**(5) Сектантчылык**

Биз бардык машайакчылар бардык доктриналар менен макул болот деп күтпөшүбүз керек; кайсы бир доктринаны кабыл алуу үчүн Ыйык Китептин

кадыр-баркын кабыл алса дагы ар түрлүү деноминациялардын ишенүүчүлөрүнүн арасында айырмачылыктар бар.

Кээде жыйындар өздөрүн башка агымдардан айырмалаган доктриналарга басым кылышат, бирок алар машайакчылыктын фундаменталдык докриналары сыяктуу маанилүү эмес. Эгер кайсы бир агым жакшы кабардын маңызын туура үйрөтүп жатса, аны жалган деп айтууга болбойт.

Жыйын башка агымдар менен салгылашып өзүн бекемдебеши керек: ал алгач жакшы кабарды таратуу аркылуу, андан кийин өзүн арнаган жамааттагы мамилелерди куруу аркылуу бекемдеши керек.

► Жыйын эмненин негизинде башка агымдарды чыныгы машайакчылык агым катары кабыл алышы керек?

### (6) Доктриналдык тең салмактуулуктун жоктугу

Чыныгы доктринага ашыкча кызыгуу да, башка чындык менен карама-каршылыктарга алып келиши мүмкүн. Ырайымга өтө катуу басым кылганда, жыйын Кудайга баш ийип жашашы керектигине өтө аз маани берилип калат; Кудайга кайрылууга басым кылганда, шакиртчиликти унутуп калса болот; ишенимден четтеп кеткендерге Кудайдын ишенимдүүлүгүнө басым кылганда, жыйын ишенимден баш тартуунун коркунучу жөнүндө эскертүүнү унутуп калышы мүмкүн; руханий жөндөмдүүлүктөрдү ашыкча урматтаганда, терең руханийликти жана машайакчылык мүнөздү баалабай калуу мүмкүн болот.

Доктриналдык тең салмактуулуктун жоктугу убакыт өткөн сайын билинет жана узак убакытка таасирин тийгизиши мүмкүн. (1) күнөөнү этибар албаган (2) куткарылууга бекем ынанууну жок кылган (3) жакшы кабарга жооп берүүгө даяр адамдын жолунда кошумча тоскоолдуктарды жараткан же (4) жакшы кабарды жашырган окутуулардын баары доктриналдык тең салмактуулукту жок кылат.

## Тарыхтагы ойгонуу жана реформация

Жыйындын тарыхында ири машайакчылык уюмдарда жакшы кабар унутулуп калгандай мезгилдер болгон. Алардын иш аракетинде институционализм, синкретизм жана доктриналдык тең салмактуулуктун жоктугу сыяктуу көйгөйлөр жакшы кабар таратууга караганда айкын байкалган. Жетекчилер руханий үлгү көрсөтүшү керек эле, бирок алар туура эмес ниеттерди, машайакчлыкка туура келбеген мүнөздү жана дүйнөлүк нерселерге кызыгуу көрсөткөндөй сезилет.

Кээде Кудай жыйында улуу ойгонуу кылган. Узак убакытка созулган жана кеңири таралган натыйжаларга ээ болгон ойгонуу үч аспектиге ээ. Мындай учурда (1) барк алынбаган чындык калыбына келип теология

реформацияланат; (2) көптөгөн сыйынуулар менен, руханий жаңылануу, кызганыч менен табынуу жана көптөгөн тобо кылуу менен; (3) жыйын жакшы кабар таратуу жана шакиртчилик кылуу үчүн жаңы жолдорду тапкан сайын кызмат кылуунун жаңы ыкмалары пайда болот.

Протестанттык реформация (1500-жж. бүткүл Европада) ырайымдын негизинде гана жана ишеним аркылуу гана куткарылуу жакшы кабарын калыбына келтирген.  Ошондо миңдеген адамдар Кудайга кайрылган. Жазуу эң кеңири таралган тилдерге которулган жана жеткиликтүү болуп калган.

Анабаптисттер (1500-жж. жана кийинчерээк бүт Европада) тынчсызданышкан, анткени реформацияны жолдоочулардын көбү куткарылуу үчүн туура доктриналарга ишенүү жетиштүү деген ойдо болушкан. Көптөгөн адамдар жакшы кабардын чындыгын кабыл алганын, бирок Кудайга кайрылбаганын айтышкан. Анабаптисттер жеке тобо кылуунун маанилүүлүгүнө басым кылышкан.

Пиетисттер (1600-жж. аягында Германияда) шакиртчиликтин маанилүүлүгүн баамдаган адамдар болгон. Алар кичине топ кызматын жана машайакчылык бышып-жетилүү үчүн ишенүүчүлөрдү окутуу системасын өнүктүрүшкөн.

Методисттик ойгонуу (1700-жж. акырында Англияда) Джон Уэслинин кызматынан башталган. Жыйындын дин кызматчыларынын көпчүлүгү куткарылууга жеке ынанууну четке кагышкан. Уэсли ар бир адам өзүндө Машайакка тирүү ишеними жана Ыйык Рухтан куткарылуу кепилди бар экенин үйрөткөн.

► Сиздин коомдо кайсы улуу чындыкка басым кылуу керек?

**Жыйынтыктоо**

Көптөгөн машайакчылык уюмдар, алардын ичинде ири уюмдар да, (жергиликтүү жыйындар сыяктуу) өтө чоң эместери да, өздөрүнүн иш аракетин жакшы кабарды биринчи орунга коюу менен башташкан, бирок убакыттын өтүшү менен алар башка нерсеге басым кылып калышкан.

Жыйындын таасирлүүлүгүн жаңылантуу үчүн бизге түшүнүксүз жаңы доктриналардын кереги жок; жакшы кабарды биринчи орунга койгон жакшы кабарлык принципти калыбына келтирүү керек.

## 5-сабак Тест

Сиз кийинки сабакты 5-сабак боюнча тест менен баштайсыз. Кылдаттык менен даярданып тесттин суроолоруна жооп бериңиз.

(1) Жакшы кабарлык жыйындын үч мүнөздөмөсүн атаңыз.

(2) Жыйын жакшы кабарды биринчи орунга койбой калышы мүмкүн болгон алты ыкманы атаңыз.

(3) Доктринанын тең салмактуулугу жок экенин көрсөткөн төрт белгини атаңыз.

(4) Узакка созулган ойгонуунун үч аспектисин атаңыз.

(5) Төмөнкүлөрдүн ар бири жөнүндө туура маалымат жазыңыз:

- Протестанттык Реформация
- Анабаптисттер
- Пиетисттер
- Методисттердин ойгонуусу

# 6-сабак
# Ыйык Рухтун иши

### Окутуучу үчүн эскертүү

*Сабактын башында студент мурунку сабактын акырында берилген суроолор боюнча тест бериши керек. Студенттер материалдарды колдонбой жана бири-бири менен сүйлөшпөй туруп жоопторду эсине тутканы боюнча жазышы керек.*

### Ыйык Рухтан көз карандуулук

Кызматка катышууга керектүү билим алуу үчүн жана ыкмаларды үйрөнүү үчүн колубуздан келген бардык нерсени кылганда, адамдык күчкө таянуу азгырыгы пайда болот. Бирок элчи Пабыл ар бир кызматчынын Кудайдан көз каранды экенин түшүнүүгө басым кылган: «Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан» (2 Корунттуктарга 3:5).

Пабыл угуучулардын ишеними адамдык түшүнүккө эмес, Кудайга негизделиши үчүн өз насаатын адамдык акылмандуулукка жана ынандырууга негиздебегенин, тескерисинче Ыйык Рух ишке киришерине таянарына басым кылган (1 Корунттуктарга 2:4-5). Элчи Пабыл билимдүү болчу, бирок ал өзүнүн билими жана өнөрлөрү руханий натыйжа алып келерин күткөн эмес.

Тесалоникалыктарга жазган катында элчи мындай деген: «Себеби биз силерге Жакшы Кабарды сөз менен гана эмес, күч менен, Ыйык Рух менен жана толук ишеним менен жеткирдик.» (1 Тесалоникалыктарга 1:5); Кудайдын күчү иштегендиктен алар жакшы кабарга ынанышкан.

Ыйса Элчилерине Ыйык Рух дүйнөнүн күнөөсүн ашкерелеп, адилдик жана сот тууралуу билдирерин айткан (Жакан 16:8). Машайак Атам чакырбаса, Ага эч ким келе албарын айткан (Жакан 6:44).

### Ыйык Рухтун ишинин кээ бир аспектилери

- Ал күнөөкөрдү ашкерелейт (Жакан 16:8).
- Ал ашкереленген күнөөкөрдү Кудайга кайрылтат (Жакан 3:5).
- Ал кайрылган ыйык адамды сактайт (Эфестиктерге 1:13, 4:30).
- Ал сактап турган ыйыкка сүйлөйт жана көрсөтмөлөрдү берет (Элчилердин иштери  13:2,4).

- Ал ыйыкты күчкө ээ кылат жана ага көрсөтмөлөрдү берет (Элчилердин иштери 1:8).
- Ал күчкө ээ болгон ыйыкты үйрөтөт (Жакан 14:26, 16:13; 1 Жакан 2:27).
- Ал үйрөнгөн ыйыкты жетектейт (Жакан 16:3, Элчилердин иштери 8:29).
- Ал Өзү жетектеген ыйыктагы денелик каалоолорду жок кылат жана анын ичинде Өзүнүн адилдигин орнотот (Римдиктерге 8:13).

► Ыйык Рухтан көз карандуулук сиздин жакшы кабар таратуу ыкмаңызга кандай таасирин тийгизет? Биз Ыйык Рухка таянгандыктан эмнени башкача кылабыз?

## Окутуунун баалуулугу

► Жакшы кабар таратууну окутууга жана анын ыкмаларына кандай мамиле кылышыбыз керек?

Биз Кудайдын чындыгын адамдар бизди угуп түшүнүшү үчүн эң жакшы жол менен өткөрүп берүүгө чакырылганбыз.

Биз Ыйык Рухка таянгандыктан, окутуу аркылуу жөндөмдүүлүктөрүбүздү өнүктүрүүнүн кереги жок деген ойдо болбошубуз керек.

Пабыл адамдарды акыл-эсине келтирүүгө аракет кылганын айтат (2 Корунттуктарга 5:11). Ал Тиметейге Кудайдын чындыгын туура өткөрүп берүү үчүн окутуунун маанилүүлүгү тууралуу жазган (2 Тиметейге 2:15). Жыйын аксакалынын маанилүү жөндөмдөрүнүн бири – окутуу жөндөмү (2 Тиметейге 2:24).

Аполлос абдан таасирдүү жакшы кабарчы болгон. Биз анын сөзгө чечен, Жазууну жакшы билген жана рухунда жалындаган адам экенин көрө алабыз (Элчилердин иштери 18:25-26). Аполлостун руханий жөндөмдөрү анын табигый жөндөмдүүлүктөрү менен бирге аны улуу батага айланткан.

Элчи Петир биз дайыма жакшы кабардын үмүтүн түшүндүрүүгө даяр болушубуз керек экенин айтат (1 Петир 3:15).

Жазуунун бул үзүндүлөрү биз өзүбүздү Кудайдын максаттарына арнасак, Кудай бизди колдонорун жана табигый жөндөмдөрүбүздү баталаарын айтат. Ал бизди күчүбүздү жана жөндөмдөрүбүздү Анын ишине арнашыбызды каалайт.

## Рухка толуу

Элчилердин иштери 1:4-5те Ыйса шакирттерине Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүүнү күтүүнү буйруган, Ыйса Аны «Атанын убадасы» деп атаган. Рухка

чөмүлдүрүлүү аларды кийин бүт дүйнө жүзүндө Машайактын күбөлөрү болуу күчүнө ээ кылган (Элчилердин иштери 1:8).

Шакирттер ага чейин эле куткарылганына карабастан, алар жанында Ыйса денеде жок болгондо кызматты баштаганда толтура турган ички муктаждыктары болгон. Улуу Устат аларды үч жыл окутса да, алар толугу менен даяр болушкан эмес, анткени ички маселе чечилбей кала берген. Кудай пландагандай Ыйык Рухтун күчүндө жана жетегинде иш аракет кылуу үчүн алардын жүрөгүндөгү белгилүү муктаждык Ыйык Рухтун жардамы менен чечилиши керек болчу.

Ал маселе үч жылдык даярдыктын убагында өзүн ар түрдүү көрсөткөн. Кээде шакирттерде аларды четке каккан адамдардын үстүнө от түшүрүп «сазайын берүү» каалоосу пайда болгон (Лука 9:54-55). Кээде алар ушунчалык текеберденгендиктен өздөрү колдобогон адамдын кызмат кылуусуна тыюу салышкан (Марка 9:38). Шакирттер өзүмчүл болушкан жана өнөктөштөрүнүн каарына калып жогорку даражадагы кызмат орундарды талап кылганда, амбицияларына жетеленген (Марка 10:35-41).

> «Теңир шакирттерине тапшырган Улуу Тапшырманы аткаруу адамдын колунан келбейт болчу, ошол себептен Теңир аларга түбөлүк булакты – дүйнөнүн күнөөсүн ашкерелеп, сот жөнүндө эскерте турган Ыйык Рухту берген. Ал Ыйык Рухту бергенде шакирттер укмуштуудай күчкө ээ болушкан жана аларды аң-таң каларлык натыйжалар коштогон.
> (А. Б. Симпсон, «*Миссионерлик кабар*»).

Алардын арасында кимибиз чоң деген талаш-тартыш болгон (Марка 9:33-34). Ыйса алар эмне жөнүндө сүйлөшүп жатканын сураганда, алардын уялганы, өздөрүнүн ниети туура эмес экенин түшүнгөнүн көрсөтөт.

Чогуу болгон акыркы кечеде Ыйса шакирттеринин буттарын жууп, аларга бири-бирине кызмат кылуу керектигин көрсөткөн (Жакан 13:14). Аларда азырынча мындай момундук жок болчу; ошол кечте алар бири-бирине кызмат кылуудан баш тартышкан. Маселе билимдин жетишсиздигинде эмес, текебердикте болгон.

Машайак шакирттердин арасында бири-бири үчүн жанын берүүгө даяр сүйүү болушу керектигин айткан (Жакан 15:12-13). Алар ушундай сүйүүгө ээбиз деген ойдо болушкан, бирок иш жүзүндө башкача болуп чыкты: андан мурун Ыйса менен бирге өлүмгө барабыз деген шакирттер, Ыйса камакка алынган кезде качып кетишкен (Марка 14:31, 50).

Ушул эркектерге Ыйса жерде денеде жок кезде жыйынды жетектөө жана аны жайылтуу жоопкерчилигин тапшырылган. Ыйса алардын ички муктаждыктары орундалган эмес, ошондуктан алар кызматка даяр эмес экенин билген, ошол

себептен аларга «Атадан убадаланганды» алганга чейин Иерусалимде күтүп турууну буйруган (Элчилердин иштери 1:4-5). Бул убаданы Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүү дешет; бул абдан керектүү болгон, анткени бул иш чарасыз алар жыйындарды куруп алардын таасирин жайылтпашы керек болчу. Ыйса алар такшалган адис болушу керектигин же узак убакыт өсүшү керектигин айткан эмес, алар Иерусалимде руханий кризисти/кульминацияны күтүшү керек болгон.

Элүүнчү күнү шакирттер башынан өткөргөн окуя Ыйык Рухка толуу деп сүрөттөлгөн (Элчилердин иштери 2:4). Ошол учурда көп нерселер болгон, бирок Петир кийинчерээк Рухтун негизги иши алардын жүрөктөрүн тазалоо болгонун айткан (Элчилердин иштери 15:8-9). Бул шакирттердин муктаждыгы болгон; бардыгы алардын жүрөгүндө маселе бар экенин жана алар тазаланышы керек болгон ички бузулукту көрсөтүп турган. Бул Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүү (толуу) аркылуу ишке ашканда, алардын эң негизги максаты бийик мартабасы же жеке коопсуздугу болбой калган.

Элүүнчү күндөгү окуядан кийин жыйын күчтүү жакшы кабар дооруна кирген. Жыйын доктриналдык келишпестик, ички аразадашуулар, иудаисттик жалган окутуулар, эки жүздүүлүк, кара күчтөрдүн каршылыгы, куугунтук жана кыйынчылыктарга карабастан кубаныч жана салтанат менен өсө берген.

> Алар Кудайдын чакырыгы боюнча, Кудайдын күчүнө таянган жана Анын даңкы үчүн кызмат кылган биримдиктүү майланган күчтүү күбөлөрдүн тобу болуп калды.

**Ишенүүчү адамдын шакирттердикиндей эле муктаждыгы болушу мүмкүн, аны Ыйык Рухка толуу менен канааттандырса болот.**

Бул төмөнкүнү билдирбейт:

1. Өзгөчө түрдө Ыйык Рух толмойунча ишенүүчү адамда Ыйык Рух жок.
2. Ыйык Рухка ушундай жол менен толмойунча, Ал ишенүүчүнүн ичинде иштебейт.
3. Жүрөктү тазалоочу Ыйык Рухка толуудан башка толуу жок.
4. Рухка толгон ар бир машайакчы элчилик кызматты алып барат.

Биз да шакирттер баштан өткөргөн нерселерди так ошондой өткөрөбүз деген ойдо болбошубуз керек. Бирок жүрөктүн тазалануусу жана кызмат үчүн күчкө толуу биз үчүн дагы деле маанилүү.

Шакирттердин үлгүсүнөн биз төмөнкүнү көрө алабыз:

1. Адамдын ушундай муктаждыгы болсо, ал кызматка же ыйык жашоого толук даяр эмес.

2. Кудай адамды мындай абалда калтыргысы келбейт.

3. Мындай муктаждыкты окутуу же узак убакыт өстүрүү менен чечүү мүмкүн эмес.

4. Мындай муктаждыкты туура изденүү менен белгилүү бир убакытта чечүүгө мүмкүн болот.

Ишенүүчү Ыйык Рухтун ушундай аракетине кантип ээ боло алат?

Петир алар ага ишеним аркылуу ээ болгонун айтат (Элчилердин иштери 15:8-9). Ыйса шакирттери ушул ишенимге ээ болушу үчүн аларга убада берип, күттүрүп аларды даярдаган.

Ошол себептен адам өзүнүн муктаждыгын жана Кудай аны толтурууга даяр экенин көрсө, ал бул ырайымга ишеним аркылуу ээ боло алат.

## 6-сабактын тапшырмалары

Бул тапшырманы мугалимге тапшыруунун кереги жок. Ар бир студент өзүн сыйынуу менен текшерип көрүп, төмөнкү суроолорго жооп бериши керек.

- Мен Ыйык Рухка таянамбы же өзүмдүн жөндөмүм менен кыла алган нерселерге жетүүгө гана умтуламбы?
- Шакирттерге Ыйык Рухка толуу керектигин көрсөткөн сапаттар менде да барбы?
- Менде Кудайга баш ийдире элек иш-аракеттер, адаттар, максаттар же мамилелер барбы?
- Ыйык Рух мени Кудайдын даңкына колдонушу үчүн Ага өзүмдү толук тазалоого жол берүүгө даярмынбы?

# 7-сабак
# Сыйынуу жана орозо

## Киришүү

> Бүгүнкү күндө жыйынга керектүү нерсе, жабдуулар, жакшыртылган шарттар же жаңыланган ыкмалар эмес, Ыйык Рух колдоно ала турган – сыйынуучу, сыйынууда күчтүү адамдар. Ыйык Рух кандайдыр бир ыкмалар аркылуу эмес, адамдар аркылуу иштейт. Ал жабдууларды каптабайт, адамдарды каптайт. Ал пландарды эмес, сыйынуучу адамдарды майлайт[30].

► И. М. Баундс бул сөздөрү менен кайсы каталарды оңдогусу келген?

Сыйынуу аракети, Кудайдан көз каранды экенибизди билдирет. Адам сыйынуу үчүн өтө бош эмес, ал Кудай анын сыйынуусуна жооп катары кыла турган иштерге караганда, өзүнүн иштери көбүрөөк мааниге ээ деп ойлойт.

Биз Ыйык Рухка таянгандыктан биз үчүн сыйынуу маанилүү. Пабыл адамдардан жакшы кабардын таралышы үчүн сыйынуусун суранган (2 Тесалоникалыктарга 3:1, Колостуктарга 4:3, Эфестиктерге 6:19).

## Эмне үчүн сыйынуу маанилүү?

► Биз ишенүүчү үчүн сыйынуу маанилүү экенин билебиз. Эмне себептен ал жакшы кабар таратуучу үчүн маанилүү?

Сыйынуу төмөнкү себептер менен жакшы кабарчы үчүн маанилүү:

(1) Жакшы кабарчы руханий тирүү болушу керек.

Сыйынуу деген жандын дем алуусу. Жакшы кабарчы Кудай менен өзү кандай мамиледе болсо, башкаларды да ошондой мамилеге жетектейт.

(2) Жакшы кабарчы сыйынууда Кудай менен убакыт өткөрбөсө, жалындап туура кызмат кылууну уланта албайт.

Сыйынуу болбосо, жакшы кабар таратууга аракет кылган адам туура эмес ниет мене иш аракет кылат (балким жеке ийгиликке жетүүнү көздөйт же бирөөнү ынандырып сүйлөөдөн ырахат алат).

[30] И. М. Баундс, «Сыйынуунун күчү»

(3) Жакшы кабарчы күнөөкөрдү ашкерелеп, ага куткарылууга ээ болуу каалоосун бериши үчүн Ыйык Рухка таянышы керек.

Жакшы кабар таратуу – адамдык аракет менен ишке ашпайт. Жакшы Кабар таратуучу Ыйык Рухтун күчүнө таянат. Акыл-эс күнөөкөрдү айыбын мойнуна алдыра албайт жана Кудайды издөө каалоосун бере албайт (Жакан 16:8, Жакан 6:24).

> «Эгер сиздин окуганга каалооңуз жандарды куткаруу каалоосунан ашып түшсө, жандарды куткарууга каалооңуз окуганга каалоого караганда көбүрөөк болгонго чейин токтоп сыйыныңыз»
> (Уильям Смит,
> Ыйык Китептик колледжди негиздөөчү).

(4) Кудай жакшы кабарчы колдонгон Жазууларды майлашы үчүн, ал Кудайга таянышы керек (Римдиктерге 1:16, Ышайа 55:11).

(5) Жакшы кабарчы өзүнүн кызматын кылуу үчүн Кудайдын жетегине муктаж (Элчилердин иштери 11:12).

## Сыйынуу практикасы

### Жеке сыйынуу жашоосу

Ар бир машайакчы күнүмдүк сыйынууда ишенимдүү болушу керек жана жакшы кабар таратууда таасирдүү болууну каалаган адам үчүн ал зор мааниге ээ.

Жакшы кабарчынын күн сайын Кудай менен сыйынууда өткөргөн өзгөчө убактысы болушу керек. Мүмкүн болсо жалгыз боло алган орун табуу керек. Балким күнүмдүк түйшүктөр алаксыта электе эртерээк туруу керек болот. Эгер Кудай менен сүйлөшүү үчүн эртең менен эрте убакыт бөлүү мүмкүн эмес болсо, анда күн башталганда Аны менен сүйлөшүү үчүн бир аз убакыт бөлүү керек.

Ал күн сайын Жазууну окуп, ал жөнүндө ой жүгүртүп жана Кудай анын жашоосунда Өзүнүн чындыгын аткарсын деп сыйынышы керек.

### Сыйынуу тизмеси

Эмне жөнүндө сыйынуу керектигин жазып алуу жакшы болот, анткени биз кээ бир маанилүү нерселерди унутуп калышыбыз мүмкүн. Дүйнө жүзүндө, өзгөчө машайакчылар куугунтук көргөн жерлерде жакшы кабардын таралышы үчүн, өзүбүздүн өлкөдө жакшы кабар ийгиликтүү таралышы үчүн, жергиликтүү жыйын өзүнө тапшырылган аймакта Кудайдын максаттарына жетиши үчүн; жана Кудай жакшы кабарды таасирдүү таратууга жардам бериши үчүн сыйынуу керек.

Ойлоруңуз чар жайыт болуп турганда тизменин кереги тийет.

Сыйынган сайын тизмени колдонуунун кереги жок; кээде сиз тизмеси жок эле кайсы бир нерселерди сурап сыйынуу керектигин сезесиз.

► Сиздин тизмеде дагы кандай муктаждыктар болушу керек?

**Сыйынуу үчүн аттардын тизмелери**

Сиз тааныган куткарылууга муктаж он адамдын атын жазыңыз. Алар сиз менен тез-тез көрүшүп турган адамдар болушу керек. Алар үчүн өзүңүздү күн сайын сыйынууга арнаңыз. Кудай мүмкүнчүлүк берсе, алар менен сүйлөшүп туруңуз, андай мүмкүнчүлүк жок болсо, сыйынууну уланта бериңиз. Ушундай кылгандардын күбөлөндүрүүсү боюнча бир жыл өтпөй эле бул адамдардын кээ бири куткарылат.

> «Жонуна дүйнөгө машайакчылыкты таратуу милдети жүктөлгөн адамдар Ыйсага эң жогорку суранычы менен келишкен. Алар: «Теңир, бизге насаат айтканды үйрөтчү», "Теңир, бизге кереметтерди жасоону үйрөтчү", – же: «Теңир, бизди акылдуу кылчы», – деген эмес: «Теңир бизге сыйынганды үйрөтчү», – деген.
> (Билли Грэм).

**Сыйынуу шериктери**

Машайакчы бирөөлөр менен шериктештикте сыйынганы жакшы. Сыйынуу шериктешиң менен бирге муктаждыктарыңды жана жеңиштериңди бөлүшсөң болот. Чогуу сыйынуу үчүн жума сайын же андан көбүрөөк жолугуп туруу керек болот.

Жубайлар чогуу сыйынса жакшы, бирок эркектин эркек сыйынуучу шериги, аялдын аял сыйынуучу шериги болсо жакшы.

► Топто катышкандардын арасында ким шериги менен сыйынып көргөн?

**Сыйынуу жүрүшү**

Жыйын өзүнүн аймагындагы адамдар үчүн жоопкерчиликти сезгендиктен сыйынуу жүрүштөрүн кылса болот. Жыйындын мүчөлөрүнүн тобу же бир адам аймакты айланып, анын муктаждыктары үчүн сыйынат. Бул учурда үн катпай сыйынса болот. Алар жолуккан адамдар менен сүйлөшсө болот, бирок жүрүштүн негизги максаты – сыйынуу. Сыйынуу жүрүшүн кызматтын башында же аягында өткөрсө болот.

**Сыйынуу станциясы**

Кээ бир жыйындар көпчүлүк жүргөн коомдук жерлерде убактылуу жайларды орнотуп, адамдарга алар үчүн сыйынып берүүнү сунуш кылат. Алар: «Мукдаждыгыңыз барбы, биз сыйынып берелиби?» – деп сурашат. Адамдардын муктаждыктарына боор тартып, талаш-тартыш жаратпоо керек. Көпчүлүк учурда жакшы кабар менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

► Сиздин аймакта кайсы жерде сыйынуу станциясын орнотсо жакшы болот эле?

## Ыйык Китеп боюнча сыйынуу

Ыйсанын жана Анын шакирттеринин сыйынуусу бизге эмне жөнүндө сыйынуу керектигин көрсөтөт, анткени алар Кудайдын эрки боюнча сыйынышкан. Төмөндө үч мисал келтирилген.

Матай 6:9-13төгү «**Асмандагы Атабыз**» **сыйынуусу**, Ыйса Өзүнүн шакирттерине берген сыйынуунун үлгүсү. Биз дагы ушул үлгү боюнча сыйынсак болот, бирок биздин башка сыйынууларыбыз андагы маанилүү нерселерди биринчи орунга коюу менен куралышы керек.

**Пабылдын эфестиктер үчүн сыйынуусу**. Эфестиктерге 3:14-19да Пабыл ишенүүчүлөрдүн руханий бекемделүүсү үчүн сыйынат. Биз да өзүбүз жана башкалар үчүн ушундай сыйынышыбыз керек.

**Түшүм жөнүндө сыйынуу**. Матай 9:36-38де биз Ыйса шакирттери Аны менен бирге күнөөкөрлөргө боор ооруп, Кудай руханий түшүм жыйноо үчүн талаага жумушчуларын жибериши үчүн сыйынуусун каалаган.

## Орозо кармоо

Орозо – руханий жана түбөлүк нерсе, денелик жана убактылуу нерсеге караганда маанилүү экенин көрсөтүү максатында, руханий жана түбөлүк нерсеге көңүл топтоп, денелик жана убактылуу нерседен алыстоо; бул ишенимди бекемдөө ыкмасы.

► Орозо Кудайды бир нерсе кылууга мажбурлаган ачкачылыктан эмнеси менен айырмаланат?

## Ыйык Китептеги орозонун мисалдары

Ыйык Китепте жазылган орозонун мисалдарында, адамдар Кудай алардын жашоосуна киришүүсүн абдан олуттуу каалагандыктан орозо кармаганын көрсөтөт. Алар Ыйык Китеп орозону колдоорун көрсөтүү үчүн Жазуунун көп жерлеринен тандалган.  Жазууда орозо кармалган учурда Кудай кандайдыр бир окуялардын жүрүшүнө киришкени көп айтылат.

*Студенттердин бирине Жазуудан орозо жөнүндө бир үзүндү окуганды тапшырыңыз. Класс менен бирге үзүндүдө сүрөттөлгөн абалды талкуулаңыздар.*

| Ыйык Жазуу | Орозо менен сыйнуунун натыйжасы |
|---|---|
| 2 Жыл.20 | Элдик орозо салгылашта жеңишке алып келди. |
| Эздра 8:21 | Эздра Кудай коркунучта коргосун деп орозо кармап сыйынган. |
| Эстер 4:16 | Жүйүттөр, Кудай пландаштырылган жүйүттөрдү өлтүрүү ишине киришүүсүн суранып орозо кармап сыйынышкан. |
| Жунус | Нинеби Кудайдын ырайымын сурап орозо кармаган. |
| Башкаруучулар 20:26 | Израил Кудай согушта жетектөөсү үчүн орозо кармап сыйынган. |
| 1 Пад. 7:6 | Израил кечирим жана боштондук тууралуу орозо кармап сыйынган. |
| Некемия 1:4 | Некемия Кудай шаарды калыбына келтириши үчүн орозо кармап сыйынган. |
| Даниел 9:3 | Даниел Израилдин туткундан бошонуусу үчүн орозо кармап сыйынган. |
| Жоел 2:12 | Теңир эл тобо кылып, сот токтошу үчүн орозо кармоого чакырган. |
| Матай 4:2 | Ыйса жердеги кызматына даярдануу үчүн 40 күн орозо кармаган. |
| Лука 2:37 | Анна орозо кармоо менен сыйынууда убакыт өткөргөн пайгамбар аял болгон. |
| Элчилердин иштери 10:30 | Корнилий Кудайдан кабар келгенде орозо кармап жаткан. |
| Элчилердин иштери 13:2-3 | Орозонун убагында Кудай жыйынга миссионерлерди жиберүүнү буйруган. |
| Элчилердин иштери 27:21 | Пабыл кризистин убагында орозо кармап сыйынган. |

## Ыйсанын насыяттары

Ыйса шакирттери менен бирге денеде болбогон учурда орозо кармоону буйруган[31]. Теңир аларга туура орозо кармоону үйрөткөн. Машайак орозо башкалар үчүн көрсөтмө болбошу керектигин көрсөткөн.

> Ошондой эле орозо кармаганыңарда, эки жүздүүлөргө окшоп кабагыңарды салбагыла. Алар өздөрүнүн орозо кармап жатканын адамдарга көрсөтүш үчүн, кабагын бүркөп алышат. Силерге чындыкты айтып коёюн, алар өз сыйлыгын алышты. Ошентип, сен өзүңдүң орозо кармап жатканыңды адамдарга эмес, көрүнбөгөн Атаңа көрсөтүш үчүн, башыңды майлап, бетиңди жуу. Атаң сага тиешелүүнү ачык эле берет[32].


## Тарыхтагы орозонун мисалдары

Алгачкы жыйындагы кээ бир ишенүүчүлөр жылына бир жолу орозо кармоодон сырткары үчүнчү жана бешинчи күн сайын бир тамактан баш тартуу менен орозо кармашкан.  Мартин Лютер, Джон Кальвин, Джон Нокс, Джонатан Эдвардс, Чарльз Финней, Д. Л. Муди – булардын баары көп орозо кармашкан. Джон Уэсли жана алгачкы методисттердин көбү көп орозо кармаганы менен белгилүү болгон. Зор мааниге ээ болгон ар бир ойгонуу да орозо менен сыйынуудан башталган.

► Ороз кармап сыйынуу менен зор натыйжаларга жеткен кимдерди таанысыз?

## Заманбап жыйындын алсыздыгы

Ыйса шакирттери жин кирип кеткен адамды ишенбестиктин айынан айыктыра албаганын айткан. Андан кийин: «Жиндерди сыйынуу жана орозо менен гана кууп чыгарууга болот» деген.[33] Ал сыйынуу менен орозо – ишенимге ээ болуунун жолу экенин, ошол себептен орозо ишенбестикти «айыктыруу» экенин айткысы келген. Ал элчилер кыйынчылык келгенде гана сыйынышы керектигин айтайын деген эмес, Ал кыйынчылык келгенде алар ишенимге толуп турушу үчүн туруктуу орозо кармоо жана сыйынуу алардын жашоосунун бир бөлүгү болушу керектигин айткан.



Ыйсанын сөздөрүнө негизделип биз Жазуудагы көптөгөн үзүндүлөрдөн жана тарыхтагы орозолордун үлгүлөрүнөн биз ээ боло алган баталардын диаграммасын бир нече деңгээлге бөлүнгөн пирамида түрүндө тарта алабыз. Эң төмөнкү деңгээлдеги баталарга сыйынуу аркылуу ээ болгон ишеним менен гана ээ болууга мүмкүн; жогорку

[31] Матай  9:15, Лука 20
[32] Матай  6:16-18
[33] Матай 17:21

деңгээлдеги баталарга сыйынуу жана орозо аркылуу ээ болгон ишеним менен гана жетүүгө мүмкүн.

**Кантип туура орозо кармоо керек?**

- Орозо сырткы иш аракет эле эмес, руханий абалды жаңылоо жана ишенимди бекемдөө болушу үчүн сыйынуу менен орозону бириктириңиз.
- Текебердик менен эмес, Кудайды даңктоо максаты менен сыйыныңыз.
- Сыйынуу менен орозо кармаганда суранычыңыз тууралуу Кудайдын эркин издеңиз.
- Баш ийүүнү орозо менен алмаштырбаңыз.
- Денеңизге зыян келтирбеңиз.

*Класс биргеликте орозо кармап сыйынууну талкуулашы керек.*

**Коопсуз орозо**

Орозону туура кармаса, ал ден соолукка залакасын тийгизбейт. Мындан сырткары туруктуу орозо кармоонун ден соолукка пайдасы көп.

- Орозо убагында суу ичиңиз. Суусуз орозо кармабаңыз.
- Бир күндүк орозодон баштаңыз. Акырындан орозонун убактысын көбөйтүңүз. Жуманын ичинде бир күндүк орозо кармаган күнгө чейин кадимкидей тамактана бериңиз.

Орозого көнбөй калгандар үчүн жүрөк айлануу жана баш айлануу кадимки нерселер. Эгер дени сак адам туруктуу түрдө орозо кармап турса, алгачкы бир нече жолу болгондон кийин мындай көрүнүштөр кайталанбайт. Ооздун ичинде жагымсыз даам жана жыттар, организм токсиндерден тазаланып жаткандыктан болот.

Узак убакытка орозо кармаганда, ыңгайсыз кылган көрүнүштөрдүн көбү бир нече күндөн кийин өтүп кетет. Узак убакытка орозо кармап бүткөндө ширелерди ичип баштап, андан кийин жеңил тамактарга өтүңүз.

**7-сабактын тапшырмалары**

(1) Ар бир студент сыйынуу практикасын өрчүтүү үчүн эмне кыла аларын ойлонуп көрүшү керек. Ал күнүнө сыйынууга канча убакыт бөлө аларын ойлонуп, күн тартибинде сыйынууга убакыт бөлүшү керек. Ошондой эле туруктуу орозо кармоо мүмкүнчүлүгүн караштырыш керек.

(2) Студенттер орозо жөнүндө эки үзүндүнү окуп, алардын ар бири жөнүндө, орозо кармалган шарттарды жана анын натыйжасын түшүндүрүп ой жүгүртүүсүн жазышы керек (көлөмү – 1 бет).

# 8-сабак
# Ыйсанын ыкмасы

## Киришүү

*Матай 19:16-22ни окуңуз.*

► Ыйса бул адамга берген жооптун эмнеси сизди таң калтырат?

► Эгер сиздин досуңуз түбөлүк өмүргө ээ болгусу келген адамга ушундай жооп бергенин уксаңыз досуңузга эменин түшүндүргүңүз келмек?

## Түшүнүксүз белек

Сиздин ден соолугуңуз абдан жакшы, бирок досуңуз белгилүү бир өлүмгө дуушар кылган дары сатып алганын айтканын элестетиңиз. Аны сатып алуу үчүн ал үйүн жана бардык мүлкүн сатып жиберип, сиз үчүн дары сатып алды.[34]

► Сизге ушундай белек кылган досуңузга эмне дейт элеңиз?

Балким ага берешендиги үчүн ыраазычылык келтирмексиз, бирок белектин маанисин түшүнө албайт болчусуз. Эмнеге ал сизге кереги жок нерсеге ушунчалык көп акчасын сарптады?

Эми башка окуяны элестетип көрүңүз. Сиз дарыгерге барып, өлүмгө дуушар кылган ооруга чалдыкканыңызды билдиңиз дейли. Анын дарысы абдан кымбат, сиздин аны сатып алууга дараметиңиз жетпейт. Сиз үйгө бара жатып үй бүлөңүз сизди жоготуп аларын жана пландаган нерселерди ишке ашыра албай каларыңызды түшүнүп, өлүм жөнүндө ойлонуп бара жатасыз.

Анан эле досуңуз келип сизге дары сатып алуу үчүн бардык мүлкүн сатканын айтат. Сиз анын ишин баалайсыз, анткени мындан мурун сиз муктаждыгыңызды түшүндүңүз. Анын белеги – сиз үчүн өмүр.

Эми жакшы кабарды уккан дүйнөдөгү адамдар жөнүндө ойлонуп көрүңүз. *«Инжил»* деген *«сүйүнчү кабарды»* билдирет, бирок көбү анын эмнеси сүйүнчү экенин түшүнө беришпейт.

Акылбек деген адамды элестетиңиз. Досу ага: «Ыйса сенин күнөөлөрүң кечирилиши үчүн курмандык катары айкаш жыгачта өлгөн», – деп айтат.

---

[34] Бул жерде берилген материалдардын көбү Рей Комфорттун «Тозоктун эң жакшы сыры» сабагынан жана ошол эле аталыштагы китебинен алынган. Мындан көбүрөөк материалдар http://www.livingwaters.com. сайтында жеткиликтүү.

Акылбек мындай деп ойлонот: «Мен жаман адам эмесмин. Мен досторум менен үй бүлөмө жакшы мамиле кылам. Менин күнөөлөрүм үчүн мындай чоң курмандыктын эмне кереги бар? Эмне үчүн кечирим ушунчалык чоң мааниге ээ?» Досу аны кечиримге ээ болуу үчүн Ыйсанын өлүмү керек болгон деңгээлде жаман адам деп эсептегендиктен, Акылбек ачууланышы мүмкүн.

Ыйык Китеп айкаш жыгач адамдарды таарынтарын айтат, анткени алар өздөрүн актагысы келет; алар өздөрүнө Ыйсанын курмандыгы кереги жок деген ойдо жана айкаш жыгач алар үчүн акылсыздык (1 Корунттуктарга 1:18).

Дары жөнүндө иллюстрациядан көргөндөй адамдар айкаш жыгачты баалабайт, анткени анын эмнеге керек экенин түшүнүшпөйт.

Аларды жакшы кабарды угууга даярдоонун жолу – адамдарга анын керектигин көрсөтүү: адамдар күнөөкөр экендиги жөнүндө жана соттон кутулуу үчүн Кудайдын кечиримине муктаж экендиги жөнүндө унутпашы керек.

► Эмне үчүн адам жакшы кабарды укканына кубанышы керек?

## Соттун мааниси

Күнөөкөрлөр соттолору жана жазаланары жөнүндө чындык – адам жакшы кабарды укканда сүйүнүшү керек болгонунун эң маанилүү себеби.

«Адам баласы бир ирет өлүп, андан кийин сотко келиши керек» (Эврейлерге 9:27).

«Силерге айтып коёюн, адамдар ар бир куру сөзү үчүн сот күнү жооп беришет» (Матай 12:36).

*Аян китебинде жазылган сот жөнүндө окуңуз 20:12-15.*

Ар бир адамга куткарылуу керек болгунун эң негизги себеби – күнөөкөрлөрдүн үстүнөн келечекте боло турган сот.

Кудай ар бир адамга тобо кылууну буйруйт, «Анткени Ал бир күндү белгилеп койду. Ошол күнү ааламды Өзү алдын ала белгилеп койгон Адам аркылуу адилеттик менен соттойт» (Элчилердин иштери 17:30-31).

Эгер адам күнөөлөр олуттуу кесепеттерге алып келерин түшүнбөсө, анын куткарылууну каалоого эң негизги себеби жок.

► Адам эмне аркылуу күнөөсүнүн олуттуулугун түшүнөт?

## Мыйзамды колдонуу

Көпчүлүк адамдар өздөрүн күнөөлүү сезбегендиктен жакшы кабарга кызыгышпайт. Ыйык Китеп адамдардын көпчүлүгү өздөрүн жакшы деп эсептерин айтат (Накыл Сөздөр 20:6). Эгер кимдир бирөөгө ал өзүн жакшы

адам деп эсептейби деген суроо берсеңиз, ал «ооба» деп жооп берип өзүнүн пикирин далилдеши толук мүмкүн. Көп адамдар күнөөлөрүн өтө деле жаман эмес деп эсептеп актанышат. Мындай адамдарга ырайым менен кечиримди сунуш кылуунун кажети жок.

Адам ырайымга муктаж экенин көрүшү үчүн өзүнүн күнөөкөр экенин сезип, аны абийири соттошу керек. Кудай күнөөнү көрсөтүү үчүн мыйзамды берген.

*«Мыйзам»* деген термин ийбадатканада табынууну багыттаган Байыркы Келишимдин церемониалдык талаптарын билдирбейт. Ошондой эле биз Израилге берилген, бирок бизге так эле ошондой тиешеси болбогон мыйзамдар тууралуу айткан жокпуз. Биз Кудайдын адилдик стандарттары тууралуу айтып жатабыз. Забур 118де Дөөт падыша Кудайды кандай сүйсө мыйзамды да ошондо сүйөөрүн айтат, анткени мыйзам Анын ыйык мүнөзүнөн келип чыгат.

Кудайдын мыйзамы биз кандай жашашыбыз керектигин жана биз Эң жогорку Кудайга баш ийбегенибизге күнөөлүү экенибизди көрсөтөт. Эч ким осуяттарды аткарганы менен актана албайт (Галаттыктарга 2:16, Римдиктерге 3:20), анткени ар бир адам мурун эле күнөө кетирген. Адам мыйзамды аткарууга аракет кылуу менен куткарылууга ээ болом деген ойдо болсо, мыйзамды туура эмес колдонгон болот.

Мыйзам биздин жашоого багыт берет (1 Корунттуктарга 9:21), бирок ал биздин куткарылуунун каражаты эмес; ал бизди куткарылууга алып келе албайт, анткени биз анын талаптарын жеткилең аткаруу жөндөмүнө ээ эмеспиз (Римдиктерге 8:3, Галаттыктарга 3:21).

Мыйзам Кудайдын планындагы жакшы кабарга карама-каршы келбейт. Ыйык Китеп анын белгилүү бир максаты бар экенин айтат: ал аркылуу күнөөкөр өзүнүн куткарылууга муктаж экенин түшүнүшү керек. Жакшы кабар мыйзамды бузган жок (Матай 5:17) жана аны биз үчүн кереги жок кылып койбоду: ал машайакчылыктан мурун эле эмес, азыр да жакшы кабар үчүн жеткилең даярдык көрөт.

«Мыйзам – Машайакка жетелеп келүүчү» (Галаттыктарга 3:24). Кээ бир адамдар мыйзамдын доору бүткөн, ал эми азыр – ырайым доору деп ойлошот, бирок чындык ар бир адам ырайымды түшүнүш үчүн Кудайдын мыйзамы менен кагышып, айыпталганын түшүнүшү керектигинде. Элчи Пабыл мындай деген: «Бирок мыйзам болбогондо, мен күнөө эмне экенин таанып билмек эмесмин» (Римдиктерге 7:7).

Пабыл күнөөкөрлөр өзүнүн күнөөсүн көрүп, айыбын сезип, аны актоого мүмкүн эмес экенин түшүнүш үчүн мыйзам берилгенин айткан, анткени адамдар мыйзам аркылуу күнөөкөр экенин түшүнүшөт (Римдиктерге 3:19-20).

Куткарылуу тапканга чейин, ар бир адам «мыйзам алдында» болгон жана соттолгон.

Жакшы кабар өзүнүн күнөөсүнүн олуттуулугун түшүнбөгөн адамды сүйүнтө турган кабар эмес; ал өзүнүн айыптуу экенин жана жакында Кудайдын сотуна кабыларын билген адамды сүйүнтө турган кабар.

*Лука 18:10-14тү окуңуз.*

► Эгер кимдир бирөө фарисейге ал эркин эле Кудайдын ырайымы менен куткарыла аларын айтса, фарисей эмне деп жооп бермек?

### Жакшы кабарчылардын заманбап катасы

Бүгүнкү күндө көптөгөн жакшы кабарлык жыйындар ар бир адам күнөөкөр жана Кудайдын сотуна татыктуу экенине басым кылганды жактырышпайт.

Алар адамдарга алар жаман экенин айткысы келбейт.

Алар негативдүү нерселер эмес, позитивдүү нерселер тууралуу сүйлөгүсү келет.

> «Кудайга кайрылуу өткөн жашоону толугу менен кесип салууну камтыгандыктан, аны өлүм дешет. Биз Машайак менен бирге айкаш жыгачка керилгенбиз. Анын айкаш жыгачы аркылуу биз кудайсыз дүйнө үчүн өлгөнбүз; биз дүйнөдөгү адамдарга окшобойбуз жана анын стандарттарына баш ийбейбиз» (Бүткүл дүйнөлүк жакшы кабар таратуу боюнча Лозандык Комитет).

Алар адамдарга куткарылуунун түбөлүктүү эмес, заматта ишке ашуучу артыкчылыктарын сунуш кылгысы келет, анткени көңүлдүн борборуна дүйнөлүк нерселерди койгон адамдар менен сүйлөшүүшөт.

Алар Кудайдын мыйзамы – жаман нерсе, куткарылууга душман, ал иштери менен куткарылгысы келген адамдар үчүн гана маанилүү деген ойдо; ал эми Ыйык Китеп мыйзам жакшы жана ыйык экенин айтат (Римдиктерге 7:12-14). Кудайга жагууну каалаган адам жашоосунда Кудайдын көрсөтмөлөрүн аткарып жашайт (Забур 118:1-8).

Алар Кудайдын стандарттарын аткаруу мүмкүн эмес, ошол себептен аны аткарып кереги жок, адамдар күнөөлөрү үчүн айыптуу эмес деп эсептешет.

Эгер адам айыбын сезбесе жана өзү туура эмес иш кылууга барганын мойнуна албаса, ал чындап тобо кыла албайт. Эгер адам өзүнүн күнөөкөр экенин чындап мойнуна албаса, Кудайга сураныч менен кайрылганда, Эң Жогорку Кудайдан өзүнүн жердеги кемчиликтерин кабыл алууну гана суранган болот.

Күнөөкөрлөр төрөлгөндө эле күнөөкөр табияты менен төрөлгөнү үчүн айыпталбайт; алар билип туруп кылган күнөөлөрү үчүн жана Кудайга каршы козголоңу үчүн айыпталган (Жүйүт 15).

Көп адамдар Кудай сүйүүчү жана кечирүүчү экенине ишенишет, бирок Анын адил Сот экенин түшүнүшпөйт. Алар Кудай менен жолукканда тобо кылбаса да кечиримге ээ болоруна ишенишет; алар уккан толук эмес жакшы кабар аларга күнөө кылып коюп, камарабай жашай бергенге жол берет.

Заманбап жакшы кабарчылардын көбү адам машайакчы болсо, бактылуураак жашаарын айтышат. Алар күнөө болгон үчүн адамдын жашоосу толук кандуу болбогонун жана Теңир адамга тынчтык, сүйүү жана кубаныч берерин, Кудайдын ар бир адам үчүн сонун планы бар экенин жана адам куткарылууну кабыл алса ошол план аткарыларын үйрөтүшөт.

Бул убадаларды туура эмес түшүнүп алса болот. Кудай сүйүү жана тынчтык бергени чын, бирок Кудай четке каккан адамдар менен машайакчылардын ортосунда бөлүнүү жана келишпестиктер болот (Матай 10:34-36). Ал кубаныч берет, бирок ошол эле учурда куугунтуктар болушу мүмкүн (1 Тесалоникалыктарга 1:6). Анын ар бир адам үчүн сонун планы бар, бирок машайакчынын жашоосунда оор жагдайлар жана трагедиялар болушу мүмкүн (2 Корунттуктарга 11:24-27). Эгер адам жашоо шартым оңолот деген ойдо машайакчылыкты кабыл алса, көңүлү калышы мүмкүн. Кээ бир адамдар машайакчы болгону үчүн абдан кыйналышат.

Биз татаал кыйынчылыктардын айынан азап тартсак да, Кудай менен жашоо сонун экенине ишенебиз. Ошондой эле биз Кудайга кызмат кылып жашоо – сонун жашоо экенин түшүнөбүз, бирок куткарылбаган адамдардын көбү эмнеге андай экенин түшүнүшпөйт. Эгер аларга эң сонун жашоо тууралуу суроо берсеңиз, алар ден соолук, акча, эркиндик, тынчтык жана башка жакшы нерселер жөнүндө айтышат. Алар кысымга алынган, азап чеккен машайакчы кантип эң сонун жашоо жөнүндө айтып жатканын түшүнө албайт. Ошол себептен күнөөкөргө сенин жашооң сонун болот дегенде, ал сиз эмнени убада кылып жатканыңызды түшүнбөшү мүмкүн.

Жакшы жашоо тууралуу жакшы кабардын дагы бир көйгөйү бар. Адам өзүнүн жазага татыктуу күнөөкөр экенин сезбей туруп жакшы кабарды кабыл алышы мүмкүн. Ал күнөөнүн олуттуулугун көрбөгөндүктөн, чындап тобо кылбайт; Ал күнөөдөн куткарылууну эмес, башка бир пайда издейт жана куткарылган машайакчымын деп ойлойт, бирок андай болбошу да мүмкүн.

Мындай адам куткарылуунун чыныгы артыкчылыктарына ээ боло албайт, анткени ал куткарылган эмес. Ал кыска убакытка машайакчылык өмүр сүрүүгө аракет кылат, бирок кийин көңүлү калып баарын таштап салат.

Туура эмес жакшы кабардын эң жаман натыйжасы – көңүлү калган адам келечекте чыныгы жакшы кабарга жүрөгүн ачышы кыйын.

Натыйжада жакшыраак жашоону убада кылган жакшы кабардын көйгөйлөрү мындай: (1) ал Кудай убада кылбаганды убада кылат; (2) ал күнөөкөр тарабынан туура эмес кабыл алынат жана күнөөкөр аны туура эмес түшүнөт; (3) адам чыныгы тобо кылууга ээ боло албайт; (4) адам өзү күткөн артыкчылыктарга ээ боло албайт; (5) ал келечекте чыныгы жакшы кабарга жүрөгүн ачпай коюушу мүмкүн.

*Элчилердин иштери 14:21-23тү окуңуз.*

► Элчилер жаңы ишенүүчүлөрдү эмне күтүп турганын айткан?

Ыйса адамдар Анын шакирттерин Ага ишенгени үчүн жек көрөрүн эскерткен, ошондой эле акырына чейин чыдагандар куткарыларын айткан. Жакшы кабарлардын авторлорунун үчөө бул сөздөрдү жазышкан (Матай 10:22, Марк 13:13, Лука 21:17); Элчилердин көпчүлүгү Машайак үчүн өлүшкөн.

Миллиондогон машайакчылар өзүнүн ишеними үчүн өмүрүн беришкен. Мындай окуялар алгачкы жыйындын убагында гана болгон эмес, азап чегип өлгөндөрдүн көбү 20-кылымда өлтүрүлгөн.

Эгер адам Машайакка оңой жашоо убадаланган үчүн эмес, куткарылуу үчүн келсе, кыйынчылыктар келгенде, баарын таштап салбайт жана түбөлүк куткарылуу үчүн кыйынчылыктардан өтүүгө даяр болот. Мындан сырткары кыйынчылыктар куткарылууну ого бетер баалуу кылат.

► Эмне үчүн машайакчылар куугунтукталат?

### Сүйүү көрсөтүү

*2 Тиметейге 2:24-26 ны окуңуз. Бул аяттар жакшы кабарчынын жүрүм-туруму тууралуу эмне дейт?*

Жакшы кабарчы өзү жакшы кабар айткан адамдар менен салгылашпашы керек. Шайтан – душман, ал эми күнөөкөрлөр – туткундар. Биз чындыкты жумшак түшүндүрүшүбүз керек. Биздин максат талаш-тартышта жеңүү эмес, адамдарга жардам берүү. Ошол себептен биздин жүрүм-турумубуз кичи-пейил, момун жана адептүү болушу керек.

*Титке 3:2-5 ти окуңуз. Бул үзүндү жакшы кабарчынын жүрүм-туруму тууралуу эмне дейт?*

Кудайдын ырайымы болбосо биз дүйнөдөгү адамдардан эч нерсебиз менен айырмаланбайт болчубуз. Кудай бизге сот менен эмес, боорукердик жана сүйүү менен келген.

Жакшы кабарчы күнөөкөргө ачууланбашы керек; кеп күнөө менен шайтанда. Ал катаал болбошу керек, ошондой эле адамдык кемчиликтер көрүнгөндө

кубанышы керек; аны бир гана нерсе – адамдардын куткарылуусу тынчсыздандырышы керек.

Биз Кудай убада бербеген нерселерди убадалап күнөөкөргө сүйүү көргөзбөйбүз; ошондой эле адамдарга алардын жашоосундагы көйгөйлөр түбөлүк тагдырына караганда маанилүү дегенде аларга чындап боорубуз оорубайт.

Ыйса Машайак катаал болбойт жана ансыз да күнөөдөн жабыркаган адамды «биротоло тебелебейт» деген пайгамбарлыкты аткарган (Матай 12:19-20).

*Жакшы кабар тараткан учурда кантип Кудайдын сүйүүсүн көргөзсөк болот?*

## Ыйык Китеп боюнча жакшы кабар таратуу

Ыйык Китеп боюнча жакшы кабар таратуу – адамдарды жакшы кабарды кабыл алууга даярдоо үчүн Кудайдын мыйзамын колдонуу. Мыйзам күнөөкөрлөрдү ашкерелейт жана алар кечиримге ээ болбосо кандай сотко кабыларын көрсөтөт.

Жакан Чөмүлдүрүүчү адамдар Теңирдин келишине даярданып соттон кутулуу үчүн тобо кылышы керектигин айткан (Матай 3:1-12).

Ыйса сот жана тозок тууралуу көп жолу насаат айткан. Ал күнөөлөрү үчүн өкүнгөндөргө ырайым сунуш кылган.

*Лука 7:36-50.*

► Кандай адамга кечирим сунуш кылынат?

Биз Ыйса кызмат кылганда күнөөлөрүнө өкүнбөгөн адамдарга кечирим сунуш кылганын көрбөйбүз. Ал сот тууралуу эскерткен; көп адамдар өлгөн кырсыктан кийин Ыйса адамдар тобо кылбаса бардыгы өлүп жок болорун айткан (Лука 13:1-5).

Ыйса карама-каршы сыйынуулар менен сыйынган салык жыйноочу жана фарисей тууралуу окуяны айтып берген. Салыкчы өкүнгөн жана кечиримге ээ болгон, фарисей болсо өзүн актоого аракет кылган: ага кечирим сунуштоонун мааниси жок болчу, анткени ал кечирилүүгө муктажмын деген ойдон алыс болгон.

Элчи Петир түбөлүк өмүр убадасы жөнүндө айткан жана адамдарды тобо кылууга жана кечримди кабыл алууга чакырган (Элчилердин иштери 2:38, 3:19, 5:31).

Степан жүйүт башчыларына Кудайдын сөзүн айткан; Степан аларга ырайымды сунуш кылган эмес, ал аларды Кудайга каршылык көрсөткөнү үчүн жана мыйзамды бузган үчүн ашкерелеген (Элчилердин иштери 7:51-53).

Пабыл адамдар тобо кылуусу керектигин айткан, анткени Кудай күнөөнү актабайт (Элчилердин иштери 17:30-31).

Машайакчы бекемделген сайын анын жашоосуна кубаныч менен баталар жөнүндө айтуу туура, бирок Ыйык Китепте жакшы кабар негизги ыкмасы күнөөнүн соттолушу , тобо кылуу үчүн жакшы кабар айтуу жана соттон куткарууну тартуулоо болгон.

*2 Корунттуктарга 5:11ди окуңуз.*

► Элчи адамдарды ынандыруу үчүн эмнени колдонгон?

*Элчилердин иштери 24:25ти окуңуз.*

► Пабыл Феликс менен эмне тууралуу сүйлөшкөн? Бул ага кандай таасир тийгизди?

## Ыйык Китеп боюнча жакшы кабар таратуунун үлгүсү

Тилек жыйынга чакыруу таратып жатып Айбекке жолугуп калды.

Айбек: Мага жыйындын кереги жок.

Тилек: Ыйык Китеп ар бир адам Кудайдын алдына келип күнөөлөрү үчүн соттолорун айтат. Кандай дейсиң, Кудай сени кандай болсоң ошол бойдон кабыл алабы?

Айбек: Ооба, кабыл алат деп ойлойм.

Тилек: Сен жакшы адамсыңбы?

Айбек: Ошондой деп ойлойм.

Тилек: Балким сен башка адамдарга салыштырмалуу жакшы адамсың. Балким үй-бүлөң жана досторуң менен жакшы мамиле курасың. Бирок сен Кудайдын стандарттары жөнүндө билесиңби? Ыйык Китеп Кудай туура жана туура эмес иштерди соттоорун айтат. Мисалы, Анын эрежелеринин кээ бирлери Он осуят деп аталат. Сен он осуятты билесиңби?

Айбек: Алардын кээ бирин билем.

Тилек: Мисалы, осуяттардын бири: «Жакыныңа жалаа жаппа» деген осуят. Сен өмүрүңдө калп айтып көрдүң беле?

Айбек: Албетте, кез-кезде баары эле калп айтат да.

Тилек: Бирок калп айтуу деген Кудайдын осуятын бузуу. Осуяттардын дагы бири – уурдаба деген осуят. Сен уурдап көрдүң беле?

Айбек: Кичинекей эле нерселерди уурдап көргөм, мен уурдаган буюмдардын ээлери зыян тарткан эмес.

Тилек: Бирок Кудай бизге уурдоого болобу же жокпу деген тандоо берген эмес. Ал уурдаба деген осуят берген. Осуяттардын дагы бири Кудайдын ысымын курулай атоого, аны сый-урматсыз айтууга жана жаман сөздөрдү колдонууга тыюу салат.

(*Сүйлөшүүдө каалаган осуятты колдонсо болот, бирок бир учурда баарын колдонуунун кереги жок. Төмөндө мисалдар берилген*.)

- Кудай бизге ойноштук кылбоо керектигин айтат, ал эми Ыйса – жада калса жүрөктө да аялды каалоо туура эмес экенин айтат.
- Кудай өлтүрбөө керектигин айткан, ал эми Ыйса – бирөөнү жек көргөн адам, жек көрүүсү менен эле жүрөгүндө бирөөнү өлтүргөнүн айткан.
- Кудай Өзүнүн күнүн ыйык сактоону буйурат. Сен Теңирдин күнүн жума сайын ыйык сактайсыңбы?
- Кудай бизге көз артпа деген; башкаларда болгон нерсени каалап, бизди Кудай эмес, буюмдар бактылуу кылат деп ойлобош керек.
- Кудай бизге башка кудайларга табынбаш керектигин, кайсы бир нерсени Эң Жогорку Кудайдан маанилүү эсептебеш керектигин айтат. Демек бул дүйнөдөгү эч нерсе бизге Кудай татыктуу болгондой Ага баш ийүүгө жана табынууга тоскоолдук кылбашы керек.

*(Кудайдын стандарды боюнча күнөөнү жана айыпты ачыкка чыгарган осуяттардын бир нечеси келтирилгенден кийин, биз жыйынтыктайбыз).*

Тилек: Кудай сени бүгүн соттосо, сен Эң Жогорку Кудайдын стандарттарын эске алганда текшерүүдөн өтпөй, айыптуу деп табылмаксың. Сен кечиримге ээ болуунун жана Кудайдын сотунан кутулуунун жолун билгиң келеби?

*(Андан кийин жакшы кабарчы жакшы кабар менен бөлүшүп, күнөөкөрдү сыйынууга чакырса болот.)*

*Эки студент, алардын бири он осуятты колдонуп, жакшы кабарды тартуулаган сүйлөшүү түзүп, аны тобуна көрсөтүшү керек. Топто жалпы талкуу өткөрүп, андан кийин студенттер эки-экиден бөлүнүп иш жүзүндө ушундай сүйлөшүү өткөрсө болот.*

► Жакшы кабарды ийгиликтүү тартуулаганыбызды кантип билсек болот?

Эгер адам жакшы кабарды тартуулагандан кийин куткарылууга ээ болсо, демек ал ийгиликтүү болду. Бирок иш чара ийгиликтүү аяктаганын мындан башка жол менен да бааласа болот. Угуучунун жүрөгү чындыкка жооп бериши үчүн Кудай

адамдын ичинде иштейт. Эгер сиз жакшы кабарды угуучу аны түшүнө алгыдай тартууласаңыз, анын жыйынтыгын эч качан көрбөсөңүз да, маанилүү ишти аткардыңыз. Эгер адам сиз ал үчүн тынчсызданганыңызды жана ага жардам бергиңиз келгенин сезсе, бул да жакшы; адам ачууланып, өзгөчө чындыкка ачууланып сизди шылдыңдаса да, бул сиздин ишиңиз ийгиликсиз болгонун билдирбейт. Жакшы кабар таратуу – Кудайга урмат көрсөтүүнү билдирет. Сиз адамдарга жакшы кабар таратканда, абдан маанилү иште ийгиликке жетип жаткан болосуз.

## 8-сабактын тапшырмалары

Бул сабактагы Тилек сыяктуу жок дегенде үч адамга жакшы кабар айтыңыз. Ар бир сүйлөшүүнү сүрөттөп жатып, кыскача ой жүгүртүү жазыңыз. Кийинки сабакта бул жөнүндө айтып берүүгө даяр болуңуз.

## Окутуучу үчүн эскертүү

*Бул жакшы кабарды таасирдүү тартуулоо ыкмасы. Студенттер аны үйрөнүп алганы маанилүү. Кийинки сабакта студенттер бул ыкманы колдонуунун жардамы менен жакшы кабар таратууга аракет кылганда башынан өткөн нерселерди айтып берүүгө убакыт бөлүңүз. Балким сабакты ушул нерсеге арнап өткөрүп, кийинки сабакка чейин жаңы материалды баштабай туруу туура болот.*

# 9-сабак
# Жакшы кабарды тартуулоо «Көпүрө»

## Окутуучу үчүн эскертүү

*Бул сабактын башында студенттер мындан мурунку сабакта үйрөнгөн жакшы кабарды тартуулоо ыкмасын колдонгондо башынан өткөн нерселерди айтып бериши керек. Окуп жаткандар бири-бирин колдоп, кеңештерди бериши керектигин унутпаңыз. Жакшы кабарды бөлүшкөн иштин натыйжасы оңунан чыкпаса да, ар бир студент маанилүү ишти аткарды.*

*Бул сабакка даярдануунун убагында окутуучу класска диаграмманы көрсөтүү үчүн такта же чоң барак кагазды даярдап коюшу керек.*

## Киришүү

«Силер менен биздин ортобузда мамиле болуш үчүн, биз силерге укканыбызды жана көргөнүбүздү жарыялап жатабыз. Ал эми биздин мамиле – Ата жана Анын Уулу Ыйса Машайак менен болгон мамиле» (1 Жакан 1:3).

► Элчилер жакшы кабарды кандай себеп менен таратуу керектигин айткан?

Биз Кудай менен жолугушуу жана Аны менен мамилелешүү деген кандай экенин сездик. Ошондой эле Эң Жогорку Кудай менен мамиле курган адамдар менен да өзгөчө мамилебиз да бар. Биз жакшы кабар таратканда, Кудай менен жана Аны тааныган Анын балдары менен болгон мамилебизге башкаларды кошулууга чакырабыз.

## Жакшы кабарды тартуулоо

Жакшы кабарды тартуулоонун бул түрү анын маңызын көрсөтөт жана жакшы эсте калат. Жакшы кабарды айтып берүү үчүн колдонулган сүрөт, аны көргөн адамдардын эсинде калат. Аны эки мүнөттүн ичинде айтып бүтсө болот же угучуу кызыкса талкуулоо жана түшүндүрүүнү кошуп кененирээк убакытта айтып берсе болот.

Бул сүрөттү тартуу үчүн сөзсүз түрдө сүрөтчү болуунун кереги жок. Бул сүрөт абдан жөнөкөй, ошол себептен угуучу аны жакшы эстеп калат.

Азыр биз сүрөттүн ар бир кадамын түшүндүрмөсү менен карап чыгабыз.

## Класста практика кылуу

*Студенттер сүрөттү кандай колдонуу керектигин үйрөнүү үчүн окутуучу аны колдонуунун жолун көрсөтүп бериши керек. Студенттер аны жакшы эстеп калышы үчүн ал кыска болушу керек. Окуучулар иллюстрация боюнча түшүндүрмөлөрдү угуп жатканда, жазып алуунун кереги жок.*

*Сүрөттү кайталап түшүндүрүүдө студенттер иллюстрацияны түшүндүрүүнүн ар бир кадамын тартышы керек, ал эми окутуучу аны студенттер көргүдөй кылып тактага же чоң барак кагазга тартып турат. Окутуучу кошумча түшүндүрмөлөрдү кылбай эле койсо болот: студенттер аны оңой эстеп калышы үчүн ал кыска болушу керек. Экинчи жолу көрсөткөндөн кийин, кийинки бөлүктөгү маалыматтарга өтүп, андан кийин сүрөттү иш жүзүндө түшүндүрүүгө өтсө болот.*

Сүрөттү көрсөтүп жатканда айта турган сөздөр, сиз улам кошкон сүрөттүн бөлүгүнүн жанына жазылган.

## Сүрөттүн ар бир бөлүгүн тарткан сайын эмне деп айтуу керек


1-бөлүк

«Кудай адамды Өзү менен мамилелешүү үчүн, ошондой эле баталуу жана толук кандуу жашоо үчүн жараткан; Теңир көйгөйлөргө жана азапка толгон жашоону пландаган эмес».



2-бөлүк


«Адамзаты күнөөнүн айынан Кудайдан бөлүнүп калган. Биринчи адамдар күнөө кетирген, ошондон бери ар бир адам Кудайга каршы күнөө кылып жатат».




3-бөлүк

«Кудай адилеттүү Сот, ырайымга ээ болуп Кудай менен мамилеге кайрылып келбесе, бир күнү күнөөкөрлөр соттолуп тозокто түбөлүк азап чегишет»


*[стрелка тартып «тозок» деп жазыңыз].*



4-бөлүк

«Биз кылган бир дагы нерсе – жакшы иштер да, жыйынга барып туруу да, диний жөрөлгөлөр да, курмандыктар да, бизди Кудайга кайрып келе албайт же Анын ырайымына ээ кыла албайт. …»


*[Тизмеден бир нерсени айткан сайын ылдый караган стрелка тартыңыз].*




5-бөлүк

«Кудай Өзүнө кайтып келүүгө жол даярдабаса, биздин абал үмүтсүз болмок. Ыйса – Кудайдын Уулу – биз кечиримге ээ болушубуз үчүн айкаш жыгачта курмандык катары өлгөн. Үчүнчү күнү Ал өлгөндөрдүн арасынан тирилген».


*[Айкаш жыгачты тартыңыз].*



6-бөлүк

«Буларды гана билүү жетишсиз болот. Ар бир адам жеке өзү куткарылуу алууга чечим чыгарып, Кудайга кайрылып келиши керек. Ал тобо кылышы керек. Бул күнөөлөрү үчүн ушунчалык өкүнкөндүктөн аларды токтотууга даяр болууну билдирет. Тобо кылган адам Кудайга сыйынууда кайрылып кечиримге ээ боло алат».

*[Стрелкаларды тартып, «тобо кылуу» жана «кабыл алуу» деген сөздөрдү жазыңыз].*




7-бөлүк

«Сиз өзүңүздү бул диаграмманын кайсы жерине коёт элеңиз? Жашооңузда күнөөлөрүңүз үчүн тобо кылып, кечиримге ээ болуп, Кудай үчүн жашап баштаган учур болду беле же күнөө дагы деле сизди Эң Жогорку Кудайдан бөлүп турабы?

*[Ал сизге жооп бергиче күтө туруңуз. Көпчүлүк адамдар дагы деле Кудайдан бөлүнгөнүн мойнуна алышат].*

«Сиз – тобо кылып, кечиримге ээ болуп жана Кудай үчүн жашап ушул кадамды кылууга даярсызбы? Ошондой болсо мен азыр сиз менен чогуу сыйынууга даярмын».

*Төмөндө берилген сыйынуу менен сыйыныңыз:*

«Теңир, мен күнөөкөр экенимди жана түбөлүк жазага татыктуу экенимди билем. Мен күнөөлөрүм үчүн тобо кылам жана аларды токтотууга даярмын. Мен кечиримге татыктуу болгонум үчүн эмес, Ыйса мен үчүн өлгөндүктөн мени кечирчи. Мен үчүн айкаш жыгачта кылган иштериң үчүн рахмат. Ушул убакыттан баштап мен Сен үчүн жашагым келет».

*Окутуучу иллюстрацияны көрсөтүп бергенден кийин, класстагылар анын ар бир бөлүгүнө тиешелүү түшүндүрмөлөр менен таанышып чыгышы керек.*

## Сүрөттү түшүндүрүү

1-бөлүк

Сөздүн башын угуучуга жараша ыңгайлаштырып баштаса болот. «Көйгөйлөргө жана азаптарга толгон жашоо» деген сөздүн ордуна жакшы кабарчы угуп жаткан адамдын жашоо тажырыйбасына туура келген нерселерди айтса болот.

2-бөлүк

Угуучу жеке өзү күнөө кылганына айыптуу экенин жана Кудайдан бөлүнгөнүн түшүнүшү керек: ал Адамдын күнөөсүнүн айынан гана ушул абалга туш болгон жок.

3-бөлүк

Ушул бөлүк күнөөкөрдүн эң олуттуу абалынын аспектисин көрсөтөт.

4-бөлүк

Бул бөлүктүн максаты – куткарбай турган нерселерге таянып кереги жок экенин түшүндүрүү. Бул бөлүктү угуучу адамдын муктаждыктарына ыңгайлаштырса болот: жакшы кабарчы угуучу ушул суроодо таянган нерсени атаса болот.

5-бөлүк

Кун төлөп куткарууну түшүндүрүп берүүнүн эң жөнөкөй жолу – биз кечиримге ээ болушубуз үчүн Ыйса курмандык катары айкаш жыгачта өлгөнүн түшүндүрүп берүү. Бул бөлүктүн максаты – угуучуга Кудай камсыз кылган куткарылууга таянуу керектигин түшүнүүгө жардам берүү.

6-бөлүк

Жакшы кабарчы адамды чечим чыгарууга алып келүүгө аракет кылат. Адам Өзүнүн тандоосун өз алдынча кылышы керектигин – ошол эле учурда тобо кылуу деген жөн эле күнөө кылып жүргөнүнө өкүнүү эмес экенин түшүнүшү керек. Ал сыйынып Кудайдан кечрим сурашы керек экенин билүүсү зарыл.

7-бөлүк

Бул учурда жакшы кабарчы угуучу куткарылууга муктаж экенин түшүнүүсүнө алып келүүгө аракет кылат. Бул ыкма ишенбеген адам өзүнүн куткарылбаган адам экенин түшүнүүсү үчүн жасалган. Суроо кылдаттык менен түзүлүшү керек. Көп адамдар күнөөдө жашоону улантып жатып күндө кечирим сурап туруу керек деп ойлошот. Бул адам куткарылууга ээ болуп, жаңы жашоо баштаган өзгөчө убакытка тиешелүү. Ал Кудайга кайрылбаса, күнөөсүнүн

айынан дагы деле Кудайдан бөлүнүп турганын түшүнүшү керек. Андан кийин куткарылуу тууралуу сыйынууну сунуш кылуу керек.

Угуучу өзүнүн муктаждыгын түшүнбөсө же тобо кылууга даяр эмес болсо, жакшы кабарчы ага сыйынууга түрткү бербеши керек. Эгер адам чындап өкүнүп жана Кудайга кайрылып сыйынбаса, ал куткарылдым деген жаңылыш ойго ишенип алышы мүмкүн же мындан кийин Кудайга кайрыла албайм деген ойдо калышы мүмкүн. Кандай болгон күндө да, мындай кылуу анын кийин куткарылып калуу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

Бул иллюстрацияны кыска убакытта түшүндүрсө болот. Эгер жакшы кабар менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгү пайда болсо, мындай деп сурасаңыз болот: «Ыйык Китеп сиз куткарылууга ээ болгонуңузду так билүү үчүн эки мүнөт убактыңызды алып, ушуну сүрөт менен түшүндүрүп берсем болобу?» – деп сурасаңыз болот. Эгер ал кызыгып бул жөнүндө билгиси келсе, сүйлөшүү узагыраак болушу мүмкүн.

Адамдар көбүнчө сүрөткө кызыгат; адатта жакшы кабарчы аңгемесин айтып бүткөндөн кийин адам аны жайына коюуну суранат.

## Класста практика кылуу

*Ушундан кийин окутуучу бул иллюстрацияны дагы бир нече жолу көрсөтүшү керек. Эстеп калууга оңой болушу үчүн ашыкча сөздөрдүн же түшүндүрмөлөрдүн кереги жок. Окутуучу көрсөтүп бергенден кийин, тагыраак эстеп калуу үчүн бир нече студент кезектешип бул иллюстрацияны топко көрсөтсө болот. Андан кийин топтун катышуучулары эки-экиден бөлүнүп бул ыкманы бири-бири менен иш-жүзүндө кылып көрсө болот.*

## 9-сабактын тапшырмалары

(1) Бул иллюстрацияны колдонуп жок дегенде үч ишенбеген адамга жакшы кабар айтып бериңиз. Башыңыздан өткөн ар бир тажрыйбаны сүрөттөп кыскача ой жүгүртүү жазыңыз жана кийинки сабакта ал жөнүндө айтып берүүгө даяр болуңуз.

(2) Кийинки сабакка даярданып жатып Римдиктерге жазылган каттын 1-3, 5 жана 10 бөлүмдөрүн окуп, ой жүгүртүңүз.

# 10-сабак
# Рим жолу

## Окутуучу үчүн эскертүү

*Студенттер жакшы кабар таратууда «көпүрө» иллюстрациясын колдонгон тажрыйбасы жөнүндө отчет бериши керек.*

*Бул сабакка даярданып жатып студенттер Римдиктерге жазылган каттын 1-3, 5 жана 10 бөлүмдөрүн окушу керек.*

## Римдиктерге китебине киришүү

Пабыл Римге жакшы кабар таратуу үчүн (1:15), ишенүүчүлөрдү бекемдөө үчүн (1:11-12) жана Испанияга миссионерлик кызматка Рим жыйынынын колдоосуна ээ болуу үчүн барганы жаткан (15:24).

Римдиктерге жазылган каттын максаты – римдик ишенүүчүлөргө Пабылды жана анын куткарылуу теологиясын тартуулоо. Бул кат бүт дүйнө жүзүндө миссионерлик иш үчүн негиз салып берет.

Пабыл Римдеги жыйынды, батыштагы Римдин баарынан эски колониясы жана дүйнөнүн ошол бөлүгүндөгү Рим цивилизациясынын борбору болгон Испанияга миссионерлерди жиберүү үчүн база катары колдонууну пландаган.

Пабыл Римге пландаганындай бара албай калган. Пабылды Иерусалимде камакка алышкан. Ал адилеттүүлүк менен соттолбоорун түшүнгөндө Цезарга (падышага) кайрылган. Ал кеменин кыйроосу менен коштолгон саякатында туткун катары Римге б.з. 60-жж. келген. Ошого карабастан ал адамдарды эркин кабыл ала алган жана анын кызматы бүт шаарга тараган (Элчилердин иштери 28:30-31). Пабыл: «...жагдайлар Жакшы Кабар таратылышы үчүн жакшы шарт түзүп бергенин билишиңерди каалайм» деген (Филп. 1:12): Цезардын үйүндө да Кудайга кайрылган адамдар болгон. Пабыл ал жерден  эки жылдан кийин бошотулган. Ал Испанияга сапарга чыкканбы же жокпу белгисиз.

Пабылдын миссионерлик саякатка жардам сураганына жооп катары өзүнөн өзү бир нече суроо пайда болот. Кимдир бирөө: «Эмне үчүн мен барышым керек?» деген суроо бериши мүмкүн, ошол себептен Пабыл бул катты өзүнүн жакшы кабарга арналуусунан баштайт (1:1), ал эми кийинчерээк бутпарастардын элчиси катары өзүнүн өзгөчө чакырыгын жана ийгилигин түшүндүрөт (15:15-20).

Дагы бир суроо пайда болушу мүмкүн: «Эмнеге баары жакшы кабар угушу керек? Балким аны бардык жерде таратуунун зарылчылыгы жок?» Пабыл бүт

дүйнө жүзүндөгү адамзаты үчүн жакшы кабардын күчүн (1:14,16, 10:12) жана миссионерлик иштин шашылыштыгын түшүндүргөн (10:14-15). Ал бул кабар жер жүзүндөгү бардык адамдарга тиешелүү экенин жана ар бир адам аны сөзсүз түрдө угушу керектигин көрсөткөн.

### Римдиктерге китеби жазылгандан баштап бүгүнкү күнгө чейин

Бул кат дагы деле өзүнүн баштапкы максатын – миссионерлик иш үчүн негиз болууну аткарып жатат, бирок ал андан да кеңири суроолорго жооп берет. Пабыл эмне үчүн ар бир адам жакшы кабар угушу керектиги жөнүндө өзүнүн пикирин билдиргенде, анын маңызын жана эмне үчүн адамдар ушул жол менен гана куткарыларын түшүндүрүп берген. Элчи эң кеңири таралган каршылыктарга жооп берген. Китептин көпчүлүк бөлүгүн ал өзү тараткан кабарды түшүндүрүү жана коргоо ээлейт жана анын түзүлүшү ушундан көз каранды.

Биз Римдиктерге катынан куткарылуу теологиясын түшүндүрүүнү көрө алабыз. Ал катта жүйөөлөрү менен келтирилип, ошол учурда иудаисттерден жакшы коргогон, азыр болсо сотериологиядагы (куткаруу доктринасы) заманбап каталарды оңдоо үчүн кызмат кылат.

Уильям Тиндал Римдиктерге катынын түшүндүрмөсүнө киришүүдө: «Пабыл бул катында Ыйса Машайактын жакшы кабарынын окутуусун толугу менен түшүндүрүүгө жана Байыркы Келишимди толук түшүнүүгө даярдоого көңүл бурган»[35].

Тарыхтын бардык убакыттарында Кудай Римдиктерге катын унутулуп калган эң маанилүү чындыктарды калыбына келтирүү үчүн колдонгон.

386-ж. Августин Римдиктерге 13:13-14тү окугандан кийин күнөөкөр жашоодон баш тартууну чечкен.

1515-ж. Мартин Лютер Римдиктерге 1:17нин маанисин түшүнгөн. Ал куткаруучу ишенимге ээ болгон ар бир адам Кудайдын сотунан кутуларын көргөн. Бул түшүнүк ал көптөн бери издеп жүргөн куткарылганына толук ишенүү үчүн күчтүү негиз болгон жана анын куткарылууга ишеним менен гана жетсе болот деген кабарынын пайдубалы болуп калган.

1738-ж. Джон Уэсли көп жылдан бери издеген куткарылганына толук ишенимге ээ болгон. Бул окуя библиялык машайакчылыкты жолдоо тууралуу изилдөө үчүн туруктуу чогулуп жүргөн жаштар менен жолугушууда болгон. Алардын бири Лютердин Римдиктерге түшүндүрмөсүнө киришүүсүн окуп жатканда, Уэсли «жүрөгүндө таң калычтуу жылуулукту» сезген. «Мен куткарылуумду Машайакка жана Ага гана тапшырганымды сездим, ошондой эле ал *менин*

[35] *Уильям Тиндал*. «Римдиктерге киришүү», Англисче Жаңы Келишим, 1534

(*жада калса менин*) күнөөлөрүмдү алып кеткенине жана мени күнөө менен өлүмдүн мыйзамынан куткарганына толук ишендим»[36].

Кудайдын бул үч эр азаматы үчүн тең Римдиктерге катынын кабарын түшүнүү кызганчаактык менен жакшы кабар таратууга түрткү болгон. Римдиктерге каты миссионерликке негиз болуп, куткарылуу теологиясын түшүндүрүп бүгүнкү күндө да өзүнүн максатына жетүүдө.

***Римдиктерге китеби толугу менен – 1:16-18деги билдирүүлөрдү түшүндүрүү.***

1-14кө чейинки аяттар 15-аяттагы Пабыл: «Мен жакшы кабар айтууга даярмын» деген билдирүүгө алып келет. 16-18-аяттар жакшы кабар деген эмне экенин жана ал эмнеге керек экенин кыскача түшүндүрөт. Жакшы кабар – күнөөкөрлөр ишениминин негизинде актала алары жөнүндөгү кабар; ошол себептен жакшы кабар ар бир адамга керек – анткени бардыгы Кудайдын каарына калган.

> «Каттын негизги максаты – «ишенген адам куткарылат, ал эми ишенбеген адам соттолот» деген Кудайдын түбөлүктүү, өзгөрбөс максатын же жарыясын жеткирүү.
> (Джон Уэсли).

**Римдиктерге китебинин негизги максатын билдирүүнүн дагы бир жолу – бул Кудайдын көрсөтмөсүнө негизделген жакшы кабардын түшүндүрмөсү экенин көрсөтүү: ишенип калган ар бир адам куткарылат, ал эми ишенбеген адам – айыпталган*.***

Римдиктерге китебинин кульминациясы – 10:13-15, бул үзүндүдө Пабыл кабарчылар эмне үчүн шашылыш түрдө жакшы кабар таратышы керектигин айтат: адамдар ишенип калып куткарылат, бирок укпай туруп ишенип кала албайт.

**Римдиктерге боюнча жакшы кабарды тартуулоо**

Жакшы кабарды Римдиктерге китебиндеги аятка эле таянып, түшүндүрүп берсе болот; жакшы кабарды ушундай жол менен тартуулоону «Рим жолу» деп аташат.

Ар бир шилтеме тиешелүү түшүндүрмөнүн биринчи сүйлөмүн эстеп калуу үчүн эң маанилүү.

[36] *Джон Уэсли*. Джон Уэслинин эмгектери. (Kansas City: Nazarene Publishing House, n.d.), 103

**Римдиктерге 3:23**

«Себеби бардыгы күнөө кетирип, Кудай ээ кыла турган даңктан айрылып калышкан».

**Ар бир адам туура эмес иш аракеттерди кылып жатканын түшүнүп туруп күнөө кетирген.** Бул аяттар адамдардын чыныгы көйгөйүн ачып көрсөтөт: алар Кудайды угушкан жок, билип туруп тил албастыкты тандады, эми Эң Жогорку Кудай эч кимди туура иштери дайыма кылгандыгы үчүн кабыл ала албайт.

Бул жободогу негизги ойду андан ары түшүндүрүү үчүн 3:10ду колдонсоңуз болот («Бир да адил адам жок») жана 5:12 («Ошентип, өлүм бардык адамдарга өттү. Себеби бардыгы күнөө кетиришти».)

**Римдиктерге 6:23**

«Анткени күнөө үчүн жаза – өлүм, ал эми Кудайдын белеги – Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу бериле турган түбөлүк өмүр».

**Күнөөкөрлөр түбөлүк өлүмгө татыктуу, бирок Кудай аларга Ыйса аркылуу түбөлүк өмүрдү белек катары сунуш кылат**.

Бул аят бизге күнөө канчалык олуттуу экенин көрсөтөт. Күнөө, жаза жана өлүм ар бир адамга өткөн: күнөөкөр Кудайдын сотуна туш болот жана түбөлүк өлүмгө татыктуу.

Биз татыктуу болгон өлүмгө карама-каршы, Кудай өмүр белегин сунуш кылат: биз аны эч качан талап кыла алмак эмеспиз жана ага эч качан татыктуу боло алмак эмеспиз.

**Римдиктерге 5:8**

«Машайак болсо биз күнөөкөр кезде биз үчүн өлдү. Бул аркылуу Кудай Өзүнүн бизге болгон сүйүүсүн далилдеди».

**Кудайдын белеги биз үчүн Машайактын өлүмү аркылуу камсыз болду**.

Кудай бизди сүйгөндүктөн, биз татыктуу болсок да, биздин соттолуубузга жол берген жок: Ал бизге куткарылуу жолун жана ырайымга ээ болууну камсыз кылды. Биз кечиримге ээ болушубуз үчүн Ыйса курмандык катары өлдү. Кудай биз бир нерсе кылып куткарылууга татыктуу болорубузду күткөн эмес; биз кечиримге ээ болушубуз үчүн Ыйса «биз күнөөкөр кезде» эле биз үчүн

курмандык катары өлгөн; куткарылуу жакшы адамдарга эмес, күнөөкөрлөргө сунуш кылынат.

**Римдиктерге 10:9**

«Эгер сен… оозуң менен ачык таанысаң, …ишенсең, …анда куткарыласың».

**Күнөөкөрдүн куткарылуусу үчүн жалгыз талап – күнөөкөр экенин мойнуна алуу жана Кудайдын кечирем деген убадасына ишенүү**.

Тобо кылуу тууралуу эмне десе болот? Адам туура эмес кылганын мойнуна алып, кечирилүүнү кааласа, демек ал күнөөлөрүн таштоого даяр.

**Римдиктерге 10:13**

«Анткени Теңирдин ысымын чакырган ар бир адам куткарылат».

**Куткарылуу бирөөнү да калтырбастан ар бир адамга сунуш кылынат**: башка кошумча шарттар жок.

**Римдиктерге 5:1**

«Ошентип, биз ишеним аркылуу акталып, Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен тынчтыкка ээбиз».

**Кудайдын убадасына ишенүү бизди Кудайдын достору кылат; биз мындан ары айыптуу деп эсептелбейбиз.**

Кудай менен тынчтыкта болуу, биз мындан ары анын душманы болбой калганыбызды билдирет: биз Аны менен элдешкенбиз. Бизди эң Жогорку Кудайдан бөлүп турган күнөө жолдон алынды. Акталуу – күнөөсүз деп эсептелүүнү билдирет; ишеним аркылуу акталуу Кудайдын убадасына ишенүүнү билдирет – биздин куткарылуубуз үчүн ушул гана керек.

**Римдиктерге 8:1**

«Ошентип, азыр Машайак Ыйсанын ичинде күнөөкөр табияты боюнча эмес, Рух боюнча жашап жаткандарга эч кандай айып коюлбайт».

**Биз эми Машайакта болгондуктан, кылган күнөөлөрүбүз үчүн айыпталбайбыз.**

Машайак күнөөсүз жашаган жана адилеттүүлүктүн талаптарын айкаш жыгачта Өзүнүн өлүмү менен канааттандырган. Ишенимибиз менен биз Ага окшош болобуз жана Кудай-Ата бизди кабыл алат. Эң Жогорку Кудай Машайак аркылуу бизди эч качан күнөө кылбагандай карайт.

**Жыйынтыктоо**

Күнөөкөр Кудайга сыйынып, күнөөлөрүн ачык айтып жана Ыйсанын курмандыгынын негизинде кечирим сурап куткарыла аларын түшүндүрүңүз.

## Окутуу жана иш жүзүндө колдонуу үчүн

Бул ыкманы жаттап, андан кийин иш жүзүндө колдонуу үчүн – алгач каттагы бул аяттарды белгилеп сызып чыгуу. Андан кийин аларды колдонуунун иретин белгилеп, номерлерди коюп чыгуу керек. Мисалы, биринчи колдонулган аяттын жанына 1 деген санды коюңуз.

Жакшы кабарды иш жүзүндө тартуулаңыз. Ар бир аятты окуңуз жана окуганыңызды түшүндүрүп бериңиз. Ар бир аяттан кийин биринчи сүйлөмдө берилген түшүнүктөрдү колдонгонуңузду ырастаңыз. Керектүү жерден башка сүйлөмдөрдү колдонуп, бул сизге жардам берсе түшүндүрмөлөрдү кошуңуз. Бул сабакта колдонулган сөздөрдөн башка сөздөрдү колдонсо да болот.

Ыйык Китептен башка эч нерсени карабай туруп, жатка айтып калганга чейин кайталап практика кыла бериңиз.

## Класста практика кылуу

*Эки же үч студент «Рим жолун» колдонуу ыкмасын топтогуларга көрсөтүшү керек. Андан кийин студенттер бул ыкманы дагы жакшыраак тартуулоонун жолдорун талкуулап, андан кийин практика кылуу үчүн эки-экиден бөлүнүшү керек. Окуп жаткан ар бир адам бул ыкманы эки башка угуучуга тартуулашы керек.*

## 10-сабактын тапшырмалары

(1) Бул ыкманы колдонуп жок дегенде үч адамга жакшы кабар айтып бериңиз. Ар бир сүйлөшүү жөнүндө чакан аңгеме жазыңыз жана кийинки сабакта аны менен бөлүшүүгө даяр болуңуз.

(2) Тест: Жазуудан «Рим жолуна» тиешелүү аяттарды жана алардын ар бирине жок дегенде бир түшүндүрүүчү сүйлөмдү эсиңизге тутуп алып (Ыйык Китепти гана колдонуп) жазууга даяр болуңуз.

(3) Кийинки сабак жакшы кабар жөнүндө насаатка арналган. Ар бир студент өзү тартуулаган, же уккан, же түзгүсү келген жакшы кабардын насаатынын планын жана корутундусун жазсын. Аткарылган иштi кийинки сабакка ала келүү керек.

## 10-сабак Тест

Рим жолу жакшы кабар таратуу ыкмасында колдонулган аяттардын дарегин жазыңыз. Даректин алдына жок дегенде түшүндүрүүчү бир сүйлөм жазыңыз. Аяттардын текстин жазбаңыз.

(1) Римдиктерге _________

(2) Римдиктерге _________

(3) Римдиктерге _________

(4) Римдиктерге _________

(5) Римдиктерге _________

(6) Римдиктерге _________

(7) Римдиктерге _________

# 11-сабак
# Жакшы кабардын насааты

## Киришүү

*Ар бир студент өзү тартуулаган, же уккан, же түзгүсү келген жакшы кабар насаатынын планын же корутундусун ала келиши керек.*

*Топтогу студенттердин бирине 1 Корунттуктарга 1:17-25ти окууну тапшырыңыз.*

► Кудай адашкан адамдарды кайсы ыкма менен куткарат?

Жүйүттөр элди бошото турган бийликти күтүшкөн. Алар бийлик менен таасир тийгизүү натыйжа алып келерин далилдөө үчүн ушуга умтулушкан.

Бутпарастар жашоону түшүнүү үчүн жана дүйнөдө ийгиликке жетүү үчүн акылмандуулук издешкен: алар өздөрү каалаган нерсеге жетүү үчүн эмне кылуу керектигин түшүндүрүп берген кабарды уккусу келген.

Айкаш жыгач баш ийүүнүн жана курмандыктын символу болгон. Бийликке умтулган жүйүттөр үчүн бул алсыздыктай сезилген. Дүйнөлүк акылмандуулукту издеген бутпарастар үчүн бул акылсыздык болчу. Чынында бийлик менен Кудайдын акылмандуулугу Машайактын өлүмүндө көрүнгөн. Айкаш жыгач Кудайдын алсыздыгы жана акылсыздыгы сыяктуу көрүнгөн, бирок ал адамдык иш аракеттин баарынан бир топ жогору болгон.

Жакшы кабар адамдын табигый күнөөкөр каалоолоруна карама-каршы келет. Ал тобо кылууга жана Кудайга баш ийүүгө чакырат. Ал акылсыз нерседей сезилиши мүмкүн, анткени адамдар өздөрү умтулган нерсени кантип алса болорун уккусу келет.

Кудай адамдарды куткаруу үчүн жакшы кабарды колдонот, ал эми аны таратууну ишенүүчүлөргө тапшырган. «Насаат» деген сөз калың элдин алдына чыгып сүйлөөнү гана билдирбейт. Ал жакшы кабарды башка ыкмалар менен таратуу процессине тиешелүү колдонулат. Бул үзүндүнүн мааниси, эл алдындагы насаат – Кудай тандаган ыкма экенин билдирбейт, жакшы кабар – Кудайдын ыкмасы экенин билдирет.

► Элчи Пабыл айкаш жыгач жөнүндөгү сөз ишенбегендер үчүн акылсыздык дегенде эмнени айткысы келген?

## Жакшы кабар насаатынын аныктамасы

«*Насаат*» деген сөздү Кудайдын Сөзүн өткөрүп берүүнүн ар түрлүү формалары жөнүндө сүйлөшүү үчүн кенен мааниде колдонсо болот. Бирок бул сабакта биз

аны кадимки мааниде, Кудайдын Сөзүн чогулган элге жарыялоочу адам жөнүндө айткандагы мааниде колдонобуз.

Жакшы кабар насааты деген – жакшы кабар эл алдында айтылганды билдирет; бул жөн эле Жазуудагы каалаган тема же үзүндү боюнча ой жүгүртүүлөр эмес; бул жакшы кабарды тартуулоо.

Жакшы кабарчы угуучулар дароо куткарылууга ээ болушу үчүн, көбүнчө аларды шашылыш түрдө Кудайдын чакыруусуна жооп берүүгө чакырат. Насаат угуучуларды ушундай чечим чыгарууга чакыргыдай болуп түзүлгөн.

Жакшы кабар насаатын жакшылап ойлонуп түзүү керек. Анын максаты билим берүү эмес; насаатчы угуучулар тобо кылууга чечим чыгарышы үчүн маалымат берүүгө аракет кылат. Бул жакшы кабардын негиздерин түшүндүрүүнү, ошондой эле угуучу Кудайдын чакырыгына кандай жооп бериши керектигин жана балким кабыл алынган натыйжалары кандай болорун камтыйт.

Насаат жыйын чогулушунда же башка бир адамдардын тобу чогулган тынч жана ирееттүү жерде айтылышы керек. Угуучулар жакшы кабарды жагымдуу кабыл алышы мүмкүн, бирок башкача да болуп калышы мүмкүн.

► Жакшы кабар насааты айтылган учурда кандай жагдайларды көрдүңүз эле?

## Жакшы кабар насааты үчүн көрсөтмө

Жыйындагы жакшы кабар насааты менен анын сыртында айтылган насааттын айырмасы болгондуктан, биз алгач жыйында айтылгандагы жолдомосун, андан кийин башка жагдайлар үчүн жолдомолорду беребиз.

### (1) Жазуудан үзүндү келтириңиз.

Кудайдын Сөзү Анын күчү менен коштолот, насаатчы ошого таянышы керек. Өтө узун үзүндү келтирүүнүн же майда-чүйдөсүнө чейин түшүндүрүүнүн кереги жок: Жазуудан келтирген аят жакшы кабарды камтышы керек, ал эми насаатчы Кудай Сөзүнүн күчү иштеши үчүн өзү келтирген маанилүү билдирүүлөр Жазууга негизделгенин текшериши керек. Насаатчы аятты баштапкы берилген маанидеги контексттен бөлүп алып, башкача мааниде колдонуунун кереги жок.

### (2) «*Тобо кылуу*» жана «*ишеним*» деген терминдерге аныктама бериңиз*.*

Угуучулар бул терминдердин маанисин туура эмес түшүнүшү мүмкүн, мисалы, алар тобо кылуу деген Кудай аларды кабыл алышы үчүн жашоонду толугу менен оңдошуң керек дегенди билдирет деген ойдо болушу мүмкүн. Адамдарга тобо кылуу деген күнөөлөрүңө өкүнгөндүктөн аларды таштоо жана эркиндикке ээ болуу экенин жеткирүү керек.

Угуучулар ишеним кандайдыр бир динге тиешелүү болуу, ырым-жырымдарды жана диний жөрөлгөлөрдү аткаруу деген ойдо болушу мүмкүн. Алар куткаруучу ишеним – биздин куткарылуубуз үчүн Машайактын кун төлөп куткаруусуна толугу менен ишенүү гана жетиштүү экенин билиши керек.

**(3) Адам тобо кылган учурда машайакчы болуп каларына басым кылыңыз.**

Көп адамдар машайакчы болуу эмнени билдирерин жана кантип машайакчы болуу тууралуу туура эмес түшүнүккө ээ. Алар насаатчы алардын көбүрөөк динчил болуусун же анын жыйынына кошулуусун каалап жатат деп божомолдошу мүмкүн, ошондой эле көбүрөөк өзүн тыйып жашоо талаптары коюлуп жатат деген ойдо болот. Күнөөкөр Кудайга кайрылганда тобо кыларына, кечиримге ээ болоруна жана Кудай менен жеке мамиле баштаарына басым кылыңыз.

**(4) Адамдардын машайакчы деп айтуусунун туура эмес себептерин себептерин атаңыз.**

Кээ бир өлкөлөрдө көбүнчө адамдар өздөрүн машайакчы деп эсептешет. Алар кээде жыйынга барып, жакшы иштерди кылып, белгилүү бир нерселерге ишенип жана кандайдыр бир руханий тажрыйбаны баштан өткөргөндүктөн машайакчыбыз деп ойлошот. Кудайга кайрылуудан сырткары, тобо кылуудан кийинки Кудай менен мамилелешип жашоого жана баш ийүүгө басым кылыңыз.

**(5) Куткарылбаган адамдар сизди түшүнөрүн ырастаңыз.**

Ишенүүчү адамдарга гана тааныш болгон терминдерди колдонбоңуз; алар билбеген диний салттарга кайрылбаңыз.

► Жыйындан сырткары адамдар сиздин жыйында колдонгон кайсы терминдерди билбеши мүмкүн?

**(6) Кечиримге ээ болуу, Кудай менен мамиле жана түбөлүк өмүрдү сунуш кылыңыз.**

Бул куткарылуунун эң чоң артыкчылыктары. Күнөөкөрдүн абалы канчалык олуттуу экенин аны күтүп турган сот жана түбөлүк жазаны сүрөттөп көрсөтүңүз.

**(7) Жакшы кабар кепилдик бербеген жакшылыктарды убада кылбаңыз.**

Эгер адамдар куткарылууну сунуш кылуу менен бирге Кудайдан же жыйындан материалдык пайда, бакубат жашоо, айыгуу же жашоону жакшыртуунун кандайдыр бир башка жолу сунушталат деген ойдо болсо, алар тобо кылбай туруп аларды кабыл алууга аракет кылышат.

Кудай адамдын жашоосун көзөмөлдөгөндө, багыт берип, баталап жана көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берерин түшүндүрсөңүз болот, бирок алар машайакчы болору менен алардын маселелеринин баары чечилет деген убада бербеңиз. Куугунтуктоолордун айынан кээ бир адамдардын жашоосу татаалдашы мүмкүн.

**(8) Кудайга кайрылууну жергиликтүү жыйындагы мүчөлүк менен байланыштырбаңыз.**

Адам тобо кылгандан кийин ага жыйында мүчө болуу мүмкүнчүлүгү берилиши керек, бирок бул шарттарды Кудайга кайрылгандан кийин түшүндүрүп берсе болот. Адамды тобо кылууга көндүрүп жатып, жыйынга кошулуу үчүн талаптар жөнүндө айтпаңыз: жакшы кабарчы күнөөкөрдү Кудайга алып келүүгө көңүл топтошу керек.

► Сиздин жыйынга кошулуу үчүн кайсы талаптар куткарылууга ээ болуу үчүн кереги жок?

**(9) Адам бышып жетилгенде ээ боло турган сапаттарды Кудайга кайрылуу үчүн талап кылбаңыз.**

Угуучуну өзү баамдап билип турган күнөөлөрү үчүн тобо кылууга чакырыңыз. Ал машайакчы болгонуна бир аз убакыт өткөнгө чейин, ал кандай өмүр сүрүшү керектигин айтпай туруңуз. Тобо кылууга жана ишенимге чакыруунун өзүн түшүнүү эле кыйын; ошондуктан жакшы кабардан баш тартууга себеп болгон татаал нерселерди кошпоңуз.

**(10) Алардын эмне кылуусун каалап жатканыңызды түшүндүрүңүз.**

Угуучу сыйынуу жана кечирим суроо керектигин билет деп ойлобоңуз, ал алдыга чыгып тизе бүгүп отуруу керектигин да билбейт. Адамдарды жооп берүүгө чакырганда алар эмне кылуусун каалаганыңызды түшүндүрүп бериңиз. Жыйында айланадагы адамдардан тартынып турган адамдын абалын болушунча жеңилдетүү жөнүндө ойлонуңуз.

## Изденгендер менен сыйынуу

Адамдар жыйындагы алдыңкы орунга көп себептер менен сыйынуу үчүн чогулушу мүмкүн. Кээде койчуман ар түрлүү муктаждыктар үчүн сыйынууга чакырат. Бул жерде айтылган сунуштар жыйындагы алдыңкы орунда сыйынууга гана тиешелүү эмес: алар жакшы кабар насаатынан кийин чакырууга жооп бергендер менен сыйынуу үчүн берилген.

Жыйын жетекчиси жыйындагы кээ бир адамдар куткарылуу жөнүндө сыйынган адамдарга жардам берүүгө даяр экенин ырасташы керек. Ал жакшы кабар айтылып сыйынууга чакырылганда кызматчыларды кошулуп жардам берүүгө үйрөтүшү керек.

Кээде сыйынууга жардам бергиси келген адам тескерисинче тоскоол болушу мүмкүн. Жыйын жетекчиси баарын байкап туруп, жардам керек болгондорго барышы керек. Кимдир бирөө жыйындагы алдыңкы орунда сыйынуу учурунда акылсыз жүрүм-туруму же кеңеши менен тоскоолдук кылса, жыйын жетекчиси жагдайды жөнгө келтирүү үчүн бардыгын кылышы керек.

Биз адам бир учурда тобо кылып, ишенип жана Кудайга кайрыла аларына ишенебиз: изденгендер менен сыйынуунун жолдомосу ушул түшүнүккө негизделген.

**Издөөчүлөр менен Намаз окуу боюнча көрсөтмөлөр**

**(1) Сыйынып жаткан адамга жок дегенде бир жетилген ишенүүчү жардам бериши керек.**

Адамды жыйындагы алдыңкы орунда сыйынууда жалгыз таштап койбоңуз жана жардам көрсөтпөй кетирбеңиз; биз ар бир изденүүчү руханий жеңишке жетүүсүн каалайбыз.

**(2) Адам эмне себептен сыйынганын билиңиз.**

Бардыгы эле куткарылууну издейт деген ойдо болбоңуз. Жакшы кабар насаатын уккандан кийин деле адамдар жыйындагы алдыңкы орунга ар түрлүү себептер менен чыгышы мүмкүн. Сыйынып жаткан адамдын сыйынуусун бөлүп кереги жок, бирок ага сыйынууга жардам берип жаткан учур таап: «Кудай сен үчүн эмне кылышын каалайсың?» деген суроо бериши керек. Андан кийин кызматчы аны менен бирге анын муктаждыгы жөнүндө сыйынса болот.

**(3) Изденүүчү адамды толук тобо кылууга чакырыңыз.**

«Күнөөлөрүң үчүн тобо кылып, Кудайга өзүңдү бошотууга жол бересиңби?» деген суроо бериңиз. Ага өзүнүн жаңылыштыктары жөнүндө айтып берип Кудайдын алында чын ниеттен тобо кылууга түрткү бериңиз.  Ал жыйын жетекчисине же башка бирөөлөргө каршы күнөө кылбаса, аларга күнөөлөрүн ачык айтпай эле койсо болот.

**(4) Изденүүчү адамды Кудай аны кечирерине ынандырыңыз.**

Адамга Кудайдан кечирим суроого жана Кудайдын кечирем деген убадасына ишенүүгө түрткү бериңиз. Ал шектенип жаткандай сезилсе, ага Ыйык Китептеги убадаларды көрсөтүңүз (1 Жакан 1:9, Жакан 3:16, Римдиктерге 5:8).

Адам өзүнүн сөздөрү менен сыйына албай жатса, кызматчы ага тобо кылуу сыйынуусун анын артынан кайталоону сунуш кылса болот. Төмөндө ушундай сыйынуунун үлгүсү келтирилген:

«Теңир, мен күнөөкөр экенимди жана түбөлүк жазага татыктуу экенимди билем. Мен кылган күнөөлөрүм үчүн өкүнөм жана аларды таштоого даярмын. Мен

татыктуу болгон үчүн эмес, Ыйса мен үчүн өлгөндүктөн мени кечирчи. Сенин куткарууң үчүн рахмат. Ушул убакыттан баштап мен сени жакшы көрө баштайм».

Адатта, сыйынуучу адам жеңишке жетип сыйына албай жатса, анын баш тарта албаган күнөөсү бар. Адам толугу менен ачылганга чейин кечирилгенине ишеними пайда болбойт.

**(5) Кудайга кайрылган адамды күбөлөндүрүүсү менен бөлүшүүгө чакырыңыз.**

Эгер изденүүчү жеңишке жеткендей сезилсе, кимдир бирөө андан: «Кудай сен үчүн эмне кылды?» деген суроо берсе болот. Ага так жооп бергенге түрткү бериңиз. Ал бул жөнүндө жыйындагы бардык адамдардын алдында айтса болот же жок дегенде чогуу сыйынып жаткан адамга айтсын.

**(6) Ага куткарылуу тууралуу басып чыгарылган түшүндүрмөнү бериңиз.**

Кудайга кайрылган адамга өзү менен бирге алып кете алган басып чыгарылган түшүндүрмөнү берүү керек. Анда куткарылуунун мааниси жазылышы керек: бул жаңы ишенип калган адамга эмне болгонун түшүнүүгө жана бул жөнүндө башкаларга түшүндүрүүгө жардам берет.

**(7) Шакиртчиликтин биринчи кадамын пландаштырыңыз.**

Адатта, шакиртчиликтин биринчи кадамы – жыйын жетекчиси же жетилген ишенүүчү менен жолугуу. Кудайга кайрылган адам башынан эмне өткөнүн түшүнүп жатканын ырастаңыз; ошондон кийин ал кичи топко кошула алат же кызматчылардын бири менен туруктуу баарлашып турат.

Ошондой эле кимдир бирөө анын үй-бүлөсүнө барып, туугандары анын Кудайга кайрылганын билерин тактап, андан кийин аларды жыйынга чакырышы керек. Балким жакшы кабарды бөлүшүү мүмкүнчүлүгү болуп калат.

► Сиздин жыйында изденүүчү адам менен сыйынуу үчүн кандай ыкмалар колдонулат? Аларга жогоруда айтылгандардын кайсыларын кошуу керек?

## Жыйындан башка жердеги насаат

Жыйындан башка жерде айтылган насаат жыйынга келбеген адамдар үчүн даярдалат. Бул татаал иш, анткени ал жердеги адамдардын максаттары башка жана алардын ойлору чар жайыт болушу мүмкүн; ал жерде жыйындагыдай чогулган эл жараткан табынуу абалы жок.

Жыйындан башка жерде айтылган насаат үчүн негизги талап – насаатчынын үнү адамдар уга алгыдай бийик болушу керек.

Мындай насааттын биринчи кыйынчылыгы – адамдардын көңүлүн буруу. Ал жердеги адамдар угарын же укпаарын тез эле чечип коюшат. Кээ бирөөлөр бир нече мүнөт кулак салышы мүмкүн, калгандары бир же эки сүйлөмдөн кийин эле бул аларга кызыктуу же кызыктуу эмес экенин чечип коюшат.

Насаатчы терең мааниге ээ болгон кыска сүйлөмдөрдү колдонушу керек. Бул адамдар ар бир айткан фразаны биричи жолу угушу мүмкүн экенин эске алып, насаатчы ар бир сүйлөмдү терең мааниге ээ кылып түзүп, алардын көңүлүн өзүнө бурса болот. Эгер насаатчы өзүнө көңүл бура алса, чогулгандар ага кулак салышат, ошондо ал жашоосунан иллюстрацияларды колдонуп кененирээк түшүндүрүп берсе болот.

Насаатчынын жанында ишенүүчүлөрдүн тобу болгону жакшы. Адамдардын тобу насааты кызыгып угуп жатканын көргөндөр, токтоп аларга кошулуп угуп калышы мүмкүн. Насаатты музыка менен коштогон музыканттар болсо, музыка адамдарды чогултууга жардам берет.

Насаатчы угуучуларды алдыга чыгып куткарылуу тууралуу сыйынууга чакырышы керек.

Жардамчылар басып чыгарылган материалдарды таратып бериши керек.

► Сиздин аймакта сыртта жакшы кабар таратуу үчүн кайсы жер баарынан ыңгайлуу?

### Класста талкуулоо

*Ар бир студент өзү ала келген жакшы кабар насаатын карап чыгышы керек. Жакшы кабар насаатына жолдомонун он жобосун эске алуу менен ал жакшы кабар таратууга канчалык туура келерин анализдеп чыгуу керек. Окуп жаткандар насааттарын карап чыгып, кандай өзгөрүүлөрдү киргизиш керектигин ойлонуштурушу керек.*

*Балким бардык насааттарды талкуулоо үчүн убакыт жетпейт, бирок жок дегенде алардын бир нечесин мисал катары карап чыгуу керек.*

### 11-сабактын тапшырмалары

Бул сабактын жолдомолору боюнча жакшы кабар насаатын түзүңүз. Аны толугу менен жазып чыгуунун кереги жок, негизги билдирүүлөрдү белгилеп алуу жетиштүү болот. Аны талкуулоо үчүн кийинки сабакка ала келиңиз.

### Окутуучу үчүн эскертүү

*Кийинкиде сабактын материалын өтпөй туруу керек. Студенттер өздөрүнүн жакшы кабар насааттарын тартуулап жана аларды талкуулоо керек. Насаатты толугу менен айтып берүүнүн кереги жок, кыскача 5-7 мүнөт айтуу жетиштүү болот. Кийинкиде 12-сабакты изилдөөгө өткүлө.*

# 12-сабак
# Эшикти ачуу

## Киришүү

► Биз күнөөкөрлөр үчүн сыйынышыбыз керекпи? Бул жөнүндө Ыйык Китептин кайсы жеринде айтылган?

Ыйык Китепте күнөөкөрлөрдүн Кудайга кайрылуусу үчүн сыйынуу керектигин түз айткан аятты табуу кыйын, бирок Жазууда жакшы кабар таасирдүү тарашы үчүн сыйынуу керектиги жөнүндө айткан үзүндүлөр көп (2 Тесалоникалыктарга 3:1, Эфестиктерге 6:19, Колостуктарга 4:4, Элчилердин иштери  4:29).

Биз күнөөкөрлөрдүн тобо кылуусу жана жакшы кабардын ийгиликтүү таралышы үчүн сыйынуу керектигин билебиз. Бизге бардыгы үчүн, күнөөкөрлөрдүн Кудайга кайрылуусу үчүн да сыйынуу керектиги айтылган (1 Тиметейге 2:1); ошондой эле адамдарды тобо кылууга алып келүүгө аракет кылуу буйругу берилген (2 Тиметейге 2:25); Кудай ушул иште жардам берсин деп сыйынуу туура болот.

## Биринчи муундагы жакшы кабар таратуу

Жыйын эң сонун доорун сүрүп жатканда жакшы кабар таратуу күтүлбөгөн жерден өзүнөн өзү тарала бергендей сезилет. Элчилердин иштеринде сүрөттөлгөн жыйындын алгачкы доорунда, бардыгы кубаныч менен жакшы кабар таратышкан.

*Топтогу студенттердин биринен топко Элчилердин иштери 2:46-47ни окуп берүүсүн сураныңыз.*

Жыйындын баарлашуусу ушунчалык күчтүү жана тирүү болгондуктан, ал табигый түрдө башкаларды өзүнө тарткан. Демек жыйын башка адамдарды өзүнө тартпаса анын баарлашуусу керек болгондой маңыздуу эмес.

*Топтогу студенттердин биринен топко Элчилердин иштери 5:42ни окуп берүүсүн сураныңыз.*

Элчилер жана башка шакирттер жакшы кабар таратуу үчүн дайыма жана бардык жерде мүмкүнчүлүк тараткан. Кээ бир жыйындар жакшы кабар таратышпайт, аны кантип баштоону билишпейт жана таратууга ылайыктуу мүмкүнчүлүктөрдү издешпейт.

*Топтогу студенттердин биринен топко Элчилердин иштери  8:1-4тү окуп берүүсүн сураныңыз.*

Куугунтуктардын айынан көптөгөн машайакчылар Иерусалимди таштап башка жерлерде жашашкан. Алар кайда барбасын жакшы кабар таратышкан; бул алардын машайакчылык жашоосунун бир бөлүгү болгон.

## Жыйындар жөнүндө талаш-тартыштар

Куткарылбаган адамдардын көзүнчө башка жыйындар жөнүндө талаш-тартыштардан алыс болуу керек. Ошондой эле жакшы кабар айтып жатканда башка диний агымдарды сындабаганга аракет кылгыла. Куткарылбаган адамдарда туура жыйынтыкка келүү үчүн руханий түшүнүк жок. Дүйнөдөгү көп адамдар жыйындардын ортосундагы келишпестиктердин айынан машайакчылыкка ишенгиси келбегенин айтышат.

Кимдир бирөө доктриналдык айырмачылыктарга басым кыла берсе, Ыйык Китепке таянып жооп бергиле, бирок сөздү биринчи кезекте жакшы кабарга буруууга аракет кылыңыз. Мындай деп жооп берсеңер болот: «Бул суроолор маанилүү, бирок баарынан маанилүүсү – куткарылууга жана Кудай менен мамилеге ээ болуу». Эгер адамдар силерге тааныш машайакчы тууганы же жыйын жетекчиси жөнүндө айтса, ал адамдын доктриналдык көз караштарын сындабаганга аракет кылыңыз.

Эгер эмне үчүн бир жыйын башка жыйындан айырмаланарын түшүндүрүү керек болсо, мындай десеңиз болот: «Адам күнөөлөрү үчүн тобо кылып, кечиримге ээ болуп, Кудайга баш ийип жашашы керек. Биздин жыйын биринчи кезекте ушуга басым кылат, биз башка нерселерге басым кылгандардан ушул жагыбыз менен айырмаланабыз».

## Татаал суроолор

Кээ бир машайакчылар татаал суроолорго туш болгусу келбегендиктен, жакшы кабар таратуудан коркушат. Окуп изилдөөнү уланта берүү керек, бирок машайакчылардын көбү татаал суроолорго кандай жооп берүү керектигин билбегени чын, бирок алар бардык жоопторду билүүгө милдеттүү эмес.

Эгер кимдир бирөө силер жооп бере албаган суроо берсе: «Мен бул суроого туура жоопту билбейм, бирок жыйында бирөөлөр сиздин бул суроoңузга сөзсүз жооп берет. Мен болсо Ыйык Китепке ишенем, ошондой эле баарынан маанилүүсү – Кудайды таануу жана куткарылууга ээ болуу экенин билем. Бул жөнүндө сизге да айтып бере алам» деген сыяктуу сөздөрү айтса болот.

Эгер адам: «Мен Ыйык Китепке ишенбейм», – десе, сөздү эки багытта уланта болот. Биринчиси, ал эмнеге ошондой көз карашты карманарын суроо жана Ыйык Китептин ишенимдүүлүгүнө далилдерди келтирүү. Башкасы, мындай деген суроо берсе болот: «Сиз бул жөнүндө ойлонуп, туура ой жүгүртүүнүн негизинде жыйынтык чыгарсаңыз керек. Макул, сиз Ыйык Китепке ишенбейт экенсиз, анда билимдүү адам катары Жазуунун негизги кабары кандай экенин

билгиңиз келеби? Мен сизге ошол кабарды айтып берсем болобу?» Ошентип балким талашып-тартышпай туруп, жакшы кабар менен бөлүшсө болот. Кудай кийинчерээк бул адамдын жүрөгүнө сүйлөө үчүн ушул кабарды колдонушу мүмкүн.

Жакшы кабар тараткан учурда жөн эле талашып-тартышкысы келген адамдар жолугушу мүмкүн. Андай адамга көп убакыт сарптоодон алыс болуу керек. Ага баарын туура айтып берсеңер деле, ал чындыкты кабыл албашы мүмкүн. Ал адамга жакшы кабардын негизин айтып берип, андан кийин башка адам менен сүйлөшүүгө өтүп кеткенге аракет кылыңыз.

## Жакшы кабарды коргоо

*Титке 1:9-11ди окуңуз.*

► Бүл үзүндү боюнча жакшы кабарды коргоонун кандай себептери бар?

Жыйын жетекчиси өнүктүрө турган жөндөмдөрдүн бири – машайакчылыкты дүйнөнүн философиясынан коргоону үйрөнүү. Кеп жыйындардагы доктриналдык айырмачылыктар жөнүндө эмес, дүйнө менен жакшы кабардын тирешүүсү жөнүндө болуп жатат.

Биз жакшы кабарды талаш-тартыш жараткан адамды тобо кылууга үндөө үчүн эле коргобойбуз, ошол адам таасир тийгизген башка адамдарга жардам берүү үчүн коргойбуз. Көп адамдар эмнеге ишенүү керектигин билбей турган болот: алар машайакчылык ишенимди коргогон жүйөөлөрдү угууга муктаж.

Көбүнчө ишенүүчүлөр мындай сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндү үйрөнгөн эмес. Ар бир машайакчы болушунча үйрөнүүгө аракет кылышы керек, бирок кээ бир адамдар мындай ишке өзгөчө шыктуу жана даяр болот.

Сүйлөшүү талаш-тартышка айланып бара жаткан учурда максатыңарды көрсөткөн маанилүү: силер мелдеште жеңүүнү көздөгөн жоксуңар, жеке душманыңар, адам менен салгылашкан жоксуңар. Силер үчүн адамдарга кам көрүү маанилүү болгондуктан чындыкты жеткирүү маанилүү экенин түшүндүрүү керек. Адам жакшы кабарга ишенбесе, жанынан айрылат, ошол себептен силер анын ой жүгүртүүсүн өзгөртүүгө аракет кылып жатасыңар. Ага: «Мен сенин Кудайды таанып билүүңдү жана куткарылууга ээ болууңду каалайм. Ошол себептен сени Ага алып барбаган нерсеге ишенгениңе тынчсызданып турам» десе болот

## Өнөрлөрдү өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу

Ыйык Китептин учурунда жакшы кабарчы жакшы кабар таратуу үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүк тапкан жазылып калган жагдайларды таба албайбыз.

*Топтогу студенттердин биринен топко Элчилердин иштери 8:26-39ду окуп берүүсүн, ал эми башкасына бул окуяны жыйынтыктоосун сураныңыз.*

► Жогорку үзүндүдө Кудайдын Руху кандай иш-аракет кылган? Филип жакшы кабар таратуу мүмкүнчүлүгүн кантип көрдү?

Жакшы кабарчы жакшы кабар таратуу үчүн мүмкүнчүлүктү кантип колдонсо болорун көрсөткөн дагы бир мисал – Ыйсанын Өзү.

*Топтогу студенттердин биринен топко Жакан 4:7-14тү окуп берүүсүн, ал эми башкасына бул окуяны жыйынтыктоосун сураныңыз.*

Ыйса менен самариялык аялдын сүйлөшүүсү улуттар аралык араздашуу, диний карама-каршылыктар жана жашоонун түйшүктүү милдеттери тууралуу темаларды камтыган. Ыйса аларга көп убакыт сарптаган эмес, Ал сүйлөшүүнү аялдын руханий мутаждыгына алып барган.

Жакшы кабарды тартуулоону үйрөнгөндөн кийин, аны адамдар менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгүн издей баштайсыңар. Кез-кезде адамдар силерден Машайак жөнүндө сурашы мүмкүн, бирок дайыма эле андай мүмкүнчүлүктөр боло бербейт.

Кээ бир машайакчылар адамдар жакшы кабарды угууга кызыкпагандыктан аны тартуулоо кыйын деп эсептешет; алар дин тууралуу сөз баштоо кыйын деп ойлошот.

Жакшы кабар адамдарды жашоосунда тынчсыздандырган көп тармактарга тиешелүү, ошол себептен сөздү жакшы кабарга буруу кыйын эмес.

Бул сабакта биз адамдар эмне себептен жакшы кабарга кызыгарын сүйлөшөбүз.

### Ниеттердин ар түрдүүлүгү

Адамдар жакшы кабардын насаатына ар түрдүү ниет менен жооп берет: кээде алар туура эмес, бирок көп учурда туура да болот.

► Эмне үчүн жеке сиз жакшы кабарды кабыл алдыңыз эле? Бир нече студентке өзүнүн тобо кылуу ниетин сүрөттөөгө мүмкүнчүлүк бериңиз.

Төмөндө адамдарга куткарылуу каалоосун берген бир нече ниет жазылган.

- Тозокко эмес, асманга баруу (же соттон коркуу).
- Жан дүйнөңдү толтуруу жана жашоонун максатын табуу.
- Коопсуздукка, акылыңда тынчтыкка жана коркунучтан эркиндикке ээ болуу.

- Айыбы кечирилип, эркиндикке ээ болуу (таза абийир).
- Руханий тазалык жана бүтүндүк.
- Кудай менен баарлашуу (Эң Жогорку Кудайды таанып билүү).
- Машайакчылар менен баарлашуу.
- Руханий каалоолордун канааттануусу (чыныгы бакыт).
- Күнөөдөн бошонуу.
- Чындыкты билүү.

Бул түбөлүктүү баалуулуктар менен келишпеген дүйнөлүк түйшүктөр эмес, Кудай менен элдешүүнүн түз артыкчылыктары; адам Кудайдан бөлүнгөн болсо, ага ушулардын баары жетпейт.

► Жогоруда айтылган ниеттердин кайсынысы жеке Сиз үчүн маанилүү экенин жазыңыз. Алардын кайсынысы сизди тобо кылууга алып келди? Кайсылары тобо кылгандан кийин маанилүү болуп калды?

Куткарылбаган адам сүйлөшүүдө куткарылуунун кайсы артыкчылыктарына муктаж экенин айта кетиши мүмкүн. Ошого таянып жакшы кабарчы ошол мутаждыктын негизинде жакшы кабарды ыңгайлаштырып айтып берсе болот. «Адамдар _______ээ болбогонунун себеби, алар Эң Жогорку Кудайдан бөлүнүп калган. Ыйык Китеп бизге кантип Кудай менен мамилелешүүгө кайрылып келүү керектигин айтат».

Биз Машайакты кабыл алгандарга жердеги бакытты убада кылбаганыбызды ырастап алуу маанилүү. Мындай убадалардын негизинде ишенүүчү болууга чечим чыгарган адам, күнөөсү үчүн чындап тобо кылбайт жана куткарылуунун бардык артыкчылыктарына ээ болбойт. Жердеги бакытты убада кылбоо керектигинин дагы бир себеби – Ыйык Китеп машайакчылар үчүн эң сонун шарттарды убада кылбайт, тескерисинче куугунтуктоолор болушу мүмкүн экенин айтат (2 Тиметейге 3:12).

Адам үчүн машайакчы болуунун эң маанилүү себеби – өзүнүн күнөөсүн жана келечектеги сотту сезүү; жогорудагы тизменин башка аспектилерин адам Кудайдан бөлүнүп калганын түшүндүрүү үчүн колдонсо болот.

## Сүйлөшүүдө мүмкүнчүлүктөрдү баамдай билүү

► Жакшы кабар таратуу мүмкүнчүлүгү пайда болушу үчүн сөздү кантип баштадыңыз?

► Жакшы кабар таратуу мүмкүнчүлүгүн табуу кыйын сезилчү беле? Эмне үчүн ошондой болгон деп ойлойсуз?

Кээде мүмкүнчүлүктөр оңой эле пайда болот. Кээ бир учурларда сиз жөн эле жакшы кабарды түшүндүрө баштасаңыз болот. Адамдарга Жазуудан үзүндүлөрдү көрсөткүңүз келсе: «Бир аз убакытыңызды алып, Ыйык Китеп кантип машайакчы болуу жөнүндө эмне дээрин бөлүшсөм болобу?», – деп сурасаңыз болот. Эгер «Көпүрө» иллюстрациясын көрсөткүңүз келсе: «Ыйык Китеп куткарылганыңызды так билүү үчүн эмне дээрин көрсөтүү үчүн эки мүнөт убактыңызды алсам болобу?» деген суроо берсе болот.

Ар түрлүү темаларда сүйлөшүүдө мүмкүнчүлүктөр пайда болуусу мүмкүн. Сөз баштаган сайын «Көпүрө» иллюстрациясын же «Рим жолу» жакшы кабарын таратуу ыкмасын колдонууга болот.

► Адамдар жашоонун кыйынчылыктарына арызданганын уктуңар беле?

Кээде адамдар жашоонун кыйын шарттарына арызданышат. Алардан: «Эмнеге мынча кыйналасыз?» – деп сураңыз. Ал жооп бергенден кийин: «Жашоо эмнеге мынчалык кыйын экенин түшүндүрүп берүү үчүн сүрөт тартып көргөзсөм болобу?» деген суроо узатыңыз. Сөздүн башында Кудай биз азыркыдай жашашыбызды каалабаганын, Ал биз менен мамилешип жашоону каалаганын айтып андан кийин дүйнөнү күнөө талкалаганын айтыңыз. Ошондон кийин сүрөттү көргөзүп баштаңыз.

«Рим жолу» ыкмасындагыдай Жазуудан аяттарды колдонуу үчүн: «Ыйык Китеп биз күнөө кетиргендиктен, жашоо кыйын экенин айтат. Күнөө дүйнөгө каргыш алып келген», – деп айтып, андан кийин «Рим жолу» ыкмасын колдонууну улантыңыз.

Адам динчил сезилсе, андан эң маанилүү ишеним жөнүндө сураңыз. Башка учурда сиз андан: «Сиздин оюңузча адам асманга барарын кантип биле алат?» – деп сурасаңыз болот. Жообун уккандан кийин: «Ыйык Китеп асманга кантип баруу жөнүндө эмне дегенин сүрөттөп көрсөтүү үчүн мага эки мүнөт убакыт бөлө аласызбы?» деген суроо бериңиз.

► Сиз адамдар дүйнөнүн кайгылуу абалы же улуттук араздашуулар жөнүндө сүйлөшкөнүн уктуңуз беле? Мындай учурларды жакшы кабарды бөлүшүү үчүн кандай колдонот элеңиз?

Адам улуттук араздашуулар, дүйнөдөгү ачарчылык, ачкачылык же согуш коркунучтары жөнүндө айтса: «Мен сизге Жазуудан дүйнө эмнеге ушундай болуп калганын түшүндүргөн үзүндүлөрдү көрсөтсөм болобу?» – деп сурасаңыз болот.

Күнөөкөрлөр Кудайдан бөлүнгөндүктөн дүйнөнү абалы ушундай экенин көрсөтүңүз. Куткарылуу бардык көйгөйлөрдү чечерин убада кылбаңыз, бирок ар бир адамдын куткарылуусу – Кудай анын суроолоруна жооп берип

баштаганын билдирерин айтыңыз. Бир күнү жаңы асман жана жаңы жер болот, Кудай менен элдешкендер үчүн бул көйгөйлөр жок болот.

## Сөз баштоо үчүн суроолорду колдонуу

Сөз баштоо үчүн суроолорду колдонсо болот, ошондо жакшы кабарды айтып берүү үчүн мүмкүнчүлүк ачылат.

Эң жөнөкөй: «Сиз машайакчысызбы?» деген суроо берсе болот. Көпчүлүк адамдар мындай суроого таарынбайт. Эгер адам «жок» деп жооп берсе: «Мен сизге Ыйык Китеп кантип машайакчы болуу тууралуу эмне дегенин айтып берсем болобу?» деген суроо берсеңиз болот.

Эгер адам: «Ооба, мен машайакчымын» деген жооп берсе, – сиз: «Эң жакшы. Сиз кантип машайакчы болуп калдыңыз эле?» деген суроо берсеңиз болот. Эгер анын жообу чындыктан алыс болсо же ал адам уялып кетсе, сиз Ыйык Китеп машайакчы болуу тууралуу эмне дээрин айтып берүүнү сунуш кылсаңыз болот.

Жогоруда берилген суроолорду сүйлөшүүнүн ортосунда теманы баштоо үчүн колдонсо болот. Төмөндө ушундай сыяктуу суроолордун мисалдары берилген:

«Сиздин оюңузча жашоонун мааниси эмнеде?» Адамга өзүнүн оюн билдирүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз. Туура жооптору менен макул болгондон кийин: «Сиздин жашоонун эң маанилүү бөлүгү – Кудайды таануу. Ал сизди Өзү менен мамилелешүү үчүн жараткан. Мен сизге Ыйык Китеп Кудай менен мамилелешүү тууралуу эмне дегенин көрсөтсөм болобу?» деген суроо бериңиз.

«Сиздин оюңузча бакыттын ачкычы эмнеде?» Адамдар кандай гана жооп бербесин, сиз: «Көп адамдар өзүн бактылуу кылат деп эсептеген нерсеге жеткенде, узак убакытка ыраазы болуп кала бербейт. Ыйык Китеп кубаныч Кудайдан келерин айтат (Забур 15:11). Мен сизге Кудай менен мамилелерди кантип баштаса болорун сүрөт менен көргөзсөм болобу?»

«Сиз өлүмдөн кийинки жашоого ишенесизби? Сиздин оюңузча, ал кандай?» «Ыйык Китеп ар бир адам же асманга, же тозокко барарын айтат. Мен сизге Ыйык Китеп асманга баруу тууралуу эмне дегенин айтып берсем болобу?»

«Сиздин оюңузча, Ыйык Китептин негизги кабары эмнеде?» Бул сизге 9-сабактагы сүрөттү көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

► Араңардан кимдир бирөө ушундай ыкманы колдонуп көрдү беле? Натыйжасы кандай болду?

Кээ бир студенттер бул сабакта айтылган ыкмаларды колдонууда өзүн ыңгайсыз сезиши мүмкүн; ошондой эле бул ыкма кайсы бир коомчулуктарга жана маданияттарга туура келбеши мүмкүн.

Сабактын максаты – ар бир студентке өзүнүн ыкмасын иштеп чыгууга жардам берүү.

## 12-сабактын тапшырмалары

Бул жумада жакшы кабар таратууну улантуу менен сунуш кылынган суроолор жөнүндө ойлонуп, өзүңүздүн суроолоруңузду дагы түзүңүз. Алардын натыйжасы кандай болорун байкап, кыскача ой жүгүртүүлөрдү жазыңыз. Тажрыйбаңыз жөнүндө кийинки сабакта жазууга даяр болуңуз.

## Окутуучу үчүн эскертүү

*Кийинки сабакта жакшы кабар китепчелерин таратуу боюнча көрсөтмөлөр бар. Студенттер аларды кайдан алуу керектигин билиши керек. Мүмкүн болсо, аларды окуп жаткандарга кийинки сабакка ала келиңиз.*

# 13-сабак
# Жакшы кабар таратуу ыкмаларын ыңгайлаштыруу

## Киришүү

► Бүгүнкү күндө жакшы кабар таратуунун иши Жаңы Келишим убагындагыдан айырмаланат деп ойлосуйсузбу?

► Сиздин өлкөдөгү жакшы кабар таратуу биринчи миссионерлер келген убакыттардан айырмаланат деп ойлойсузбу?

## Жакшы кабар таратуунун тарыхтагы мисалдары: Джона Виклиф жана Джон Уэсли

Джон Виклиф Англияда жыйын жетекчиси болгон. Ал 1324-1384 жж. жашаган. Ал убакта англис тилинде Ыйык Китеп болгон эмес, ошол себептен аргасыздан ошол учурда окуткан Рим католик жыйынына таянуу керек болгон; көпчүлүк адамдар жакшы кабарды билишкен эмес. Жада калса католик дин кызматчыларынын көбү да Кудайдын Сөзүн жакшы билишкен эмес. Дин кызматчылар өлкөнү аралап саякаттап, ар түрлүү жөрөлгөлөрдү аткарышкан жана акча чогултушкан. Көпчүлүк жыйындарды жакшы кабарды насааттабаган кызматчылар көзөмөлдөгөн. Виклиф жана анын жардамчылары Ыйык Китепти анлис тилине которгон. Ал учурда Жазууну басып чыгаруу мүмкүн эмес болчу, ошол себептен аны колго көчүрүшкөн. Алар экиден саякаттап, жер жерлерде Ыйык Китепти үйрөтүшкөн. Адамдар аларды «жакыр дин кызматчылар» дешкен, анткени алар кызматына акча сурашкан эмес.

Жакшы кабар тарауунун ыкмаларын коомчулуктун жагдайларына ыңгайлаштырыш керек. Виклиф жана анын жардамчылары жакшы кабар таратуунун негизги максатына жетишкен: алар Ыйык Китептин кабарын адамдарга түз жеткиришкен.

Джон Уэсли 1703-1791-жж. Англияда жашаган. Ошол учурда англикан жыйыны бай адамдар үчүн жыйын болуп калган. Жыйындарда ар кандай жөрөлгөлөр көп болгон, жакшы кабарды так жана түшүнүктүү кылып окутушкан эмес. Мындай чогулуштарга келген жакыр адамдарды жактырышкан эмес, ошол себептен алар жакшы кабарды билишкен эмес. Уэсли англикан насаатчысы болгон, бирок ал жакшы кабарды бардык адамдар угушун каалаган. Бир күнү ал көптөгөн шакхтерлор жумушуна бараткanda басып өткөн талаага чыккан. Анан насаат айта баштаган, көптөр токтоп угуп калышкан. Ошондон кийин

Уэсли өмүрүнүн аягына чейин дээрлик күн сайын көчөгө чыгып насаат айтып калган; анын кызматы аркылуу миңдеген адамдар тобо кылышкан.

► Сиз билгенден сиздин аймакка биринчилерден болуп жакшы кабар алып келген миссионер ким болгон?

### Ыкмаларды ыңгайлаштыруунун зарылчылыгы

2003-ж. бир адам Лондонго үй-бүлөсү келип бакчага эс алганы барат. Ал дөбөдө турган аялды байкайт. Анын колунда Ыйык Китеп бар эле. Ал жакыныраак барып аял динге байланыштуу бир нерсе жөнүндө сүйлөп жатканын көрөт. Аялдын жанындагы шеригин көрүп андан, аял эмне кылып жатканын сурайт. Аялдын шериги: «Биз Джон Уэсли сыяктуу көчөлөрдө насаат айтуу салтын уланткан адамдарбыз. Биз кез-кезде коомдук жерлерге барып насаат айтабыз», – дейт. Бирок ал, аял өтө эле аз адам өтө турган жерде турганын байкаган, анын насаатын көп деле адам уга алмак эмес: көчөдөгү адамдарды өзүнө тартуу үчүн анын ыкмасы таасирдүү эмес эле. Ал салтты улантууга аракет кылган, бирок бул ыкманы таасирдүү кылган нерселерди жоготуп алган.

Ыкмаларды жагдайларга ыңгайлаштыруу керек. Кээде ишенүүчүлөр жакшы кабар таратуунун бир гана жолу бар деген ойду карманып алышат да, таасири жок эле иш алып бара беришет. Кээде машайакчылар кайсы бир мезгилде жакшы натыйжаларды алып келген ыкма бардык жерде таасирдүү болот деп ойлошот, бирок чынында андай эмес.

Көп жерлерде жыйын эч качан көрбөгөн адамдардын үйүнө барып, эшигин тыкылдатып жакшы кабар айтышат. Мындай ыкманы колдонуунун натыйжасында көп тобо кылуулар болгон, бирок ал дайыма натыйжалуу болот деген туура эмес.

Кээ бир жыйындар автобустарды сатып алышкан жана адамдарды табынуу кызматына ташыганды сунуш кылышкан. Жетинчи күнү эртең менен алар көчөлөрдү кыдырып каалоочуларды чогултуп келишкен, бирок мындай ыкма да бардык жерде таасирдүү боло бербейт. «Автобус кызматы» аркылуу көп адамдар тобо кылышкан, бирок мындай ыкма бардык жерде таасирдүү эмес.

Көп адамдар жетинчи күнү жыйындын жанына келген адамдардын тобуна жакшы кабар таратышкан. Алар адамдарга алдыга чыгып тизге бүгүп куткарылуу жөнүндө сыйынууну сунуш кылышкан. Ошондо миңдеген адамдар Кудайга кайрылган, бирок куткарылбаган адамдардын көбү жыйынга келишпейт. Көп адамдар кимдир бирөө алар менен жеке сүйлөшүүдө жакшы кабарды бөлүшпөсө, аны уга алышпайт.

Элчи Пабыл жакшы кабар таратуу ыкмаларын ыңгайлаштыруунун үлгүсү болгон. Ал жүйүттөрдүн синагогасында насаат айта алган, анткени такшалган

жүйүт раббиси болгон жана Ыйса – Машайак экенин түшүндүргөн. Ошондой эле ал адамдар философиялык идеялар тууралуу баарлашуу үчүн чогулган жерлерде насаат айткан; кээде ал базарларда насаат айткан жана адамдар менен үйлөрдө көп жолугуп турган.

## Кээ бир заманбап ыкмалар

Адамдар жакшы кабар жөнүндө сөз баштоо үчүн ар кандай ыкмаларды колдонушат. Кээ бир жыйындар сурамжылоо жүргүзүшкөн. Алар ар жерлерди кыдырып: «Сиздин оюңузча жыйын өзү жайгашкан аймакта эмне кылышы керек? Машайакчылыктагы эң маанилүү ишеним кайсы? Машайакчы деген кандай адам? Адам кантип машайакчы болуп калат?» деген суроолорду беришкен. Кимдир бирөөнүн жообун уккандан кийин машайакчы: «Мен сизге биз эмнеге ишенерибизди жана Ыйык Китеп машайакчы жөнүндө эмне дээрин айтып берсем болобу?» деген суроо берсе болот.

Кээде жакшы кабарчылар коомдук жерлерде жакшы кабар таратуу үчүн иллюстрация же диаграммаларды колдонушат. Кээ бир жакшы кабарчылар тактага түстүү сүрөттөрдү чаптап окуяларды айтып беришет.[37]

Көп жыйындар ушул аймактагы адамдар муктаж болгон практикалык темалар боюнча семинарларды өткөрүүнү сунушташат. Алар үй-бүлөө куруу, балдарды тарбиялоо, бизнести алып бару принциптери жана ден соолукка байланыштуу темалар же кандайдыр бир иштер үчүн тренингдер болушу мүмкүн. Жыйын аймактагы адамдарга кызмат кылганда, жакшы иштерди кылган болот. Коомчулук күнүмдүк жашоодо библиялык чындыкты көрсөтүүгө жоопкерчиликтүү. Семинарда жакшы кабар түз айтылбашы мүмкүн, бирок ал Ыйык Китептин чындыктары жөнүндө үйрөтөт жана ошол аймактагы адамдар менен жыйындын ортосундагы адамдардын ортосундагы мамилени өнүктүрөт.

Кээ бир жыйындар коомдук жайларда убактылуу сыйынуу станцияларын орнотот жана жанынан өтүп бара жаткан адамдарга алар үчүн сыйынууну сунуш кылат. «Сыйынуу муктаждыгыңыз барбы, сыйынып берели», – деп сурашат. Мындай жол менен алар адамдар жөнүндө кам көрүп, талаш тартыштарды баштабайт. Жакшы кабар таратуу мүмкүнчүлүктөрү көп болот.[38]

Жакшы кабар таратуунун ажырагыс бөлүгү – жакшы кабар аны угууга муктаж болуп турган адамдарга так жана түшүнүктүү жеткирилиши керек. Кудай Өзүнүн Сөзүнө күч берип, Ыйык Рух угуучуларды ашкерелегендиктен, кабар так жана түшүнүктүү айтылса жакшы кабар баарынан таасирдүү болот.

---

[37] Бул ыкманын мисалын төмөнкү сайттан тапса болот http://www.oacgb.org.uk/ и http://www.oacusa.org/

[38] Сүрөттөрдү жана маалыматты төмөнкү сайттан тапса болот https://prayerstations.org/ и https://www.prayerstand.com/

Жыйын үчүн бардык жерде жана бардык убакытта адамдардын көңүлүн буруу жана коомчулукка жакшы кабар жеткирүү эң татаал иш болуп келет.

► Сиздин шаардагы жыйын өзүнө адамдардын көңүлүн кандай жолдор менен тартып келет? Жыйын колдонгон ыкмалар таасирдүүбү?

## Досторго жакшы кабар айтуу

Жакшы кабар таратуунун эң таасирдүү формасы – бир адам ага ишеним арткан башка адамга түз жакшы кабар айтып бергенде.

Машайакчы досторуна жана тааныштарына жакшы кабар айтып бергенде, таасири көбүрөөк болот, анткени алар анын жашоосунун үлгүсүн көрүшкөн. Эгер ал жакшы үлгү көрсөткөн болсо, жакындары анын күбөлүгүн сыйлайт. Айланадагы бардык адамдар ал машайакчы экенин билиши үчүн ишенүүчү дайыма өзүнүн ишенимин көрсөтүшү керек. Ал сыйынганда же Ыйык Китеп окуганда адамдар аны карап турса, уялбашы керек; айландагылар анын машайакчы экенин билип калганда, чочуп таң калбашы керек.

Ишенүүчү адам жакшы үлгү көрсөтсө, аны мектепте же жумушта машайакчылыкты жактырбаган адамдар да сыйлашы мүмкүн; эгер ал туура мамиле жана иш аракеттерди кылса, аны кысымга алгандар да аны урматташат. Адамдар ага сыйынуу же кеңеш үчүн келиши да мүмкүн.

## Жеке жолугушуулар

Кээ бир адамдар башка бирөөгө күбөлөндүрүү үчүн аны менен жакшылап таанышуу керек деп ойлошот; ошол себептен ал адам менен достошууга аракет кылышат. Адамдар биринчи кезекте досторун угары чын, бирок таанибаган адамдын сөзүнө деле чын жүрөктөн кызыгуусу мүмкүн. Биз жолуккан адамдарга жакшы кабар таратууну үйрөтпөсөк, таасирдүү боло турган көп мүмкүнчүлүктөрдү коё берип жиберебиз. «Эшикти ачуу» деген мындан мурунку сабак жакшы кабар тууралуу сөз баштоонун ыкмаларын көрсөтөт.

Бир адам: «Кимдир бирөө менен бир нече мүнөткө жалгыз калганда, ошол жолугушууну Кудай уюштурган жолугушуу катары колдоном» деген. Ал адамдар жакшы кабар уга алышы үчүн Кудай ага аларды жолуктурарына ишенген.

## Басып чыгарылган жакшы кабар

Сиз жакшы кабар таратуу үчүн Пабыл кыла албаган нерсени кыла аласыз.

Бизде жыйын көп кылымдардан бери ээ болбогон мүмкүнчүлүк бар: бул басып чыгарылган маалымат.

► Китептерди басып чыгаруу мүмкүн болгонго чейин жана андан кийин кызмат кылууда кандай айырмачылыктар болгон деп ойлойсуз?

Китеп басып чыгаруу баштала электеги кызмат кылууну элестетип көрүңүз. Китептин ар бир көчүрмөсү билимдүү адамдын көп күндүк эмгегин талап кылган, анткени аны колго көчүрүп чыгуу керек болгон. Сиз азыркы учурда китептер кымбат деп эсептешиңиз мүмкүн, бирок китептин баасын төлөө үчүн адис адамды он күнгө жалдаш керек болсо канча төлөш керек болгонун элестетип көрүңүз.

Дээрлик эч кимде Жазуунун жеке көчүрмөсү болгон эмес: жада калса жыйын жетекчисинин да Ыйык Китеби болгон эмес. Үйдө Ыйык Китепти окуганга мүмкүнчүлүк жок болгонун элестетиңиз.

Адатта жыйын жетекчилерин оозеки даярдашкан, алар уккан нерселеринин баарын эстеп калышы керек болгон. Алар басып чыгарылган тренингдерди таратып бере алышкан эмес, басып чыгаруу жок болгондуктан, бир нерсени жазып көбөйтүп таратып жиберүү мүмкүн эмес болгон.

► Басып чыгарылган материалдар жакшы кабар таратууга кандай жардам берет?

Трактаттар – көбүнчө жакшы кабарды тартуулаган кыскача макалалар. Машайакчылар аларды жолуккан адамдарга берсе болот; ошондой эле аларды коомдук жайларда көп санда таратып, адамдар окуй турган жерлерге таштап кетсе болот.

Эгер бейтааныш адамдарга жакшы кабар таратуу тажрыйбасы аз болсо, китепчелерди таратуу – тажрыйба топтоо үчүн эң жакшы ыкма.

Трактат өзүнө көңүл буруп, кызыктуу аталышы керек. Көчөдө же башка коомдук жерлерде китепчелерди таратканда, жолуккан адамдар менен жылмайып, учурашыңыз. Сиз алардан: «Сизде мындай китепче барбы?» деп сурасаңыз болот. Адамдар көңүл буруп, кызыгышы үчүн ушундай кылса болот.

Көпчүлүк адамдар трактаттарга кызыкпагандай сезилет: алар аны окубай туруп ыргытып ийиши деле мүмкүн, бирок ошондо да жакшы натыйжалар болот. Адамдар китепчелер аркылуу Кудайга келген учурлар да болгон. Адатта сиз тракттарды таратуунун натыйжасын биле албайсыз.

## Практикалык муктаждыктарды камсыздоо

Кээде адамдар жашоосундагы күнүмдүк муктаждыктардан кыйналышат. Алардын жей турган тамагы же жашай турган үйү, балким дары дармектери болгон эмес. Алар ушундай мутаждыктарды сезгенде, аларды руханий муктаждыктан жогору деп ойлошот. Жыйын ушундай күнүмдүк муктаждыктарга кам көрө алат жана бул жакшы кабар таратуу ыкмасы болот. Мындай учурда жыйын жердеги көйгөйлөргө көбүрөөк көңүл буруп, куткарылбаган адамдардын руханий муктаждыктарына көңүл бурбай калат.

> «Индия, Уганда жана башка жерлерде миссионерлер Кудайга кайрылгандарга акча берип, курсагын тойгузуп, билим алууга, дарылanууга жардам берип же ар түрдүү жакшы мамиле көрсөтүп аларды «сатып» алып жатышат деген айып коюшкан».
> (Герберт Кейн, «Жакшы кабар таратуу эмгеги»).

Жыйын күнүмдүк муктаждыктарга кам көрүшү керек, бирок руханий нерселерди биринчи орунга койгон белгилүү бир эрежелерди карманышы керек. (1) Машайакчылар адамдардын муктаждыктарына кам көргөндө Кудайдын сүйүүсү менен бөлүшүп жатканын түшүндүрүшү керек. (2) Жыйындан бөлүнүп калган уюм болуп калбаш үчүн ишенүүчүлөрдүн үй-бүлөсү катары чогуу кызмат кылуу керек. (3) Машайакчылар адамдар бири-бирине кам көргөн жыйындагы баарлашууга башкаларды чакырышы керек. (4) Түбөлүк жашоо жана Кудайды таанып билүүдөн келген баталар жөнүндө үйрөтүп жакшы кабарды бөлүшүү керек.

Көпчүлүк кызматтар материалдык муктаждыктарга кам көргөн программаларды сунуш кылышат. Алар колдон келишинче аймактагы муктаждыктарга кам көрүп, жакшы кабар таратуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жаратышат. Алар адамдарга күнүмдүк муктаждыктарга жардам берүү менен достошуп, жакшы кабарга тарта алабыз деп ойлошот. Алардын формуласы мындай: программа, өз-ара мамилелер, жакшы кабар.

Жардам берүү программалары көп жаңылыш жолдорго түшүшү мүмкүн. Башка эч кандай мамилелер курулбай эле алуучу-берүүчү форматындагы мамилелер курулуп калышы мүмкүн. Кээде жакшы кабар берилген жардамдан өзүнчө бөлүнгөн бир нерседей сезилет, адамдар жакшы кабарга кызыкпай эле жардамды алышат. Программада кызмат кылган адамдар да жардам берип жатып аябай бошобой калгандыктан, жакшы кабар менен бөлүшпөй калышат.

Бул формуланы өзгөртүү керек: жыйын адамдар менен биринчи жолуккандан баштап жакшы кабарга басым кылышы керек.

Дүйнөгө жакшы кабарды тартуулагандан кийин, жыйын ишенимдүү болуп, тобо кылуудан кийинки жаңы жашоо тууралуу айтып бериши керек. Куткарылуу – адамды жаңы жашоо менен жалгыз таштап койгон жеке чечим эмес. Көпчүлүк учурда жакшы кабарды сунуш кылган жыйын күнөөкөрлөрдү өзүнө тартып турбаса, алар аны кабыл алышпайт.

Ыйсанын жана элчилердин кызматындагы жакшы кабар – күнөөкөр кечирим алып, Кудай менен мамилеси калыбына келтирилери жөнүндө айткан Асман Падышалыгынын жакшы кабары. Адам күнөөнүн күчүнөн бошотулган жана жаңы жаратуу болуп өзгөртүлгөн; ал руханий бир туугандары аны шыктандырып, муктаждыктарына кам көргөн ишенүүчүлөрдүн үй-бүлөсүнө кирет.

Жыйын өзүнүн миссиясы жакшы кабар таратуу экенин билип жана дайыма анын үстүнөн иштеши керек. Бардыгы жыйындын негизги иши – жандарды куткаруу экенин билиши керек, ошондо ал жакшы кабарга кызыккан – туура адамдарды өзүнө тартат. Алар жыйын менен өз-ара мамилелешүүгө киришет, анткени жакшы кабар кызматы ошол мамилелерди пайда кылат.

Андан кийин жыйын өзү менен мамиле курган адамдарга жардам берет. Балким ал адамдардын бардыгы куткарылган эмес, бирок алар жамаат менен өз-ара мамиле курушту жана жыйындын жакшы кабар таратуу кызматына катышат.

Ошондуктан өзгөртүлгөн формула мындай – жакшы кабар, мамиле, андан кийин жардам (программа эмес). Жыйын жардам гана берген уюм болбошу керек; ал жамаат менен мамиле курган адамдарга жардам берген адамдардын тобу. Алар программаларды баштаса, адамдар келип аларга катышып турушат, бирок мамиле курулбай калышы мүмкүн.

### 13-сабактын тапшырмалары

(1) Сиздин аймактагы жыйындар колдонгон жакшы кабар таратуунун ыкмаларын байкап көрүңүз. Алар өзүнө табынуу кызматтарына катышпаган адамдардын көңүлүн жакшы бура алабы? Алар жакшы кабарды так жеткиреби? 2-3 бетке байкоолоруңузду жазыңыз.

(2) Жок дегенде 100 трактат таратыңыз. Башыңыздан өткөн нерселерди бир нече сүйлөм менен жазыңыз.

# 14-сабак
# Балдарга кызмат

## Киришүү

*Матай 18:2-6, 10-14тү окуңуз.*

► Биз бул аяттарда кандай эскертүүлөрдү көрөбүз? Кудай балдарды маанилүү деп караарын кандай түшүндүрүп берет элеңиз?

Кээде адамдар балдар кийинки муун жана жыйындын келечеги болгондуктан маанилүү дешет; алар келечектеги жетекчилер. Булардын баары чындык, бирок балдар эң биринчи кезекте адам болгондуктан маанилүү. Кээде чоңдор, балдар – түбөлүк жаңы жана потенциалы бар адамдар экенин унутуп коюшат.

> Саякатчы кичинекей айылга келип токтоду. Ал жолдун жээгинде отурган картайып калган адамды көрүп, «Мен мурун бул айыл жөнүндө таптакыр уккан эмесмин. Бул айылда залкар адамдар төрөлдү беле?» – деп сураганда, – карыя: «Жок, наристелер гана төрөлгөн», – деп жооп берген экен.

## Балдарга кызмат кылуу жөнүндө Кудайдын буйругу

Кудай байыркы Израил элине осуятын берген. Ал алар жөнүндө кам көрүүнү жана батасын берүүнү убада кылып, баш ийүү үчүн талаптарды койгон.

Кудай бул осуят бардык муундарга тиешелүү болушун каалаган. Эң Жогорку Кудай: «Мен бүгүн осуяттап жаткан ушул сөздөрдү жүрөгүңдө [жаныңда] сакта. Аларды үйдө отурганыңда да, жолдо бара жатканыңда да, жатканыңда да, турганыңда да балдарыңа кайра-кайра айтып үйрөт …» деген (Мыйзам Кайталоо 6:6-7).

Балдарды Кудайдын эркине баш ийүүдө тарбиялоо осуят үчүн маанилүү болгон, анткени бата алуунун шарты бар эле, алар Эң Жогорку Кудайга баш ийүүдөн көз каранды болгон. Эгер кийинки муун ишенбестикти жана Кудайга баш ийбестикти тандаса, алар Кудай менен мамиле куруунун артыкчылыктарын жоготуп алышат. Бул балдарды жакшылап көңүл буруп үйрөтүү керек болгонун билдирет.

► Сиздин оюңузча Израилдиктер алардын балдары Кудайды ээрчийбиз деген чечим кабыл алышы үчүн эмне кылса болот эле?

Кудай Өзүнүн элине балдарды тарбиялоо боюнча көрсөтмөлөрдү берген.

> Аларды балдарыңа үйрөт, аларды үйдө отурганыңда да, жолдо бараткаңыңда да, жатканыңда да, турганыңда да айт. Аларды эшигиңдин кашектерине жана үйүңдүн дарбазасына жазып кой (Мыйзам Кайталоо 11:19-20).

Кудай эмнени жеткиргиси келген? Ата-энелер балдарын кез-кезде эмес, тырышчаактык менен туруктуу үйрөтүшү керек болгон. Балдар Жазууну бардык жерлерден көрө алышы үчүн Кудайдын мыйзамын эстеткен нерселерди көрүнүктүү жерлерге илип коюшкан; кандай гана жагдайлар болбосун алар Кудайдын осуяттарын унутуп же тоботпой койбошу керек эле.

Мындай окутууга ылайык аларда Кудайдын мыйзамына каршы келген жасалгалар, көңүл ачуулар же жүрүм-турум болбошу керек болчу.

Ошол себептен бул аяттарда балдарды Кудайдын мыйзамына карама-каршы келген нерселерден жана окутуулардан сактоо үчүн, дайыма Кудайдын баалуулуктарына жараша жашоону үйрөтүүдө ата-энелердин жоопкерчилигине басым кылынат.

► Бул буйрук ата-энелерге тиешелүү. Биз аны жыйындагы кызматка тиешелүү колдоно алабызбы?

Биринчиден, биз балдарды окутуу – ата-энелердин биринчи жоопкерчилиги экенин билебиз. Жыйын ата-энелер балдарды кантип окутушу керектигин үйрөтүшү керек. Ата-энелердин колунан келбегендиктен, балдар жыйында гана руханий жетектөөгө ээ болот деп ойлобош керек.

Экинчиден, жыйын балдарга мүмкүн болушунча алардын үй-бүлөсү менен бирге кызмат кылышы керек. Балдардын ата-энелерине жардам берүү менен балдарга жардам бергиле. Жакшы кабар таратуу менен жыйын үй-бүлөлөрдү жамаатка чакырууга аракет кылышы керек.

Машайакчы эмес үй-бүлөнүн балдары табынуу кызматына келип куткарылууга ээ болуп калышат. Мындай учурда жыйын бул үй-бүлөгө кызмат кылууга аракет кылышы керек. Ата-энеси жүрөгүн ачпаса, жыйын балдар үчүн руханий үй-бүлө болуп калышы керек. Жыйындын мүчөлөрү руханий кам көрүүчү жашы улуураак туугандар сыяктуу болушу керек.

### Жыйындын балдарга кызматын баалоо

► Сиз белгилүү бир жыйындын балдарга кызматын кандай баалайт элеңиз?

Балдар кызматы төмөнкүдөй мүнөздөмөлөргө ээ болсо эле, аны ийгиликтүү деген туура эмес.

- Окутуучулар эң жакшы жөндөмдөргө ээ болсо.
- Балдардын жана окутуучулардын саны көбөйүп жатса.

- Балдар Ыйык Китеп жөнүндө билим алып жатышса
- Окутуучулар эң жогорку сапаттагы материалдарды колдонуп жатышса.
- Балдарга кызмат жакса.

Балдар кызматы ийгиликтүү болсо, ушундай мүнөздөмөлөргө ээ болушу керек; алар жок болсо – туура эмес, бирок жогоруда айтылган элементтердин кээ бири же баары болсо да, кызмат ийгиликтүү болбой калышы мүмкүн.

Төмөнкү элементтер болсо, сиздин кызматыңыз ийгиликтүү

- Балдар Кудайга тобо кылуу менен келип, куткарылганына толук ишенет.
- Балдар акырындык менен руханий өсүп жетилет.
- Өсүп жетилген сайын алар машайакчылык принциптерди жолдойт.

Сиз иштешкен бала төмөнкүдөй болбосо, сиздин кызмат ийгиликсиз болгон

- Машайакчы болбосо.
- Дүйнөлүк ролдордун моделдерин тандаса.
- Өсүп-өрчүгөн сайын ыпылас көңүл ачууларды жана мамилелерди издесе.
- Өзүнө карата Кудайдын эркин четке какса жана өзүнүн жеке амбицияларын ээрчисе.

**Жашоону Кудайдын чындыгы боюнча куруу – адамды Машайактын жетилген жолдоочусу кылып өстүрүү үчүн шакиртчилик ишин билдирет. Кудайга кайрылуу дароо эле адамдын ойуна жана жашоосуна Кудайдын чындыгын киргизбейт: чындыкты киргизүү үчүн убакыт керек. Шакиртчиликтин чыныгы иши ушул.**

## Балдар кызматындагы биринчи муктаждык

► Балдардын кызматында баарынан эмне маанилүү жана эмне биринчи орунда турат деп ойлойсуз?

Балдардын кызматы балдарды жана чоңдорду камтыган кызматка кызыккан адамдардын тобун чогултат. Анда сөзсүз түрдө тубаса жетекчилер бар – расмий кызмат ордун ээлебесе да, башкаларга өзүнүн үлгүсү менен таасир тийгизген адамдар; мындай жетекчилер чоңдордун да, балдардын да, арасында бар.

Кызмат үчүн биринчи муктаждык – жагымдуу руханий атмосфера курган машайакчылык чөйрө; ушундай жол менен сиз интеллектуалдык, физикалык, руханий жана социалдык жактан жетилбеген машайакчыларды азыктандыра аласыз.

Демек улуулар руханий жакшы үлгү берген адамдардан болушу керек. Балдар кызматына жеңил ойлуу машайакчыларды катыштырганга болбойт; ошондой эле ага сиз жеткирүүгө аракет кылып жаткан нерселерди четке кагууга түрткөн балдарды кошпоо керек.

Эгер балдар кызматында төмөнкүдөй мүнөздөмөлөр болсо, ал ийгиликсиз болуп келген

- Улуулар жакшы руханий үлгү көрсөтпөй туруп, жакшы жөндөмдөргө же башка факторлорго ээ болгону үчүн балдар кызматына жардам берсе.
- Руханий кызыгуусу жок балдар сүйлөшүүлөрдө жана топ менен баарлашууда үстөмдүк кылса.
- Бардык иш чараларды улуулар өткөрүп, балдар аларга өтө деле катышпаса.
- Бир нече бала гана кызматташып жана руханий кызыгуу көрсөтүп, ошол эле учурда аларды көпчүлүк балдар кабыл албаса.

Балдар тобун карап, өзүңүзгө төмөндөгүдөй суроолорду бериңиз. Эгер кызматка жаңы бала келсе, ал кайсы балдарга кошулмак? Эгер жаңы кыз келип калса, кимди туурамак? Алар тийгизген таасир жакшы болот беле же жаман болот беле?

Кызматтагы эң керектүү нерсе – позитивдүү машайакчылык чөйрө. Балдар кызматы ушундан башталышы керек; эгер бул нерсе жок болсо, кандайдыр бир жолдор менен кайра башынан баштоо керек, антпесе туура максаттар ишке ашпай калат.

## Өмүрдү өткөрүп берүү принциби

Кудай өз-ара мамилелешүү аркылуу таанылат.

Кудай Жакыпка сүйлөгөндө, Өзүнүн ким экенин айткан, Ал булар чын болсо да: «Мен ааламдын Кудайымын», – же: «Мен дүйнөнү жараткан Кудаймын», – деген эмес. Ал: «Мен Теңирмин, атаң Ыбрайым менен Ыскактын Кудайымын» деген (Башталыш 28:13): Кудай Өзүн адамдар аркылуу таанытат.

Ыбрайым ишеним адамы болуп калган, ал эми башкалар Кудайга ал аркылуу ишенип калышкан. Анын кулу Элиезер: «Теңирим, Ыбрайым мырзамдын Кудайы!» деген (Башталыш 24:12).

Кудай сиздин Кудайыңыз болгондуктан Аны жакшыраак таанып билген адамдар болушу керек.

Кээде биз шакиртчилик – адамдарга алар мындан ары билиши жана кылышы керек болгон маалыматты айтып берип коюу деп ойлойбуз. Алгач аларга жолдогусу келген каалоону жараткан жашоону көрсөтүү керек. Алар сиздей жашагысы келсе, ошондой жашоо үчүн керектүү болгон сиздин көрсөтмөлөрүңүздү угат.

Шакиртчилик – өмүрүңдү өткөрүп берүү: жашоо, ниеттери жана негизги баалуулуктары менен устаттан шакиртке өткөрүлүп берилет.

**Жашоону өткөрүп берүү принциби, устат шакиртке өзүнүн жашоосун ниеттери жана негизги баалуулуктары менен шакиртке өткөрүп бергенде шакиртчилик ишке ашарын айтат.**

Биринчи кылымдагы раббилер шакиртчилик – өмүрүңдү өткөрүп берүү экенин түшүнүшкөн. Жаш адам раббинин шакирти болгусу келгенде, андан өзүн кабыл алууну суранган.  Эгер рабби аны кабыл алса, ал рабби менен бирге өмүр сүрө баштаган: ал анын доктриналарын эле эмес, жашоого көз карашын да изилдеп, аны менен көп убакытын өткөргөн.

Ыйса Анын шакирти болууну суранбаган адамдарды тандоо менен бул салтты карманган эмес, бирок аларга өмүрүн өткөрүп берүү үчүн алар менен бирге жашоосун бөлүшкөн.

Машайак өлүп кайра тирилгенден кийин, Анын кээ бир шакирттери камакка алынып, Ыйсаны суракка алган сотко алып келинген. Синедрион Машайакты жок кылгандан кийин, көйгөйлөр чечилди деп эсептесе керек: алар Анын жолдоочуларын сестентип, оозун жабуу үчүн бир аз коркутуп-үркүтүп коюу жетиштүү болот деп ойлошкон. Шакирттерди карап көрүп, дин кызматчылар алар билимдүү адамдар эмес экенин түшүнүшкөн. Алар сот мүчөлөрүнүн бардыгына салыштырмалуу билимсиз адамдар болгону чын, бирок Жазуу Синедрион алардын Машайак менен бирге болгонун билгенин айтат (Элчилердин иштери 4:13): Ыйса Өз өмүрүнүн мөөрүн аларга басып койгон.

Эмне үчүн алар Ыйсадан шакирттерди көрүшкөн? Алар Ыйсага окшош сүйлөшкөнбү? Балким, бирок андан башка бир чоңураак нерсе болгондой сезилет. Алар Кудайдын чакыруусун түшүнүүдөн келип чыккан кайраттуулукту көрө алышкан. Алар чындык үчүн канчалык кымбат баа төлөш керек болсо да, алар чындыкка арналганын көргөн. Алар бийлик өкүлдөрүн урматтоону, бирок компромисс менен эки жүздүүлүктү четке кагууну көрүшкөн. Ошол бузулган саясатчылар менен эки жүздүү динчилер алардын көйгөйлөрү эми башталганын түшүнгөндө жүздөрү карарып кеткен. Ыйса «көбөйүп», Анын таасири башка адамдарда шакиртчилик аркылуу терең орун алган.

Пол Брэнд аттуу дарыгер Индиянын ооруканаларынын биринде бейтаптарды текшерип аларга диагноз коюп жаткан жаш студент-медиктерди байкап турган. Ал студенттердин бири бейтапка абдан жумшак мамиле кылганын көргөндө анын бетинин түрү өзүн окуткан дарыгер Пилчердин бетинин түрүнө ушунчалык окшош экенине таң калган. Пилчер аттуу дарыгер – Пол Брэндди Лондондо окуткан хирург эле. Дарыгер Брэнд өзүнүн устаты эч качан Индияда болбогонун билген, ошол себептен үйрөнчүк студент кантип аны ушунчалык окшош туурай алганына абдан таң калган. Ошондо шакирттердин бири: «Биз

Пилчер аттуу дарыгерди таптакыр тааныбайбыз, бирок бул студенттин бетинин түрү азыр так эле сиздикиндей болуп турат» деген экен[39].

Окутпай жүргөндө үйрөткөн нерсе эң чоң таасир тийгизет: атайлап окутпаган кезде сиз үйрөтүп жаткан болосуз. Кимдир бирөө мындай деген экен: «Айтып жаткан нерсеңиз менен бир аз үйрөтөсүз, кылганыңыз менен көбүрөөк үйрөтөсүз, өзүңүздүн ким болгонуңуз менен баарынан көп үйрөтөсүз».

Өз үлгүңүздүн күчүн сезиңиз. Адамдар сизден дайыма үйрөнөт, өзгөчө сиз жашооңуздун стилин өткөрүп бергенде үйрөнөт.

Сиз көйгөйгө кандай жооп кайтарсаңыз, шакиртиңизге да ошону үйрөтөсүз.

Балдарга кызмат кылуу үчүн боорукерлик, сылыктык жана чыдамдуулук маанилүү. Кээ бир адамдар балдарга башкаларга караганда боорукер, сылык жана чыдамдуу болуу жөндөмүнө ээ болушат.

Адамга 100% көңүл бурсаңыз, адамды баалаганыңызды көрсөтөсүз. Шакиртиңиз менен сүйлөшкөндө шашып жатканыңызды көрсөтпөңүз. Кыймыл-аракетиңиз менен эмне деп сүйлөп жатканыңызга көңүл буруңуз: кийинки кыла турган жумушуңузду кыла баштайсызбы, ал сүйлөп жатканда башка бир ишиңизди кылып жаткан болосузбу же көңүлүңүздү дагы башка нерсеге бурасызбы?

Жакшы угуучунун адаттарына ээ болууга күч жумшаңыз. Жакшы угуучунун белгилери – көз карашып сүйлөө, жүзү менен толук көңүл буруп жатканын көрсөтүү, алаксыткан нерсеге көңүл бурбоо жана сүйлөп жаткан адамдын тамашасына же башка реакцияларына жооп кайтаруу.

Эгер чындап шашып жатсаңыз жана токтоп аны уга албасаңыз, акыбалыңызды түшүндүрүп берсеңиз болот. Шакирттерге керектүү убакыт бөлсөңүз, аларда таарыныч пайда болбойт. Эгер балдарга убакыт бөлүү үчүн өтө бошобосоңуз жана башка кыла турган иштериңиз жөнүндө ойлонуп жүрсөңүз, анда токтоп чыныгы ишиңиз кайсы экенин ойлонушуңуз керек.

► Сиздин жашооңуздун бир бөлүгү болгон балдар барбы? Сиз аларга алар сиз үчүн маанилүү экенин кантип көрсөтсөңүз болот? Өзгөртө турган адаттарыңыз барбы?

Кудайга жеткиликтүү болуу биздин жөндөмдөргө караганда маанилүү. Эң Жогорку Кудайдын чакырыгын аткаруу үчүн Ал бизге берген шыктарга караганда, өзүбүз Ага көбүрөөк керекпиз. Кудай Өзүнүн чакырыгын аткаруу үчүн керектүү жөндөмдөрдү берет

---

[39] *Анын бейнеси боюнча*, 18-19

Жаштар көп нерседе чечкиндүү эмес жана туруксуз болушат. Алар кыска убакытта эле руханий адамдан козголоңчул адам болуп, берешен адамдан өзүмчүл адам болуп, жетилген адамдан жаш бала болуп өзгөрүп калышат. Алар эки жүздүү болгон үчүн ушундай эмес, алар дагы деле өнүгүп жатышат жана алардын мүнөзү туруктуу эмес.

> «Адам жаштарга боору оорубай калганда, анын жердеги жашоосу бүткөн болот» (Джордж МакДональд).

Жаштар тең салмактуу эмес жана туруксуз, бирок сиз алардан дайыма туруктуулукту күтүшүңүз керек. Алар чөгүп турган күнү алардын колунан эч нерсе келбээрин айта турган болсоңуз, алар өздөрүнөн да көп нерсе күтө албай калышат. Алар азырынча ким болорун билишпейт, бул процесс учурунда аларга берген бааңыз аябай зор рол ойнойт.

Алардын жашоосу үчүн Кудайдын өзгөчө планы бар экени, Кудай алардын ар бирине өзгөчө жөндөмдүүлүк бергени жөнүндө көп айтыңыз. Биз Кудайдын эркине жараша иш кылганда, канааттануу пайда болорун айтыңыз.

Жетекчилик жөндөмүнө ээ болгон жаш адамдын көп идеялары болушу мүмкүн, бирок ал жакшы идеяны жаман идеядан айырмалай албайт. Жетилүүнү билдирген чыныгы аспект – жакшы идеяларды жаман идеялардан айырмалай билүү. Анын идеяларды ойлоп табуу каалоосун талкалабай, акылмандуулукка үйрөтүңүз.

Мындан сырткары Кудайдын ар бир адам үчүн даяр планы бар экенин жана Кудай аны ишке ашыруунун үстүнөн иштеп жатканын унутпаңыз. Студенттерде Кудайдын планын өстүрүп өрчүтүү үчүн айырмалай билүү жөндөмү үчүн сыйыныңыз. Окуп жаткандардын жашоосунда ырайым курмандыктары жана Кудайдын алдын ала кам көрүүсү тууралуу сыйыныңыз, алар студенттерге туура багыт берет.

## Окутуу ыкмаларын жакшыртуу

► Жакшы окутуу стили кандай мүнөздөмөлөргө ээ? Кимдир бирөө окутуп жатканда, анын жакшы окутуучу экенин эмнеден билсе болот?

Окутуу стилин окутуучу көзөмөлдөйт. Окутуучу кылдаттык менен пландай турган стилдин бир нече аспектиси бар.

### (1) Үйрөтүүнүн деңгээли

Адамдар мойну тар кумара сыяктуу. Ага бир нерсени өтө тез куйса, куюп жаткан нерсенин бир бөлүгү сыртына төгүлүп калат. Эгер адамдарга көп маалыматты өтө тез үйрөтсөңүз, алар аны сиңире алышпайт. Адам жаңы маалыматты изилдегенде, аны андан мурун билген нерсе менен

байланыштырышы керек. Ошондой эле ал маалымат анын жашоосуна кандай таасир тийгизерин ойлонушу керек. Ошол себептен маалыматты берүү ылдамдыгын чектөө керек.

Эсте калбай турган көп нерселерди «тийип-учуп» айтып кеткендин ордуна кайсы бир маанилүү маалыматты унутулбаган жол менен жеткирген жакшы. Толтура маалыматка ээ болуп, анын маанилүүлүгүн көрө албагандан көрө, бир негизги түшүнүктү колдонгонду үйрөнгөн жакшы.

**(2) Топто талкуулоо**

Көпчүлүк адамдар окуп жатканда, башкалар менен талкууларды жүргүзүп турушу керек:  аларга суроолорду берип, андан кийин кайсы бир түшүнүктү өз сөзү менен айтууну сунуштоо керек. Окутуучунун стилинде угуучулар менен иштешүү болбосо, алар көп деле материалдарды өздөштүрө албайт.

Сиз теманы суроо менен тартуулап баштасаңыз болот. «Эмне үчүн бул маанилүү?», – же: «Бул нерседе баарынан эмне маанилүү?» Киришүү үчүн суроолорго өтө көп убакыт сарптабаңыз, бирок аларды угуучуларды кызыктыруу үчүн колдонсоңуз болот.

Маалымат бергенден кийин сиз окуучулар кайсы бир түшүнүктү өз сөзү менен түшүндүрүшү үчүн суроолорду берсеңиз болот. Мисалы: «Бул окуядагы адам кандай ката кетирген?», – же: «… эмнеге маанилүү?» Жөн гана оң же терс жоопторду бере турган суроолорду эмес, түшүндүрүүнү талап кылган суроолорду бериңиз. Студенттер кеңири жооп бере алышы үчүн суроолор оңойураак болушу керек: эгер шакирттердин жооптору көп учурда туура эмес боло берсе, алар кызыгуусун жоготуп коюшу мүмкүн.

- Окуучуларды өтө жеке нерселер менен бөлүшүүгө мажбурлабаңыз, бирок кандайдыр бир жеке нерселери менен бөлүшө түрган жагдай түзүүгө аракет кылыңыз.
- Дайыма эле окшош шакирттер жооп бергенине жол бербеңиз. Сиз унчукпай турган бирөөнөн: «Сабыр, бул жөнүндө кандай ойдосуң?» – деп сурасаңыз болот. Ошондой эле башкаларды: «Башкалар бул жөнүндө кандай ойдосуңар?» деген суроонун жардамы менен катышууга шыктандырса болот.
- Класстагы окуучуларга башка балдарды көзгө илбей өз-ара талкуулоолорду баштоого жол бербеңиз.
- Сүйлөп жаткан адам жаш бала болсо да, анын сөзүн эч ким бөлбөсүн.
- Кимдир бирөөнүн түшүндүрмөсүн сындап баштоодон мурун, аны шыктандырууга аракет кылыңыз. Жоопту бир аз оңдош керек болсо, аны кеңейтип жооп берүү менен оңдоп кетиңиз.

**(3) Актуалдуулугу**

Өзүңүзгө дайыма: «Эмнеге бул материал абдан маанилүү?» деген суроо беришиңиз керек. Эгер сиз бул суроого жоопту билбесеңиз, окуучулар да билишпейт. Материал аларда кандай өзгөрүүлөрдү пайда кылышы керек? Аны жашоосунун кайсы тармагына колдоно алат? Эгер сиз буларды түшүнбөсөңүз, алар да түшүнө алышпайт.

Эгер окуучулар тема алар үчүн актуалдуу экенин көрсө, жакшыраак угушат. Классты көзөмөлдөгүңүз келсе, тартипти сактоого караганда, кызыктуу материалды түшүндүрүүгө көбүрөөк көңүл буруңуз.

**(4) Маанилүүлүгү**

Өзүңүз үйрөтүп жаткан чындыкты колдонуунун натыйжаларын көрсөтүңүз. Адамдар ал чындыкты билгенде жана аны колдонгондо эмне болот? Адамдар бул чындыкты четке какканда эмне болот?

Балдарды өтө зор мааниге ээ темалар менен шыктандырыңыз: арзыбаган суроолорго убакыт коротпоңуз. Сиз айтып берип жаткан чындык боюнча жашаган адамдар жөнүндө окуяларды айтып бериңиз: окуучулар сиздин планды эстеп калышпайт, бирок окуялар алардын эсинде калат.

Балдарга баатырларды көрсөтүңүз. Алар суктана турган жана үлгү ала турган адамдарды издешет. Аларга ишеним баатырлары – элестете албаган кереметтерди көргөндөр жөнүндө гана эмес, Кудайдын күчү менен улуу иштерди кылган баатырлар жөнүндө айтып бериңиз. Жыйындын миссиясы – жакшы кабар таратуу жана Машайак үчүн шакирттерди жасоо – дүйнөдөгү эң татаал жана жан дүйнөңдү толтура турган иш экенин көрүүгө жардам бериңиз.

**(5) Көрсөтмө куралдар**

Окуяларды айтып бергенде колдон келишинче түстүү сүрөттөрдү колдонуңуз; кандайдыр бир түшүнүктөрдү түшүндүргөндө, негизги сөздөрдү жана билдирүүлөрдү тактага жазып туруңуз; балдар көрүп жана укса жакшы эстеп калышат.

**(6) Иш-аракеттер**

Адамдар практикалык иш-аракеттер аркылуу үйрөнүшөт. Балдар окуяны сахналаштырып же колдору менен бир нерсе жасаганда үйрөнө алышат. Окутуучу өзү сабакка сахналаштырууну кошсо болот. Бул көбүрөөк убакытты талап кылышы мүмкүн, бардык окуяларды сахналаштыруу мүмкүн эмес болот, бирок сиз ар бир учурда ар башка ыкмаларды издешиңиз керек.

► Кээ бир окуучулар жакында сабак өткөнүн же насаат айтканын айтып берип, сабактын материалын эске алганда аларды кантип жакшыртса болорун ойлонсо

болот. Ошондой эле алар жогоруда саналган окутуу стилинин кайсы аспектерин кандай колдонуп келгенин бөлүшсө болот.

## Балдарга жакшы кабар таратуу ыкмасы: сөзү жок китеп

Сөзү жок китептин ар бир барагы түсү менен айырмаланып турат жана жакшы кабардын бир бөлүгүн билдирет.

Төмөндө ар бир баракты кандай түшүндүрсө болору жазылган. Сөзү жок китепти берип жатканда көбүрөөк түшүндүрүп, суроолорду берүү менен балдарга сүйлөшүүгө катышууга мүмкүнчүлүк берсеңиз болот.[40]

Көңүл буруңуз: кээ бир адамдар барактарды жайгаштырганда биринчи алтын баракты, андан кийин караны, анан андан ары төмөндө берилгендей кылып жайгаштырышат.

**Кара.** Кара түс бизге күнөө жана биз кылган жаман нерселер жөнүндө эстетет. Ыйык Китеп бардыгы күнөө кетиргендиктен Кудай менен көйгөйлөрүбүз пайда болгонун айтат (бул этапта балдар өздөрү күнөөкөр экенин түшүнүп, ушуну мойнуна алышы керек).

**Кызыл.** Ыйса, Кудайдын Уулу биз кечиримге ээ болушубуз үчүн биз үчүн өлгөнү жакшы кабар. Кызыл түс Машайактын канын билдирет. Ыйса өлгөн, бирок ал өлгөндөрдөн тирилип, бизге асманды даярдап жатат.

**Ак.** Кудай бизди кечиргенде, биздин жүрөктү тазалап, биз кылган бардык күнөөлөрүбүздү алып таштайт. Сиз сыйынып Теңирден кечирим сурасаңыз болот. Күнөөлөрүңүз үчүн өкүнсөңүз Кудай сизди кечирүүгө даяр.

**Алтын.** Алтын түс – Кудай сиз үчүн даярдап жаткан асманды билдирет. Бул жердеги өмүрүбүз аяктаганда, биз кайгы капа, оору жана жамандык жок бейиште Кудай менен бирге жашайбыз.

**Жашыл.** Сиз кечирилгенден кийин, Кудайдын уулу же кызы болуп каласыз. Сиз Анын менен мамиледе өсөсүз. Жашыл түс өсүүнү билдирет. Сиз Кудай жөнүндө жана Ал сиздин кандай жашашыңызды каалпарын көбүрөөк биле аласыз. Сиз Ыйык Китепти окуп, күн сайын сыйынып жана Кудай менен кантип жакын жашоо керектигин билген адамдарды угушуңуз керек.

---

[40] Сөзү жок китепти колдонуу боюнча кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү даректерди карап көрүңүз:
http://berean.org/bibleteacher/wb.html
http://www.abcjesuslovesme.com/ideas1/bible/bible-themes/1150-wordless-book
Сөзү жок китепти же ошол сыяктуу бир нерселерди жасоо үчүн төмөнкү даректе кайрылыңыз:
http://www.teenmissions.org/resources/wordless-book-bracelet/

**14-сабактын тапшырмалары**

(1) Бул сабактын «Өмүрдү өткөрүп берүү» деген бөлүгүнө кайрылыңыз. Балдар менен аларды окутканда эле эмес, жолуккан сайын кандай иш-аракеттерди кыларыңызды карап чыгыңыз. Сиз эмнени өзгөртүшүңүз керек? Сизди жакшы билген бирөө менен сүйлөшүп көрүңүз. Ага материалды көрсөтүп, материал боюнча сизди баалоосун жана чынчылдык менен пикирин билдирүүсүн сураныңыз. Сиз бул сабакты аткарганыңыз жөнүндө отчёт беришиңиз керек, бирок сизди кандай баалаганы жөнүндө тактап айтпай эле койсоңуз болот.

(2) Балдар үчүн сабак же насаат даярдаңыз. Окутуу стилинин бардык алты аспектин колдонуу үчүн жакшылап даярданыңыз. Сабакты кандай даярдаганыңыз жөнүндө бөлүшүүгө даяр болуңуз.

(3) Сөзү жок китепти сатып алууга же жасоого мүмкүнчүлүк табыңыз. Аны тартуулоону үйрөнүңүз жана аны колдонуп жок дегенде үч адамга жакшы кабар айтып бериңиз. Ар бир сүйлөшүү жөнүндө кыскача аңгеме жазыңыз.

# 15-сабак
# Жыйынга тапшырылган максат

## Киришүү

Бакыт жыйында алгач өткөргөн жылдары жөнүндө эстегенди жакшы көрөт. «Биз паркта жолугуп, көргөндөрдүн баарын чакырчубуз. Күн суук боло баштаганда, автобустун ичинде чогула баштадык. Ажатканалар жок эле. Кийин биз гимназияга көчтүк, андан кийин эски чиркөөдө ижарага орун алдык».

Ал жылдары Бакыттын жыйыны өскөн. Өзүн жыйынга арнаган адамдар имарат кызыктырган эмес, аларды адамдар тарткан.

Бул сабакта жыйынды куруу жөнүндө айтканда, биз имарат жөнүндө кеп кылган жокпуз. Көптөгөн улуу жыйындар татаал кырдаалдарда курулуп баштаганы жөнүндө окуяларды айтып беришет.

Кээ бир жыйындар алардын имараты анча жакшы эмес болгондуктан, адамдарды тарта албай жатканын айтышат, бирок аларга имаратка караганда маанилүү бир нерсе жетпей жатканы ачуу чындык.

## Жыйынга чакыруунун мааниси

Машайакчылар бардык жерлерде адамдарды өзүнүн жыйынына чакырат. Алар адамдар жыйынды жактырып, ага кошулууну каалап жана жакшы кабардын чакырыгына жооп берет деп үмүттөнүшөт.

► Сиз кимдир бирөөнү жыйынга чакырганда, аны кандай максат менен чакырасыз? Сиз адамга эмне сунуш кыласыз?

Биз адамдардан алардын муктаждыгы чечилиши үчүн же алар парызын аткарышы үчүн кандайдыр бир диний жөрөлгөлөрдү аткарууну суранбайбыз. Биз адамда ишеним болбосо, диний жөрөгөлөрдү аткаруу ага таасир тийгизерине ишенбейбиз.

Алар Кудайга кайрылмайынча, Кудайга табынуу деген эмне экенин түшүнө аларын күтпөйбүз.

Биз алар жыйындагылардын достук мамилесин жактырганына жана алар кайрадан ошондой сезимдерге ээ болууну каалаганына үмүттөнөбүз.

Биз алар жакшы кабарга жооп берет деген үмүттөбүз.

Кээ бир жыйындар программаны жагымдуу кылып, рухка толууну кошпой коюшат. Алар адамдарга өткөрүлгөн иш чаралар жагып, алар улантып келе

берерине үмүттөнүшөт. Көңүл ачуучу иш чаралар ийгиликтүү болсо, алар туура эмес кызыкчылыктары бар адамдарды өзүнө таркан көйгөй жаралат. Мындай учурда жыйын табынууга кызыкпаган, бирок көңүл ачууларга ырахаттанган көп адамдарды камтыган аралаш коомчулук болуп калат. Табынууну алып баруучулар жана музыканттар аткаруучу болуп калышат, жыйынтыгында табынуу тобу да табынууга кызыкпай калат, ошол себептен ал бурмаланат.

► Бул суроону кайра карап чыгыңыз. Кимдир бирөөнү чакырганда, ал адамга эмнени сунуш кыласыз? Сиз эмнени сунуш кылышыңыз керек?

Адам Кудайга келгенде боло турган чоң өзгөрүүлөр жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Ал өзүнүн эски динин таштагандыктан, үй-бүлөсүнөн жана досторунан бөлүнүп калышы мүмкүн. Ал күнөөлөрү үчүн тобо кылганы, ал өзүнө ырахат алып келет деп ойлогон нерселердин көпчүлүк бөлүгүн ташташы керектигин билдириши мүмкүн. Ал Кудайга жашоосун көзөмөлдөөнү тапшырат.

Тобо кылганда ушундай чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгондуктан, адам өзү таштай турган жана өзү кошула турган коомчулуктар жөнүндө ойлонгондон кийин Кудайга кайрылат. Эгер адамды кайсы бир машайакчынын күбөлүгү кызыктырган болсо, ал ошол машайакчы тиешелүү болгон коомчулукту жана анын ишеними иш жүзүндө кандай колдонуларын көргүсү келет. Адам: «Мен уккан кабар тобо кылсам кошула турган ишеним коомчулугун жаратkan болуш керек», – деп божомолдойт. Ал өзүнө мындай суроолорду берсе керек: «Бул кабарга ишенген жана ошого жараша жашаган адамдардын тобу кайда? Мен ошол адамдардын тобуна кошулсам кандай болот?»

Ыйса «Падышалыктын жакшы кабарын» тараткан жана адамдарга жакындап калган Асман Падышачылыгы жөнүндө көп айткан (Лука 10:9). Ага кирген адамдар Эң Жогорку Кудайдан башкаруусун кабыл алды жана Анын мыйзамдары боюнча жашап, Аны менен бирге жашоосун бөлүштү. Алардын Кудайга ишенимдүүлүгү аларды ишеним коомчулугуна айланты.

Адамдар жакшы кабар аркылуу түзүлгөн ишеним коомчулугун көрүшү керек болгондуктан, жекеме жеке жакшы кабар таратуу мүмкүн эмес. Демек адамдарды өзүнө тартып турган ишеним коомчулугу болушу керек.

> «Ыйса шакирттерин бардык кыйынчылыктарды жеңген, өлүм менен тозоктун күчтөрүнүн үстүнөн салтанат курган жыйындын түзүлүшүнө киргизген. Жыйын сары кычынын данындай болуп кичинеден башталган, бирок көлөмү жана күчү көбөйдү…»
> (Роберт Колеман, «*Кожоюндун Планы*»).

► Адам өзүн жыйынга арнашы үчүн алгач эмнени көрүшү керек?

Жыйын Кудай жараткан маңызга жана Кудай тапшырган миссияга ээ. Жергиликтүү жыйындардын ар бири эң жакшы жыйын болуп, Кудайдын

стандарттарына болушунча туура келиши керек. Биз жыйынга адамдарды тартуу үчүн аны башка бир нерсеге айлантпашыбыз керек жана ал кандай болсо, ошондой көрсөтүп, аны башкача кылып көрсөтүүгө аракет кылбашыбыз керек. Эгер жыйын Кудай ага тапшырган ролду аткарып жатса, бул туура адамдарды тартат жана өзүн арнаган ишенүүчүлөрдүн тобун жаратат.

**Адамдарды өзүнө тарта алган жергиликтүү жыйындын мүнөздөмөлөрү**

**(1) Жыйындын мүчөлөрүнүн жашоосунан алардын Кудай менен мамилеси реалдуу жана толук кандуу экени көрүнөт.** Куткарылбаган адамдын Эң Жогорку Кудай менен мамилеси жок. Ал Кудай менен жашаган кандай экенин көргөндө, ага муктаж экенин сезиши мүмкүн. Теңир менен мамилеси бар жыйындын мүчөлөрү, Аны таанып билүүдөн жана Ага жашоосун арнагандан кубанычка толушат. Эгер жыйындын мүчөлөрү андан сырткары жүргөндө күнөө кылып жашай берсе, Кудайга толбогонун көрсөтүшөт.

**(2) Жыйын доктриналарды чындык жана Кудай менен мамиле куруунун шарты катары тартуулайт.** Доктриналарды үйрөтүү алар чындык болгон үчүн эле маанилүү эмес, биз Кудай менен жашоону каалагандыктан аларды билишибиз керек. Үй-бүлө куруу – убадаларды берүү менен мамилелешүү болгон сыяктуу эле, биздин Кудай менен мамилебиз – өзүбүздү арноо убадасы. Доктриналар бизге ушул мамилелерде кантип жашоо керектигин түшүндүрүп берет.

**(3) Жыйын Кудайга табынуу кубанычын көрсөтөт**. Бул көңүл ачууларга ырахаттануудан айырмаланат. Чыныгы Кудайга табынбаган адамдар Аны менен жолугушуудан келген кубанычты сезе алышпайт. Биз Кудайды урматтоо үчүн жаралганбыз, ошол себептен куткарылбаган адам кубаныч менен табынууну көргөндө жеке өзү ошону каалашы мүмкүн.

**(4) Жыйындын мүчөлөрү жашоосунун максаты түбөлүктүүлүк менен байланыштуу экенин көрсөтөт.** Машайакчылар жашообуздун мааниси барбы деген суроо менен алпурушуп, ага такалбай эле койсо болот; кыйын учурларда алардын сооронуусу жана кайраттуулугу бар. Куткарылбаган адамдар жашоонун маанисин таба албаганы үчүн кыйналышат; алар түбөлүктүүлүккө кантип өлүм менен жолугарын элестете алышайт.

**(5) Жыйын өзүмчүл максаттарга карама-каршы өз ара мамилелешүүнүн артыкчылыгын көрсөтөт:** ал жакшы кабар менен бөлүшөт же жыйындын мүчөлөрүнөн уюм түзүлүшүн куруу максатында гана аларга кам көрбөйт. Дүйнөдөгү адамдар мамилелешүүнү барк албайт же аларды өзүмчүл ниет менен колдонушат.

**(6) Жыйындын кабары терең руханий муктаждыктарды канааттандырат.** Куткарылбаган адам дүйнөдөгү башка эч бир нерсе толтуруп

бере албаган руханий ачкачылыкты сезет. Насаат, окутуу жана кеңеш берүү адамдардын чыныгы муктаждыктарына туура келиши керек.

**(7) Жыйын – өзүнүн мүчөлөрүн сүйгөн жана алар жөнүндө кам көргөн ишенүүчүлөрдүн үй-бүлөсү.** Башка биригүүлөр жана топтор деле өздөрүнүн мүчөлөрүнө кам көрүшү мүмкүн, бирок жыйында гана машайакчылык баарлашууну тапса болот.

► Жыйын кайсы конкреттүү жол менен жогоруда айтылган мүнөздөмөлөрдү көрсөтө алат? Туура нерселерди биринчи орунга коюу үчүн эмнеден баштоо керек?

## Жыйынды жакшы кабар таратууга даярдоо

Жыйын өзүнүн программалары жана түзүлүшү жакшы кабар таратуу менен шакиртчилик миссиясын аткарууга жардам берерин ырасташы керек; ал кылган нерселердин баары ушул артыкчылыктарга туура келиши керек.

### Келгендерди тосуп алуу

Жыйын келгендерди тосуп алууга жана аларга ыңгайлуу шарттарды түзүп берүүгө даяр болушу керек. Кээде жыйынга келген адамдар эмнени күтүү керектигин билишпейт жана алардан эмнени күтүп жатышканы жөнүндө таптакыр түшүнүгү жок. Алгачкы мүнөттөрдө бири-бирине таптакыр карама каршы келген эки реакция болушу мүмкүн: адамдар табынуу кызматына келгенине кубанышы мүмкүн же жаңылыш келип алыптырмын деген ойдо болушу мүмкүн. Келген адамдарды тосуп алуу үчүн даярдалган кызматчылар болушу керек.

Адамдарды жашоо шартына карап тоотпой койбош керек. Жыйынга келген адамдар начар кийинсе, аларды ошон үчүн четке какпаш керек.

Ошондой эле жыйын ата-энеси жыйынга келбеген балдарга кызмат кылууга даяр болушу керек; ушундай балдар менен иштөөгө адамдар дайындалып даярдыктан өтүшү керек.

Келген адамды ал үйрөнө алган жана суроолорду бере алган кичи топко же үйлөрдө жолугушууга чакыруу керек.

### Жыйынга келбеген адамдарга жетүү

Жыйындын эң чоң жоопкерчилиги – жыйынга арналган мүчөлөр жөнүндө кам көрүү, бирок айланадагы адамдарга жетүү жөнүндө да унутпоо керек. Ушул максатта сырттан жыйынды карап турган адамдар анын иштерин көрүп, жакшы кабарды уга алышы үчүн иш чаралар өткөрүлүп турушу керек; алардын кээ бири күтүлбөгөн жерден өткөрүшү мүмкүн, бирок негизи кызматчылар башка

иш чараларды жакшы уюштурууга аракет кылышы керек, ошондой эле уюштуруу жөндөмдүүлүгү бар жыйын мүчөлөрүн үйрөтүшү керек.

Жыйын аймактын муктаждыктарына кам көрүү мүмкүнчүлүктөрүн табышы керек. Биринчи орунда – Кудайдын сүйүүсү жана Ыйык Китептин принциптери кандай иштегенин көрө алышат.

**Кичине топ кызматы**

Адам куткарылууга ээ болгондон кийин, аны табынуу кызматына гана тартпастан, шакиртчилик программасына да киргизиш керек. Башында жыйын жетекчиси менен жеке жолугушуулардан баштаса болот, андан кийин жума сайын өткөн кичине топко чакырса болот.

Дени сак жыйында көбүнчө кичине топтор болот, алардын кызматтары жыйындын мүчөлөрүнүн руханий жашоосуна колдоо берип турат. Алар үй чогулуштары, жетинчи күнкү балдар кызматы жана баарлашуунун башка түрлөрү болушу мүмкүн. Бирөөгө руханий отчет берүү жана адамдардын жашоосунун өзгөрүүсү көбүнчө ушундай кызматтарда ишке ашат. Жыйын жетекчиси кичине топтор ушундай иш алып барганын жана ушундай максаттарга кызмат кылганын ырасташы керек. Эгер жыйындын түзүлүшү адамдардын руханий өмүрүн колдобосо, өзгөрүүлөрдү киргизүү керек.

**Көзгө көрүнгөн мүчөлүк**

Өзүн жыйынга арнагысы келген адамдар, өзүн арноо деген эмне экенин так билиши керек. Кээ бир жыйындар аларда мүчөлүк жок экенин айтышат, бирок ар бир жыйында тиешелүү болуу тууралуу түшүнүк бар, анткени жыйын кандай адамдардан турганын түшүнүү керек.

Жыйынга тиешелүү болуу үчүн өзүн арноо керектигин бардыгы билиши керек. Жамаатка кошулуу тууралуу талаптарды жана процессти басып чыгарып коюу керек.

Өзүн жыйынга арноого даяр жаңы ишенүүчүлөргө дароо жардам берүү мүмкүнчүлүгүн берүү керек. Бул аларга жетекчилик кызмат ордуларын берүү керектигин билдирбейт; адамдар жыйындын бир бөлүгү экенин түшүнгөнү маанилүү.

**Жаңы ишенүүчүлөргө тез реакция кылуу**

Шакиртчилик Кудайга кайрылуудан кийин эле башталат. Кудайга келген адамдын шашылыш бир нече муктаждыгы пайда болот. Эң Жогорку Кудай менен ээ болгон мамиледе өсүү үчүн ал кантип сыйынуу жана Ыйык Китепти окуу керектигин билиши керек; ошондой эле ага жаңы достор керек, анткени ал өз чөйрөсүндөгү көпчүлүк адамдардан алыстайт жана мындан ары кандай жашаш керектигине тиешелүү көп суроолору пайда болот.

Жыйын жаңы ишенүүчүлөр менен шакиртчиликти дароо баштaшы керек. *Дароо* деген кийинки жетинчи күндү билдирбейт. Адам тобо кылуу сыйынуусунан кийин башын көтөрөрү менен кимдир бирөө ал үчүн жок дегенде кийинки жума ичинде күн сайын сүйлөшүп турууга жоопкерчилик алышы керек. Ошондой эле аны жыйындагы бир нече машайакчы менен тааныштыруу керек: адам өзү башынан өткөрүп жаткан өзгөрүүлөрдү талкуулоого эле эмес, өзүн кызыктырган суроолорду берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

Жаңы ишенүүчүнү колдоо ала турган жана суроо бере ала турган кичи топко кошулууга чакыруу керек. Мүмкүн болсо, ал топко биринчи катышканга чейин ошол топтогу кээ бир адамдар менен алдын ала тааныштырып койсо жакшы. Топтун кээ бир мүчөлөрү ага телефон чалып алдын ала таанышып, аны чогулуштарда көрүүгө кубанычта болорун айтып ынандырса болот. Бул ага жыйындын бир бөлүгү экенин сезүүгө жардам берет.

Жаңы ишенүүчү топко кийинки жолугушууда эле кошула алгыдай болушу керек. Сабактар адам каалаган учурунда аларга кошула алгыдай болуп түзүлүшү керек. Ушундай жол менен жаңы ишенүүчү топтун колдоосуна дароо ээ болот. Шакиртчилик тобунун мүчөлөрү сабактардын бир жыйнагын бүтүргөндөн кийин бул топтон чыгып кете беришет.

**Муктаждыктар жөнүндө кам көрүү**

Жыйын акча каражатка муктаж болгон адамдарга кам көрүшү керек, алардын көпчүлүгү жыйын жетекчилеринин башкаруусу жок эле адамдар бири-бирине жардам берип чечилиши керек. Эгер жыйындын көпчүлүк бөлүгү башкаларга жардам берүүдө жоопкерчиликти сезбесе, алар жетилген жыйын кура элек.

Жыйында бирөөлөрдүн муктаж экенин байкап турган дьякондор болушу керек; Элчилердин иштери китебинде биринчи дьякондор дал ушундай максат менен коюлган.

Муктаждыктар жөнүндө кам көрүү жакшы кабар таратуу миссиясына да керек. Адамдар жыйын – бири-бирине кам көргөн ишенүүчүлөрдүн үй-бүлөсү экенин көрүшү керек.

**15-сабактын тапшырмалары**

Бул сабакта айтылган нерсенин баарын кылган жыйынды элестетиңиз. Жыйынга келип, тобо кылып, өзүн жыйынга арнаган адам жөнүндө ойуңуздан таап аңгеме жазыңыз. Бул кадамдардын баары кандай болорун сүрөттөп жазыңыз.

# 16-сабак
# Чыныгы шакирттер

## Ыйсаны ээрчүү

► Ыйсанын шакирти болуу деген эмнени билдирет?

Кээ бир адамдар негизи эле жакшы адамдардын баарын машайакчы деп ойлошот; башкалары машайакчы деген кайсы бир нерселерге ишенүүнү билдирет деп ойлошот. Адамдардын мындай түшүнүгү алардын жашоосуна көп деле таасир тийгизбейт.

Адамдардын кайсы бир бөлүгү чындыкка жакын. Алар адам машайакчыга айланган Кудайга кайрылуу учуру болорун жана адам кечирилгенине ишенгенде ушундай болорун билишет. Көпчүлүк адамдар чындап Кудайга кайрылгандар, кайрылгандан кийин эмне кылбасын бейишке баруу кепилдигине ээ деп эсептешет.

Ырас, адам Кудайга чын жүрөктөн кайрылыш керек. Кечирим ырайымдын негизинде ишенимге жооп катары берилери чын. Машайакчы Кудайга баш ийип жашаары чын, бирок булардын бардыгы адам Ыйсанын шакирти болуп калганын билдирбейт.

Биз ишеним машайакчы болуп калуу үчүн жалгыз талап болуп калганда эмне болорун көрө алабыз: антиномианизмге – Кудайдын талаптарынын баары машайакчыга тиешелүү эмес деген идеяга алып келет. Эркин ырайымдын ордун ойлоп табылган ырайым ээлейт, анын үстүнө ал күнөөнү актайт.

Ойлоп табылган ырайымды тараткан жыйын мүчөлөрү чогулуштарга катышат, бирок ачык эле күнөөдө жашайт. Алардын жыйын жетекчилери жана кызматчылары жамаатка караганда жакшыраак жашашат, бирок алардын да күнөөкөр адаттары болушу мүмкүн. Алар биз ырайымдын негизинде куткарылгандыктан, Кудайга толук баш ийип жашоонун кереги жок дешет. Натыйжада алар Ыйса жыйынга берген тапшырманы – адамдарды Машайактын осуяттарына баш ийүүгө алып келүү тапшырмасын унутуп коюшат. Жыйындын өзгөчө иши – күнөөкөрлөдү Кудайдын ыйык табынуучуларына айландыруу, жыйындын бар болууга башка себеби жок.

Кудайга баш ийүү керектигин колдогон жыйындарда да, башка каталарды кетирген адамдар бар. Алар жашоосун өздөрдү туура деп эсептеген талаптарга баш ийдирүүнү үйрөткөн, бирок алардын Машайактыкындай руху жок. Аларда зөөкүрлүк жана кечирбестик көп. Алар момундук менен кечирим сурай алышпайт. Алар башкаларды тез соттошот жана кээ бир адамдарга гана

ишеним артышат. Алар өзүнүкүн дайыма туура деп ойлошот: алардын ар бир суроого жообу даяр, алар өздөрү менен макул болбогон адамды сыйлабайт. Аларда өлүмгө бара жаткандарды куткарууга кызганчаактык жок, бирок алар өзүнүн пикирин жулунуп коргоого даяр; алар өзүнө ыраазы жана өзгөрөйүн деген ою жок.

Мындай адамдар Машайакты чын эле тааныйбы жана Ага окшош болгусу келеби?

Машайакчы болуу деген Ыйсанын шакирти болууну билдирет.

Машайактын шакирти болуу деген эмнени билдирет? Ага баш ийүүнүбү? Албетте, бул керектүү учурлардын бири, бирок Улуу Тапшырмада Ыйса шакирттерине дүйнө жүзүндөгү бүт элдерге барып Анын «буйругандарынын баарын аткарууну» үйрөтүүнү камтыйт; бир гана баш ийүү Ыйсанын шакирти экенин дегенди билдирбейт.

Жүйүт раббилеринин шакирттери, алардын окутуусун гана эмес, жашоо стилин да үйрөнүшкөн; шакирттер алардын мамилелерин жана биринчи орунга койгон нерселерин үйрөнүшкөн.

Ыйса шакирттерин: «Келип, менин артымдан ээрчигиле» дегенде, эмнени айткысы келген? Ал жакшы кабар аркылуу дагы деле шакирттерди чакырып жатат.

Адам кантип шакирт боло алат?

> «Ыйса Машайак биздин дүйнөнүн борборун ээлеген нерседен – буркандан бөлүнүүнү жана ал эмне болбосун ошол нерсенин ордун ээлөөнү каалайт. Бул бир нерсеге тиешелүү болууну кескин өзгөртүү, анын артынан Кудайга кайрылуу келет же жок дегенде башталат; анан Машайак Өзүнө тиешелүү орунду ээлегенден кийин, бардыгы өз ордунан жылыша баштайт» (Бүткүл дүйнөдө жакшы кабар таратуу боюнча Лозан Комитети).

Алгач Ага ишенүү керек, анткени ишенимсиз Машайактын артынан ээрчүүнүн мааниси жок.

Иш-аракеттин багытын өзгөртүү керек. Эч ким жашоосун Машайактын жолдоочусу болуп баштабайт; ар бирибиз өз жолубузда бараткан болобуз. Анан Ыйсанын артынан кетүү чечимин чыгаруу керек болот; демек сиз бара жаткан жолуңуз туура эмес экенин түшүнөсүз. Ыйсаны жолдоо, тобо кылуудан башталат: сиз күнөөлөрүңүз үчүн тобо кылбай туруп Теңирдин артынан ээрчий албайсыз; эгер күнөөкөр иштерди кылууну токтоткудай өкүнбөсөңүз, анда дагы деле өзүңүздүн жолуңуз менен кетип бара жатасыз.

Тобо кылуудан кийин сиз Кудайдын кечиримин сезесиз жана Эң Жогорку Кудайды таанып билүү жана Машайактын образына окшошуу каалоосу аркылуу Аны менен мамилеңиз калыбына келет.

*Матай 16:21-25ти окуңуз.*

Бул сүйлөшүүдө Ыйса шакирттерине Өзүн күтүп турган өлүм жөнүндө айткан. Петир машайактын сөздөрүнөн нес болуп калган: ал өлүм менен Машайактын кандай байланышы бар экенин түшүнгөн эмес. Ал Ыйсаны бул жолдон кетирүүгө аракет кылып, өлүм жөнүндө ойлорду четке кагуу үчүн Ыйса менен талашып-тартыша баштаган.

Ыйса Петирди Кудай кылып жаткан ишти түшүнбөгөндүгү үчүн айыптады. Машайак Анын шакирти болуу үчүн өзүнөн баш тартып, айкаш жыгачын көтөрүп алып, Анын артынан ээрчүү керектигин айткан. Бул «мен» дегендин өлүмүн кабыл алууну билдирет. Ыйса адамдык өзүмчүлдүк, менменсинүү жана өзүн коргоо аракеттерин жемелеген – булардын баары чыныгы шакиртчиликке каршы келет.

► Эмне үчүн адам шакиртчиликке каршы чыкканы кадимки нерсе болуп эсептелет?

Шакирттер азап чегүү менен өлүм аларга туура келбейт деп ойлошкон. Алар Машайактын артынан ээрчүү деген эмне экенин дагы деле түшүнүшкөн эмес. Сиз кечирим алганыңыз үчүн эч нерсе төлөбөйсүз, бирок Ыйсанын артынан ээрчүү үчүн бардыгын беришиңиз керек болот: ал жүрөктү изилдөөнү, момун болууну жана өзгөрүүнү камтыйт.

► «Машайактын артынан ээрчүү үчүн сиз бардыгын беришиңиз керек» деген сөздөрдү түшүндүрүп бериңиз.

«Айкаш жыгачыңды көтөрүү» – Кудай менен түбөлүк жашоо үчүн өлүмдү кабыл алууну билдирет. Бул «мен» дегендин жеке көз карандысыздыктын өлүмү; бул жөн гана сырткы баш ийүү эмес: ал бүт жүрөктү ээлейт. Падышалыкка кирүү үчүн Ыйса ушундай момундук керектигин айткан.

Ыйсанын биринчи шакирттери сыяктуу эле бүгүнкү күндө көп адамдар шакирт болуу деген эмне экенин түшүнүшпөйт. Жыйындар тобо кылбаган адамдарга ырайым сунуш кылат, ошол себептен Кудайга кайрылгандар баштай турган жолун эмес, таптакыр башка нерседен башташат жана алар алдыда күтүп турган нерсеге даяр эмес. Бул чыныгы машайакчылык жашоодон ушунчалык айырмалангандыктан, таптакыр башка жашоо жолун билдирет.

Дитрих Бонхёффер Гитлер тарабынан өлүм жазасына айыпталган жыйын жетекчиси болгон. Ал өзүнүн «Шакиртчиликтин баасы» деген китебинде мындай саптарды жазган:

> Кымбат баалуу ырайым – ал талаада катылган казына; ага ээ болуу үчүн адам барат да кубаныч менен бардык мүлкүн сатып жиберет. Ал асыл берметтей: аны сатып алуу үчүн соодагер бардык буюмдарын сатып жиберет. Бул Машайактын падышалык башкаруусу, анда болуу үчүн адам азгырылбайын деп көзүн чукуп салууга даяр: бул Ыйсанын чакырыгы, ага жооп берип, шакирт торлорун таштап салып Аны ээрчийт… бул ырайым кымбат баалуу, анткени ал бизди Машайактын артынан ээрчүүгө чакырат.

Анын артынан ээрчүү – Ага окшошуу. Бул өзүң үчүн өлүүнү билдирет, анткени Ал Өзүн толугу менен баш ийдирген. Бул кайсы бир туура эмес иш-аракеттерди кылууну токтотууну эле эмес, Ыйса кыла турганды кылууну билдирет. Биз Теңир Өзүнүн тазалыгы, мээримдүүлүгү, боорукерлиги жана кечирими менен кыла турган нерселерди кылууга аракет кылабыз.

Биз тандоо болгондо жана жүрөгүбүз кайсы бир нерсени жактырбаганда гана туура иш-аракет кылбайбыз: биз жүрөгүбүз Аныкына окшош болушун каалайбыз. Ал эч кимди жек көргөн эмес. Кээ бир адамдар атайлап Анын душманы болуп алышкан, бирок Ыйса эч кимдин душманы болгон эмес.

Анын чыныгы жолдоочулары жамандыкка толгон эмес. Алар өздөрүнө жамандык кылган адамдарга жакшылык кылышат. Алар батасын беришет жана эч качан каргашпайт. Алар кечиримин чектебейт. Алар өз укуктарынан баш тартышкан жана анын ордуна кызмат кылышат.

Ушундай өзүн баш ийдирип жашоону токтотуп коюу деген жок. Өз жанын сактап калууга аракет кылган адам аны жоготот; ал эми ким өз жанын берсе аны сактап калат.

► Адамдарды шакиртчиликке даярдоо үчүн аларды кантип куткарылууга тарта алабыз?

## Руханий өсүп-өрчүү

Ишенүүчүнү руханий жетилүүгө алып келген руханий түзүлүү процесси болот.

Машайакчы өмүр бою руханий өсүүгө жана жетилүүгө чакырылган, бирок ал жете алган деңгээл бар – бул бышып-жетилүү деңгээли. Элчи Пабыл ишенүүчүлөр өсүп отуруп, наристе болбой калган учурга чейин жете аларын айтат[41].

Руханий өсүп-өрчүүнүн кайсы бир бөлүгү окутуу аркылуу ишке ашат, ошол себептен элчи Пабыл жетилбеген адамдын мүнөздөмөлөрүнүн бири – адамдар терең доктринаны кабыл алууга даяр эместиги экенин айтат[42]. Жетилгендиктин

[41] Эфестиктерге 4:14

[42] 1 Корунттуктарга 3:1-2 (о.э. Эврейлерге 5:12-14тү караңыз)

өзгөчө белгиси – доктринага бекем ынануу. Окутуу – бул руханий өсүп-өрчүүнүн бир бөлүгү болгондуктан, шакиртчилик ишинин бир бөлүгү болуп саналат.

Руханий өсүп-өрчүү окутуу аркылуу гана ишке ашпайт.

Пабыл руханий бышып-жетилүү – бул машайакчылык биримдикте болуу, Кудай Уулун таанып билүү жана Машайакка окшошуу деген[43]. Мындай бышып-жетилүү – билимге ээ болуудан чоң жана билимден гана келбейт.

*2 Петир 1:2-11ди окуңуз.*

Бул руханий өнүгүү тууралуу үзүндү; анын негизги учурларына көңүл буруңуз.

3-аят: Кудай биз Ага жаккандай жашашыбыз үчүн бизди бардыгы менен камсыз кылды жана бизди машайакчылык адептүүлүккө чакырат.

4-аят: Кудай бизге күнөөндөн бошото турган жана Кудайдын ыйык табиятына ээ кыла турган өзгөртүүчү ырайымды убада кылган.

5-7-аяттар: биз куткаруучу ишеним менен токтоп калбай, машайакчылык сапаттарды өнүктүрүшүбүз керек.

8-аят: бул сапаттар бизди руханий жемиштүү кылат.

9-аят: бул сапаттарды өстүрбөгөн адам, күнөөдөн эркин боло албайт жана кайда бара жатканын көрө албайт.

10-11-аяттар: машайакчылык сапаттарды өнүктүрбөй, куткарылганыңызга толук ишенүүгө токтоп калбаңыз, алар сиздин куткарылганыңызды бекемдеп, түбөлүк Кудай Падышалыгында улуу жеңишке алып келет.

Бул каттын экинчи бөлүгү руханий өнүгүүнү четке каккан жана жөн гана машайакчы аталгысы келген адамдар жөнүндө айтат. Алар руханий өсүүнү четке каккандыктан, күнөөнү акташат, ошондой эле өзүнүн жүрүм-турумун актоо үчүн жалган доктриналарды иштеп чыгышат. Бул жалган доктриналар жаңы ишенүүчүлөрдү түз жолдон адаштырат жана аларды күнөөгө түртөт; жыйынтыгында бардыгы мурун ырайымды сезип көрө элек учурдан да жаман болот (2 Петир 2:18-22).

Кат эскертүү менен аяктайт. Биз жалган доктриналардын айынан күнөөгө кайрылып келбей, анын ордуна ырайымда өсүшүбүз керек (2 Петир 3:17-18).

Ыйса Улуу Тапшырмада шакирттин иши – адамдарды Ага баш ийүүгө алып келүү экенин айткан. Үйрөнүп жаткан адам өзү изилдеген чындыкка баш ийиши керек, антпесе өспөйт. Билим алуунун максаты – Кудайга кантип жагуу

[43] Эфестиктерге 4:13

керектигин көрсөтүү жана мүнөздүн өнүгүүсүнө багыт берүү. Адам окуганды улантып, бирок үйрөнгөн нерсеге баш ийбесе, ал шакирт эмес. Жыйындарда диний билимге толгон, бирок жетилген ишенүүчүдөй жашабаган адамдар көп.

*Филипиликтерге 1:9-11ди окуңуз.*

Филипи жыйыны ишенүүчүлөрдүн эң сонун тобу болгон, Пабылдын каты болсо кубанычка толуп турат.

Бул аяттарда Пабыл руханий өсүүнү сүрөттөйт: сүрөттөө маанилүү, анткени ал билимди, түшүнүүнү, сүйүүнү жана жүрүм-турумду байланыштырат.

Пабыл филипиликтер сүйүүдө өсүүсү үчүн сыйынган, ал сүйүү жакшылыкты айырмалай билүүдөн, алар эң жакшы мамилени жана жүрүм-турумду тандоодон билинет. Ыйса келгенде адамдын жашоосу Кудайдын алдында кемчиликсиз болушу керек; алардын жашоосу Кудайды даңктаган руханий жемиштерге толот.

► Изилдеп чыккан материалдын негизинде Ыйсанын шакиртине кандай мүнөздөмө берет элеңиз?

Ыйсанын шакирти – өзү үйрөнгөн чындыкка баш ийүүдө жашаган ишенүүчү, ал чын жүрөктөн Кудайдын эркин түшүнүүнү каалайт жана өзүнүн машайакчылык мүнөзү менен жүрүм-турумунун өнүгүүсүндө Кудайдын күчүнө таянат.

► Руханий өсүп-өрчүүнүн принциптерин түшүнүүнү эске алганда, Машайактын шакирттерин тарбиялаган адамды кандай элестетесиз?

Мындай адам Ыйык Китептин чындыгына үйрөтөт жана Машайакка баш ийүүнүн үлгүсү болот; ал башкаларды окуганга жана Кудайга аларда Өзүнүн ишин жүргүзүүгө жол берүүгө шыктандырат.

### Ырайымдын ички күчү

Мындан мурунку бөлүмдө биз 2 Петир 1:2-11ди изилдедик. Бул үзүндүдөн биз Кудай күнөөкөр каалоолордун күчүнөн бошоткон жана ыйык табиятка ээ кылган ырайымды убада кылганын билебиз: бул билим биздин руханий өсүүнү жетектейт.

Кээ бир адамдар Кудайга баш ийүү жана ыйык жүрөккө ээ болуу мүмкүн эмес экенине ишенишет. Бул идеялар алардын шакиртчиликти түшүнүүсүнө таасир тийгизет.

Шакиртчилик окутууну жана Машайактын көрсөтмөлөрүнө баш ийүүнү камтыйт. Эгер толук баш ийүү мүмкүн эмес десек, анда руханий абалыбызды баалоонун башка жолдорун табабыз.

Джон Уэсли ырайымдын күчү болбосо, эч ким Кудайдын буйруктарын аткара албаарына ишенген, бирок ал ушундай ырайым бардыгына сунушталган деп эсептеген. Уэсли ар бир күнөөкөр ушундай сапатка ээ, бирок бул табигый жөндөм эмес, жакшы кабардын чакырыгына жооп берүүгө ырайым берген күч деген. Ошондой эле ал Кудайга толук баш ийүү үчүн ар бир машайакчыга ырайым берилгенине ишенген.

Уэслинин теологиясынан герменевтиканын бир принциби келип чыгат, аны «Убада берүү принциби» десе болот. Уэслинин жолдоочулары, Кудай адамга кайсы бир ишти аткарууга буйрук берсе, аны аткарууга Өзүнүн адамдарына жөндөмдүүлүктү да бererине ишенет: бул Жазуудагы ар бир буйрукту ырайымды убада кылуу катары кабыл алса болорун билдирет.

### Убада кылуу принциби

Төмөндөгү текстте Джон Уэсли ушул принципти түшүндүрөт[44]:

«Кудайдын Сөзүндө ал [машайакчылык жеткилеңдик] жөнүндө айтылбайт деген кеңири тараган каршы пикир бар, бирок биз баарыбыз Теңир Кудайыбызды бүт жүрөгүбүз менен сүйөбүз деген айкын убада бар экенин билебиз. Биз: «Өмүр сүрүшүң үчүн, Кудай-Теңириң сенин жүрөгүңдү жана укум-тукумуңдун жүрөгүн Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң, жан-дилиң менен сүйө турган кылып өзгөртөт» (Мыйз. 30:6). Теңирибиздин сөзү да ошондой эле айкын, **ал буйрук түрүндө жазылса да, ошондой эле убада болуп эсептелет**: «Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй» (Матай 22:37). Башка бир да сөз мындай күчкө ээ боло албайт; башка бир да убада мындай түшүнүктүү боло албайт. «Жакыныңды сүй» деген буйрук да, убада да экени анык.

Бул чексиз убада жакшы кабар доорунда дайыма берилип келген: «Алардын ойлоруна Менин мыйзамдарымды салам жана аларды жүрөктөрүнө жазам» деген сөздөр **буйруктарды убадаларга айландырат**, анын ичинде «силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болсун» деген сөздөр да кирет. **Бул буйрук убадага тете жана Ал бизден талап кылган нерсени, бизде аткарат дегенди күтүүгө негиз берет.**

**Петир аркылуу бизге берилген Кудайдын буйругу:** «…бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык», – биз кааласак, **ыйык боло аларыбызды убада кылат.** Кудай тараптан бардыгы камсыз болгон. Ал бизди ыйыктыкка чакыргандыктан, бизде ошол ишти кылууну каалары жана Өзү да кыла алаары шексиз. **Ал бизге бербей турган нерсени аткарууга чакырып, алсыз пендесин шылдыңдай албайт.** Ал

[44] Джон Уэсли. *«Машайакчылык жеткилеңдик» «Убакыт менен чектелбеген ишеним» деген чыгармадан алынган:* Стивен Гибсондун редакциясынын алдында *«Джон Уэсли 21-кылым үчүн»*.

бизди ыйыктыкка чакырып жатканын четке кагуу мүмкүн эмес, ошол себептен биз асман чакырыгына тил алчаак болсок ал бизге ыйыктыкты берет.

Ал биз денеде жүргөндө эле бизди күнөөдөн куткарууга убада берген эмес беле? Албетте убада берген. Анткени **Кудайдын ар бир буйругунда убада бар,** анын ичинде «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй» дегенде дагы.»

Биз Кудайдын ырайымын Эң Жогорку Кудайдын мүнөзүн түшүнгөнүбүзгө жараша кабыл алышыбыз керек. Биз Ал буйрук кылган нерселердин баарын аткарууга мүмкүнчүлүк беррерине ишенебиз, анткени Анын убадалары чын жүрөктөн берилген жана башка жол менен ишке ашышы мүмкүн эмес.

Биз Жазууну толугу менен олуттуу кабыл алсак болот. Ыйык Китептин билдирүүлөрүнүн жөнөкөй маанисин бурмалап кереги жок. Убада берүү принциби Кудайды урматтоого алып келет, анткени ал Кудай ишенүүчүнү ыйыктыкка чакырганда, ошол ыйыктыкты берүүгө каалоосу жана күчү бар экенин билдирет. Жазуудагы убадаларды жана сыйынууларды тоотпой койбош керек. Теология жакшы экенин ал Жазууда кандай колдонулганынан билсе болот.

### Ыйык жашоо мүмкүнбү?

> «Эгер Анын берешендиги Анын адилеттүүлүгүнө барабар болсо, Анын ырайымды убада кылуусу, Анын адилеттүүлүктү талап кылганындай эле чоң мааниге ээ. Эгер Ал бергенден кабыл алгандагыдай эле ырахат алса, Анын убадалары талаптарындай эле мааниге ээ болушу керек (Чарльз Финей, «*Систематикалык теология*»).

«Эмне үчүн Эң Жогорку Кудай жанды денеде болгон кезинде ыйыктай албайт? Ал сиз ушул үйдө болуп турганда, андан чыгып кеткен учурдагыдай эле ыйыктап коё албайбы? Аны үйдүн дубалдары жана кыштары токтото алабы? Ал бизди көз ирмемде толугу менен  ыйыктап коюсууна дене да, кан да тоскоолдук кыла албайт. Ал сизди бардык күнөөлөрүңүздөн денеде да, денеден сырткары да оңой эле куткара алат. Бирок ал бизди денеде жүргөндө күнөөдөн куткарууну убада кылды беле? Убада кылганы шексиз, анткени Кудайдын ар бир буйругунда убада камтылган, анын ичинде «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй» деген сөздөрдө дагы камтылган. Бул жана башка ар бир осуят өлгөндөргө эмес, тирүүлөргө берилген жана биз аны жогоруда окуган: «өмүрүбүздүн аягына чейин Анын алдында ыйыктыкта жүрүшүбүз керек» деген сөздөр аркылуу түшүнсөк болот[45].»

[45] Стивен Гибсондун редакциясы алдында «*Убакыт чектебегн ишеним: Джон Уэсли 21 кылым үчүн»* деген чыгармадан алынган «Машайакчылык жеткилеңдик»

Көп адамдар өздөрүн машайакчы деп аташат, бирок жылдар бою азгырыкты жеңе албай келишет. Алар билим топтойт, өнөрлөрдү өнүктүрөт, бирок эң маанилүү нерсеге ээ боло алышпайт.

Ыйык Китеп ишенүүчү үчүн Кудайдын стандарты – күнөөнү жеңүү жана таза жүрөк экенин айкын үйрөтөт[46]. Эгер машайакчы ал Кудай каалагандай адам эмес экенин түшүнүп жатса, дароо жана олуттуу түрдө Ыйык Рухтун өзгөртүүчү жана күч берүүчү иш-аракетин издеши керек.

Шакиртчилик кызматында адам биринчи орунга коё турган маанилүү нерселер менен жетектелиши керек. Алардын биринчиси – күнөөнү жеңүү. Адам күнөөгө батса, кызматчысы аны башка эч бир нерсеге ээ боло электе тобо кылууга жана жеңишке алып барышы керек.

## 16-сабактын тапшырмалары

Кийинки суроолордун ар бирине бир нече абзац жооп жазыңыз.

- Адам Ыйсанын шакирти болсо, эмнени күтүшү керек?
- Сиз руханий өсүү жөнүндө Петир айткан негизги чындыкты кандай түшүндүрөт элеңиз.
- «Убада кылуу принциби» деген эмне?

Тапшырманын жалпы көлөмү 2 беттей болушу керек.

[46] Титке 2:11-12; Элчилердин иштери 15:9; 1 Жакан 3:2-10, 5:1-4

# 17-сабак
# Руханий жетилүүнү көздөй

## Жыйындын окутуу кызматы

Кудайга кайрылуу учурунда өзгөрүлүү болот. Кудайга келген адамдын жаңы каалоолору жана артыкчылыктары пайда болот. Түп тамыры менен өзгөрүү болгондуктан Ыйык Китеп ишенүүчүнү «жаңы адам» катары сүрөттөйт (2 Корунттуктарга 5:17).

Бирок кээ бир нерселер үчүн убакыт керек. Жаңы ишенүүчү жашоосунун бардык тармактарына машайакчылык принциптерди кандай колдонуу керектигин көрө албайт; ал биринчиден аларды үйрөнүп андан кийин аларды иш жүзүндө колдонушу керек.

Ошондой эле жеке руханий жетилүү процесси болот. Жаңы ишенүүчү «Машайак жолундагы жаш бала».

*1 Корунттуктарга 3:1-2 окуңуз.*

► Бул аяттар боюнча жаңы ишенүүчүнүн кадимки мүнөздөмөлөрүн атаңыз.

*Эврейлерге 5:13-14тү окуңуз.*

► Бул аяттарда сүт эмнени билдирет? Эт эмнени билдирет? Руханий жетилүүнүн мүнөздөмөлөрүн атаңыз.

Бул курстун башында биз Ыйса жыйынга берген Улуу Тапшырманы караганбыз. Келгиле кайрадан ага кайрылабыз.

*Матай 28:18-20ны окуңуз.*

► Ыйса шакирттерине жакшы кабар таратуудан сырткары дагы кандай жоопкерчиликтерди тапшырган?

Шакирттерине Улуу Тапшырманы берерден мурун Ыйса Ага асмандагы жана жердеги бардык бийлик тиешелүү экенин айткан, андан кийин жыйынга адамдарды Анын бийлигине баш ийүүгө алып келүү жоопкерчилигин тапшырган.

Машайак шакирттерине жакшы кабар таратууну гана эмес, Өзү берген осуяттардын баарын үйрөтүүнү тапшырган. Жакшы кабар таратуу иштин бир бөлүгү гана; жаңы ишенүүчүлөрдү Ыйсанын бардык буйруктарына баш ийүүнү үйрөтүү шакиртчиликтин процессии; бул буйрукту аткарбай коюу, Улуу Тапшырманы аткарбай койгондой эле олуттуу нерсе.

Жыйында шакиртчилик кызматы жаңы ишенүүчүлөрдү руханий жетилүүгө алып келүүнү билдирет.

Эфестиктерге катында Кудай ишенүүчүлөрдү мындан ары наристе болуп калбашы үчүн, адамдарды бекемдөө үчүн ар түрдүү жолдор менен кызмат кылууга чакырат (Эфестиктерге 4:11-14). Кызматтын натыйжасы – алардын руханий жетилүүсү жана доктриналдык туруктуулукка ээ болуусу.

Жыйын жетекчиси шакиртчилик үчүн өзгөчө жоопкерчиликтүү. Пабыл Тиметейге: «Ыйык Жазууну окуп берип, насаат айтып, үйрөтүп тур» деген (1 Тиметейге 4:13). Бул жерде элчи Тиметейдин өзүнүн окуусу тууралуу эмес, Жазууну окууну жана түшүндүрүүнү, руханий насаттоону жана доктриналарды окутууга көңүл бурган анын кызматы жөнүндө айтат. Жыйын жетекчисинин адис катары мүнөздөмөсүнүн бири – окутуу жөндөмдүүлүгү (1 Тиметейге 3:2).

Окуу – руханий өсүп-өрчүүнүн бир бөлүгү болгондуктан, окутуу – шакиртчилик процессинин бир бөлүгү. Жыйындагы окутуучулар маанилүү ошол себептен жыйын үчүн окутуучуларды окутуп даярдоо жана өстүрүү баарынан маанилүү болушу керек.

«Көп күбөлөрдүн көзүнчө менден укканыңды башкаларды да үйрөтө ала турган, ишенимдүү адамдарга айт»[47]. Бул насыят тажырыйбалуу жакшы кабарчы жана жыйын жетекчиси Пабыл тарабынан жаш кызматчы Тиметейге берилген. Пабыл ишеним акыл-насаат аркылуу гана өткөрүлүп берилерине өтө ишене алган эмес: адамдарды үйрөтүп, андан кийин аларды алган билимин башкаларга үйрөтүүгө даярдаш керек эле.  Эгер насаат менен ушундай кылып үйрөтүү мүмкүн эмес болсо, бул «ишенимдүү адамдарды» жеке жана кичине топтордо үйрөтүү керек болгон.

> «Ыйсанын планындагы биринчи максат – Анын жашоосунун күбөлүгүн алып кете турган жана Ал Атасына кайрылып кеткенден кийин Анын эмгегин уланта турган шакирттерди даярдоо болгон» (Роберт Колеман, «*Кожоюндун планы*»).

Окутуу көп болушу керек. Жыйын жетекчилеринен ким окутууга – өзгөчө баарын бир учурда окутуу керек болсо, ушунча көп убакыт бөлө алат? Бирок Эфестиктерге 4:11-13тө: «ал бир окутуучуну койду» (бир адамды белгилүү бир иште аткарууга койду), – деп айтылбайт. Ар түрдүү кызматтар бар жана аларды аткаруу үчүн адамдар дайындалат. Кудай окутуучуларды чакырат жана аларга тиешелүү сапаттарды берип жыйынды окутуу кызматына камсыздайт.

[47] 2 Тиметейге 2:2

## Машайакчылык жамаат жана бирөөгө жооптуу болуу

Чыныгы шакиртчилик – кандайдыр бир билим берүүгө караганда чоң; окутуу учурунда баалуулуктар, артыкчылыктар, мамилелер жана жашоо стили түптөлөт. Бул машайакчылык жамаатта кимдир бирөөгө руханий жооптуу болуу аркылуу гана мүмкүн болот.

Адам жалгыз болгону жакшы эмес дегенден баштап эле Жазууда баштан аяк Кудай адам баласы коомчулукта жашаарына ниеттенгенин көрө алабыз (Башталыш 2:18).

Насаатчы 4:9-10до коомчулукта болуунун артыкчылыктары айтылат: «Жалгыз болгонго караганда, экөө болгон жакшы, анткени алар өздөрүнүн эмгеги үчүн жакшы сыйлык алышат. Анткени бирөө жыгылса, экинчиси тургузат. Бирок жыгылса тургузары жок жалгыз адамга кайгы».

Кудай Мусага Анын Израил үчүн планы – алардан ыйык кызматчыларды жана ыйык эл кылууну көздөгөнүн айтты (Чыгуу 19:6). Үй-бүлөлөр аркылуу берилген мурас Улуу Осуят деп аталат (Мыйзам Кайталоо 6:4-9).

Жаңы Келишимдин авторлору жыйын жөнүндө айтканда ушул терминдерди колдонушу үчүн, Ыйык Рух аларды шыктандырган (1 Петир 2:9).

Кудайдын ниети өзгөргөн эмес, Ал Өзү менен мамиледе болгон адамдар бири-бири менен да мамиледе болушун каалаган. Кудай менен мамилелер машайакчылардан ишенүүчүлөрдүн жамаатын түзөт. Кудай менен мамиледе арналуу керек болгондой эле, адамдар менен мамиледе да өзүңдү арноо керек. Кудай менен мамиледе болуу керек, ал эми Кудайдын адамдары менен мамиледе болуу шарт эмес деген туура эмес.

Жыйындагы мүчөлөрдүн мамилелерин сүрөттөө үчүн Пабыл дене метафорасын колдонгон (1 Коринттиктерге 12). Дененин кайсы болбосун бөлүгү көз карандысыз болууну кааласа, туура иштей албайт. Мүчөлөр кызматташып, бири-бирине кам көрүшү керек; антпесе дене жок болот. Бир мүчө кыйналса, бардыгы кыйналат; ошол сыяктуу эле бир адамдын иш-аракети түгөл денеге таасирин тийгизет. Пабыл бул жөнүндө адепсиз мамилелерди курган адам жөнүндө жагдайды түшүндүргөндө айткан, бирок ал ошол учурда нан метафорасын колдонгон. Ал мындай деген: «Бир аз эле ачыткы бүт камырды ачытарын билбейсиңерби?» (1 Коринттиктерге 5:6). Биз өзүбүздү машайакчылык жыйындын абдан маанилүү бөлүгү катары карашыбыз керек.

Жаңы Келишимдин көп буйруктарын жалпы биримдик сезимге ээ болбой туруп аткаруу мүмкүн эмес. Машайакчылар өздөрүн бири-бирине арнап жашашы керек. Бул машайакчылык жамаатта мүчөлөр бири-биринин алдында жооптуу болуу керектигин билдирет.

Биз Ыйык Китепте машайакчылык жамаат менен бири-бирине руханий жооптуу болуунун байланышы тууралуу көп үзүндүлөрдү көрөбүз.

«Жетекчилериңерге баш ийгиле, моюн сунгула. Себеби алар силер үчүн жооп бере турган адамдар катары силердин жаныңар үчүн күндүр-түндүр кам көрүшөт. Алар үшкүрүнө эмес, кубаныч менен кам көрүшү үчүн баш ийгиле. Алардын үшкүрүнө кам көргөнү силер үчүн пайдасыз» (Эврейлерге 13:17).

Бул аятта ишенүүчүлөргө руханий бийлиги бар кызмат ордун ээлегендерге баш ийүү тууралуу айтылат; ошондой эле ал руханий жетекчилерге жөн гана бийлик менен башкаруу эмес, аларга багууга тапшырылган жандар жөнүндө кам көрүүнүн абдан чоң жоопкерчилиги жүктөлгөнү айтылат. Бул ишти аткаруу максатында жетекчилер адамдарга жеке руханий акыл-насааттарды айтуу үчүн аларды жакшы таанышы керек жана туура жолго салуу мүмкүн болушу үчүн мамилелер жетиштүү деңгээлде болушу керек.

Машайакчылык жамаат жана руханий жооптуу болуу жөнүндө кийинки үзүндүдө айтылат.

*Эврейлерге 10:24-26ны окуңуз.*

► Биз андан кайсы осуятты көрө алабыз?

Бул үзүндүдө башка машайакчылардын муктаждыктары тууралуу билүү жана аларды туура нерселерди кылууга шыктандыруу тууралуу айтылат.

► Бул милдетти аткаруу үчүн ишенүүчүлөргө кандай мамилелер керек экенин сүрөттөп бериңиз.

Башкалар менен туура мамиледе болбосок, биздин шыктандыруу таасирдүү болбойт: сүйүү жана тынчсыздануну көрсөтүү үчүн адамдарды жакшы билүү керек, антпесе биздин кеңештер аларды таарынтып коюшу мүмкүн.

«Бир туугандар, сак болгула, тирүү Кудайдан баш тартпашыңар үчүн, эч кимиңердин жүрөгүңөрдө амалкөйлүк, ишенбестик болбосун. Кимдир бирөөңөр күнөөгө азгырылып, жүрөгүңөрдү катуулантпашыңар үчүн, «бүгүн» деп айта турган күн келгенге чейин, ар күнү бири-бириңерге акыл-насаат айткыла» (Эврейлерге 3:12-13).

Биз бири-бирибизге жооптуу болууга чакырылганбыз. Акыл-насаат айтуу бүт жыйындын денеси үчүн кызматтардан сырткары болушу мүмкүн, анткени биз «күн сайын» акыл-насаат айтышыбыз керек. Мындай кылуу жеке баарлашууну же кичи топтордо өз-ара иштешүүнү талап кылат. Мындай баарлашуу – бул жөн эле чогуу тамактануу же маанисиз сүйлөшүү эмес, бул руханий баарлашуу. Мындай максатка жетүү үчүн биз баарлашуунун максатын белгилеп жана кичи топтордо ушундай артыкчылыктарды биринчи орунга коюп план түзүшүбүз керек.

Биз бири-бирибизге алып келе алган пайда Накыл Сөздөр 27:17де «Темир темирди курчутат, адам адамды курчутат» деген сөздөр менен сүрөттөлөт. Руханий акыл-насаат айтып, шыктандыруу үчүн бир адам башкасынан жогору болбой эле койсо болот, тескерисинче момундук менен айтылган акыл-насаат көбүрөөк кабыл алынышы мүмкүн

«Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла. Адил адамдын күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткара алат» (Жакып 5:16).

Адам жеке айыбын калың элдин алдында мойнуна алганы сейрек кездешет, ошол себептен бул осуятты жыйындын кызматтарынын учурунда аткаруу кыйын. Бул буйруктун себебин контекст көрсөтөт: мүдүрүлүп ишенимден четтегендер калыбына келтирилиши үчүн ушундай буйрук берилген.

«Бири-бириңердин кыйынчылыгыңарды көтөргүлө, ошентип, Машайактын мыйзамын аткарасыңар» (Галаттыктарга 6:2).

Кээде машайакчыга жашоосунда эмне болуп жатканына эч ким көңүл бурбагандай сезилет. Адам кандай абалда экенин билсе, машайакчы достору ага сөзсүз көңүл бурмак, бирок алар көбүнчөсү аны түшүнө алгыдай жакшы таанышпайт. Бирөөнүн кандай кыйынчылыктардан өтүп жатканын түшүнбөсөк, аларды кантип көтөрүшөбүз?

Жыйын түптөлгөн учурда ишенүүчүлөр бири-бири менен тыгыз мамиледе болгону кадимки нерсе болгон.

«Күн сайын ийбадатканада чогуу болушчу, үйлөрдө нан сындырып, кубаныч менен, таза жүрөк менен тамактанышчу» (Элчилердин иштери 2:46).

Джон Уэсли индивидуалдык машайакчылык деген түшүнүк жок деген.

► Джон Уэсли бул сөздөрдү кандай мааниде айткан?

Кимдир бирөөгө руханий жооптуу болуу дени сак машайакчылык жамаатта гана ишке ашат.

Машайакчы үчүн руханий жооптуу болуу – кайсы бир адам же топ менен мамилелешүүнү билдирет, ошондо биз аларга руханий абалыбыз, руханий машыгуудагы ийгилигибиз же каталарыбыз, ошондой эле өнүгүүгө арналганыбыз жөнүндө айтып бере алабыз.

Руханий жооптуу болбосок биз Жазуунун бардык буйруктарын айткарбайбыз жана Кудай бизге ырайымын төгүү үчүн даярдаган каражаттарды этибар албай койгон болобуз.

## Руханий жетилүүнүн мүнөздөмөлөрү

Руханий жетилген адам болуу деген эмнени билдирет? Сиз жетилген машайакчыны кандай деп сүрөттөйт элеңиз?

Жетилүү бир канча убакытты талап кылгандыктан, ал адамдын жашы өткөн сайын келет деген түшүнүк бар[48]. Бирок кээ бир адамдардын жашы өтсө да, алар күтүлгөндөй  руханий жетилбейт, ал эми кээ бир жаштар жашытыгына мүнөздүү эмес жетилгендикке ээ.

Жетилгендиктин мүнөздөмөлүрүнүн баарына толугу менен бир убакта жетүү мүмкүн эмес, алар акырындык менен топтолот. Кээде адамдар руханий же турмуштук тажырыйба алып кескин өсүшү мүмкүн. Адам өмүр бою өсүп-өнүгүшү керек болсо да, адам кайсы бир деңгээлге жеткенде руханий жетилген болуп эсептелет.

Руханий жетилүүнүн мүнөздөмөлөрү Жазуунун кээ бир жерлеринде сүрөттөлөт.

*Бир нече студентке топко: Эфестиктерге 4:11-14, Эврейлерге 5:12-6:1, 1 Корунттуктарга 3:1-2 и 1 Жакан 2:12-14тү окууга тапшырма бериңиз.*

Төмөндө руханий жетилүүнүн белгиси болгон мүнөздөмөлөрдүн тизмеси берилген. Ал толук эмес жана кээде кээ бир жоболорду бул жөнүндө айтылган башка учурлардан айырмалоо кыйын.

Жетилген машайакчы бул мүнөздөмөлөрдүн баарына ээ болбошу мүмкүн, бирок ал өсүү процессинен өтүп жаткан болот: ал өзүнүн кээ бир кемчиликтери жөнүндө билбеши мүмкүн, бирок ал жүрөгүндө Ыйык Рухтун туруктуу ишине жооп кылат.

## Руханий жетилүүнүн он мүнөздөмөсү

### (1) Ниетиңде, мамилеңде жана иш-аракетиңде Машайакка окшошуу.

Машайакка окшошуу каалоосу Машайктын маңызын таанып билүү каалоосунан жана Анын өлүмү менен тирилүүсүн руханий түшүнүүдөн пайда болот (Филипиликтерге 3:10). Бул Анын куугунтуктагы азаптарын бөлүшүүнү билдирет: Теңирди ушундай сүйгөн адам  Анын бейнесине окшоп өзгөрөт.

Машайактай болуу – өзүмчүлдүк жана текебердиктин негизинде эмес, сүйүүнүн негизинде иш-аракет кылууну билдирет.  Машайакчы Ыйсага окшош болууга умтулат жана сөздөрү же иш-аракети менен Машайактын образын көрсөтө албай калганын түшүнгөндө капаланат.

[48] Титке  2:1-5

**(2) Кудай менен жакын мамилелер**.

Адам Кудайга жакындап, Аны менен мамилелешүүдө өсүшү керек. Жакшы мамилелердин белгиси – Кудайдын катышуусуна, Анын Сөзүн сүйүүгө жана сыйынууда убакыт өткөрүүгө ырахаттануу.

**(3) Рухтун жемиштерин алып келүү**.

Ыйык Рух ишенүүчүдө сүйүү, кубаныч, чыдамдуулук жана өзүн-өзү башкаруу сыяктуу өмүр жемишин өстүрөт. Машайакчы Ыйык Рухка өзүнүн темпераменти менен иштөөгө жол берген сайын туруктуу түрдө боорукер жана кичи пейил болуп өсөт.

**(4) Сырткы жана ички күнөөнү жеңүү**.

Ишенүүчү адам азгырыктарды жеңүү үчүн Кудайга таянууну үйрөнөт. Ал жүрөгү ыйык болушу үчүн эң жогорку Кудайга аны тазалоого жол берет жана ага дайыма жеңиште жашоого жардам берген адаттарды жана жүрүм-турумду өнүктүрүп-өстүрөт.

Ал азгырыкка берилип кетсе, Кудайдын алдында катасын мойнуна алып, кечирим жана күч жөнүндө сыйынат.  Ишенүүчү адам ал үчүн сыйынып жаткан машайакчы-достору менен кулагандарын бөлүшүп турушу керек (Жакып 5:16).

**(5) Бекемделген руханий тартиптер**.

Руханий тартиптер – бизге Кудай менен мамилелерибизди биринчи орунга коюуга жардам берет. Турукутуу сыйынбаган, Ыйык Китепти окубаган жана жыйынга барбаган адам жетилген машайакчы болуп эсептелбейт.

**(6) Өсүп-өнүккөн машайакчылык мүнөз**.

Машайакчы жашоосун чынчылдык, ишенимдүүлүк жана берилип эмгектенүү принциптерине негиздейт

**(7) Машайакчылык жашоого туура келген жашоо**

Ишенүүчү жашоосунда машайакчылык принциптерди колдонууну үйрөнөт. Жетилген машайакчы жүрүм-турумунда жана мамилесинде дайыма машайакчылык стандарттарды кармангысы келет. Эгер ал анын айткандары жана кылгандары жүрөгүндөгү сүйүүгө дал келбегенин сезсе, өзгөрүү күчүнө ээ болуу үчүн Кудайга жалынат.

**(8) Дени сак мамилелер**

Жетилген машайакчы башкалар менен терең достук мамилелерди өнүктүрөт. Ал түзүлгөн мамилелерди чынчылдык, чыдамдуулук жана кечиримдүүлүк көрсөтүү менен сактайт.  Ал момун жана каталарды мойнуна алат. Кээде ал жагдайды

туура эмес түшүнгөндүктөн, андан күтүлгөндөй чыдамдуу болбой, дароо катасын мойнуна албай жана башка адам жөнүндө туура эмес пикирде болушу мүмкүн.

**(9) Жеке кызмат**.

Ишенүүчү  машайакчы жашоосунда жакшы кабар таратууга жана башкаларды шакирт кылууга жардам берүү менен жыйынга кызмат кыла алат.

**(10) Кыйынчылыктарды көтөрүү**.

Ишенүүчү жашоосунда абдан жаман окуялар болгондо Кудайга ишеним артканды жана татаал кырдаалда Ага таянганды үйрөнүшү керек. Жетилген ишенүүчү тигил же бул окуялар эмне үчүн болуп жатканын түшүнбөгөндө да ишенимин жоготпойт.

## Жыйынтыктоо

Руханий жетилүүнүн мүнөздөмөлөрү тубаса таланттан көз каранды эмес.

Алар кызмат үчүн өнөрлөр сыяктуу эмес.

Руханий жетилүү дайыма эле жетекчилик сапаттарды коштоп жүрбөйт. Жетекчи руханий бышып жетилген болсо жакшы, бирок кээде адам руханий бышып-жетиле элек болсо да, табигый жөндөмдөргө ээ болгон үчүн жетекчилик орунду ээлейт. Адам жетекчилик сапаттарга ээ болбой туруп руханий өскөн учурлар да болот.

Адамдардын кээ  бир түрү табигый түрдө чыдамдуу жана боорукер көрүнөт. Мүнөздүн табигый касиеттери – руханий жетилүү менен бирдей эмес. Кудай биздин табиятыбыз менен иштейт жана биздин шыктарыбызды тең салмактоого жардам берет. Бир адамды талдап чыксак, анын руханий өнүгүү деңгээли табигый мүнөзүнөн кандай айырмаланарын так көрө албайбыз.

Ден соолук көйгөйлөрү да адамдын реакцияларына жана түшүнүктөрүнө таасирин тийгизет. Биз башкаларды дароо эле соттоп баштабашыбыз керек.

## 17-сабактын тапшырмалары

(1) Өзүңүздү руханий жетилүүнүн он мүнөздөмөсү боюнча текшериңиз. Сыйынуу менен алардын кайсынысы сизге баарынан көп жетпегенин карап чыгыңыз. Аларды сыйынуу, кеңеш берүү, окутуу жана Кудайдан көз каранды болуу аркылуу кантип өнүктүрө аларыңызды пландаңыз.

(2) Жыйын окутуу процесстеринде жана руханий жооптуу болууда өзүнүн милдеттерин кантип максаттуу аткара алат? Жыйындын иш-аракет планын эки бетке жазыңыз.

# 18-сабак
# Кичине топтор үчүн көрсөтмөлөр

### Окутуучу үчүн эскертүү

*Бул бөлүмдө бир нече сабакта кароого мүмкүн болгон материал берилет. Текстте талкуулоо үчүн көп суроолор жолугат. Аны тактап карап чыгуу үчүн бирден көп сабак керек болушу мүмкүн.*

*Кийинки иш-аракетти талкуулоо үчүн өзгөчө убакыт бөлүү керек. Студенттер жергиликтүү жыйындарына жакшы кабар таратуу жана шакиртчилик ишинде кандай жардам бере аларын чогуу пландаштыруу керек.*

### Шакиртчилик үчүн кичине топтордун маанилүүлүгү

Кичине топтордун кызматы бүт дүйнө боюнча ар түрдүү формаларда өткөрүлүүдө. Кичи топтордун көп түрлөрү бар, алар ар кандай максатта уюштурулат: окуу үчүн, руханий жооптуу болуу процессин уюштуруу үчүн, кызмат, сыйынуу жана өзгөчө долбоорлор үчүн жолукса болот.

Кээ бир жыйындар үйлөрдө чогулган топторго бөлүнгөн; алар кичинекей жамааттар сыяктуу иш алып барышат; Жаңы Келишимдеги жыйындар балким ушундай кылышкан.

Өсүп жаткан таасирдүү жыйындарда көбүнчө кичи топтор системасы жөнгө салынган.

Бул бөлүктө биз шакиртчилик процессинде кичи топтордун таасирдүүлүгү жөнүндө сөз кылабыз.

### Уэслиандык модел

Джон Уэсли (Великобритания, 18-кылым) кичине топту биринчилерден болуп уюштурган эмес, бирок ал абдан таасирдүү системаны өнүктүргөн.

Ал ар түрдүү сандагы катышуучулардан турган шакиртчилик системасын иштеп чыккан, алар коомчулук, класстар жана топтор деп аталган[49]. Башында Уэслинин ыкмасы системалаштырылган эмес, бирок убакыт өткөн сайын адамдардын муктаждыгын канааттандыруу үчүн  улам жакшыра берген. Жаңы ишенүүчүлөрдүн көбү кеңештерди, шыктандырууну жана сыйынууну

[49] "A Plain Account of the People Called Methodists," in *The Works of John Wesley, Vol VIII* (Grand Rapids: Zondervan), 249-258

суранышкан. Мындай адамдар абдан көп болгондуктан,  Уэсли алар менен ар төртүнчү күнү жолугуп турууну белгилеген.

Уэсли жана анын насаатчылары жакшы кабар тараткан бардык жерлерде, ишенүүчүлөрдү топторго чогулткан жана туруктуу жолугушуп турган. Жамааттар чоң болгондуктан адамдар өздөрүнүн руханий муктаждыктары жөнүндө айтып бере алышкан эмес жана аларга керектүү көңүл бурулган эмес. Аз сандагы адамдардын тобу класстар деп аталып, ал эми алардагы жетекчилер топтун мүчөлөрүн шыктандырып жана багыт берип жыйын жетекчиси катары кызмат кылган. Күнөөдө ачык жашаган жана өзгөрбөгөн адамдарды топтон чыгарышкан жана жолугушууларга келүүгө уруксаат беришкен эмес.

Класстан да кичине топтор, анын катышуучулары бири-бирине руханий күрөшү жөнүндө айтып бере алышы үчүн жана бири-бирине руханий жооптуу болуш үчүн түзүлгөн. Бул кичинекей коомчулуктар – топтор деп аталган. Топтордун жолугушууларында жетекчи өзүнүн руханий абалын сүрөттөгөн, андан кийин башкалардын абалы жөнүндө, алардын күнөөлөрү жана азгырыгы жөнүндө суроолорду берген. Топтордо же эркектер, же аялдар болушкан.

Уэслини ийгилиги Джордж Витфилддин белгилүү билдирүүсүнө себеп болгон: «Бир тууганым Уэсли акылмандуулук кылган экен; ал тобо кылган жандарды класстарга бириктирген жана ошону менен анын эмгегинин жемиши сакталып калган. Мен бул ыкманы этибар албадым эле, менин адамдарым кумдан өрүлгөн жип сыяктуу болуп калды» деген. Америкалык методист жыйыны Уэслинин ыкмаларын алгачкы жылдары колдонушкан, бирок заманбап методисттер анын принциптерин жана доктриналарын колдонбой калышты.

## Жыйындын маңызы эмнеде экенин түшүнүү

Табылган эң алгачкы жыйындын имараты болжол менен б.з. 250-ж. курулган. Алгачкы эки жүз жыл жыйын өзүн имарат же уюм катары эмес, адамдардын тобу катары караган.  Жамааттар чогуу табынган, жакшы кабар тараткан жана Кудайдын Сөзүнө баш ийген машайакчылардын тобунан түзүлгөн.

Кичине топтор – ар бир таасирдүү жыйын түзүлүшүнүн имаратындагы негизги курулуш кыштары. Кичине топтогу шакиртчилик – бир күнү эскирип кала турган жаңы нерсе эмес; ал бир жерде таасирдүү болуп, ал эми башка жерде таасири жок ыкма эмес; кичи топтор – жыйындын негизги курулуш материалы. Алардын кызматтары жергиликтүү жыйындын өзгөчөлүктөрүнө туура келиши үчүн ар түрдүү уюштурулса болот.

Адамдарга бүтүндөй жамаатка жана чоңдор үчүн жекшембилик мектепке салыштырмалуу жеке шарттарда туруктуу акыл-насаат айтып жана окутуп турбаса, жыйын өзүнүн максатына жетпейт.

**Эскертүү**

кичине топторго катышкан адамдардын руханий деңгээли канчалык жогору болсо, топтордун руханий деңгээли ошончолук жогору болот. Алар биринчи орунга Кудайга жагууну, ишенимдүүлүктө жашоону жана жыйындын миссиясына жетүүнү койгон арналган шакирттер болбосо, топ башка багытта кетип калышы үчүн көп мүмкүнчүлүктөр бар.

## Руханий жооптуу болуунун зарылчылыгы

Руханий жооптуу болуу деген туруктуу түрдө руханий абалыңыз, руханий машыгууда ийгилигиңиз жана каталарыңыз, ошондой эле өнүгүүгө арналганыңыз жөнүндө туруктуу түрдө отчет бере алган адам же топ менен мамиле түзүүнү билдирет. Сиз туура эмес кылганда алар жооп кылып, бул жөнүндө сизге айтышат; сиз аларга убадаларыңызды айтып бересиз, алар кийин сиз убадаларыңызга ишенимдүү болуп жатасызбы деп сурашат.

Дени сак машайакчылык жыйында руханий жооптуу болуунун библиялык негизи мындан мурунку бөлүмдө тагыраак түшүндүрүлгөн; биз ансыз Жазуунун бардык буйруктарын аткара албайбыз жана Кудай бизге ырайымын төгүү үчүн берген каражаттарын этибар албай койгон болобуз.

«Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла. Адил адамдын күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткара алат» (Жакып 5:16).

Адам каталарын оңой бөлүшө алган мамилелери бар адамдардын алдында гана аларды мойнуна алат. Эгер адам ал үчүн сыйынып жаткан адамдын алдында күнөөлөрүн ачык айтпаса, Кудай ушундай муктаждыктарды чечүү үчүн берген каражатты этибар албай жатат.

«Бири-бириңердин кыйынчылыгыңарды көтөргүлө, ошентип, Машайактын мыйзамын аткарасыңар» (Галатиялыктар 6:2).

Адамды жакшы таанnetwork

Адамды жакшы таанныбасак, анын кандай олуттуу жүгү бар экенин билбейбиз. Билүүнү мүмкүн кылган мамилелерди курбасак, биз бул руханий буйрукту аткара албайбыз.

«Бири-бирибизге көңүл бөлүп, бири-бирибизди сүйүүгө жана жакшы иштерге үндөйлү» (Эврейлерге 10:24).

Биз эң маанилүү мотивацияны – сүйүүнү эске алып, кандай шыктандыруу же ашкерелөө керектигин билүү үчүн бири-бирибизди кылдаттык менен текшеришибиз керек. Эгер адам менен өзгөчө мамилебиз болбосо, шыктандыруубуз мааниге ээ болбойт, ал эми ашкерелөөбүз кабыл алынбайт.

Кийинки суроолор адамдын жашоосунда руханий жоопкерчиликтин бар жогун аныктаганга жардам берет.

Менин жашоомдо эң оор жүктү көтөрүүгө жардам бере турган адамдар менен мамилелер барбы? Мен кимдир бирөөгө каталарымды айтып беремби? Менин азыркы руханий абалыма кимдир бирөө көңүл бурабы?

Менин жашоомдо эч кимге таяна албай калган учурлар же менин абалымды эч ким билбегенине сүйүнгөн учурлар болобу? Же сыйынуу убакытым же Ыйык Китепти изилдөө жөнүндө айткандан уялган учурлар болобу?

Руханий жоопкерчилик жөнүндө буйрукту аткарууга кол кабыш кылган системаны (көптөр үчүн бул кичине топтор системасы) түзбөсө, көбүнчө жыйындар аны уюштуруу милдетин аткара алышпайт.

## Кичине топ жетекчисинин адистик мүнөздөмөлөрү

Ыйса шакиртчиликтин артыкчылыгына басым кылган. Ал кызматынын башында жыйындын кийинки өнүгүүсү үчүн жоопкерчилик алган бир нече адамды тандап алган. Ал артынан ээрчиген миңдеген адамдарга насаат айтууга бардык убакытын арнаган эмес, анын ордуна ушул он эки адамды үйрөтүү үчүн көп убакыт бөлгөн. Ыйса Өзү үйрөткөн адамдар аркылуу кызматын кеңейткен.

Шакиртчилик иши менен алек болгон адам белгилүү бир мүнөздөмөлөргө ээ болушу керек. Ал төмөндө берилген сапаттардын ар бирине толугу менен ээ болбосо да, алардын ар бирин жакшыртууга умтулушу керек. Ага бул өнөрлөрдүн бири эле жетпесе, анын таасири азаят. Бул сапаттардын баарына ээ болбогон адам да башкаларга өзүнүн үлгүсү менен жардам бере алат.

### (1) Руханий жетилген

Кичинекей топтун жетекчиси мурунку бөлүмдө сүрөттөлгөн руханий жетилүүнүн сапаттарына ээ болушу керек. Эгер ал андай болбосо, жакшы үлгү боло албайт жана өзүнө керектүү тажрыйбага ээ боло албайт.

> «Ыйса көптөгөн адамдарга жардам берүү үчүн бардыгын кылган, Ал көптөрдү куткарып алуу үчүн Өзүн негизинен калың элге эмес, бир нече адамга арнашы керек болгон; бул анын гениалдуу стратегиясы эле»
> (Роберт Колеман, «*Кожоюндун планы*»).

### (2) Адамдарга жеткиликтүү

Кичине топтун жетекчиси абдан бош эмес болсо жана иштерине жетишпей жатса, биринчи орунга коюшу керек болгон кичине топтун кызматы үчүн убакыт бөлө албайт.

**(3) Ишенимдүү**

Ал өзүнүн милдеттерин аткарган адам болушу керек. Убадалашкан жолугушууларга келүү керек; башкалар убада кылган нерселеринде жооптуу болушу керектигин унутпашы керек.

**(4) Өзүнө толук ишенген**

Ал топту толугу менен жетектеп кетерине ишениши керек. Адам жөндөмдүүлүктөргө ээ болсо, бирок өзүнө ишене албаса, башында өзүнө толук ишенүүгө жардам берген кимдир бирөөнүн жетегинин алдында тажрыйба алышы керек.

**(5) Келишпестиктерди чече алган**

Адамдар аны менен макул болбой, көйгөйлөрдү жаратканда ал туура мамилени сактоого жөндөмдүү болушу керек жана пайда болгон келишпестиктерди чечүүгө жардам бериши керек.

**(6) Окутууга жөндөмдүү**

Адамдар ал түшүндүргөн нерселерди түшүнөбү? Жетекчи элдин башын айландырбаган адам болушу керек.

**(7) Кудайдын Сөзүнө суусаган**

Ал башкаларды Кудайдын Сөзүнө ырахаттанууга чакыруу үчүн өзү да ага ырахаттанышы керек жана Ыйык Китепти олуттуу кабыл алышы керек.

**(8) Кудайдан көз каранды**

Жетекчи руханий натыйжаларды Ыйык Рух гана пайда кыларын түшүнүшү керек, ошол себептен Аны менен кызматташууга жана Кудайдын майлоосуна даяр болушу керек; ал шакиртчилик процессинде ийгиликке жетүү үчүн өзүнүн жөндөмдөрүнө таянбашы керек.

**(9) Кызмат кылууга даяр**

Кичине топтун жетекчиси башкаларга кызмат кылганда баалуу иш кылып жатканын түшүнгөн адам болушу керек. Жетекчи башкалар мага кызмат кылат деп каалабашы керек. Ал өзүнүн таланттарын көрсөтүү максатында кызмат издебеши керек, ошондой эле ал башка адамдардын муктаждыктарына сезимтал болуп жардамга келүүгө даяр болушу керек.

**(10) Руханий кадыр-баркка ээ**

Ал кимдир бирөөгө руханий жооптуу болушу керек жана руханий жетекчилердин акыл-насаатына кулак салышы керек.

**(11) Жыйынга ишенимдүү**

Топтун жетекчиси жергиликтүү жыйындын арналган мүчөсү болушу керек. Шакиртчилик кызматы адамдарга жамаатты көбүрөөк баалоого жана ага көбүрөөк арналууга жардам берет.

**(12) Ийгиликке кызганчаактык менен умтулат**

Жетекчи ийгиликке кызганчаактык менен умтулса, бат эле жеңилип калбайт, тескерисинче жаңы жагдайларга ылайыкташат жана ага ийгиликтүүрөөк болууга жардам берген маалымат издейт. Ошондой эле ал көйгөйлөр пайда болгондо же жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылганда демилгени өзүнө алат: ал шыктанууга жана күчкө толот.

**(13) Ал доктриналарды жакшы түшүнөт**

Ал жакшы кабарлык доктринанын ишенимдин негизде  жакшы пайдубалына ээ болушу керек.

**(14) Ал кызмат үчүн даярданып окуган**

Кызматка даярдануу сөзсүз эле академикалык билим алуу менен чектелбейт; ал машайакчы кызмат кандай аткарылганына байкоо жүргүзгөндөн башталат, андан кийин кызматка катыша баштаганда жана жетекчилик үчүн жоопкерчилик алганда, анын адистик деңгээли өсөт. Жакшы материалдарды окуп изилдөө дагы абдан маанилүү.

## Окутуу программасын өнүктүрүү

Шакиртчиликтин эң жакшы ыкмасы – өз жоопкерчилигин билген жана шакиртчиликти биринчи орунга койгон жергиликтүү жыйын тарабынан ишке ашырылат; жыйын бул ишти биргеликте аткарат.

Ушунун негизинде бул көрсөтмөлөр жетекчилерге жана арналган жыйын мүчөлөрүнө багытталган.

Жыйын шакиртчиликти жакшыртуусу керек экенин түшүнсө, алгач Жазуунун үзүндүлөрүн жана жетекчилер түшүндүрүп бере ала турган бул курстагы шакиртчиликке тиешелүү материалды  изилдеп чыгышы керек. Жалпы көрүнүшкө чогуу катыша алыш үчүн, мүмкүн болушунча жыйынга арналган мүчөлөрдүн баары бул ишке катышышы керек.

Өнүгүүнүн экинчи бөлүгү – жыйын буга чейин кылып келген иштерге байкоо жүргүзүү. Көбүнчө жамааттар расмий түрдө кичине топтордун программасын баштабаса да, алардын иш алып барып жаткан топтору бар. Мисалы жыйында музыканттардын тобу туруктуу жолугушуп турушу мүмкүн. Бул репетиция кылуу үчүн чогулган хор; дьякондор тобу, жекшембилик мектеп тобу, ошондой эле жекшембилик мектептин кызматчылары топторду түзсө болот. Жыйындын

жаштары кез-кезде чогулуп турса болот, ошондой эле өзүнө ар түрлүү деңгээлдеги жоопкерчиликти алган комитеттерди түзсө болот. Топтор чогуу бир долбоордун үстүнөн иштеген адамдардан өзүнөн-өзү түзүлүп калышы мүмкүн; балким үй-бүлөлөр кээде баарлашуу үчүн чогулуп турат. Ыйык Китепти изилдөө үчүн үй топтору же сыйынуу топтору болушу мүмкүн.

Балким бул топтор шакиртчилик же руханий жооптуу болуу максаты менен түзүлгөн эмес, бирок алар бул максатты аткарууга жардам бере алат. Руханий жашоосу бар ар бир жыйында, ошол жашоону колдоп турган топтор болот. Жамаат шакиртчилик программасын жакшыртууга чечим чыгарганда, буга чейин топторду өткөрүү тажырыйбасын, эмне кандай өтүп жатканын изилдеп көрүп, андан кийин коюлган максаттарга кантип жакшыраак жетүүгө мүмкүн экенине ой жүгүртүшү керек.

Балким башкача форматтар керек болот: кызматка практикалык жактан даярдаган топтор; негизинен Ыйык Китепти изилдеп, сыйынган топтор; балким олуттуу руханий жооптуулукту талап кылган топтор пайда болот.

Топтун максаты анда кимдер болорун жана анын кандай иш алып барарын аныктайт. Мисалы олуттуу руханий жооптуулук бар топто адамдардын саны онго чейин болушу керек: ал өтө чоң болсо купуялуулук төмөндөйт, адамдар үстүртөн бөлүшүп калышат, көбүрөөк көзөмөл талап кылынат; натыйжада ага адамдар аз катышып, келбей башташы мүмкүн. Эркектер менен аялдар аралаш болсо, жеке окуяларды терең ачылып айтып берүү мүмкүн эмес болуп калат.

Топтун максаты ал жаңы катышуучуларды кабыл ала аларын же албарын аныктайт. Эгер топто руханий жооптуулук болсо, ага жаңы адамдардын кирүүсүнө жол бербей эле койгон жакшы: катышуучулардын көпчүлүгү жанындагы адамдардан коопсуздукту сезбесе, өзүнүн руханий абалы жөнүндө айтып беришпейт. Топтун максаты – сабактардын жыйнагын өтүү болсо, ал ортолоп калганда жаңы адамдарды кошуунун кажети жок.

Жаңы ишенүүчүлөр үчүн топ түзсө болот. Ишенип калгандар мындай топко кошулуу үчүн бир нече жума күтпөшү керек, ошол себептен адам ага каалаган учурда кошула алгыдай болуп кайталанып өтүлө турган сабактар болушу керек. Жетекчилер кээ бир жаңы ишенип калган адамдар топко катышпай калышы мүмкүн экенин түшүнүшү керек. Бирөөнүн катышпай калганы иш туура эмес жүрүп жатканын билдирбейт. Кээ бир адамдар катышпай калса да, жаңы ишенүүчүлөр үчүн топтор жаңы катышуучулар үчүн ачык болушу керек.

Топтун максаты – кызматка даярдануу же мурункудан терең руханий өнүгүү болсо, топтун мүчөлөрү руханий өсүүнү жана өзүн анын максаттарына арноону каалаган адамдар болушу керек. Эгер топтун кээ бир мүчөлөрү өзүн арнабаган адамдар болсо, топ максатына жүз пайыз эффективдүүлүк менен жете албайт.

Көбүнчө адамдарды топко кошулууга жеке чакыруу керек; алар топко кошулууну суранганга чейин күтүп кереги жок.

Жыйындардын бардыгы эле кичине топ программалары менен алек болбойт. Жетекчи болсоңуз адамдарды кичине топко катыша албагандыгы үчүн сындап аларды четтетип албаңыз: бул кызматтын артыкчылыктарын сүрөттөп аны мактаңыз.

Биринчи жолугушууда баары эле топтун маанилүүлүгүн түшүнүп жатканын ырастаңыз; шакиртчиликтин маанилүүлүгүнө басым кылган маалымат менен жана Жазуудан үзүндүлөр менен бөлүшүңүз.

Адамдар топко келип турушу үчүн жолугушууларды бир нече жумага белгилөө керек.  Топ белгилүү бир сабактардын жыйнагын изилдеп жатканын жана ал жыйнак качан бүтөрүн айтып бериңиз; ошондо топтун ар бир мүчөсү өзүн эмнеге арнаганын так билет.  Туруктуу келип туруу керек экенине басым кылыңыз. Сабактар аяктагандан кийин каалоочулар менен кайрадан баштай берсе болот.

**Карап чыгуу үчүн баяндама**

Тилек бир нече жыл мурун машайакчы болуп калган. Ал жыйын мүчөсү жана жамаатына колунан келген жардамын берип келет, бирок ал шакиртчилик боюнча пландын жок болгонуна тынчсызданат жана кичине топторду баштоо керек деп ойлойт, бирок жетекчилер буга кызыгышпайт.

► Тилек эмне кылышы керек?

Тилек жыйын жетекчилери менен сүйлөшүп, топту өз алдынча алып баруу үчүн алардын колдоосун сураныш керек. Жыйындын кызматын сындоонун кереги жок, анын ордуна топтун кандай артыкчылыктары бар экенин түшүндүрүп берүү керек. Эгер топ ишин эффективдүү алып барса, жыйын мындай кызматтын маанилүүлүгүн түшүнө баштайт.

**Топту эффективдүү алып баруу**

Топ ишин жүргүзө баштаганда күтүүлөр жана толкундануу болот. Көпчүлүгү эмнени күтүү керектигин билишпейт, бирок  жардам аларына үмүттөнүшөт.

Кийинки көрсөтмөлөр кызматка таасирдүү болууга жана өзүнүн максатын аткарууга жардам берет. Кичине топтун иш алып баруусу үчүн маанилүү принциптер бар. Эгер жетекчи башкаларга аларды аткарууга жардам берсе, ал мүмкүн болгон көңүл калууларды азайта алат.

Биринчи жолугушуу кийинки жолугушуулар кандай болору тууралуу маалыматтарга толгондуктан, өзгөчөрөөк болот, бирок ал кийинки жолугушуулардын стилин аныктайт. Адам биринчи жолугушууда сүйлөбөсө,

андан келечекте да ошону күтүшөт. Кимдир бирөө үстөмдүк кылса, ал кийин да талкуулоолордо алдыңкылардан болору күтүлөт. Эгер тартип болбосо, бардыгы мындан кийин да ушундай болот деген ойдо калышат; эгер кызмат башка мүчөлөрдүн аз эле саны катышкан сабакка окшош болсо, кийин да ушундай стиль күтүлөт.

Кээ бир адамдар бир нече жолугушуудан кийин топко катышпай калышы мүмкүн, анткени алардын күткөн нерсеси аткарылбай калат: ошол себептен адамдардын үмүтү таш каппашы үчүн аны туура өткөрүү керек.

## Натыйжа болуу үчүн көрсөтмөлөр

**(1) Мүмкүн болсо жума сайын жолугушууларды пландагыла. Кээ бир катышуучулар үчүн балдарын карап турууну уюштуруу керек болот**.

**(2) Топ кандай өтөрү белгилүү болушу керек: изилдөө, андан кийин бардыгы жеке муктаждыктары менен бөлүшкөн убакыт, андан кийин сыйынуу**. Топтун негизги максаты – окутуу болсо, ага эң узак, ал эми башкаларына кыскараак убакыт бөлүү керек, бирок ушул үч нерсе тең болушу керек. Топтун иши – руханий жооптуулук болсо, окутууну кыскараак кылса болот, бирок окутуу үчүн материал керек.

Топтун талкуулоо үчүн жана жеке учурлары менен бөлүшүү үчүн убактысы болсо, бирок изилдөө үчүн материалы болбосо башаламандык болушу мүмкүн. Кээ бир адамдар үстөмдүк кылышат. Адамдардын ойунда эмнелер гана болбосун сабактын материалдары алардын баарын чындыкка жооп кайтарууга чакырат.

**(3) Жолугушууларды убагында баштаңыз жана убагында бүтүрүңүз**. Эгер башында кечигип баштасаңызар, убакытты баалагандар кечирээк келе баштайт же такыр эле келбей калышат.

**(4) Топтун иши аяктай турган күндү белгилеңиз**. Топко келгендер өзүн канча убакытка арнап жатканын билиши керек. Көбүнчө бир нече жолугушуу өткөндөн кийин топко, эгер бул топ жаңы ишенүүчүлөр үчүн айланып кайталанган топ болбосо жаңы мүчөлөрдү кошпой эле койгон жакшы. Эгер сабактардын жыйнагын изилдөө максаты турса, жолугушуулардын саны сабактардын санынан көз каранды болот. Мындай кызматтын максаты – руханий жооптуулукту уюштуруу болсо, бир мезгилди, мисалы – алты ай белгилесе болот. Бул этапты аяктагандан кийин кайра башка топту баштаса болот. Ал учурга келгенде топтун кээ бир мүчөлөрү кетип калышы мүмкүн, ал эми башкалары жаңы катышуучуларды кошуу керектигин чечсе болот.

**(5) Изилдөө учурунда жашоону өзгөртө турган максатка басым кылгыла, билим топтоо үчүн билимге өтө көп көңүл буруунун кереги**

**жок**. Адам изилдөөдөн белгилүү бир жеке колдонуу ала алса, топтун баалуулугун сезет.

**(6) Эгер кимдир бирөө көйгөйлөрү менен бөлүшүп, анан кандайдыр бир иш-аракет кылууга макул болсо, кийинки жолугушууда андан ошол иш-аракетти кылган кылбаганын суроо керек**.

**(7) Топтогу кимдир бирөөгө жеке жолугушуу жана руханий акыл-насаат берүү үчүн бош убактысы болушу керек**; башка катышуучулар да бош убактысында бири-бирин шыктандаруу үчүн жолугуп турса болот.

**(8) Жолугушуу үчүн жакшы орун тандаңыз**. Анда расмий эмес, үйдөгү жылуу атмосфера сезилип турушу керек. Адамдар бири-биринин жүзүн көрө алышы үчүн тегерете отурууга аракет кылуу керек: бул адамдарга катышууга түрткү берет. Эч ким тоскоол болбогон жана алаксытпаган жерде жолугуңуздар.

**(9) Жакшы угуучунун адаттарын өнүктүрүңүз**. Кунт коюп угуунун белгилери – адамдын көзүн кароо, жүзүңдө кызыгуу, алаксыткан нерселерге көңүл бурбоо жана сүйлөп жаткан адамдын тамашасына жана башка эмоцияларына реакция кылуу.

**(10) Бардыгы сүйлөшүүгө катышып жатканын ырастаңыз**. Талкуулоодо активдүү катышпаган топтун мүчөсүнө: «Тилек, сен бул тууралуу эмне деп ойлойсуң?» деген суроо узатыңыз.

**(11) Адамды жеке нерсе менен бөлүшүүгө мажбурлабаңыз**; анын ордуна адам жүрөгүн ачкысы келген атмосфераны түзүүгө аракет кылыңыз. Сүйлөп жаткан адамдын көзүн карап жана айтып жаткан сөздөрүн колдоп, аны бекемдеңиз.

**(12) Адам жооп бере алган суроолорду берип, ушундай жол менен анын өзүнө болгон ишенимдүүлүгүн бекемдеңиз**. Кимдир бирөө туура эмес жооп берсе, анын сөздөрүн сындоодон мурун, алар жөнүндө жакшы бир нерсе айтууга аракет кылыңыз.

**(13) Түшүндүрмөлөрдүн ар бирин сындоодон мурун колдоого аракет кылыңыз**.

**(14) Кимдир бирөө өтө көп сүйлөсө жана бардык суроолорго жооп берүүгө умтулса, аны чектөө жолдорун табыңыз**. Мындай жолдордун бири – белгилүү бир адамга белгилүү бир суроону берүү же башкалар бул жөнүндө кандай ойдо экенин суроо керек. Ошондой эле талкуулоодо: «Келгиле бул суроо боюнча ойун айта электерди угуп көрөбүз», – деп айтса болот.

Кимдир бирөө дагы деле өтө көп сүйлөп жатса, жетекчи аны менен жалпы жолугушуулардан сырткары сүйлөшсө болот. Ага төмөнкү сыяктуу сөздөрдү

айтса болот: «Акыл, сен абдан шамдагайсың жана суроолорго тез жооп бересиң, бирок мен башкалар талкуулоого катышпай калганына тынчсызданып жатам. Сен мага башкаларды да талкуулоого активдүү катыштырууга жардам бере аласыңбы?»

**(15) Топтун эки-үч мүчөсү башкаларды көзгө илбей өзүнчө талкуу жүргүзгөнүнө жол бербеңиз**. Эгер кимдир бирөөлөр узак убакытка талашып-тартышууну кааласа, алардан сүйлөшүүнү жеке жолугушууда улантууну сураныңыз.

**(16) Эч кимге бирөөлөрдүн сөзүн бөлүүгө жол бербеңиз**. Колуңузду көтөрүп бирөөнүн сөзүн бөлгөн адамды токтотуп, сүйлөп жаткан адамга сөзүн бүтүрүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз.  Антпесе талкуулоолордо дайыма азыраак тарбия көргөндөр үстөмдүк кылат, ал эми жоошураактар ойун айтып бүтпөй калганына капа болушат.

**(17) Арызданууларды угуңуз; алардын ар бири оңдоого мүмкүн болгон көйгөйдү көрсөтүшү мүмкүн**. Канааттанбаганды билдерген белгилерди көз жаздымда калтырбаңыз. Кимдир бирөө топтун жолугушуусунан көңүлү калса, анын максатын түшүнбөй жаткан болушу мүмкүн, а балким ал чынында эле оңдой турган бир нерсе жөнүндө айткысы келет.

**(18) Эгер топтун мүчөсү дайыма кастык мамиле кылып, башкалардын сөзүн бөлүп, талашып-тартышып же ачык эле зериккенин көрсөтсө, ал топтун аткара турган иштерин кабыл албашы мүмкүн**; алар ал күткөндөн башкача болуп калса керек. Анын максаттарын талдоого жардам берүү үчүн, аны менен жеке сүйлөшүңүз.

**(19) Жетекчи ар бир көйгөйдүн жообун билбесе эч нерсе эмес**. Анын ролу, бардык суроолорго жоопторду билүү эмес, топтогу ар бир адамдын жүгүн сыйынууда Кудайга алып келүү үчүн топту жетектөө.

**(20) Жолугушуулардын тартибин түзгүндө ийкемдүү жана чыдамдуу болуңуз**. Жашообуздагы окуялар биз үчүн Кудайдын сабактарынын бир бөлүгү экенин эсиңизден чыгарбаңыз.  Көйгөйлөр – бул мүмкүнчүлүктөр.

**(21) Эгер топтун бир мүчөсү өзүнүн муктаждыктарын бөлүшүү үчүн жолугушуудагы убакыттын көбүн ээлесе, ага кеңеш берүү үчүн башка убакытты сунуш кылыңыз, антпесе башка адамдар алардын жолугушуусун бирөө тартып кеткендей сезишет**. Топтун максатын мүчөлөдүн бардыгы чогуу өзгөртүү керектигин чечпесе, аны жоготуп алууга жол бербеңиз.

**(22) Талкуулоолор агрессивдүү болуусуна, ал эми топ жергиликтүү жыйынды жана башка жетекчилерди сындай турган форум болуусуна жол бербеңиз**.

**(23) Топтун таасирдүүлүгү ал аркылуу иштеген Кудайдын күчүнөн көз каранды экенин унутпаңыз**. Топ – Кудай колдонгон руханий түзүлүш гана болуп эсептелет.

# 19-сабак
# Шакиртчилик: Сыйынуу жана практика

## Окутуучу үчүн эскертүү

*Акыркы сабакта биз Пабылдын ишенүүчүлөр үчүн сыйынуусу биздин сыйынуубузга жана кызматыбызга кандай багыт берерин сүйлөшөбүз.*

*Бул бөлүккө шакиртчилик боюнча сабактардын жыйнагы кошулган. Студенттер бул материалды изилдөөдө алардын кээ бирин карап чыгып, андан кийин практикалык тапшырманы кантип аткаруу керектигин пландаса болот.*

*Бул тапшырманы аткаруу үчүн топ бир нече жолу жолугушу керек.*

*Практика: «Жакшы кабар жана шакиртчилик» деген курсту бүткөн студенттер, ишенүүчүлөр менен сабактарды практика кылышы керек. Алгач кимдир бирөө курстун материалдарын колдонуп, сабактардын бирин өтүп берип, аларды кантип өтүү керектигин көрсөтүп бериши керек.  Андан кийин ар бир студент жок дегенде бир сабак өтүп көрсөтүшү керек. Студенттер сабактын өтүлүшүн көргөндөн кийин, бир учурда көп адамдар катыша алышы үчүн аларды кичинекей топторго бөлсө болот. Төрт адамдан турган топтордо ар бир адам кезеги менен сабак өтүп, калган үчөө укса болот.*

## Ишенүүчүлөр үчүн Пабылдын сыйынуулары менен сыйынуу

Пабылдын жаңы ишенүүчүлөр үчүн сыйынуусу, жаңы машайакчы кандай өзгөрүүсү керектигин айтат.  Алар бизге жаш машайакчылар үчүн сыйынууда багыт берет, анткени биз алар үчүн Пабыл сыяктуу сыйынышыбыз керек. Бул сыйынуулар биздин кызматыбызга багыт берет, анткени биз Кудай алар үчүн кылып жаткан иши менен жанаша кетишибиз керек.

Келиңиз Пабылдын үч башка топ үчүн сыйынууларын карап көрөбүз.

### Тесалоникалыктар

*1 Тесалоникалыктарга 5:23-24тү окуңуз.*

Тесалоникалыктарга биринчи кат ыйыктыкка чакырат. Ар бир ишенүүчү жеңиште жана тазалыкта жашоого чакырылат, ал эми Кудай ишеним менен бул мүмкүн экенин убада кылат. Биз ар бир машайакчыны жеңишке жана тазалыкка алып келүү үчүн сыйынып жана окутушубуз керек.

**Филипиликтерге**

*Филипиликтерге 1:9-11ди окуңуз.*

Бул аяттар бизге ишенүүчүнүн жашоосундагы туруктуу процесс жөнүндө айтат. Анын сүйүүсү дайыма өсүшү керек; ошондой болгон сайын анын эмне жакшыраак экенин айырмалоо мүмкүнчүлүгү өнүгүшү керек. Айырмалоо өнөрүнө ээ болгондон кийин ал өзүнүн жашоосун жакшыраак нерсеге умтулууга багыттайт. Ал таза (ак ниет) болушу үчүн жана таарынбашы үчүн ушундай болушу керек.

Пабыл бул аяттарда кайрылган адамдар, бир канча убакыттан бери машайакчы болушкан. Ошол эле учурда элчи алардын Эң Жогорку Кудайга карата сүйүүсү өсүшү үчүн жана алар ошол сүйүү менен өздөрүнө карата Кудайдын эркин жакшыраак түшүнө алышы үчүн сыйынган.

Төмөндө жаңы ишенүүчү карап чыга турган бир нече суроо бар.

- Кудай мага менин мамилем, адаттарым же иш-аракеттерим өтө деле жакшы эмес экенин көрсөткөндөн кийин менин жашоомдо кандай өзгөрүүлөр болду?
- Менин жашоомдо болуп жаткан нерсе туура экенине шектенген учурлар барбы?
- Мен сыйынууда Кудайга менде кандай өзгөрүүлөрдү кылуу керектигин көрсөтүүгө жол берүүгө даярмынбы?

**Колостуктарга**

*Колостуктарга 1:9-12ни окуңуз.*

Пабыл колостуктар акылмандуулукта жана руханий түшүнүк менен Кудайдын эркин таанып билүүсү үчүн сыйынган. Жаңы ишенүүчүлөр азырынча өзүнүн жашоо образы үчүн Кудайдын эркин толук түшүнбөшү мүмкүн; алар акырындан кээ бир адаттар, сөздөр жана мамилелер өзгөрүшү керектигин көрө башташат. Ала Кудайды сүйгөндүктөн улам барган сайын жашоосун Эң Жогорку Кудайдын эркине ылайык өзгөртүшү керек. Шакиртчилик кылган адам сыйынып жана этияттап жаш машайакчыны Кудайдын эркин таанып билүүгө үйрөтүшү керек.

Пабыл алар Кудайдын эркин жакшы түшүнгөндүн натыйжасында өздөрүн «Кудайга татыктуу алып жүрүп», Анын Өзүнө ылайыктуу өкүлдөрү болуп каларын айткан. Алардын жашоосу ырайымдын негизинде өзгөрүп ишеним негизин жакшыраак көрсөтүп калат. Окутуучу эсине ала турган нерсе – бул процесс кайсы бир учурга уланганга чейин жаш машайакчынын жашоосунда келишпестиктер болушу мүмкүн.

«Кудайга жаккан жүрүм-турумга» «бардык иште жакшы жемиш берүү кирет». Жаш машайакчы бардык иште жакшы жемиш алып келе элек болсо, бул бизди таң калтырбашы керек: ал азырынча өзүнүн жоопкерчилигин жана аткара турган иштерин түшүнө элек болушу мүмкүн.

Бул аяттар ошондой эле биз «туруктуулукту жана чыдамдуулукту кубаныч менен көрсөтүп…» турарыбызды айтат. Кызмат кылып чыдаш керек болгондо машайакчылык кубанычты сактай алган адам, кандайдыр бир деңгээлдеги руханий жетилүүгө ээ болгон.

**Пабылдын сыйынуусун жыйынтыктоо**

Пабылдын сыйынуулары бизге шакиртчилик эмгеги жөнүндө көп нерсени айтат. Бизде ишенүүчүлөрдү өнүктүрүүнүн туура максаттары жана өсүүнү көрө алуу жөндөмдүүлүгү болушу керек. Жаш машайакчылардын туруксуздугуна, түшүнбөгөнүнө жана жоопкерчиликсиздигине туш болгондо таң калбай эле коюш керек: биз машайакчылык сапаттар дароо пайда болорун күтпөшүбүз керек.

Пабыл окутуу же кызматтагы өнөрлөрдү жакшыртуу жөнүндө эмес, ишенимди жана машайакчылык мүнөздү өстүрүү жөнүндө тынчсызданганын эске алуу керек. Биз адамдардын кызматты алып барып жатканына эле ыраазы болбошубуз керек; алар машайакчылык мүнөздү өнүктүрүшү керек.

Окутуучунун эки тарабы маанилүү: анын үлгүсү жана маалыматты баалоосу. Окутуунун маанилүүлүгүнө жогоруда берилген эки сыйынууда басым кылынат. Билим руханий процесске катышат: окутуучу жашоосунда чындыкты колдонуу аркылуу абдан чоң таасирге ээ болот.

Биз таасир тийгизген жаш машайакчылардын жашоосунда шакиртчилик процесси ишке ашууга жардам берүү үчүн, Пабылдын жаш машайакчылар үчүн сыйынуусуна кайрылып, Кудайга жалынып, ошондой эле Ыйык Рух менен кызматташуу керек.

Кийинки сыйынуу жаңы ишенүүчүлөр үчүн Пабылдын сыйынууларына негизделген.

**Жаш машайакчы үчүн сыйынуу**

Асмандагы Ата!

Мен ___________ үчүн сыйынам. Сен аны толугу менен ыйыктачы, ал жүрүм-турумунда, мамилесинде жана ниеттеринде ыйык болсунчу.

Ал өзү үчүн Сенин жеткилең эркиңди түшүнүшү үчүн сүйүүдө өсүүгө жардам берчи. Ага дайыма эмне жакшы экенин айырмалай билүүгө жана анын жашоосу сенин даңкың үчүн жемиш алып келүүсүнө жардам берчи.

________ күн сайын машайакчы кандай жашаш керек болсо, ошондой жашап, бардык нерсени Сага жаккандай кылып жана Сенин жолдоруң жөнүндө көбүрөөк үйрөтсүнчү; ал жеңиште жашоосу үчүн жана кыйынчылыктарды кубаныч менен көтөрө алышы үчүн күчтү Сенден алганга жардам берчи. Ал дайыма Сен берген ырайым үчүн ыраазы болсунчу.

Ыйсанын ысымынан сыйынам. Оомийин.

## Сабактардын жыйнагына киришүү

Бул курстун акыркы бөлүмү – шакиртчилик боюнча сабактардын жыйнагы. Алар курсту аяктаган ар бир студент топту өткөрүүдө аларды колдоно алышы үчүн берилген.

Сабактар руханий өсүүгө кызыккан жаңы ишенүүчүлөрдүн тобу үчүн колдонууга түзүлгөн. Аларды үйрөтүү жеңил; ар бир сабак талкуулоо үчүн суроолор менен коштолот, ошол себептен жолугушууларда көп талкуулоолор болушу керек; ошондой эле бардыгы жеке тажырыйбасы менен бөлүшө алышы үчүн жолугушуунун акырында убакыт бөлүү керек.

Сабактын маңызын жана маанилүүлүгүн түшүнгөнүн ырасташы үчүн даярданганда жетекчи сабакты окуп чыгышы керек. Ошондой эле бардыгы өзүнүн жеке нерселери менен бөлүшкөн сабактын бөлүгүндө, ал өзүнүн тажырыйбасы менен бөлүшүүгө даяр болушу керек. Жетекчи сабактын аягындагы суроолорго кандай жооп берерин алдын ала ойлонуп коюшу керек. Ал жүрөгүн канчалык терең бөлүшсө, башкалар да ошондой терең нерселери менен бөлүшөт.

## Сабакты түзүү

Курстун акырында ар бир сабактын аягында окуучулар үчүн эки бет иш барактары тиркелген. Студенттин барагында кайсы материал бар экенин билүү үчүн окутуучу аны сабактын алдында карап чыгышы керек. Окутуучу үчүн материалдарда толтура турган бош жерлердин асты сызылган.

Талкуулай турган суроолор ушундай ► белги менен берилген. Ал суроолорду талкуулоого топтун мүчөлөрү катышышы керектигин көрсөтөт. Жетекчи суроолорду бергенден кийин, шашып өзү жооп бергендин ордуна, башкалардын жообун күтүшү керек. Көбүнчөсү жооптор андан кийинки материалга даярданууга жардам берет.

Колдоно турган Жазуунун үзүндүлөрүнүн көпчүлүгү окутуучунун барактарында бар, бирок студенттердин барактарында жок. Окутуучуга топтун мүчөлөрүнүн бирине керектүү аяттарды таап окууну тапшыруу керек. Кээде убакытты үнөмдөө үчүн ал Ыйык Китептин аяттарын өзүнүн барагынан окуп берсе болот, бирок ал дайыма андай кылбашы керек. Аяттарды окуу – студенттерди сабакка

катыштыруунун дагы бир жолу, ал студенттерди Жазуу менен тааныштырат жана аяттарды контексте кароого үйрөтөт; ошентип алардын Ыйык Китепке эң жогорку кадыр-баркка ээ булак катары кайрылууга мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Ар бир сабак тапшырма менен аяктайт. Топ кез-кезде өз алдынча изилдөөнүн жыйынтыгын талкуулоо үчүн убакыт бөлсө болот.

Сабактын аягындагы сыйынуу студенттерге алардын жашоосунда Кудайдын чындыгы аткарылышын суроого жардам берет. Аны кимдир бирөө окушу керек; ошондой эле окуучуларды ага жуманын ичинде кайрылууга жана аны жүрөктөгү сыйынуусу кылып алууга үндөө керек.

«Топто талкуулоо үчүн» деген бөлүктө сабактын аягында талкуулоону баштоо үчүн суроолор берилген. Көпчүлүк темадагы талкуулоолор өзүнөн өзү башталышы мүмкүн жана суроолордун кереги деле жок болот; аларды сөзсүз түрдө колдонуунун кереги жок.

Сабактардын көпчүлүгү студенттер изилдеп жаткан чындыкты практикада колдонуу үчүн өзүн белгилүү бир нерсеге арноого чакырат. Студенттер убадаларды аткарууда бирөөгө жооптуу экенин тактап туруу керек, ошол себептен окутуучу окуучулар убадаларын аткарып жатканын сурап турушу керек.

# ӨСҮҮ ҮЧҮН САБАКТАР

Шакиртчилик үчүн 12 сабак

shepherds
GLOBAL CLASSROOM

# Мазмуну


| Сабактар | Окутуучу үчүн басылма | Окуучу үчүн басылма |
|---|---|---|
| **(1) Куткаруучу жолугушуу** | 165 | 229 |
| «Кудай менен куткаруучу жолугушуу Аны менен баарлашуунун башталышы болду».<br>Максат: тобо кылуу жана кечирим аркылуу күнөөкөр Ыйык Кудай менен баарлаша баштаарын түшүндүрүү. | | |
| **(2) Кудайдын кечиримине толук ишенүү** | 171 | 231 |
| «Мен тобо кылганда жана Кудайдын Сөзүнө ишенгенде, Кудай мени Өзүнүн баласы/кызы деп атады».<br>Максат: куткарылууга толук ишеним жакшы кабардын окутуусун так жолдогондон келерин көрсөтүү. | | |
| **(3) Кудай менен баарлашуу** | 175 | 233 |
| «Мен Кудайды сыйынууда Аны менен баарлашуу аркылуу таанып-билем».<br>Максат: Биздин Кудайга мамилебиз кандай экени Аны менен баарлашуубуз аркылуу билинерин түшүнүү. | | |
| **(4) Баш ийүүгө үйрөнүү** | 181 | 235 |
| «Кудайга сүйүүм канчалык көп болсо, Анын эркин  ошончолук аткаргым келет».<br>Максат: Күнүмдүк жашоонун 10 тармагында Кудайдын эркин аткаруу. | | |
| **(5) Ыйык Китепти жандилиңиз менен изилдөө** | 185 | 237 |
| «Кудайдын Сөзү күн сайын менин жашоомо жана ишенимиме таасир этет».<br>Максат: Ыйык Китепти жеке изилдөөнүн туура себептери жана туура мамилесин билүү. | | |

| | | |
|---|---|---|
| **(6) Дөөт сыяктуу сыйынуу** | 191 | 241 |
| «Менин Кудай менен баарлашуум жашоомдун ар бир мүнөтүн маңыздуу кылат».<br>Максат: биз сыйынууда Кудай менен жашообузда болгондун баарын бөлүшө аларыбызды көрсөтүү жана алдыда эмне кылуу керектиги тууралуу Кудайдын эркин билүү. | | |
| **(7) Ишенимди бекемдөө** | 197 | 243 |
| «Менин ишенимим сыноолорго туш болгондо, мен руханий өсөм».<br>Максат: Менин ишенимимди сынап жана бекемдей турган жети кыйынчылыкты карап чыгуу. | | |
| **(8) Руханий жашоону тартипке салуу** | 203 | 247 |
| «Мен убакытымды жана күчүмдү Кудай менен мамилемди өнүктүрүү үчүн колдоном».<br>Максат: руханий өсүүбүзгө он практикалык кадам кандай жардам бере аларын көрсөтүү. | | |
| **(9) Руханий жооптуулуктун ролу** | 209 | 251 |
| «Кудай мени менен менин досторум аркылуу иштейт».<br>Максат: руханий өсүү үчүн башка машайакчылар менен баарлашуунун маанилүүлүгү. | | |
| **(10) Кызматка берилүү** | 215 | 255 |
| «Менин жашоомдун максаты – күнөөкөрлөрдү куткаруу».<br>Максат: Бизге жакшы кабар таратууга түрткү берген сыйынууларды карап чыгуу. | | |
| **(11) Жыйындын ролу** | 219 | 257 |
| «Кудай менден күткөн нерсени мен жалгыз ишке ашыра албайм».<br>Максат: ишенүүчүгө жыйында өз ордун табууга жардам берүү. | | |
| **(12) Азгырыктарды жеңүү** | 223 | 259 |
| «Мага багыт берген жана мени бекемдеген Ыйык Рухтун жардамы менен мен азгырыктарды жеңе алам».<br>Максат: азгырыктар кантип келерин жана Кудай аларды жеңүүгө кантип жардам берерин түшүндүрүү. | | |

# 1-сабак
# Куткаруучу жолугушуу

## Тема

«Кудай менен куткаруучу жолугушуу Аны менен баарлашуунун башталышы болду».

## Максат

тобо кылуу жана кечирим аркылуу күнөөкөр Ыйык Кудай менен баарлаша баштаарын түшүндүрүү.

## Киришүү

► *Мамилелер эмнеден башталат?*

Адамдардын ортосунда кандайдыр бир мамилелер пайда болушу үчүн алар жолугушу керек. Бардык жолугушуулардын башталышы – бир адамдын экинчи адамга жеке кайрылуусу.

Кудай менен күнөөкөрдүн ортосундагы мамилени кандай элестетесиз? Эки бейтааныш адамдын жолугушуусу сыяктуубу? Алар кол алышып, жайбаракат баарлаша баштайбы? Жок, андай эмес. Ал качандыр бир убакта аябай таарынтып алган адам менен жолугушууну эске салат.

Бирөөнүн үйүн ижарага алган Бекжан аттуу адамды элестетиңиз. Ал конок үйгө мотоциклын айдап кирип, кымбар килемдин үстүндө аны оңдой баштайт. Бекжан  пневматикалык мылтыгын алып өзү жаткан бөлмөгө бутаны илип коюп мылтык атып машыгат. Аны менен бирге жашаган эшек үйдү эркин кыдырып тамак издеп баарын талкалап чыгат. Бекжан эч качан үйдүн кожоюну менен жолугуп көргөн эмес.

Бир күнү дарыгерге көрүнгөнү барып, кезекте отурганда Бекжан бейтааныш адам менен сүйлөшө кетип, ал Бекжан ижарага алган үйдүн ээси экенин билет. Ал адам Бекжанга абдан жагат.

► Алар достошуу үчүн эмне кылуу керек?

Адам таарынтып алган бирөө менен элдешүү үчүн эмне кылышы керек?

1. Айыптуу адам күнөөсүн мойнуна алып жана тобо кылышы керек. Тобо кылуу — үйдүн ээсине зыян келтире турган нерселерди кылууну токтотуу.

2. Зыян тарткан адам айыптуу адам ордун толтуруп бере албаган чыгашага дуушар кылса да кечирүүгө макул болушу керек.

Бул окуя биздин Кудайдын алдындагы күнөөбүздү сүрөттөйт, бирок биздин абалыбыз мындан да жаман. Биз Кудайга каршы ушунча көп нерселерди кылгандан кийин, Аны менен кантип жолуга алабыз?  Теңир менен достошуу үчүн биз жагдайды оңдоого аракет кылышыбыз керек.

Келгиле Кудайдан бөлүнгөн адамдын абалын карап, Кудай аны кечириши үчүн ал эмне кылышы керектигин карап көрөбүз.

## Кудайдан бөлүнгөн адамдын абалы

Кудайдан бөлүнгөн адамдын абалы Эфестиктерге катында сүрөттөлгөн 2:2-3:

> ...бир кезде бул дүйнөнүн адаты боюнча, абада бийлик кылып жаткан төрөнүн жана Кудайга баш ийбеген адамдарда азыркы учурда аракеттенип жаткан рухтун каалоосу боюнча жашачусуңар. Бир кезде мындай адамдардын арасында биз да дененин каалоолорун аткарып, оюбузга келгенди кылып, денебиздин күнөөлүү каалоолору боюнча жашачубуз, башкалар сыяктуу эле табиятыбыз боюнча Кудайдын каарына кала турган адамдардан болчубуз…

Бул аятка ылайык «биз да» качандыр бир убакта денебиздин каалоолорун аткарып, күнөөдө жашаганбыз. Биз шайтандын эркин аткарган «Кудайга баш ийбеген адамдар» элек. «Табиятыбыз боюнча» биз Теңирге жийиркеничтүү өмүр сүрчүбүз; биз Кудайдын каарын толугу менен сезе турган маалды күткөн «Кудайдын каарына кала турган адамдар болчубуз».

► Кудайды билбеген ар бир адам ушул сүрөттөмөгө туура келгени чынбы? Баарыбыз эле жетиштүү чынчыл, адептүү, жоопкерчиликтүү жана боорукер сезилген адамдарга жолуксак керек. Мындай адамдар Кудайдын алдында айыптуу экенин жана алар да тобо кылууга муктаж экенин элестетүү кыйын.

Биз жашоосунда жаман эч нерсе болбогон көп ишенбеген адамдарды көрө алабыз. Алар өздөрүн күнөөкөр деп эсептебеши мүмкүн, бирок алар иштерин Кудайдын эмес, өздөрүнүн эрки боюнча жүргүзүшөт. Татыктуу адам өз эрки менен жашаса жаманбы?

Ышайа 53:6ны карайлы:

> Биз баарыбыз койлордой болуп адашып жүрдүк, ар кимибиз өз жолубузга бурулуп кеттик, ошондо Теңир баарыбыздын күнөөлөрүбүздү Анын мойнуна жүктөдү.

Күнөөнүн маңызы адам өз каалаганын кылгысы келгенде жана Жаратуучунун жетектөөчү ролун четке каккандыгында. Күнөө деген Кудайдын эркине каршы

чыгуу. Адам менен Обо Жаратуучусунан көз карандысыз болуп, өздөрүнө өздөрү Кудай болгусу келип азгырыкка берилгенде ушунун негизинде күнөө кылган.

Куткарылуу ишеним аркылуу келет дегенде, өздөрүн куткарылганбыз деп ынандырган адамдар бар. Алар чындап тобо кыла элек болот, анткени тобо кылуу үчүн эмне кылуу керектигин али түшүнө элек. Алар эч качан өздөрүн Кудайдын сотуна кабыла турган күнөөкөр деп эсептешпейт. Алар машайакчылык чындыктарды кабыл алгандыктан жана түзүк адамбыз деп эсептегендиктен, өздөрүн машайакчы деп аташат, бирок алардын жашоосунда чыныгы өзгөрүүлөр болгон эмес. Алар эч качан өздөрүн Кудайга арнаган эмес; тескерисинче алар Кудайды дээрлик толугу менен жашоосунан чыгарып салат да, өздөрүнүн каалоолоруна гана жетеленет.  Бирок Жазууга ылайык бул учурду куткарылуу жана Кудай менен жеке мамиле башталган учур деп эсептегенге болбойт.

Адам адептүү болушу мүмкүн, бирок Кудайга кызмат кылбаганда ал Кудайдын: «Менден башка Кудайларың болбосун» деген осуятын бузат. Ал адам күндөн-күнгө Кудайдын осуяттары жөнүндө ойлонбой жашайт; ал өзү туура көргөндөй иш кылат жана көз карандысыз жашайт. Ал Теңир жөнүндө билет, бирок Аны Кудай катары даңктабайт (б.а. Аны жашоосунда чыныгы Кудай катары кабыл албайт), ошол себептен ал актана албайт[50].

Ыйык Китеп ишенбеген адам жөнүндө сокур, караңгыда, кулчулукта жүргөн, бузуку каалоолорго жетеленген, а түгүл өлүк адам катары айтат. Кудай күнөөкөргө жардам берүү үчүн биринчи кадам жасабаса, ал дагы деле ошондой абалда кала бермек.

**Кудайдын көрсөтүлгөн ырайымы**

Биз Кудай менен жолуга алышыбыз үчүн жана күнөө маселеси чечилиши үчүн Кудай биз тарапка биринчи кадам жасаган, ошондон тарта биздин Кудай менен мамилебиз башталган. Биз кечиримге ээ болуу үчүн керектүү курмандыкты Ал Өзү алып келген жана бизде аны кабыл алуу каалоосун жана мүмкүнчүлүктү ойготкон.

Кудай бизди кечирүүнү каалайт жана ошол кечиримдин баасын төлөгөнгө да даяр. Ушундай экенин Теңир Ыйсага айкаш жыгачта өлүүгө жол бергенде далилдеген.

Күнөөнүн баасы төлөнгөн деген факты эске алганда деле, күнөөкөрдүн жүрөгүндө өз ишин алып барган Кудайдын ырайымы болбосо, анда чыгуу жолу жок. Ырайым күнөөкөрдүн жүрөгүнө кирип, күнөөлөрүн ашкерелейт жана

[50] Римдиктерге 1:20-21 «...Ошондуктан бул адамдар актана алышпайт. Анткени алар Кудайды таанып билип туруп, Аны Кудай катары даңкташкан жок, …»

Кудайдан алыстаганына күнөөлү экенин көрсөтөт. Кудайдын ырайымы өзүн күнөөлүү аң-сезимин гана ойготпойт, ал Кудайдан кечирим суроого да түрткү берет.

► Кудай Өзү менен куткаруучу жолугушууга даярдаганы жөнүндө ким бөлүшкүсү келет?

Ырайым болбосо, күнөөкөр Кудайдын алдына келе да алмак эмес. Адам Эң Жогорку Кудайды издей электе эле, ырайымга татыктуу эч нерсе кыла электе эле, ырайым ага келет.

Эфестиктерге каты 2:2-3 эсиңердеби? Бул сүрөттөмө абдан үмүтсүз сезимдерди пайда кылат! Бирок кийинки эки аятты карап көрөлүчү.

> ...бирок ырайымга бай Кудай бизге болгон улуу сүйүүсү менен кылмыштарыбыздын айынан өлгөн бизди да Машайак менен бирге тирилтти (ырайымдын негизинде куткарылдыңар) (Эфестиктерге 2:4-5).

Адам куткарылган эмес болсо, бул анын ырайымдан куру калганын билдирбейт; бул анын өзүнө берилген ырайымга жооп кайтарбаганын билдирет.

**Жеке тажрыйба**

Машайакчы – Кудайды тапкан адам. Адатта ал жакшы кабарды түшүнүп жана тобо кылышы үчүн убакыт керек болот; бирок адам Кудайдын алдына жеке өзү келип турган чечүүчү учурда машайакчы болуп калат. Бул адам Кудайдын ырайымына жооп кылып, күнөөлөрү үчүн кечирим сурап жана ишеними менен Кудайдын куткаруучу белегин кабыл алган учур.

Кудайдын Сөзүнө ылайык жаңы ишенген күнөөкөр кечиримге жана куткаруучу ырайымга ээ болот. Куткарылууга ээ болуу көздүн көрүп калуусу, жарыкта жүрүү, кулчулуктан бошонуу, бузуку калоолордон бошонуу жана тирилип өмүргө келүүнү билдирет.

Элчилердин иштери 26:18 жакшы кабардын өзгөртүүчү маңызын сүрөттөйт. Пабыл:  «алар көздөрү ачылып, караңгылыктан жарыкка жана шайтандын бийлигинен баш тартып, Кудайга бурулушу үчүн, Мага ишенүү аркылуу күнөөлөрү кечирилип, ыйыктар менен бирге мураска ээ болушу үчүн, Мен азыр сени аларга жиберем».

► Бул сабактан билген негизинде чыныгы машайакчы ким?

Чыныгы машайакчы – Кудайдын алдында жүрөгүн ачып, күнөөлөрү үчүн тобо кылып[51], ырайымдын негизинде кечиримге ээ болуп[52] жана Кудайдын Сөзүнө ылайык жашоого чечим чыгарган адам [53]. Бул жолугушуу анын Кудай менен жеке баарлашуусунун башталышы болуп эсептелет[54].

Эгер адамдын Кудай менен ушундай мамилелери жок болсо, ал өзүнө сунуш кылынган Кудайдын ырайымын четке кагат. Ал күнөөлөрү үчүн тобо кылып, ишеним аркылуу Кудайдын кечиримине жана анын маңызын өзгөртүүчү Кудайдын ырайымына ээ болушу керек.

## Топто талкуулоо үчүн

► Топтун кээ бир мүчөлөрү Кудай менен кантип жолукканы жөнүндө күбөлүгүн кыскача бөлүшүп, бул окуядан мурун жана кийин жашоосу кандай болгону тууралуу мисалдарды келтирсе болот.

► Ар бир катышуучу өзүнө: «Мен тобо кылып ишенгенде чынында эле Кудайды таптымбы, же өзүмдү эч негизсиз эле машайакчы деп атап жүрдүмбү?» деген суроо бериши керек.

► Эгер кимдир бирөө Кудай менен күтүлгөндөй мамилеси жоктугун сезсе, ал топтогулардан аны менен бирге сыйынуусун суранса болот.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мен Сенден бөлүнүп жүргөндө мени тапканың үчүн рахмат. Мен жашай алышым үчүн менин ордума өлгөн Ыйса үчүн рахмат.

Күнөөмдү ашкерелеп, кечирим издөөгө каалоо берип жана жүрөгүмдү Сага тил алчаак болууга бурганың үчүн рахмат.

Менин жашоомдо кылган өзгөрүүлөр үчүн рахмат. Мен дайыма Сага баш ийип жана Сени сүйүп жашагым келет.

Оомийин.

---

[51] «Силерге айтып коёюн, андай эмес. Эгерде тобо кылбасаңар, бардыгыңар ошолорго окшоп өлөсүңөр» (Лука 13:5)

[52] «Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги…» (Эфестиктерге 2:8)

[53] «Машайактын ичинде жашап жаткан адам күнөө кылбайт. Ал эми күнөө кылган адам Аны көрө элек, Аны таанып биле да элек» (1 Жакан 3:6)

[54] «…Ал эми биздин мамиле – Ата жана Анын Уулу Ыйса Машайак менен болгон мамиле» (1 Жакан 1:3)

**Тапшырма**

Эфестиктерге 2-бөлүмдү окуп чыгыңыз. Кудай биздин жашообузда кандай иштээрине көңүл буруңуз. 1-3-аяттар биздин мурунку абалыбызды сүрөттөйт; 4-аятта Кудай биздин жашообузда кылган өзгөрүүлөр сүрөттөлөт. Бөлүмдө толугу менен өзгөчө 4, 6, 7, 14 жана 19да мамилелер тууралуу эмне деп айтылганына көңүл буруңуз. Көргөнүңүз жөнүндө бир нече абзац жазыңыз.

# 2-сабак
# Кудайдын кечиримине толук ишенүү

## Тема

«Мен тобо кылганда жана Кудайдын Сөзүнө ишенгенде, Кудай мени Өзүнүн баласы/кызы деп атады».

## Максат

куткарылууга толук ишеним жакшы кабардын окутуусун так жолдогондон келерин көрсөтүү.

## Киришүү

► Адам куткарылганына кантип толук ишенсе болот?

► Бул суроодо сезимдерге таянса болобу? Эмнеге болбойт?

*Жоопторду көпчүлүгүн жагымдуу маанай менен кабылуу алууга аракет кылып ар түрдүү жоопторду угуңуз. Ал жоопторду тактап талкуулоону кийинкиге калтырыңыз.*

Кээ бир адамдар бардык нерседе өзүнүн сезимдерине же эмоцияларына таянат, бирок сезимдер өзгөрүлүп турат, алар узакка барбайт.

Ыйык Китеп биз куткарылганыбыз жөнүндө толук ишеним менен айтсак болорун жана Кудай менен элдешкенибизди так билсек болорун үйрөтөт. Биздин жашообузда коркунучка орун болбошу керек, анткени Ыйык Рух биздин рухубузга биз Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрөт.

> Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат (Римдиктерге 8:16).

Бул билим Сот күнүн күтүүдө да бизге күч жана толук ишеним берет, биз өзүбүздөн кайра-кайра Кудайдын алдында чындап акталдыкпы деп сурабай эле койсок болот. Кээ бирөөлөр асманга бараарына үмүттөнгөнүн айтышат; биз болсо жөн гана үмүттөнбөйбүз, биз буга толук ишенсек болот.

> Биздин ичибиздеги сүйүү жеткилеңдикке жеткендиктен, сот боло турган күнү биз кайраттуулукка ээбиз. Анткени Ал кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз (1 Жакан 4:17).

► Өзгөрүлгөн жашоо куткарылуунун далили, бирок бул адамдын биринчи кепилдиги деп ишенүү үчүн жетиштүү эмес. Эмне үчүн?

Өзгөрүлгөн жашоо куткарылуу алганыңды ырастайт, бирок бул күбөлүк тобо кылган учурда өзүнөн өзү ачыкка чыкпайт. Куткарылуунун натыйжаларын көрүү үчүн убакыт талап кылынат, ошол себептен ага ээ болгон учурда өзгөрүлгөн жашоо куткарылганыңа толук ишенүүнүн негизи боло албайт. Ишенүүчү жакшы кабардын окутуусун так аткарып жаткандын негизинде куткарылганына толук ишенсе болот.

Куткарылууга ээ болуунун жолу тобо кылуудан башталат. Тобо кылуу күнөөкөр өзүнүн күнөөсүн сезгенин жана жазага татыктуу экенин мойнуна алганын[55], ошону менен күнөөдөн кутулуу каалоосун көрсөткөнүн билдирет.

> Күнөөкөр өз жолун, мыйзамсыз жаман ойлорун таштап, Теңирге кайрылсын. Ошондо Ал ага ырайым кылат, биздин Кудайга кайрылсын, анткени Ал өтө ырайымдуу. (Ышайа 55:7).

Адам өзүн чындап күнөөлүү жана жазага татыктуу деп эсептебесе, ал тобо кылган эмес. Ал күнөөкөр экенин мойнуна алса, бирок андан ары күнөө кылууга жол берген динди издесе, ал тобо кылган эмес жана мындан мурун эмне үчүн соттолгон болсо, ошол ишин уланта бергиси келет, ал күнөө – жамандык деп эсептебейт.

Тобо кылуу Кудай кечириши үчүн күнөөкөр жашоосун оңдоп жана Кудайга өзүн адил көрсөтүшү керектигин билдирбейт – мындай кылуу мүмкүн эмес. Бул мүмкүн эмес, анткени күнөөкөр күнөөнүн көзөмөлүндө, бирок күнөөкөр Кудай ага күнөөдөн арылууга жардам берүүсүн сураныш керек.

Тобо кылуу менен бирге же андан кийин куткарылуу үчүн керектүү ишеним келет. Адам белгилүү бир чындыктарды ишеним менен кабыл алганда «куткаруучу ишенимге» ээ болот.

(1) Ал өзүн актоо үчүн эч нерсе кыла албарын түшүнөт.

> Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги. Эч ким мактанбашы үчүн, бул кылган иштерден да эмес (Эфестиктерге 2:8-9).

Ал куткарылууга татыктуу болуу үчүн кымындай да эч нерсе кыла албайт (иштердин негизинде куткарылуу).

(2) ал Машайактын курмандыгы – анын куткарылуусу үчүн жетиштүү баа экенине ишенет.

> Ал – биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн чалынган ырайым курмандыгы (1 Жакан 2:2).

---

[55] 1 Жакан 1:9: «Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт.»

Ырайым курмандыгы курмандык кабыл алынганын жана ал бизди актоо үчүн жетиштүү экенин билдирет. Биз куткарылууга ээ болуу үчүн Машайактын курмандыгына кошумча эч нерсе кылбай эле койсок болот.

(3) Ал куткарылууга ээ болуу үчүн ишенимге гана ээ болгону жетиштүү экенин түшүнөт.

> Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт (1 Жакан 1:9).

Адам куткарылуу үчүн кошумча бир нерсе кылуу керек деп эсептесе, анда Машайактын курмандыгы жетиштүү эмес жана куткарылууга Кудайдын ырайымынын негизинде эле эмес, кошумча иштерди кылуу аркылуу ээ болсо болот.

Эгер адам чындап тобо кылса жана Ыйык Китеп эмне дегенине ишенсе, анда Кудай аны кечирди деп эсептөөгө толук укуктуу. Кудай адамзатынын баарын куткарып алгысы келгенин билүү жетиштүү эмес; адам жеке өзү куткарылганына ишениши керек.

Кудай ишенүүчү чын жүрөктөн тобо кылганда жана ишенип калганда ага аны куткарып алганын өзгөчө ырастайт. «Себеби силер кайрадан коркунуч менен жашоо үчүн кулдуктун рухун кабыл алган жоксуңар, тескерисинче, Кудайдын баласы кылган Рухту кабыл алдыңар. Ошол Рух аркылуу: «“Абба!”, Ата!» – деп чакырабыз. Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат.»[56]

Адам Жазууда айтылганды жолдоп, ал жакта жазылган боюнча өзүнүн абалын текшерип турса жана сезимдерин ырастоо үчүн кандайдыр бир белги издебесе, жаңылбайт. Бул толук ишеним Кудайдын Сөзүнө негизделген, ал эми Кудай дайыма Өзүнүн убадасына турат.

### Топто талкуулоо үчүн

► Тобо кылган учурда адам «тобо кылуу» жана «куткаруучу ишеним» деген эмне экенин так билбеши мүмкүн, бирок машайакчы болгондон кийин артка кайрылып башынан ушул нерселер өткөнүн көрөт.

► Топтун мүчөлөрүнөн ким азыр өлсө асманга барарына толук ишенерин сурап көрүңүз.

► Катышуучуларга алар тобо кылууга жана ишенимге кантип келгенин кыскача бөлүшүүнү сунуш кылыңыз.

[56] Римдиктерге 8:15-16

► Кудай менен элдештим деп ойлоп, бирок ошол эле учурда жогоруда берилген шарттарды четке каккан (мисалы, өзүн Кудайдын жазасына татыктуу күнөөкөр деп эсептебесе) адам кандай жаңылыш ойлорго келерин талкуулаңыздар. Мындай каталардын кесепеттери сабакта кыскача айтылган.

► Бул сабак адам Ыйык Китептин окутуусун туура эмес түшүнсө, анын ойлорун өзгөртүү үчүн жана машайакчыга анын ишениминин негизи болгон чындыктарды түшүнүүгө жардам берүү үчүн иштелип чыккан.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Ишениминин негизинде тобо кылган күнөөкөрдү кечирүүгө убадаң үчүн рахмат. Мен күнөөлөрүм үчүн тобо кылам жана Сенин убадаңа ишенем.

Мен Машайак айкаш жыгачта өлгөндө толугу менен менин күнөөлөрүм үчүн төлөгөнүн билем.

Менин күнөөлөрүм кечирилгендиктен, мен соттон коркпой эле койсом болорун билем.

Мен – сенин балаң экенимди күбөлөндүргөн Ыйык Рухтун күбөлөндүрүүсү үчүн рахмат.

Оомийин.

## Тапшырма

Эврейлерге 10:11-25ти кунт коюп окуңуз. Бул үзүндүнүн негизинде куткарылууга толук ишенсе болобу? Сиз жооп катары эмне кылышыңыз керек? Эмне кылышыбыз керектигин тизмелеп жазып, бул иштерди кантип аткаруу керектигин ойлонуп көрүңүз.

# 3-сабак
# Кудай менен баарлашуу

## Тема

«Мен Кудайды сыйынууда Аны менен баарлашуу аркылуу таанып-билем».

## Максат

Биздин Кудайга мамилебиз кандай экени Аны менен баарлашуубуз аркылуу билинерин түшүнүү.

## Киришүү

Сыйынуу машайакчынын жашоосунда абдан чоң орунду ээлейт. Бирок, адамдын чыныгы машайакчы сыйынуусу болбогон сыйынуу салты болушу мүмкүн. Кээде адам эмне жөнүндө жана кандай сыйынуу керектигин туура эмес түшүнүп алат.

► Эч качан сыйынбаган адам Кудайга кайрылып жатканын элестетиңиз. Аны кайрылууга эмне мажбурлашы мүмкүн?

Адам биринчи жолу кандайдыр бир кырсыктын айынан же керектүү бир нерсеге жетүү үчүн Кудайга кайрылышы мүмкүн (октор жаап жатканда ишенбеген аскерлер да сыйына баштат). Адам сыйынып баштаганы ал куткарылгысы келгенин же Кудай менен элдешүүнү каалаганын билдирбейт, ал жөн гана Кудайдан бир нерсе алгысы келет.

Бүгүнкү күндө көптөр иштерин ийгиликтүү алып кетүү максатында же ден соолук маселесин чечүү үчүн сыйкырдуу илимдер,  спиритизм жана экстрасенсорикага кызыгат. Илимдин күчү жетпеген жерлерде адамдар табияттан тыш нерселерге үмүттөнө башташат. Өз кызыкчылыгында табияттан тышкары нерселерди колдонууга умтулуу бутпарастардын бутка табынуусун, а түгүл культту эске салат.

Кээ бирөөлөр сыйынууну кандайдыр бир сыйкырдуу дуба катары көрүшөт. Алар Кудайдан бир нерсе алуу максаты менен гана сыйынышат.

► Башка динди туткан адамдар да сыйынышат. Машайакчынын сыйынуусу бутпарастын сыйынуусунан эмнеси менен айырмаланат?

### Машайакчы Кудайдын эркин билгиси келет

Айырмалар көп, бирок алардын эң маанилүүсү биз өз кызыкчылыгыбыз үчүн Кудайды башкарууга умтулбайбыз, анын ордуна Кудайдын эркине жараша эмне кылышыбыз керектигин билүүгө умтулабыз.

Бутпарас өзүнө керектүү нерсени алуу үчүн табияттан тыш нерселерди колдонууга аракет кылат. Ошондой эле кырдаал курчуганда же Кудайдан бир нерсе алуу үчүн сыйынган адамдар бар; башкача айтканда алар Эң Жогорку Кудайдын эркин аткаруунун ордуна, өздөрүнүн эркин Ага аткарткысы келет.

Машайакчы катары биз өзүбүздүн жеке каалоолорубузга караганда Кудайдын эрки жакшы экенине ишенебиз.  Кудайдын акылмандуулугу жана сүйүүсү жеткилең болгондуктан, биз үчүн Анын эркин аткаруудан артык эч нерсе жок. Сыйынууда Кудайга муктаждыктарыбыз менен кайрылсак да, биз үчүн эмне жакшы экенин чечүү укугун Ага калтырабыз. Башка арга жоктон эмес, Теңирге ишеним арткандыктан ошондой кылабыз.

Кандайдыр бир белгилүү муктаждыктар жөнүндө сыйынганда Кудай биздин сыйынууларыбызга жооп бергенин көрө алабыз. Эгер дайыма жалпы нерселер тууралуу сыйынсак, көзгө көрүнгөн натыйжаларды ала албайбыз.  Биз кандай кылуу керектигин көрсөтсүн деп Кудайга өзүбүздүн көйгөйлөрүбүз менен кайрылабыз. Биз кандайдыр бир суроого жооп издегенде, Ал бизге эмне жөнүндө сыйынуу керектигин так айтып берет.

Сыйынуу  – жөн эле муктаждыктардын тизмеси эмес, бул Кудай менен баарлашуу. Биз Аны менен көйгөйлөрүбүздү бөлүшкөндө, Ал бизге ушундай жол менен, Анын ойу боюнча биз үчүн жакшы жакка аларды чечип берүүгө жардам берерине  ишенебиз. Кээде Ал бизге эмне кылгысы келгенин көрсөтөт.

### Машайакчы Кудай менен мамилесин Андан алган нерселерге караганда көбүрөөк баалайт.

Биз биринчи кезекте Кудайды табуу үчүн сыйынабыз.

Сиз ыйык Бернард аттуу адам жөнүндө уктуңуз беле?

Клэарвокстук Бернард мындай деген: «Кудай менен өткөргөн убактыбыз жана ал биздин жашоодо канчалык артыкчылыкка ээ экени, биздин Ага карата сүйүүбүздүн чыныгы өлчөгүчү». Сыйынуу – бул өз ара мамилелешүү, ал эми өз ара мамилелешүү – бул баарлашуу.  Өз ара мамилелешүү баарлашуу жок өнүгө албайт, ал жок болсо бара бара жок болуп кетет.

Сизге бир нерсе керек болгондо гана кайрылган доско ээ болгуңуз келеби? Ага сиз менен баарлашуунун таптакыр кызыгы жок болсо, ал сиздин көйгөйлөрүңүз жана каалоолоруңуз жөнүндө билгиси келбесе кандай болот эле?  Сиз аны

досум деп атай албасаңыз керек. А бирок көпчүлүк адамдар Кудай менен так ушундай мамиле курушат.

Биздин Кудайга болгон сүйүүбүз биз ал үчүн кылган жумушубуз менен (албетте ага болгон сүйүү бизге Ал үчүн эмгектенгенге түрткү берет), же жашообузга кандай олуттуу мамиле кылганыбыз менен өлчөнбөйт (албетте Ага болгон сүйүү күнөөдөн алыстатышы керек).   Өз жумушун аткарган, бирок башчысы менен жолугушуудан качкан адам, башчысы менен начар мамиледе болушу толук ыктымал. Биз Кудай менен мамилебизди жакшыртууга умтулушубуз керек.

Баарлашуу ар түрдүү деңгээлде болушу мүмкүн. Үстүртөн мамилелерде ал көнүмүш адат боюнча айтылган жатталган сөздөрдөн турат. Тереңирээк мамилелер маанайды жана сезимдерди бөлүшүүнү билдирет. Чыныгы мамилелер толук ишеним артууга жана ак ниетке курулат.

Бернард, албетте туура айткан. Досторубуз менен өткөргөн убакыт алар менен жакындыгыбызды билдиргендей эле, сыйынганыбыз, Кудайды кандай сүйгөнүбүздү көрсөтөт.

## **Сыйынуу руханий жашоонун ажырагыс бөлүгү**

Биздин руханий жашообуз толугу менен Кудай менен мамилелерибизден көз каранды, ал эми сыйынуу  анын ажырагыс бөлүгү.

Машайакчыларды куугунтуктоочу Шабылдын, өзгөргөнүнүн белгиси – ал сыйына баштаган (Элчилердин иштери  9:11)[57].

► Олуттуу жараат алган адамга биринчи жардам көрсөткөн дарыгер эң эле биринчи эмне кылат?

Дарыгер алгач жашоо үчүн өтө маанилүү мүнөздөгүчтөрдү – тамырынын согушун жана дем алуусун текшерет. Ал дене тирүү экенинин белгилерин издейт. Ушул сыяктуу эле руханий жашоонун белгилери бар –  бул сыйынуу.

Сыйынуу  – өмүр деми; «өтө маанилүү» руханий мүнөздөгүч.

Биз Кудайдан руханий жашоону дем алабыз – анан даңктоолор менен демибизди чыгарабыз, даңктоолор сыйынууда баарынан ачык көрүнөт. Адам дем албай калса, анын денеси канча убакыт жашай алат? Адам сыйынбаса, канча убакыт руханий жашай алат?

► Биз качан сыйынышыбыз керек?

[57] О.э. 1 Корунттуктарга 1:2 ни караңыз. Сыйынуу – машайакчыларды бириктирет

## Качан тилениш керек

- Ойгонгондо
- Күн сайын атайын сыйынууга арналган убакытта.
- Түйшүк басып калганда.
- Ийгиликсиз болгондо.
- Бир нерсе үчүн Кудайга ыразы болгондо.

## Жыйынтыктоо

Машайакчынын сыйынуусу бутпарастын сыйынуусунан, биз Кудайдын эркин билгибиз келгени менен жана Андан алган нерселерге караганда, Аны менен мамилени көбүрөөк баалаганыбыз менен айырмаланат.

Сыйынуу биздин Кудайга сүйүүбүздү чагылдырат.

Сыйынуу – биздин руханий тирүүлүгүбүздү көрсөткөн өтө маанилүү руханий мүнөздөгүч.

## Топто талкуулоо үчүн

► «Биз сыйынууда Кудайдан бир нерсе алууну издебей, Кудайдын Өзүн издешибиз керек» деген сөздү талкуулаңыздар. «Сиз чынында эле ушундай ой менен сыйынасызбы? Ал эмнеден билинет?» – деп сураңыз.

► Сыйынуулар адамдын Кудайга болгон сүйүүсүн чагылдырат дегенде топ кандай реакция кылганын байкаңыз. Бул кимдир бирөөгө жашоосун кайра баалаганга түрткү бердиби деген суроо бериңиз. Мындай суроолорду колдонсоңуз болот: «Сен чынында эле сенин Кудайга болгон сүйүүң, сыйынууда өткөргөн убакытың менен өлчөнөт деп эсептейсиңби?» «Сенин Кудайга болгон сүйүүң сыйынууларыңа караганда көбүрөөк экенине ишенесиңби?»

► Студенттерге кээ бир милдеттерди алууга сунуш кылыңыз: «Менин Кудайга болгон сүйүүм өсүшү үчүн жана сыйынууларымда билиниши үчүн, мен… керек»

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мага Өзүң менен баарлашуу артыкчылыгын бергениң үчүн рахмат. Мен Сени менен муктаждыктар тууралуу сүйлөшө алганыма кубанычтамын, бирок баарынан да Сени көбүрөөк таанып биле алганыма ыраазымын.

Сага болгон мамилемди баарлашуу аркылуу көрсөтүүгө жардам берчи. Сени таанып билген сайын Сага болгон сүйүүм бекемдешин каалайм.

Сени менен баарлашууну жашоомдун эң маанилүү артыкчылыгы катары биринчи орунга койгонго жардам берчи.

Оомийин.

## Тапшырма

Матай 6:5-18деги сыйынуу тууралуу Ыйсанын акыл-насаатын окуңуз. Адамдык муктаждыктар менен байланыштуу жерлерге, о.э. Кудай менен мамилелер тууралуу айткан жерлерге көңүл буруп, шилтеме жазыңыз.

# 4-сабак
# Баш ийүүгө үйрөнүү

## Тема

«Кудайга сүйүүм канчалык көп болсо, Анын эркин  ошончолук аткаргым келет».

## Максат

Күнүмдүк жашоонун 10 тармагында Кудайдын эркин аткаруу.

## Киришүү

► Биздин Кудайга болгон сүйүүбүз өсүп жатканын эмнеден билсе болот?

Өсүп жаткан Кудайга болгон сүйүүнүн натыйжалары Филипиликтерге 1:9-11де жазылган.

> Силердин сүйүүңөр таанып билүү жана ар кандай сезимталдык жагынан өсө бериши үчүн сыйынам. Эң жакшысын ажырата билип, Машайактын күнүндө таза жана кемчиликсиз болушуңар үчүн, Кудай даңкталышы жана макталышы үчүн, Ыйса Машайак аркылуу адилдиктин жемишине артыгы менен ээ болушуңар үчүн сыйынам.

Бул аяттар ишенүүчүнүн жашоосундагы токтобогон процесс жөнүндө айтат. Анын сүйүүсү дайыма өсүп турушу керек, ошондо жагдайды туура баалоо жана туура чечим чыгаруу мүмкүнчүлүгү да өсөт. Ал өз жашоосун Кудайдын эркине тууралоо процессинен өтөт.  Бул процесс адамды таза жана мүдүрүлбөс кылуу үчүн керек.

Куткарылууга ээ болгондон кийин биз кармана турган бардык чындыктарды дароо түшүнө албайбыз. Жогоруда берилген аяттарда Пабыл белгилүү бир убакытка машайакчы болгон адамдар жөнүндө айтат, бирок Пабыл баары бир алардын сүйүүсү өсүшү үчүн жана ошол сүйүү аркылуу алар Кудайдын эркин жакшыраак таанып билиши үчүн сыйынган.

Кудай бизге бир нерсени ачып бергенде, биз дайыма жашообузду жакшыртып турушубуз керек. Эң Жогорку Кудай бизден диний жөрөлгөлөрдө эле эмес, жашообуздун бардык тармактарында толук баш ийүүнү каалайт.

Биз кандай өмүр сүрүшүбүз керектиги жөнүндө баарын билебиз деп жана жашообузда өзгөртө турган нерселердин баарын өзгөртүп койгонбуз деп алданбайлы.

**Ишенүүчү өсүшү керек болгон тармактар**

**(1) Ал башкаларга кандай үлгү көрсөткөнүн байкап жүрүү**

Сиздин жүрүм-турумуңузда башкалардан көргүңүз келбеген кандайдыр бир сапаттар барбы?

**(2) Өзүн өзү башкаруу**

Жагдайды туура жөнгө салуу үчүн сезимдериңизди жана каалоолоруңузду көзөмөлдөй аласызбы же кээде ойлонбой туруп, машайакчы эмес адамдай иш кыласызбы?

**(3) Ден соолукка кам көрүү**

Сиз денеңизге кам көрүп, ага Кудайдын талаасында эмгек кылуу үчүн колдонула турган алмаштырылгыс куралдардын тобу катары мамиле кыласызбы? Сиздин денеңиз Кудайга тиешелүү болгондуктан ага керектүү көңүл бөлүү керек: аны этибар албай коюуга болбойт.

**(4) Көңүл ачууларды тандоо**

Көңүл ачууларды тандаганда күнөөкөр ойлорго жана жүрүм-турумга түрткөн ашыкча азгырыкка туш болбойсузбу? Күнөөнү жымсалдап, аны жагымдуу жана өзүнө тартуучу кылып көрсөткөн көңүл ачуулардан абайлаңыз.

**(5) Адептер**

Сиз айланадагыларга түбөлүктүүлүктү мурастаган Кудайдын баласы катары сый-урмат менен мамиле кыласызбы? Сиз жашаган айланадагы адамдар жүрүм-турумунда өздөрүнүн каада-салттарын карманышат. Сиз белгилүү бир коомчулукта кабыл алынган адептүүлүк эрежелерин үйрөнүшүңүз керек. Достукту баалабагандарга да достук мамилесин көрсөтүңүз.

**(6) Иш алып баруу этикасы**

Сиз кылган иштериңиздин баарында чынчылсызбы? Сиз бардык нерселерде таксызбы, же өз кызыкчылыгыңыз үчүн бир нерсени жашырууга, же толук айтпай коюуга аракет кыласызбы?

**(7) Пунктуалдуулук**

Сиз адамдардын убактысын баалап, белгиленген жолугушуу жана иш-чараларга кечикпегенди максат кыласызбы?

**(8) Кийим**

Сиз дайыма адептүү (денеңизди өтө ачпай), токтоолук менен (өзүңүзгө көңүл бурдурбай же жасанганыңызды байкатпай) жана үнөмдүү (белгилүү фирмалардын кымбат кийимдеринин артынан кубалабай) кийинесизби?

**(9) Сүйлөө речи**

Сүйлөшүүлөрдө Кудайга жана айланадагыларга сый-урмат көрсөтөсүзбү? Көп учурда адамдар өзүнүн эмоцияларын же сезимдерин билдирүү үчүн жаман сөздөрдү айтып же Кудайдын ысымын орунсуз колдонушат.

**(10) Жоопкерчилик**

Сиз өзүңүздүн милдеттериңизди аткарасызбы? Адамдар сиз убадаңызды кармаганыңызга толук ишенеби? Же пландарыңыз өзгөрүп кетсе, убадаңызды унутуп каларыңызды божомолдошобу?

Аз сандагы адамдар гана өзүндө бир нерсени өзгөртүү керектиги жөнүндө олуттуу ойлонушат. Алар Жазуунун белгилүү бир осуяттарын билишет, бирок бул же тигил жашоо жагдайларында аларды кандай колдонуу керектигин билбейт.

Алар бул өзгөрүүлөр түздөн түз Кудайды сүйүү менен байланышкан деп ойлонбогон сыяктуу; ошондой эле алар өздөрүнүн болжолдуу кемчиликтери менен руханий жашоосунун деңгээлинин ортосундагы байланышты көрүшпөйт. Мындай адамдар биз лекцияны баштаганда колдонгон Жазуудагы аяттар жөнүндө олуттуу ой жүгүртүп, алардын сүйүүсү өссө, жүрүм-турумун оңдоо зарылчылыгы жөнүндө түшүнүгү да өсөрүнө ынанышы керек.

### Топто талкуулоо үчүн

Кийинки суроолорду бериңиз:

► Сиздин жашооңуз Кудай кандайдыр бир жүрүм-турум, адат же иш-аракет анча жакшы эмес экенин көрсөткөндөн кийин кандай өзгөргөнү жөнүндө мисал келтире аласызбы?

► Сиздин оюңуз боюнча жашооңузда бир нерсени өзгөртүү керекпи? Эгер керек болсо, өзгөртүү үчүн күч жумшайсызбы?

► Жашоо образымдын туура эмес жактары бар окшойт деген шектенүү болобу?

► Жашооңузда өзгөртө турган учурларды Кудай көрсөтүп берсин деп сураганга даярсызбы?

► Бул жумада Кудай бизге өзүнүн стандарттарын жана жашообузда көргүсү келген өзгөрүүлөрдү көрсөтсүн деп ачык жүрөк менен сыйынууга максат коёлу.

Өзүңүзгө ушундай милдетти алууга даярсызбы? Мен кийинки жумада аны аткарган аткарбаганыңызды сурайм.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Менин Сага болгон сүйүүм дайыма өсүшүн каалайм. Мен Сенин эркиңди жакшыраак таанып билип, Сага тил алчаак болгум келет.

Менин жашоом таза жана мүдүрүлбөс болушу үчүн, Сен менде көргүң келген нерсени таанып билгенди үйрөтчү.

Мен өзгөртүш керек болгон адаттарды жана иш аракеттерди айырмалай билип, Сенин атыңды даңктай турган жүрүм-турумга үйрөнүүгө жардам берчи.

Мен Сенин даңкың үчүн жемиш алып келгим келет.

Оомийин.

## Тапшырма

1 Корунттуктарга 13-бөлүмдү изилдеңиз. Бул бөлүмдө адамдын жашоосу жана адамдарга болгон сүйүүсү кандай болушу керектиги тууралуу айтылат. Сиздин жашооңуз Кудайга карата сүйүүңүздү чагылдырышы үчүн кандай өзгөрүү керектигин Кудайдан сураңыз. Көргүңүз келген айрым өзгөртүүлөрдү жазгыла.

# 5-сабак
# Ыйык Китепти жандилиңиз менен изилдөө

## Тема

«Кудайдын Сөзү күн сайын менин жашоомо жана ишенимиме таасир этет».

## Максат

Ыйык Китепти жеке изилдөөнүн туура себептери жана туура мамилесин билүү.

## Киришүү

► Эмне үчүн машайакчылар Ыйык Китепти күн сайын окушу керек?

► Эмне үчүн кээ бир адамдарга Ыйык Китепти туруктуу изилдөөгө кыйын?

## Ыйык Китепти изилдөөнүн себептери

### (1) Кудай менен болгон мамиле үчүн.

118-Забур, Ыйык Китепин эң узун бөлүмү. Жети аятан башка алардын дээрлик ар биринде Кудайдын Сөзү тууралуу айтылат. Анда айтылгандай, Кудайдын Сөзү– бул Кудайдын табиятынын көрүнүшү, демек Ыйык Жазуу – бул Кудайды таануу каражаты.

Ыйык Китепти изилдөөнүн дагы бир нече себеби 2 Тиметей 3:16да келтирилген:

> Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу*.*

Ыйык Китепти изилдөөнүн экинчи себеби бул...

### (2) Чындыкты билүү жана ал чындыка ишенүү

Көптөр Ыйык Китепти изилдөөнүн себеби ушул болушу мүмкүн деп ойлошот. Ооба, бул себеп маанилүү. Анткени “Доктрина” биз ишенген жана үйрөткөн чындыкты билдирет. Ыйык Китеп – биздин окуубуздун булагы. Ыйык Китеп Кудайдын табиятын, адамдын абалын жана куткарылууну ачып берет.

### (3) Жашоого багыт алуу үчүн

Ашкерелөө болгондо, оңдолгондо жана адилеттүү болуп тарбияланганда, Кудайдын сөзү иш-аракетти бизге кандай жашаш керектигин көрсөтөт.

**(4) Натыйжалуу <u>кызмат кылуу</u> үчүн**

"Ашкерелөө үчүн, оңдо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн" бул сөздөр жеке изилдөө кылган учурларда гана эмес, башкалар менен болгондо да Кудайдын Сөздөрү пайдалуу болот.

> Ал аркылуу Кудайдын адамы жеткилең жана бардык жакшы ишке даяр болот (2 Тиметей 3:17).

**(5) Руханий <u>жеткилендик</u> үчүн**

> Убакыт боюнча алып караганда, силер окутуучу болуп калышыңар керек эле, бирок силерге кайрадан Кудай Сөзүндөгү окутуунун алгачкы негиздерин үйрөтүш керек болуп калды. Силерге күчтүү тамак эмес, сүт керек. Ким сүт менен азыктанса, ал чындык сөзү боюнча тажрыйбасыз, анткени ал али наристе (Эврейлерге 5:12-13).

Адам Кудай Сөзүнөн чындыкты таанып-билүү менен машыгып, жетилип, башкаларга үйрөтүү үчүн Кудайдын Сөзүн колдонуу жөндөмүн өрчүтөт.

**Төмөнкү максаттар менен Ыйык Китепти изилдебеш керек**

**(1) <u>Жаңы</u> жоромолдорду ойлоп табуу үчүн**

Кээ бир адамдар үзүндүдө кызыктай, эч кимге окшошпогон, жаңы чечмелөөлөрдү издешет. Биз Ыйык Жазууну колдонгондо жана адамдарга жеткиргенде чыгармачыл болушубуз керек, бирок аны чечмелегенде эмес. Эмнени билдирсе, ошону билдирет жана биз анын маанисин өзүбүз каалагандай түзбөшүбүз керек.

"Түгөнгүс Ыйык Жазуунун жөндөмдүүлүгү, чечмелөө сөз байлыгынан эмес" (Калвин).

**(2) <u>Талаш</u> үчүн дебаттарды чогултуу**

Келишпестик учурунда Ыйык Китепти колдонуп, изилдеген маанилүү нерсе. Бирок бул Ыйык Китепти жандили менен изилдөөнүн максаты эмес. Эгер кимдир бирөө Ыйык Китепти талаш-тартыш үчүн гана окуса, анын көзү көрбөй калат жана көргүсү келген нерсени гана көрө алат.

**(3) <u>Шыктандыруу</u> сезүү үчүн**

Албетте, Ыйык Китеп бекемдилик үчүн жана кубаныч алыш үчүн керек, бирок ар бир үзүндү кубанычтуу сезимдерди жаратуу үчүн жазылган эмес. Ыйык Жазуунун максаты бул доктринаны киргизүү, ашкерелөө, оңдо, адилеттүү болууга тарбиялоо. Эгер адам ар дайым үзүндүлөрдөн өтүп, сезимине жардам бере турган аяттарды издесе, анда ал Ыйык Китепке толук кабарын айтуусуна жол бербейт.

**Эгерде кимдир бирөө Ыйык Китепти изилдегенди четке какса, анда изилдөөнүн туура себептеринин жоктугунан болушу мүмкүн ( бул жөнүндө биринчи сабакта айтылган). Эгерде ал адмамдын окууга туура себептери жок болсо, анда ал окуунун ийгиликке жетпегенин же арзыбаган сезимдерди сезип баштайт.**

## Ыйык Китепти жандилиңиз менен  кантип изилдөө керек

### (1) Үзүндүнү түшүнүү үчүн сыйынуу менен баштаңыз.

Үзүндүдөн чыныгы кабарды алыш үчүн жүрөгүңүдү даярдагыла. Сиз Кудайдын эркин билүү үчүн эмес, аны аткаруу үчүн окуп жатасыңар. Сыйынуу түшүнгөнгө гана эмес, тобо кылганга даярдайт.

### (2) Үзүндүнү эмне деп жатат.

Үзүндү чынында эмне деп жатат? Айкаш сөздөр жана кандай билдирүүлөр бар. Сиздин чечмелөө үзүндүгө чейинки жана кийинки аяттар менен дал келишин текшериңиз. Сиздин корутундуңуз Ыйык Жазууга карма-каршы келбешин текшериңиз. Биринчи жолу окуган адам үзүндүнү кандай түшүнмөк эле, деп ойлоп көрүңүз.

### (3) Үзүндүнү жеке колдонуу

Үзүндүдө бул сөздөр кезигеби, карап көргүлө:

- Күнөөнү моюнга алуу же моюнга алуудан качуу?
- Өзгөртүгө муктаж болгон жүрүм-турум?
- Убада ырастоо?
- Баш йүү үчүн буйрук?
- Кудайды ээрчүү үлгүлөрү?
- Сыйынуунун көрсөтмөлөрү сыйынган үчүн?
- Кудайдан качуунун каталары?
- Азгырыктан качуу жөнүндө?
- Кудайды даңкташ үчүн, эмне кылышыптыр?

Бир үзүндүдө булардын бир нечеси болушу мүмкүн.

### (4) Чындык сизге ачылыш үчүн сыйынгыла.

Кудай сиздин  жүрөгүңөрдө жана жашооңузда керектүү өзгөрүүлөрдү жасоону сураңыз.

### (5) Төмөнкү колдонмодон эмнени өзгөрткөнүңүз келет, ошол жагын сыйынуу менен аныктаңыз.

Өзгөртүү айкын болушу керек:

- **Жеке** – сиз өзүңүздө кылам деген нерсе .
- **Практикалык жактан** – теориялык гана эмес, бирок натыйжада иш жүзүндө эмне кылуу керек.
- **Жооптуу болуу жактан** – белгиленген убакыттын ичинде аракет кылуу.

Мисалы: "Мага көбүрөөк сыйынуу керек” деп эмес, “Эртең менен сайын саат 8:00ден баштап бир нече саат сыйынууга убакыт бөлөм”. “Мен адамдарды шыктандырам” деп эмес, “ Мен бүгүн кыйын абалда турган бөөлөмдү колдоп, жардам берем”.

Кээде биз жөнөкөй болгон айкын болгон нерселерди жасай албай калабыз, бирок биз ар дайым ишибизде жана мамилебизде Кудайдын чындыгын колдонуунун жолдорун издешибиз керек.

### Топто талкуулоо үчүн

Сөзгө киришүү үчүн кийинки суроолордон баштаңыз.

► Биз Ыйык Китепти изилдөөнүн бир нече пайдалары жөнүндө сүйлөштүк. Алардын ичинен көп деле маанилүү эмес дегендер барбы?

► Силер үчүн Ыйык Китепти изилдөө себептеринен, кайсы себеби өтө маанилүү?

► Эгерде машайакчы, өзүнүн жашоосуна 3 кадамдуу тиркемелерди издесе жана 5 кадамда айтылгандай айкын өзгөртүүлөрдү жасоого милдеттенсе, анын жашоосу чоң өнүгүүнү көрсөтүп баштайт. Эгер Ыйык Китепти жашооңузда күн сайын ушундай колдонуп баштасаңыз, бул сизге кандай таасир этмек деп ойлойсуңар?

► Катышкандар жок дегенде бир жума бою Ыйык Китепти изилдөө үчүн ушул кадамдарды аткарып жана отчет беришсин. Жуманын жыйынтыктарын жөнүндө сураганын унутпаш үчүн, берген тапшырманы күндөлүгүңүзгө жазып алгыла.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Ыйык Жазуудагы берген кенч үчүн рахмат.

Биз Сени кантип тааныганды, кантип жашашыбыз керектигин жана башкаларга кантип жардам берүү керек экенин ачып бергениң үчүн рахмат!

Сөзүңдү кылдаттык менен изилдөөгө үйрөтчү.  Сенин Сөзүңдү окуганда, ал менин жүрөгүмдө иштесинчи. Теңир, мен күн сайын Сенин Сөзүңдүн үстүнөн ой жүгүртүүгө даярмын; ага болгон сүйүүм Сага болгон сүйүүмдү чагылдырсынчы.

Ыйсанын Атынан сыйынам. Оомийин!

## Тапшырма

1 Тесалоникалыктар 5ти берген кадамдар менен изилдегиле. Бул үзүндүдө тапкан жеке колдонмонуу айтып бергиле.

# 6-сабак
# Дөөт сыяктуу сыйынуу

### Тема

«Менин Кудай менен баарлашуум жашоомдун ар бир мүнөтүн маңыздуу кылат».

### Максат

биз сыйынууда Кудай менен жашообузда болгондун баарын бөлүшө аларыбызды көрсөтүү жана алдыда эмне кылуу керектиги тууралуу Кудайдын эркин билүү.

### Киришүү

Забурлардын көбү сыйынуулар. Алардын көбү Дөөт тарабынан жазылган.

► Забурлардын биринде автор Кудайдан кимдир бирөөнүн тишин талкалоосун суранганын билесизби? Забурларда түшүнүүгө кыйын нерселер көп жолугат ээ?

Көчүлүк забурлар сыйынуулар жана алар бизге кандай сыйынуу керектигин айтып берет.

Сыйынуу – бул Кудай менен сүйлөшүү, ал эми баарлашуу биздин жашоодо чоң мааниге ээ. Биз бирөө менен сүйлөшкөнүбүз же сүйлөшпөгөнүбүз да көп нерсени билдирет.

Согушту болтурбоого сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн башчылардын бири: «Адамдардын сөзү түгөнгөндө, алар кылычтарын кармашат, ошол себептен сүйлөшө турган сөздөр болсун деп сыйынып тургула» деген экен. Эгер сүйлөшүү жүргүзүп жаткан тараптар сүйлөшпөй калса, алардын элдешүүгө үмүтү биротоло үзүлгөнүн билдирет.

Эгер Кудай менен баарлашпай калсаң же кайсы бир темалар тууралуу аны менен сүйлөшүүдөн качсаң, анда Эң Жогорку Кудай сага айтканына макул болууну каалабасаң керек.

Көп адамдар забурларды кайра-кайра окуганды жакшы көрүшөт, а түгүл аларды жатташат. Забурлар ар түрдүү болот: түшүндүрүүгө же түшүнүүгө кыйын болгондору да бар. Кудайдан кимдир бирөөнүн булчуңун (күчүн)[58] же тиштерин[59] талкалоосун суранган аяттарды окуганда эмне деп ойлонсок болот?

---

[58] Забур 9:36

[59] Забур 57:7

Забурлардан жашообузда болгон нерселердин баарын, ошондой эле сезимдерибизди Кудай менен сүйлөшүүдө бөлүшө аларыбызды биле алабыз. Эгер забурларды диний суроолор боюнча стандарт сыйынуу катары кабыл алсак, анда алардагы кээ бир нерселер бизди аң-таң калтырышы мүмкүн. Бирок Кудай менен сүйлөшүүдө бардыгын айтып беришибиз керектигин эстесек, эмнеге забурдун авторлору мынчалык ачык болгонун түшүнө алабыз.

Эмне үчүн биз Кудай менен бардыгы тууралуу сүйлөшүшүбүз керек? Анткени Кудай менен сүйлөшө алган нерселерибиз Аны менен мамилебиздин тереңдигин жана ак ниеттигин көрсөтөт.

Өз ара мамилелер кимдир бирөөнүн жашоосуна катышууну билдирет. Баарыбыз эле кандайдыр бир деңгээлде башка адамдардын жашоосуна катышабыз. Кээ бир адамдар менен биз жумуштан жолугушабыз, алар менен белгилүү бир темаларда сүйлөшөбүз, ал эми кайсы бир темаларда сүйлөшпөйбүз.

► Араңардан бирөө жакында дарыгерлерге, балким тиш дарыгерге кайрылды беле? Сиз дарыгерлер менен финансылык же үй-бүлөңүздөгү маселелериңиз жөнүндө сүйлөшөсүзбү? Алардын финансылык абалы же үй-бүлөлүк маселесине кызыктыңыз беле?

Дарыгер менен сиз жашооңуздун бир бөлүгүн бөлүшөсүз жана аны менен ошол жөнүндө сүйлөшөсүз. Дарыгер менен ден соолукка тиешеси жок башка нерсе тууралуу сүйлөшсөңүз кызык болмок.  Сиздердин өз ара мамилелешүү чектелген мүнөзгө ээ болгондуктан ушундай: алар сиздин жашооңуздун белгилүү бир тармагына гана тиешелүү.

Сиз Кудай менен эмне жөнүндө сүйлөшөсүз? Аны менен баарлашууңузда кандайдыр бир чектөөлөр барбы? Сиз Кудайга маселелер пайда болгон тармакка тиешелүү кайсы бир адиске (дарыгерге, механике же темир устага) кайрылгандай мамиле кыласызбы? Сиздин Кудай менен мамилеңиз «дин» деген тармак менен гана чектелгенби? Сиздин жашооңузда Кудай менен бөлүшкүңүз келген эч нерсе болбой элеби же жашооңуздун башка тармактары жеке сизге гана тиешелүүбү?

Эгер көп учурда Кудай менен эмне жөнүндө сүйлөшүүнү билбесеңиз, Аны менен мамилеңиз үстүртөн жана терең эмес. Кээ бир адамдар «Кудай чече турган» маселеге туш болгонго чейин Кудайга кайрылбайт.

Бири-бирин сүйүп калган адамдар көбүнчөсү баарлашууга тойбойт. Алар бир нерсе жөнүндө, анан башка нерсе жөнүндө, же өздөрү жөнүндө сүйлөшө беришет. Алар кандайдыр бир суроону талкуулаганда да, сөзсүз бири-бирине сезимдерин ачып берип, ошонун аркасы менен бири-бирин көбүрөөк таанып-билишет.

Кээде адамдардын ортосундагы мамилелер жабылып калгандай сезилет. Кээде мамилелерде чек койгон нерселер болот. Кээде никеде күйөөсү менен аялы көп сүйлөшпөй калат. Алар атайылап кээ бир нерселер жөнүндө сүйлөшпөйт. Алардын мамилеси чекке жеткен.

Сенин Кудай менен мамилең кандай? Эгер Аны менен сүйлөшө турган сөздөрүң жок болсо, анда силердин мамиле үстүртөн мамиле. Демек Кудай сенин жашооңдо маанилүү орунга ээ эмес жана өзгөчө рол деле ойнобойт. Кудай менен сүйлөшүүнү каалабаганыңдын мындан да олуттуу себептери болушу мүмкүн.

Адамдар мамиле кылганда да кандайдыр бир белгилүү темаларга сүйлөшүүдөн качышат. Мисалы, сен кимдир бирөөнүн бир нерсе кылуусун же токтотуусун каалайсың, ал эми алар каалайбат. Бул суроо бир нече жолу көтөрүлгөндөн кийин, бул темада сүйлөшүү келишпестикке гана алып келерин түшүнөсүң.

Кээде адам Кудай менен бир нерсе жөнүндө сүйлөшкүсү келбейт, анткени ал Кудайдын эркин билет жана аны кабыл албайт.Кудай менен мамиледе ал сенин кылууңду каалап жаткан нерсени дайыма кылуудан баш тартсаң, эмне болот?

► Өз ара мамилелерди өнүктүрүүгө эмне жардам берет?

Адамдар бири-бири жөнүндө көбүрөөк билген сайын, о.э. бири-бирине жагууга аракет кыган сайын мамилер өнүгөт.  Адамдар бири-бири тууралуу биле турган кызыктуу эч нерсе деле калбады деп ойлогондо же бири-бирине жагуу үчүн адаттарын өзгөртүүнү каалабаганда мамилелер өспөй калат. Биз баарыбыз Кудайды таанып билүүдө өсө  алабыз, бирок бизге жагуу үчүн Ага өзгөрүүнүн кереги жок: биздин мамиледе биз Ага жагууга аракет кылып жана жашообузга өзгөртүүлөрдү киргизүү керек болсо, дайыма жүрөгүбүздү ачышыбыз керек.

Забурларга кайрылып, жашообуздун ар бир тармагы Кудайга ачык болушу керектигин көрө алабыз, анткени забурлардын авторлору сыйынууларында эмне болуп жатканы жөнүндө бардыгын айтышат.

Адамдар көбүнчө сыйынган жагдайлардан сырткары, забурлар биз сыйынууда айтып кереги жок деп эсептеген учурлар жөнүндө айтат.

Адамдарга ачууланууңду билдирүү же өч алуу калуусу жөнүндө эмне дейсиз? Мындай сыйынуулар менен адамдар Кудайга адилеттүү Сот катары кайрылышат. Ошентсе да бул саптардын авторлору ошол учурда Кудайга болгон сүйүү менен берилүүдөн башка эч нерсе сезген эмес деп айтуу кыйын. Адам биз забурлардан көргөн сезимдерге ээ болсо туура элеби? Туура эмес болушу мүмкүн, бирок адам чындап эле ошондой сезимдерге ээ болсочу?Ал эмне кылышы керек? Аларды Кудайга айтканы туура болор. Сезимдерин төгүп жатып, ал Кудайдан кеңеш издейт. Шашылыш чечимдерди чыгарып, ойлонбой иш аракет кылгандын ордуна караганда ушундай кылган жакшы.

Кудай жооп бербеген жана биз Андан күткөн нерсени кылбаган учурда эмне кылуу керек? Кээ бир забурларда забурчу Кудайдан: «Эмнеге мени унутуп калдың? Мага керек болгон кезде эмнеге менден жашырынасың?» [60] – деп сурайт. Кудай чындап эле ушундай кылабы? Биз Кудай Өзүнүн Сөзүнө ишенимдүү экенин билебиз, бирок эмнеге биздин оюбузча кыла турган ишин кылбай жатканын түшүнбөгөн учурлар болот. Кудай бизди алдап жатат деп ойлобошубуз керек, бирок ушундай ойлор келсе эмне кылышыбыз керек? Эң жакшы чечим бул жөнүндө Теңирдин Өзүнөн суроо жана Ага жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берүү. Ал чынында эмне болуп жатканын толук көрүүгө жардам берет. Таарынычты көкүрөккө сактап унчукпай калгандан көрө, сураган жакшы.

Кимдир бирөө бизге каршы жамандык кылганда адилеттүүлүк тууралуу сыйынуу керекпи? Өзүң татыктуу болгон нерсеге ээ болбогонуңду түшүнгөндө адилдигиң үчүн сыйылк сураган туурабы? Башыңа түшкөн балээге өзүң күнөөлүү экениңди билсең, жардам сураса болобу? Ушулардын баарын биз забурлардан таба алабыз. Биз алардан жүрөгүбүздөгүнүн баарын Кудайга алып келишибиз керектигин көрө алабыз.

Кудай менен мамилебиз эч нерсе менен чектелбесе, Ал биздин жашообуздун бардык тармактарына катышат, биз бардык нерседе Ага таянабыз. Бул биздин жашоонун маңызы Эң Жогорку Кудай менен мамиле экенин билдирет: бизде бар нерсенин баарын биз Ал көрсөткөндөй колдонобуз жана айланабызда болуп жаткан нерселердин баарын Аны менен жакын мамилелердин жарыгында карайбыз.

Кудайдын алдына келип ачылганда бардыгы өз ордуна келет жана мааниге ээ болот. Бардык нерселер тууралуу сыйынбасак бир аз убакыт өткөндөн кийин баарлашуубуздун мааниси жоголот. Сезимдер жасалма болуп калат. Чечимдер туура эмес болот. Мамилер туруксуз болот. Акыры сенин көңүлүң калып жүрөгүң кайгыга толот.

Адам чөгүп турса, же бир нерсеге кайгырып турса, же кыжырданса, же кимдир бирөөгө таарынса, же баары жакшы болсо, бирок артыкчылыктары туура эмес коюлса, анда Кудайга айта турган нерселердин баарын айтпайт. Көп тынчсызданган адам аз сыйынат, ал эми көп сыйынган адам аз тынчсызданат.

Гитараны кез-кезде күүлөп туруу керек, өзгөчө аны ордунан козгоп нары бери ташыса, түшүрүп жиберсе, бир нерсеге уруп алса, аны басып алса же урса күүлөш керек болот. Биз да гитараларга окшошпуз: биз дайыма ушундай күүлөп турганга муктажбыз, Кудайга кайрылганда Кудай бизди күүлөп турат.

---

[60] Забур 12:1 башка сөздөр менен өзгөртүлүп берилген

Теңир чын дилинен өкүнгөндөргө жакын (Забур 33:19). Биз Кудайдын алдында бардык нерсебизди ачып берип, Анын жоопторуна кулак салып, чын дилибизден өкүнүп, моюн сунушубуз керек. Биз өзүбүз туш болгон жагдайларда Кудайдын жардамын сураганда чындап эмне болуп жатканын көрө алабыз.

► Сен Кудай менен эмне жөнүндө сүйлөшөсүң?

► Сен Аны менен эмне жөнүндө сүйлөшүшүң керек?

## Топто талкуулоо үчүн

Сөзгө киришүү үчүн кийинки суроолордон баштаңыз.

► Сиз качандыр бир убакта Кудайды бир нерсе үчүн жемелегиңиз келди беле?

► Сиз Кудай кандайдыр бир жагдайда Кудай башкача иш аракет кылышы керек болчу деп ойлонуп көрдүңүз беле?

► Сиз Кудай менен сүйлөшкөндөн кийин кандайдыр бир жагдайга карата мамилеңиз өзгөргөн учурлар болду беле?

► Жашооңузда Кудайга айткыңыз келбеген нерселер барбы? Эмне үчүн?

► Ойлонуп көрүңүзчү, Кудай менен баарлашууңузду кандайдыр бир жол менен чектейсизби же жашооңузда болуп жаткан нерселердин баары жөнүндө сыйынасызбы?

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Менин жашоомдо болуп жаткан нерсеге карата Сенин эркиңди түшүнүүгө жана бардык нерсеге менин ичимдеги Сенин Рухуң кандай мамиле кылууну кааласа, ошондой мамиле кылууга жардам берчи. Сен менин кеңешчим болуп, кандай иш аракет кылышым керектигин жана жашоомдо эмнени өзгөртүшүм керектигин көрсөтүшүңдү каалайм.

Мурун Сени менен бөлүшүү керек деп ойлобогон муктаждыктарды жана жагдайларды көрүүгө жардам берчи.

Мен Сага толук баш ийгим келет. Сен менин жашоомдун бардык тармактарынын ажырагыс бөлүгү болушуңду каалайм.

Сен каалагандай иш аракет кылуу үчүн мага руханий өсүүгө жана өзгөрүүгө жардам берчи.

Оомийин.

**Тапшырма**

Забур 33тү изилдеңиз. Жүрөгүбүздө болгон нерсенин баары менен Теңирге кайрылууга мүмкүн деген Дөөттүн толук ишенимине көңүл буруңуз.  16 жана 19чу аятты окуңуз.

# 7-сабак
# Ишенимди бекемдөө

## Тема

«Менин ишенимим сыноолорго туш болгондо, мен руханий өсөм».

## Максат

Менин ишенимимди сынап жана бекемдей турган жети кыйынчылыкты карап чыгуу.

## Киришүү

► Акыркы учурда жагымсыз жагдайларга туш болгондор барбы?

► Биздин жашоодо эмнеге жагымсыз жагдайлар жана көйгөйлөр болорун ойлонуп көрдүңүз беле?

Адамдардын жашоосунда кез-кезде ар түрдүү көйгөйлөр пайда болуп турат жана биз жашоодо көтөрүп кетүүгө кыйын болгон кырдаалдарга улам туш болобуз.

1 Петир 1:6-7де эмнеге биз жашоодо кыйынчылыктарга туш болорубузду түшүндүрөт.

> Мына ошондуктан азыр ар кандай сыноолордон бир аз кыйналышыңар керек болсо да, ошол үмүт менен кубангыла. Анткени сыналган ишенимиңер от менен тазаланса да, жок болуп кетчү алтындан баалуу. Ыйса Машайак келгенде, сыналган ошол ишенимиңер силерди мактоого, урмат-сыйга, атак-даңкка ээ кылат.

Алтын абдан баалуу болгондуктан, аны кылдаттык менен тазалашат. Көмүрдү тонналап өлчөшөт; ал эми алтынды – граммдап өлчөшөт.

Ишеним андан да баалуу ошондуктан өзгөчө тазаланууну талап кылат.

► Ишеним деген эмне?

Ишеним ар түрдүү болот, бирок негиз бирөө болушу керек; Кудай менен мамилелешүүдө бизге ишеним керек. Кээде адамдар Эврейлерге  11:1ди ишенимдин аныктамасы катары  келтиришет: «Ишеним – бул үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү».

Ушул эле бөлүмдөгү дагы бир аят бизге ишенимдин башка аныктамасын берет:

> Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эмес: Кудайга келген адам Анын бар экендигине, Аны издегендерге Ал тиешелүүсүн берерине ишениши керек. (Эврейлерге 11:6).

Ишенимдин негизи – Кудай Өзүнө кайрылгандардын  сыйынууларына жооп берет, башкача айтканда биз Кудай бизге дүйнөдөгү эң баалуу нерсени бере аларына ишенебиз.

Биз кыйынчылыктардан өткөндө, ишенимибиз сыналат. Көйгөйгө туш болгондо Кудай бизге эң жакшысын каалаларына шектенип башташыбыз мүмкүн; ошондой эле биз Кудай кааласа да, каалабаса да кандайдыр бир убакыттын ичинде бир нерсе кылышыбыз керек деген чечим чыгарышыбыз мүмкүн.

Кудайдын эркине каршы чыкканда, биз ишенбестикти жана чыныгы ишенимдин жоктугун көрсөтөбүз, бул болуп жаткан жагдайларга Кудайды күнөөлөгөндө Ага туура эмес мамиле көрсөткөндө да көрүнөт.

Кыйынчылыктар жана көйгөйлөр – биздин ишенимди сыноо. Алардан өтүп жатканда ишенбестик көргөзүп, биз үчүн эң жакшысын каалаган Кудайдын эркин жолдогонго караганда, баарын өзүң көзөмөлдөгүң келет. Ишеним – ошондой эле ар бир сыноону жеңип чыгуу, анткени ишенимде болгондо биз Кудайга ишеним артабыз анан сыйынууда баш ийүү аркылуу Анын эркин жолдойбуз.

> Анткени Кудайдан туулган адам дүйнөнү жеңет. Дүйнөнүн үстүнөн жеңишке жеткирген нерсе – бул биздин ишенимибиз (1 Жакан 5:4).

Дүйнө жана Кудай – бириге албайт. Дүйнө бардыгын өз көз карашы менен карайт: ал күнөөкөр нерселерди жашоонун кадимки көрүнүшү катары тартуулап, чындыкты  бурмалайт. Биз ишеним менен Кудай Өзүн издегендерге сыйлык тапшырарын, ошол себептен ар бир сыноо – ишенимди сыноо экенин жана ишеним – ар бир сыноону жеңүү экенин өзүбүзгө эстетип турабыз.

Эгер ишенимибизден баш тартып кетсек, ишенимдин сыноолору бизди талкалашы мүмкүн,  бирок ишенимде бекем болсок, сыноолор бизди бекемдейт: сыноодон өткөн сайын биздин ишеним күчтүүрөөк болот. Кудай биздин жашообузда сыноолорго жол бергенинин бир себеби ушул; алар руханий өсүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

> Бир туугандарым, башыңарга келген ар кандай сыноолорду зор кубаныч менен кабыл алгыла. Анткени сыналган ишенимиңер чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер. Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек (Жакып 1:2-4).

Ишенимди сыноо чыдамкайлыкты пайда кылат. Чыдамкайлык күтө билүүнү эле билдирбейт; чыдамкайлыкка ээ болуу – демек ишенимде бекем болуу. Жакып андан ары: «Аюб пайгамбардын чыдамдуулугу жөнүндө уккансыңар», – деп жазат (Жакып 5:11). Аюб жашоосунда болуп жаткан нерселерге абдан таң калган болсо керек, бирок кыйын жана кырсыктуу жагдайларда да ал ишенимден тайган эмес (Аюб 2:9-10, 42:7). Керектүү учурда ишенимде бекем болуу менен, биз ишенимди бекемдейбиз.

Чыдаймкайлык өз кезегинде бизде башка машайакчылык касиеттерди пайда кылат. Ишенимде бекем болуу бизди жакшыртат жана руханий байытат. Эгер адам дайыма ишенбестик көрсөтсө, ал чыдамкайлыкта эле эмес, сүйүүдө, ак ниеттикте, өзүн көзөмөлдөөдө жана машайакчынын башка руханий сапаттарында руханий өсө албайт. Чыдамкайлык жана ишенимде бекемдик көрсөтүү аркылуу гана машайакчы «бардык нерседе жеткилең» боло алат.

Сыноолорду эң аз дегенде жети категорияга бөлсө болот.

## Сыноолордун түрү

### (1) Оор <u>жагдайлар</u>

Ишенимдин сыноосу – бул төмөнкүлөргө азгырык

- Кыжырланууга же ачууланууга жол берүү, о.э. абалды туура эмес кароо.
- Шашылыш чечимдерди кабыл алуу.
- Көйгөйдү өз күчү менен чечүү аракетинде убактылуу болсо да Кудайды укпай коюу.

### (2) Адилетсиздик жана <u>таарыныч</u>

Ишенимдин сыноосу – бул төмөнкүлөргө азгырык

- Башкаларга сиздин оюңузча алар татыктуу болгондой мамиле кылуу.
- Кудай Өзү сот жүргүзөрүн күтпөө.
- Машайак сыяктуу кечирүүнү жана сүйүүнү каалабоо.

### (3) Денелик <u>алсыроо</u>

Ишеним жансыз, ал эми рух – соолуп калгандай сезилиши мүмкүн. Ишенимдин сыноосу – бул төмөнкүлөргө азгырык

- Чөгүп кетүү.
- Кудайдын эрки менен эсептешпей, көңүл ачууларга берилүү.

**(4) <u>Трагедия</u>**

Ишенимдин сыноосу – Кудайдын жакшылыгына жана Анын жогорку эркине шенктенүү азгырыгы. Ишенимдин сыноосу –бул азгыруу

- Кудайдын сүйүүсүнө жана жакшылыгына шектенүү
- Кудайдын көзөмөлүндө экенине шектенүү

**(5) <u>Түшүнбөстүк</u>**

Ишенимдин сыноосу – Кудайдын эрки белгилүү болгонуна карабастан, өзүңдүкүн кылуу азгырыгы.

**(6) <u>Куугунтуктоо</u>**

Куугунтукка туш болгондо жамандык жеңип жаткандай сезилет. Ишенимдин сыноосу – жагымсыз жагдайлардан качуу үчүн каршылык көрсөтпөй коюу азгырыгы.

**(7) <u>Күнөө</u> менен азгыруу**

Кээде бизге күнөөкөр ырахат алып келген нерселер Рухтагы кубаныч жана Кудайдын убадаларына караганда жагымдуу сезилет. Ишенимдин сыноосу – күнөөкөр азгырыктарга берилүү азгырыгы.

Жогоруда айтылган сыноолордун ар бири биз Кудайдын эркин жолдоп жана Кудайдын убадаларын карманганда туура кылганыбызга шектенүү жаратат, ошол себептен бул кыйынчылыктар ишенимибизди сыноо болуп эсептелет. Машайакчы кандай гана жагдай болбосун ишенимин бекем карманса, анын ишеними күчтүүрөөк болот.

Кудай биздин мүмкүнчүлүктөрдүн чегин билет. Адам кандайдарыр бир кыйынчылыктарга туруштук бере албаса, бул аларды жеңүү мүмкүн эмес экенин билдирбейт. Адам өзү гана аларды жеңүү мүмкүн эмес деп ойлойт, ошол себептен чыгуу жолун көрө албайт жана көп учурда: «Мен мындан ары чыдай албайм, – же: «Алым калбай калды» деген сөздөрдү көп укса болот. Адам алдыда күтүп турган нерсени жеңе аларына ишене албагандыктан, жеңилип калат. Кудай биздин мүмкүнчүлүктөрдү билерине жана керектүү учурда Анын ырайымы бизге жардам берерине ишенсек, келечекке ишенимдүү карап Кудай менен жеңерибизге ишенсек болот.

> Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет (1 Корунттуктарга 10:13).

Мындай азгырыктар сизге да келиши мүмкүн, сиз аларга убактылуу жеңилсеңиз да алар келечекте сизге кайра келиши мүмкүн. Кээде биз башыбыздан бир

жолу өткөн нерсе кайра кайталанбайт деп ойлойбуз, бирок жашоодо бардыгы бир кейиптен башка кейипке өзгөрүп айланып кайталана берет. Бир жолу жеңилгенден кийин сиз кийинкиде андан тез жеңилесиз. Азгырыкты күрөшүп жеңгенден кийин сиз күчтүүрөөк болуп каласыз жана кийинкиде мындай көйгөйдү оңой жеңе аласыз.

**Топто талкуулоо үчүн**

► Кимдир бирөөнү жакында азгырык менен күрөшкөнүн же кандайдыр бир көйгөйдү чечкенин бөлүшүүнү сураныңыз. Алар кантип жеңишке жеткен? Бул ишенимдин сыноосу болдубу? Эмне үчүн?

► Балким кимдир бирөө азыр башынан өтүп жаткан ички күрөшү жөнүндө айтып бергиси келет.

► «Бул сыноого ишеним менен туруштук берүү үчүн эмнени эстен чыгарбаш керек?» — деп сураңыз.

**Сыйынуу**

Асмандагы Ата!

Дайыма мени менен болгонуң үчүн жана оор жагдайларда жардам бергениң үчүн рахмат. Менин ишенимимди бекемдечи. Кыйынчылыктар менин ишенимимдин сыноосу экенин жана ишенимим солкулдабас болушу керектигин унутпаганга жардам берчи.

Оңой эмес болсо да мен Сага ишеним арткым келет. Мен эч нерсеге карабастан Сага баш ийгим келет.

Менин ишенимимди бекемдеп жана мага азгырыктарды жеңүүгө жардам бергениң үчүн рахмат!

Оомийин.

**Тапшырма**

Жакып 5:7-11ди окуңуз. Элчинин сөздөрү боюнча эмнеге биз ишенимде бекем болушубуз керектигине көңүл буруңуз. Пайгамбарлар мисал катары келтирилет. Ишеними солкулдабай, кыйынчылыктарды жеңген адамдарды билесизби? Алар жетиштүү ишенимге ээ болбосо эмне болот эле?

# 8-сабак
# Руханий жашоону тартипке салуу

## Тема

«Мен убакытымды жана күчүмдү Кудай менен мамилемди өнүктүрүү үчүн колдоном».

## Максат

руханий өсүүбүзгө он практикалык кадам кандай жардам бере аларын көрсөтүү.

## Киришүү

► Спортчулар, музыканттар жана студенттер өз максатына кантип жетишет?

Жогоруда айтылган категориялардын ар бир өкүлү болжол менен бирдей жооп берет: эгер алар алдыга койгон максатына олуттуу карашса, аларга жетүү үчүн дайыма өздөрүн тартипке салышы керек.

► Анда руханий максаттарыбыз жөнүндө эмне десе болот? Кудай менен мамиледе бизге тартип керекпи?

Кудай менен мамилелерибизди сактап жана өнүктүрүү үчүн биз өз каалообуз менен алдыбызга руханий тапшырмаларды коёбуз. Мисалы, үзгүлтүксүз тиленүү, Ыйык Китепти окуу жана жыйынга баруу. Ал тапшырмалар белгиленген мезгилде жана бардык жоопкерчилик менен аткарылышы үчүн, туура пландоо керек.   Ар кандай татыктуу максат тартипти талап кылат.

Биздин практикалык кадамдарды «ырайым жолдору» деп атаса болот. Анткени Кудай аларды биздин ишенимибиз үчүн сыйлык катары ырайымын белек кылуу үчүн даярдаган. Бул жыйырма мүнөт сыйынсак жыйырма килограмм ырайымга толобуз дегидей кандайдыр бир расмий механикалык процесс эмес. Тескерисинче бул кадамдар ишенимибизди практикада колдонуу, б.а. биз аларга расмий мамиле кылсак, алардан чоң пайда көрө албайбыз.

Рухий тартип бизди Кудайга жагуу максатына кызмат кылбайт. Биз ырайымдын аркасында кабыл алынганбыз. Эгер адам Кудайдын кечиримдүүлүгүнө ишенбесе, анда ал руханий тартип аркылуу кечиримге ээ боло албайт.

## Төмөнкүнү эске алуу маанилүү

- Практикалык кадамдар максатка жетүү үчүн <u>жол</u>, алардын өзү максат эмес.

- Практикалык кадамдар <u>руханий деңгээлди</u> өлчөө үчүн өзгөчө так курал эмес.
- Алар биздин Кудайга <u>баш ийүүбүздүн</u> ордун элей албайт.
- Аларды өз <u>ыктыярыбыз</u> менен аткаруу керек, анткени ошондо гана биз эң жакшы натыйжага жете алабыз.

► Эмне үчүн чоң ийгиликке жетүү үчүн алар өз ыктыярдуу болушу керек?

Алар өз ыктыярдуу болушу керектигинин себеби:

- Анткени адам жашоосунда эмне артыкчылыктарга ээ экенин өзү чечет. Анткени кимдир-бирөө адамды мажбурласа, бул анын артыкчылыгы, адмамдыкы эмес.
- Анткени сүйүүгө негизделген мамилелер өз ыктыярдуу гана болот.
- Анткени ырайым чын жүрөктөн көрсөтүлгөн ишенимге жооп катары гана берилет.

Руханий тартипке салуу үчүн негиз өз ыктыяры менен баштоо экенин эске алып, жетекчи окуучуларды жөн эле талаптар менен чектебестен, жакшы түрткү берүү аркылуу аларды иш-аракет кылууга шыктандырышы керек.

### Руханий тартипке салуунун тизмеси

*Сабактын учурунда берилген шилтемелердин баарын карап чыгуунун кереги жок; окуучулар аларды кийин өз алдынча карап чыкса болот. Убакыт жетиштүү болсо бир же эки мисал карап чыксаңыздар болот*.

**(1) <u>Сыйынуу</u>**

Ар бир машайакчы өзү үчүн күндө сыйына турган белгилүү бир убакытты тандашы керек.

**(2) <u>Ыйык Китепти</u> изилдөө**

Забур 118 адамдын жашоосундагы Кудайдын Сөзүнүн ишин ачып берет.

**(3) <u>Орозо</u>**

Алгачкы жыйындын жана көптөгөн руханий жетекчилердин тарыхы туруктуу орозо кармап туруунун маанилүүлүгүн көрсөтөт. Биз Ыйык Китептин көп жеринен Кудай орозо кармагандардын сыйынуусуна өзгөчө ырайымы менен жооп бергенин көрө алабыз. Ыйса Анын шакирттери Ыйсанын жердеги иши бүткөндөн кийин орозо кармашаарын айткан (Матай 9:15, 6:16-18).

**(4) Жыйынга барып туруу**

Ишенүүчүлөр табынуу, сыйынуу, окуу жана Жазууну изилдөө үчүн чогулуп турушу керек (Эврейлерге 10:25).

**(5) Теңирдин Кечки тамагы/нан сындыруу**

1 Корунттуктарга 11:23-26 Машайак ишенүүчүлөргө бул жашыруун сыр расмисин аткарууну осуяттаганын жана алгачкы жыйын аны аткарганын айтат.

**(6) Руханий жооптуулук**

Ар бир машайакчынын руханий акыл-насаатчысы болушу керек (Эврейлерге 13:17). Биз топто бири-бирибиздин руханий муктаждыктарыбыз үчүн сыйынып турушубуз керек (Жакып 5:16) жана Машайактагы жакын досторго жардам берүү үчүн алардын муктаждыктарын билишибиз керек, ошондо алардын түйшүгүн бөлүшө алабыз (Галаттыктарга 6:2).

**(7) Курмандыктар**

Эврейлерге 13:16 бизге кайрымдуулук жөнүндө эстетет. 1 Корунттуктарга 16:2 белгилүү бир муктаждыктарга жума сайын курмандык кылган жыйынды сүрөттөйт. Жыйындын ишин жана анын кызматчыларын колдоо үчүн Кудай тарабынан ондук принциби негизделген.

**(8) Кызмат**

Машайакчылар бири-бирине кызмат кылышы үчүн Кудай бардыгына таланттарды берген (1 Корунттуктар 12). Кызматта ар бир ишенүүчүнүн өзүнүн аткара турган иши бар; сиз өз талантыңызды табышыңыз керек жана аны колдонуу үчүн конкреттүү тапшырмаларды белгилөө керек.

**(9) Руханий журнал**

Бул тапшырма Жазууда түз берилген эмес, бирок биз руханий өнүгүүбүздү дайыма көзөмөлдөө зарылчылыгын көрө алабы[61]. Руханий журнал биздин бардык сезимдерибизди чагылдырышы мүмкүн, биздин шектенүүбүз, жеңиштерибиз, сыйынуубузга жооптор, жыйындагы окуялар жана руханий сабактар жөнүндө айтып бериши мүмкүн. Ошондой эле биздин Кудай менен баарлашуубуз максаттуу болушу үчүн аны сыйынуу муктаждыктарын жазуу үчүн колдонсо болот.

---

[61] «Алар Кудайдын осуятын сакташкан жок, Анын мыйзамы боюнча жашоодон баш тартышты. Анын иштерин жана өздөрүнө көрсөткөн кереметтерин унутушту» Забур (77:10-11).

### (10) Руханий өсүү үчүн <u>адабияттарды окуу</u>

Ишенүүчү сыйынуу, доктриналар жана руханий өсүү тууралуу китептерди окушу керек.

Өзүн тартипке салуу боюнча сабактарды практикада колдонуу жеке ыйыктыкка негизделген текебердик сезимин пайда кылбашы керек. Ушундан абайлаңыз. Музыкант аспабын канчалык жакшы ойнобосун, ал күндө машыгып турушу керек.

**Топто талкуулоо үчүн**

Кийинки схеманы карап, бул руханий тартипке салуу боюнча белгилүү бир милдеттерди өзүңүзгө алыңыз.

**Сыйынуу**

Асмандагы Ата!

Менин руханий өнүгүүмө олуттуу мамиле кылганга жана өзүмө алган милдеттерди аткарууга жардам берчи; мен Сага канча убакыт арнашым керек болсо, ошончо убакыт арнагым келет.

Сенин Сөзүңө ишенимдүү болгонго жардам берчи. Руханий жетишкендиктерим үчүн текеберденип кеткенден сакта.

Руханий тапшырмалар – Сага менин сүйүүмдү билдирүү жана менин ишенимимди сыноо экенин унутпаганга жардам берчи.

Менин колуман эмне келгенине карабастан, мага белек кылган ырайымың үчүн рахмат.

Оомийин.

**Тапшырма**

Руханий тартипке салуу тизмесинде берилген Ыйык Китептин шилтемелерин тапкыла. Машайакчынын жашоосунда тартипке салууну практикада колдонууга Ыйык Китеп кандай олуттуу караарына көңүл буруңуз (Биз Забур 118ди изилдегенбиз, ошол себептен аны кайталоонун зарылчылыгы жок).

**Менин руханий тапшырмаларымдын план-схемасы**

Аты: ___________________________

**(1) Сыйынуу**

Мен күнүнө саат__________ ___________ мүнөт сыйынам.

**(2) Ыйык Китепти изилдөө**

Мен Ыйык Китепти күн сайын ______________________________ изилдейм. Мен тапшырмаларымдын натыйжасын ________________________________________ (мүнөт, ж.б.) баалайм.

**(3) Орозо**

Мен жума сайын _________________ күнү _________________ саат орозо кармайм (убакытын узундугу).

**(4) Жыйынга барып келүү**

Мен жыйынга жана Ыйык Китеп боюнча сабактарга туруктуу катышам:

Күнү ___________________ Убактысы _______________

Күнү ___________________ Убактысы _______________

Күнү ___________________ Убактысы _______________

**(5) Кечки тамак/нан сындыруу**

Мен биздин жыйында ____________ сайын болуп турган нан сындырууга катышам.

**(6) Руханий жооптуулук**

Мен руханий абалым жөнүндө айтып берип жана ___________________ (руханий акыл-насаатчынын аты) руханий акыл-насаатын _____________________ (качан) угам.

**(7) Курмандыктар**

Мен __________________ (жыйындын аты) ондугумду берем.

**(8) Кызмат**

Мен туруктуу түрдө төмөнкү кызматты кылам:

**(9) Журнал**

Мен журнал жүргүзүп ага жумасына _____________ жазып турам .

**(10) Мен руханий өнүгүү үчүн кийинки адабиятты окуйм:**

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

Убада берген күн _______________

Сыноо мезгили _______________ чейин

# 9-сабак
# Руханий жооптуулуктун ролу

## Тема

«Кудай мени менен менин досторум аркылуу иштейт».

## Максат

руханий өсүү үчүн башка машайакчылар менен баарлашуунун маанилүүлүгү.

## Киришүү

Биз кылган нерселердин баары айланадагы адамдарга таасирин тийгизет. Биз иштегенде, биз менен иштеген адамды шыктандырган керек экенин билебиз. Адамдардын жакшы баалоосуна ээ болуш үчүн биз жумушта кызматташтарыбыздын пикирине кулак салабыз жана башчылардын тапшырмаларын аткарабыз.

Адамдар менен баарлашууну кандай түрү болбосун, биз адамдар менен тил табышуу үчүн кандайдыр бир мааниде алардын жүрүм-турум манераларына ылайыкташууга аракет кылабыз. Биз дайыма иш-аракеттерибизге адамдар кандай рекция кылып жатканын, алар бизди колдоп же колдобой жатканын көрөбүз.

Оюн ойногон учурда да, биз башка оюнчулардын иш-аракеттерин байкап турабыз. Ар бир оюндун эрежелери болот; ошондой эле биз упайларды, айыптарды ж.б санайбыз, ал эми башка оюнчулар жана көрүүчүлөр оюндун жүрүшүнө түшүндүрмө берип турушат. Жеңгендер мактоого ээ болушат, ал эми жеңилип калгандар – шылдың болушат.

► Жумушта кызматташтардын ой-пикирине кулак салбаса эмне болот?

► Адам айланадагыларга орой мамиле кылса эмне болот?

► Сиз кайсы оюнду ойногонду жакшы көрөсүз? Ал оюнда кандайдыр бир эрежелерди аткаруу керекпи?

Руханийлик тууралуу эмне десе болот? Биз бул тармакта башкалардын оюн эске албай эле койсок болобу? Сенин рухий абалың жөнүндө эң жакын досторуң кандай ойдо экенин билесиңби? Жашообуздун ушул тармагында башкалардын оюн угууга даярбызбы?  Биз кимди угуу жана укпоо керектигин билебизби?

Бизге руханий жооптуулук керек.

Руханий жоопкерчилик бизге жардам бере турган адамдардын тарабынан руханий жактан ыңгайлашууга жана биздин руханий абылыбызды баалоого жардам берет.

Руханий жоопкерчиликке ээ болуу – бул руханий багыт берген адам же топ менен мамиле түзүү. Рухий жоопкерчилиги бар адам өзү жөнүндө аларга отчет берет (1) анын руханий <u>абалы</u>, (2) руханий <u>тартипке салууда</u> ийгилик жана ийгиликсиздик (3)анын келечектеги <u>милдеттерди</u>.

### Эмнеге руханий жооптуулук керек

Руханий жооптуулукту практикада колдонбосок, биз Жазуунун осуяттарын аткара албайбыз, ошондой эле Кудай бизге руханий жеңиш жана өсүү үчүн бергиси келген Кудайдын ырайымын этибар албай койгон болобуз.

> Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла (Жакып 5:16).

Адам өзүн ишенимдүү сезбеген чөйрөдө жеке бир нерсеси менен бөлүшпөйт. Эгер ал өзү тууралуу сыйынып бере алган адамдын алдында күнөөлөрүн ачык айтпаса, Кудай атайын ушундай көйгөйлөрдү чечүү үчүн даярдаган куралды этибар албай койгон болот. Бул аятта көрсөтмөлөрдөн кийин – «адил адамдын сыйынуусу көп нерсени кыла алат» деген убада бар.

> Бири-бириңердин кыйынчылыгыңарды көтөргүлө, ошентип, Машайактын мыйзамын аткарасыңар (Галаттыктарга 6:2).

Эгер биз адам менен жакын мамиле курбасак, анын кандай кыйынчылыктары бар экенин билбейбиз. Көбүнчө адамдар калың элдин алдында өзүнүн түйшүктөрү менен бөлүшпөйт.  Атайын жагымдуу шарттарды түзбөсөк, биз Жазуунун бул осуятын аткара албайбыз.

> Бири-бирибизге көңүл бөлүп, бири-бирибизди сүйүүгө жана жакшы иштерге үндөйлү (Эврейлерге  10:24).

Биз бири-бирибизге качан колдоо көрсөтүшүбүз керектигин же качан жемелөө керектигин билүү үчүн сүйүү менен көңүл бурушубуз керек. Эгер адам менен жакын мамилебиз жок болсо, колдообуз учкай сезилет, ал эми жемелегенибиз – кыжырданууну пайда кылат.

> Жетекчилериңерге баш ийгиле, моюн сунгула. Себеби алар силер үчүн жооп бере турган адамдар катары силердин жаныңар үчүн күндүр-түндүр кам көрүшөт. (Эврейлерге 13:17).

Көпчүлүк машайакчылар кимдир бирөөгө өзүнүн руханий абалы жөнүндө отчет бергиси келбейт; алар жыйын жетекчисинин же жыйын кызматчыларынын сөзүнө  көңүл бурушпайт. Кудай биздин үстүбүзгө руханий жетекчилерди -

биздин руханий абалыбыз үчүн жооптуу адамдарды койгон. Машайакчы ишеним арта алган жана оюна кулак сала алган акыл-насаатчы табышы керек.

Руханий жооптуулукту практикада колдоноруңузду билүү үчүн кийинки суроолорду бериңиз.

Мен ____________ кимдир бирөөнү билемби?

- көйгөйлөрүмдү бөлүшө алган.
- кемчиликтер жөнүндө айта алган.
- кимдир бирөөнүн көйгөйлөрүн.
- өзүмдүн руханий абалым жөнүндө сүйлөшө алган.

Мага төмөнкүдөй баарлашуу жетишпеген учурлар болобу?

- Кыйын учурда кайрыла турган эч ким жок болгон учур.
- Менин руханий абалымды эч ким билбегенине кубанган учур.
- Кандайдыр бир милдеттерди аткарбай койгонго мүмкүн болгон учур.

Мен кулак сала турган бирөөнү билемби?

- Ал мага буга чейин кандайдыр бир кеңештерди берди беле?
- Ал мага руханий күрөш жөнүндө айтты беле?

Келгиле руханий жооптуулукту камсыздоонун кандай жолдору бар экенин карап көрөлү.

Төмөнкүлөр болгондо руханий жооптуулукту практикада колдонуу мүмкүн болот:

**(1) <u>Купуялуулук</u>.**

Айланадагылардын баары сиздин көйгөйлөрдү билишин каалабасаңыз керек.

**(2) Сизди <u>түшүнүп</u> жана жардам берүүгө аракет кылат деген толук ишеним.**

Сиз өзүңүзгө каршы сиздин сөздөрүңүздү колдоно турган адамга сырларыңызды ачпайт болчусуз.

**(3) Жолугушуу үчүн убакытты <u>пландоо</u>.**

Мындай практиканы керектүү адам менен кокустан жолугушууларга негиздеген болбойт.

Руханий жооптуулук кичине топтогу кимдир бирөөлөр менен колдонулат.

Эгер кимдир бирөөнүн руханий акыл-насаатчысы болсоңуз, ал адамдан утуру төмөнкүлөрдү сурап турасыз:

- Анын руханий <u>практикалары</u> кандай жүрүшүп жатат?
- Анын руханий <u>жеңиштери</u> барбы?
- Ал өзүнө алган <u>милдеттерди</u> аткарып жатабы?
- Ал бул маалыматты алгандан кийин өзүнө кайсы конкреттүү милдеттерди алгысы келет?

Джон Уэсли руханий жооптуулукту практикада колдонуу үчүн кичине топторду уюштурган; алар өздөрүнүн максаттарын жана тапшырмаларын төмөнкүдөй аныкташкан:

«Биздин жолугушуунун максаты – «Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла» деген Кудайдын осуятын аткаруу.

Аны аткаруу үчүн биз:

1. Жумасына жок дегенде бир жолу жолугабыз.

2. Өтө жүйөөлүү себеп болбосо, убагында келебиз жана кечикпейбиз.

3. Белгиленген убакытта даңктоо жана сыйынуулар менен жолугушууну баштайбыз.

4. Руханий абалыбыз жөнүндө бири-бирибизге чынчыл жана чын жүрөк менен жооптуу болуп, оюбузда, сөздөрүбүздө же иштерибизде, кылган каталарыбыз жөнүндө жана акыркы жолугушуудан бери кандай азгырыктарга туш болгонубуз жөнүндө айтып беребиз.

5. Ар бир катышуучунун муктаждыгы үчүн арачылык кылуу менен сыйынып бүтүрөбүз.

6. Алгач бирөөнө андан кийин кезектешип ар бирине алдыга чыгып руханий муктаждык, азгырык жана күнөөлөргө тиешелүү ар түрдүү суроолорго жооп берүү менен өзүнүн руханий абалын сүрөттөөнү сунуш кылабыз.»

Тажырыйба көрсөткөндөй кичине топтордогу жооптуулуктун таасирдүү ыкмасы руханий максаттарга жетүү үчүн кандайдыр бил милдеттерди өзүңүзгө алуу, аларды кандай аткарып жатканыңыз жөнүндө жума сайын топтун алдында отчет берип турушуңуз керек.

Кээ бир кичине топтордо келишим түзүшөт. Төмөндө ошондой келишимдин үлгүсү берилген:

> Эгер олуттуу эч нерсе тоскоолдук кылбаса, жума сайын сабактарга келип турууну убада кылам. Мен чын жүрөктөн жашоомдогу руханий окуялар тууралуу айтып берип турам. Мен топтогу шериктерим үчүн колдоочу, кеңешчи жана көзөмөлдөөчү болууга аракет кылам.  Мен жүрөктү өзгөртүүчү Кудайдын Сөзүнө жүрөгүмдү ачам.  Мен топто айтылган жеке

сырлардын купуялуулугун сактоого убада берем. Мен күн сайын топтун ар бир мүчөсү үчүн сыйынып турам. Мен тил алчаактык менен руханий тартипке салуу үчүн талап кылынган нерселедин баарын кылам.

Ишенүүчү руханий жооптуу болууну практикада колдонушу керек жана бул практика акыл-насаатчысы менен жеке же кичине топто өткөрүлүшү керек. Мындай практика – Кудай Өзүнүн ырайымын бергиси келген каналдардын бири.

## Топто талкуулоо үчүн

► «Кандай дейсиңер, силерге руханий жооптуу болуу керекпи?» – деп сураңыз.

► Руханий жоопкерчилике муктаж экенин түшүнүүгө жардам берген суроолорду студенттерге бергиле.

► Алар бири-бирине руханий кам көрүү жөнүндөгү Ыйык Жазуудагы буйруктарын аткарып жатабыз деп ойлойбу деп сурагыла.

► 8-сабак жеке тартип үчүн жеке максаттарды коюу формасын камтыган. Кичине топ кантип отчет берүүнү талкуулашы керек. Өтө кичинекей топтун мүчөлөрү өз кезегинде топко отчет бере алышат. Чоңураак топ бул отчет үчүн үчтөн турган топко бөлүнсө болот. Топко жаңы мүчөлөр кошулса, алардан дароо кабарлоону талап кылбаңыз. Алар топтун ичинде өзүн ыңгайлуу сезиши үчүн убакыт керек.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мен Сенин Сөзүңө ишенимдүү болуп, Сенин бардык осуяттарыңды аткаргым келет, ошондой эле бир туугандарыма жардам берип жана оор кырдаалдарда колдогум келет, о.э. алар мен жөнүндө сыйынып турушу үчүн алар менен өзүмдүн кыйынчылыктарымды бөлүшкүм келет.

Мени көзөмөлдөө үчүн менин үстүмөн койгон акыл-насаатчыларыңа тил алчаак болгум келет.

Мага каталарымды көрсөткөндө момундук менен кабыл алууга жана башкаларга алардын катасын сүйүү менен көрсөтүүгө жардам берчи. Башкалардын эскертүүлөрүнө таарынбаганга жана бир туугандарды сөздөрүм менен таарынтпаганга жардам берчи.

Мен Руханий өсүп-өнүгө алышым үчүн берген Машайактагы үй-бүлө үчүн рахмат.

Оомийин.

**Тапшырма**

«Эмне үчүн бизге руханий жооптуулук керек?» деген бөлүктөн Ыйык Китептен келтирилиген төрт аятты табыңыз. Аларды контексти менен бирге окуңуз. Ошол аяттарда берилген көрсөтмөлөрдү практикада качан жана кантип аткарганыңызды эстөөгө аракет кылыңыз.  Бул аяттардагы осуяттарды аткарып баштоо үчүн же дагы жакшыраак аткаруу үчүн  эмне кылуу керектигин ойлонуңуз.

# 10-сабак
# Кызматка берилүү

**Тема**

«Менин жашоомдун максаты – күнөөкөрлөрдү куткаруу».

**Максат**

Бизге жакшы кабар таратууга түрткү берген сыйынууларды карап чыгуу.

**Киришүү**

► Күнөөкөрлөрдү Машайакка алып келүү үчүн ар бир машайакчы эмгек кылышы керек деген чынбы? Же бул насаатчылардын гана милдети болушу керекпи?

► Жеке сен күнөөкөрлөрдүн куткарылуусу үчүн эмне кылып жатасың?

**Ыйык Китепте жакшы кабар таратуу биринчи орунда турат**.

*Катышуучулардан Ыйык Китептеги төмөнкү аяттарды ачууну жана жакшы кабар таратууга карата өзүнүн жеке көз карашын түшүндүрүүнү сураныңыз. Студенттердин жоопторун сунушталган түшүндүрмөлөр менен тууралаңыз.*

**Матай 9:36-38**. Ыйса шакирттерине күнөөкөрлөргө ырайым кылуунун үлгүсүн көрсөтөт.

**Матай 28:18-20**. Ыйса Өзүнүн жыйынына бардык элдерге жакшы кабар таратуу жана шакирт даярдоо милдетин берип, Улуу Тапшырманы тапшырат.

**Элчилердин иштери 4:29**. Алгачкы жыйын бийлик тарабынан куугунтукка алынганда алар баарынан да денелик жазадан эмес, жакшы кабардын таралышына коркунуч пайда болгонуна тынчсызданышкан. Алар эч нерсеге карабастан «сөздү тайманбастык менен айтуу үчүн» сыйынышкан.

**Элчилердин иштери 11:18**. Эврей жыйыны Кудайдын даңкташкан, анткени тобо кылуу бутпарастарга да белек кылынган.

**Филипиликтерге 1:18**. Пабыл түрмөдө болсо да, Машайактын ысымы эл арасында тарап жатканына кубанат.

**Эфестиктерге 6:19**. Пабыл тайманбастык менен жакшы кабар таратуу үчүн сыйынууну суранат.

**Римдиктерге 10:13-15**. Пабыл жакшы кабар таратуунун маанилүүлүгүнө басым кылат, анткени куткарылуу ишенимден, ал эми ишеним – Сөздү угуудан келет.

### Эмне үчүн күнөөкөрлөрдүн куткарылуусу ишенүүчү үчүн ушунчалык маанилүү?

- Бул күнөөкөрлөрдү куткаруу үчүн Өзүнүн өмүрүн берүүгө асманды таштап келген Ыйсанын үлгүсүн жолдоого умтулуу.
- Бул Кудайды четке каккан күнөөкөр машайакчы болуп калганда Эң Жогорку Кудайдын даңкын көрүү каалоосу.
- Бул Машайактын жеңишин жана курмандыгын маалым кылган жакшы кабардын тараганын көрүү каалоосу.
- Бул Кудайдын биринчи орунда турган ишке катышууну каалашы керек.
- Бул күнөөсү үчүн түбөлүк азап чеге турган өлүмгө дуушар болгон адамдарга ырайым кылуу.

### Эмне үчүн бардык машайакчылар жакшы кабар таратпайт?

*Топтун мүчөлөрүнө ойлорун айтууга мүмкүнчүлүк бериңиз жана алардын жоопторун төмөндө берилген жооптор менен салыштырыңыз.*

- Руханий умтулуунун жоктугу.
- Бул жеке аларга тиешелүү эмес.
- Руханий темага сүйлөшүүнү кантип баштоону билишпейт.
- Жакшы кабарды кантип туура түшүндүрүүнү билишпейт.
- Каршылыктан коркушат.
- Башкалардан өзгөчөлөнүүнү каалабайт.
- Алардын аракети кандайдыр бир натыйжа алып келерине шектенүү.

► Бул себептерди актануу үчүн колдонсо болобу?

### Негизги учурлар

► Адам күнөөкөрлөрдүн куткарылуусу үчүн **эмне** кылып башташы керек?

Анын руханий умтулуусу жок болсо, ал өзүнүн рухун жаңылашы керек.

Адам руханий дени сак, активдүү болгондо жана Улуу Тапшырманы аткаруу үчүн жеке өзү жоопкерчиликтүү экенин түшүнгөндө, бул ишти баштоо үчүн ага эки нерсе керек:

(1) Ишеним – ал Кудайдын Сөзүнүн күчүнө ишениши керек.

(2) Даярдык – ал жакшы кабарды туура түшүндүрүү үчүн даярданышы керек.

► Эң негизги суроо: Кудайдын Сөзүн таратуу үчүн жеке сага эмне керек?

## Топто талкуулоо үчүн

► Топтун катышуучуларынан алар жакшы кабардын таралышы үчүн эмне кыларын  сураңыз.

► Алар өз эмгегинин натыйжаларына ыраазыбы?

► Бул жумада ким жакшы кабар менен бөлүштү?

► Топтун катышуучуларынан жеке аларга Кудайдын Сөзүн көбүрөөк жоопкерчилик менен таасирдүү таратканга эмне жардам берерин сураңыз.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Сенин сүйүүң, бизди куткаруу үчүн жиберген Сенин Уулуң үчүн рахмат. Менин Сага болгон сүйүүм Сенин башкаларды куткарууну каалаганың жөнүндө айтууга жардам берсинчи. Сен мени жиберген адамдардын баарына ушул куткаруу жөнүндөгү кабарды жеткиргенге жардам берчи.

Күнөөкөр тобо кылган сайын мен Сенин даңкыңды көргүм келет.

Мага жол көрсөтчү жана күч берчи. Күнөөкөрлөрдү Сени издөөгө түрткөн Ыйык Рух менен кызматташканга жардам берчи.

Ыйсанын ысымынан суранам, Оомийин.

## Тапшырма

Үйрөтүлгөн Жакшы кабарды тартуулоо «Көпүрө» сүрөтүн карап чыгыңыз (*Ыйык Китеп Боюнча Жакшы Кабар Таратуу Жана Шакиртчилик* (9-сабак) ) же сиз жактырган Жакшы Кабарды жеткирүүнүн башка ыкмасын. Акыркы жолу кимдир бирөөгө Кудай жөнүндө айтып берүүгө аракет кылган учурду эстеңиз. Сүйлөшүүңүздү анализдеп, кийинкиде таасирдүүрөөк болуу үчүн дагы эмнени көбүрөөк практика кылуу керектигин ойлонуп көрүңүз. Бул даярдыкты аткара алган убакытты белгилеңиз.

# 11-сабак
# Жыйындын ролу

**Тема**

«Кудай менден күткөн нерсени мен жалгыз ишке ашыра албайм».

**Максат**

ишенүүчүгө жыйында өз ордун табууга жардам берүү.

**Киришүү**

► Жыйындын ролу кандай?

*Катышуучуларга өз ойлорун айтууга мүмкүнчүлүк бериңиз. Азырынча көп түшүндүрүүнүн кереги жок.*

► Жыйындын жумушу үчүн ким жоопкерчиликтүү?

Мындай жоопкерчилик ар бир машайакчынын мойнунда.

► Жыйын кимге керек? *Ар бир адамга.*

Жыйын бир. Ыйса: «Мен Өз Жыйынымды… курам (жекелик түр)»[62]. Эфестиктерге каты жыйын жөнүндө бир бүтүн нерсе катары айтат.

> ...бардыгын Анын бут алдына багындырган жана Аны бардыгынын үстүнөн, Жыйындын Башчысы кылып койгон. Жыйын – Анын Денеси, бардыгын бардык жагынан Толтуруучунун толуктугу (Эфестиктерге 1:22-23).
>
> Дене бирөө, Рух бирөө, чакырылып алынганыңарда, бир үмүткө чакырылгансыңар. (Эфестиктерге 4:4).

Бүт дүйнө жүзүндөгү жыйындар бир. Жыйындын бардык мүчөлөрүнүн тизмеси Кудайда гана бар болгондуктан жана жердеги бир да уюм толук бир жыйын боло албагандыктан, биз ал жөнүндө кээде «көрүнбөгөн жыйын» деп кеп кылабыз.

Ошол эле учурда жергиликтүү жыйындар бар. Өз ишин аткаруу үчүн жыйын кандайдыр бир аймакты кучагына алышы керек. Ишенүүчү денеде ааламдык жыйындын бардык убакыттагы бардык мүчөлөрү менен мамилелеше албайт; ал

[62] Матай 16:18

белгилүү бир жерде ишенүүчүлөрдүн кичине тобу менен гана мамилелеше алат.

Кудай ар бир ишенүүчү менен жекече иштешет, ошондой эле Ал кайсы бир иштерди аткаруу үчүн жергиликтүү жыйынды колдонот. Жергиликтүү жыйын (имарат эмес, ишенүүчүлөрдүн тобу) – ичинде Кудайдын Руху байырлаган ийбадаткана болуп эсептелет.

> Же эмне, денеңер силердин ичиңерде жашаган Ыйык Рухтун ийбадатканасы экендигин... билбейсиңерби[63]

## Жаңы Келишимде жазылган жергиликтүү жыйындын аткара турган иштери

*Аныктаманы окуңуз жана кимдир бирөөдөн Ыйык Китептеги аятты окууну сураныңыз.*

1. Табынуу жана тарбия алуу үчүн жер (1 Корунттуктарга 14:12).
2. Кабыл алынган доктриналарды бекемдеп кайталоо (1 Тиметейге 3:15).
3. Адамдарды жакшы кабар таратууга жиберүү жана шакиртчилик (Матай 28:19-20).
4. Аксакалдарды/жыйын жетекчилерди финансылык жактан каржылоо (1 Тиметейге 5:17-18).
5. Миссионерлерди баталоо жана финансылык жардам көрсөтүү (Элчилердин иштери 13:2-4, Римдиктерге 15:24).
6. Жыйындын муктаж мүчөлөрүнө финансылык жардам (1 Тиметейге 5:3).
7. Күнөөгө баткан жыйындын мүчөлөрүн тартипке салуу (1 Корунттуктарга 5:9-13).
8. Чөмүлдүрүү жана Кечки Тамакты өткөрүү (Матай 28:19, 1 Корунттуктарга 11:23-26).
9. Ишенүүчүлөрдүн руханий баарлашуусу (Элчилердин иштери 2:42).

► Жогоруда айтылган иштердин баары маанилүүбү?

► Сиз жакында жыйындын кайсы иш-чараларына катыштыңыз?

► Эгерде жыйында айтылган иштердин бирин аткарбаса, эмне болмок?

[63] 1 Корунттуктарга 3:16. Пабыл өзүнчө бир ишенүүчү жөнүндө эмес, жергиликтүү жыйын жөнүндө айтып жатканын түшүнүү үчүн 3:9 ду караңыз. Ар бир ишенүүчү Ыйык Рухтун ийбадатканасы экени 6:19да айтылат.

Ишенүүчү адамдар бул иштерди <u>жалгыз</u> жалгыздан аткара алышпайт: Кудай жыйынга тапшырган ишти машайакчылар биримдикте гана аткара алышат.

Ар бир <u>жергиликтүү</u> жыйындагы ишенүүчүлөрдүн тобу үчүн Кудайдын белгилүү тапшыра турган иши бар; Ал ошол ишти аткаруу үчүн бардыгын камсыз кылат жана биздин жооп кайтаруубузду күтөт.

| **Эмне керек** | **Кудайдын иш-аракети** | **Жыйын мүчөлөрүнүн иш-аракети** |
|---|---|---|
| <u>Жетекчилик</u> | Жыйын жетекчилерин чакыруу | Жетекчиликке баш ийүү |
| <u>Акча каражат</u> | Курмандык кылууга чакыруу | Финансы курмандык кылуу |
| <u>Руханий белектер</u> | Таланттарды берүү | Башка таланттар менен кызмат кылуу |
| <u>Кызматташтык</u> | Машайактын Денесин куруу | Өз ара көз-карандуулукту түшүнүү |

Кээ бир адамдар руханий көз карандысыз болгонду жакшы көрүшөт. Алар ааламдык жыйындын бир бөлүгү болууга кубанат, бирок жергиликтүү жыйындын мүчөлөрү болгусу келбейт. Алар жетинчи күнү жыйындагы кызматка катышууну милдет катары көрбөйт жана өзүм билемдик мене кайда бararын чечишет; ошондой эле алар ондугун өздөрү ошол учурда татыктуу деп эсептеген жакшы ишке курмандык кылышат.  Бардык машайакчылар ушундай кыла турган болсо, жергиликтүү жыйындар таптакыр эле жок болуп кетмек.

Кээ бир адамдар жыйындын эмне кереги бар экенин таптакыр эле түшүнбөйт. Алар баарын өз күчү менен кыла аларына ишенишет; аларга жыйынга барып тургандын эмне пайдасы бар экенин түшүнүү кыйын.

Кээ бир жыйындар адамдардын көңүлүн өзүнө буруу үчүн жана жетинчи күнү кызыктуу кызматтарды издегендерди кармап калуу үчүн колунан келгендин баарын кылышат. Мындай жыйындарда жетинчи күнкү кызматтар машайакчылык контексттеги шоу сыяктуу болот. Жыйынга келгендер концертке же операга келген адамдардан өтө деле айырмаланбайт.

Ар бир машайакчы жергиликтүү жыйынга Кудай ал үчүн белгилеген иштерди аткаруу үчүн жардам берүүгө күчүн, каражаттарын жана таланттарын жумшашы керек. Эгер андай кылбаса ал машайакчы катары өзүнүн милдетин аткарган жок.

## Топто талкуулоо үчүн

► Топтун катышуучуларына өздөрүнө кийинки суроолорду берүүнү сунуштаңыз:

- Мен өзүмдүн жыйынымдын жетекчисине баш ийемби? Кантип?
- Мен өзүмдүн жергиликтүү жыйынымды каржылаймбы?
- Мен таланттарымды жыйында кызмат кылуу үчүн колдономбу?
- Мен жыйынымдын мага керектигин сеземби?
- Жыйын менин керектигимди сезеби?

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мага кыйынчылыктарда таяна алган Машайактагы бир туугандарды бергениң үчүн рахмат. Мени жерде Сенин эркиңди аткарып жаткан Сенин жыйыныңдын – бир дененин бир бөлүгү кылганың үчүн рахмат.

Мага мен сенин жыйыныңа муктаж экенимди жана менин жыйыным мага муктаж экенин унутпаганга жана жыйын Кудай ага тапшырган ролду ийгиликтүү аткаруу үчүн ар бир адамдан күткөн милдетти өзүмө алууга жардам берчи.

Баарыбызга чогуу Ыйык Рух жашаган ийбадаткана жана башка адамдар үчүн өмүр булагы болууга жардам берчи.

Оомийин.

## Тапшырма

1 Корунттуктарга 12ни окуңуз. Бир дененин мүчөлөрүнүн бири-бирине көз карандылыгы  жөнүндө жана ар бир бирөөнүн ар башка ролу жөнүндө ой жүгүртүңүз.

# 12-сабак
# Азгырыктарды жеңүү

## Тема

«Мага багыт берген жана мени бекемдеген Ыйык Рухтун жардамы менен мен азгырыктарды жеңе алам».

## Максат

азгырыктар кантип келерин жана Кудай аларды жеңүүгө кантип жардам берерин түшүндүрүү.

## Киришүү

► Сиздин оюңузча сиздин гана башыңызга келген азгырыктарга туш болдуңуз беле?

► Бул дүйнөдө таптакыр күнөөсүз жашаса болот деген ойлор болду беле?

Кудай бизге бардык азгырыктарга туруштук берүүгө жардам берерин убада кылган:

> Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет (1 Корунттуктарга 10:13).

Бул аят бир нече маанилүү тармакты камтыйт.

**(1) Ар бир <u>адам</u> азгырыкка туш болот**.

Биздин денелик табиятыбыздын ар түрдүү алсыз жактары болгондуктан, биз күнөөкөр азгырыктарга дуушар болобуз. Демек сиз күнөө менен күрөшкөн жалгыз адам эмессиз.

**(2) Жазуунун бул үзүндүсүндө Кудай биздин туруктуулуктун <u>чегин</u> билери айтылат**.

Ал биз эмне менен алышып жатканыбызды билет: Ал бизди, биз өзүбүздү билгенден да жакшы билет.

**(3) Кудай биз күнөөнү <u>жеңе</u> аларыбызды айтат**.

Бул аяттан Кудай бизге туруштук бере албаган азгырыктарга туш болууга жол бербээрин  көрө алабыз. Биз азгырыкка каршы тура алышыбыз үчүн, ал бизге күнөөнүн таасирин чектеп турат.  Кээ бир адамдар биз адам болгондон кийин

күнөө кылбай коё албайбыз деген ойду кадимкидей кабыл алышат; алар таптакыр күнөөсүз болуу мүмкүн эмес деп божомолдошот, бирок бул аят андай эмес экенин ырастайт.

**(4) Кудай бизге күнөөнү жеңүү үчүн бардык керектүү нерселерди берет**. **Ал «чыгуу жолун да берет».**

Биздин ишенимибизге жооп катары Кудай бизге күнөөгө каршы туруу жөндөмүн берет.

> Анткени Кудайдан туулган адам дүйнөнү жеңет. Дүйнөнүн үстүнөн жеңишке жеткирген нерсе – бул биздин ишенимибиз (1 Жакан 5:4).

Эгер күнөө ишенүүчүлөрдү кандай жыгарын билсек, жашообуздагы мындай жагдайлардын алдын алсак болот. Азгырыкка туш болгон адам кандай кадамдардан өтөрүн анализдейли.

Мындай процесс Жакып 1:14-15те жазылган.

> …Тескерисинче, ар ким өзүнүн кумарына берилип, алданып азгырылат. Кумар түйүлүп, күнөө туулат.

Джон Уэсли адам күнөөгө моюн сунганда кийинки кадамдардан өтөрүн айтат[64]:

1. Азгырык пайда болот (дүйнөдөн, денеден, же шайтандан).
2. Рух ишенүүчүгө коркунуч жөнүндө эскертет.
3. Адам ага улам барган сайын жагымдуу сезилген азгырык тууралуу ойлоно баштайт; ушул учурда адам биринчи ката кетирет.
4. Рух өчөт, адамдын ишеними алсырайт, Кудайга сүйүү унутулат.
5. Рух катуу жемелейт.
6. Адам Рухтун жемелеген үнүн укпай калат жана азгыруучунун жагымдуу сөздөрүнө кулак сала баштайт.
7. Анын жүрөгүн күнөөкөр каалоо толтурат; ишеним жана сүйүү унутулат; ал атайлап күнөө кылууга даяр болот.

Бул процесс абдан кыска болушу мүмкүн; бардыгы бир нече мүнөттүн ичинде болуп кетиши мүмкүн.

Биз азгырык жөнүндө ойлонгон сайын ал күч алат, баш ийүү же баш ийбөөнү чечүүгө убакыт талап кылган адам өзүн чоң коркунучка салат. Ишенүүчү адам жашоосунда күнөөгө олуттуу түрдө каршы турууга ниеттенсе, азгыруучу ойду

[64] Стивен Гибсондун редакциясынын алдында «Убакыттан тышкары ишеним: 21-кылым үчүн Уэсли» деген чыгармадан өзгөртүлүп келтирилген.

келери менен дароо четке кагууга жүрөгүн даярдашы керек. Азгырыкка берилсемби же жокпу деп ойлонгон адам өзүн коркунучка дуушар кылат: чечкинсиз болуу менен ал жүрөгүндө Кудайга бардык нерседе баш ийүүгө даяр эмес экенин көрсөтөт.

Азгырык – бул биздин ишенимге чакырык, анткени бизди Кудайга толук баш ийүү – жалгыз туура жол экенине шектенүүгө мажбур кылат.

Адам күнөөнү жеңе албаса, төмөнкү себептерден ошондой болушу мүмкүн:

1. Ал Кудайга баш ийүү – сөзсүз аткара турган шарт экенин түшүнбөйт.
2. Ал Кудай бул ишке кантип кирише аларын түшүнбөйт же Кудай ага бардык нерседе жардам бере аларына ишенбейт.
3. Ал Кудайдан жардам сурагандын ордуна өзүнүн күчүнө гана таянат.
4. Ал өзүнө ыңгайлуу болгондо гана Кудайга кызмат кылганга жана Аны укканга даяр.
5. Ал бардык нерседе Кудайдын эркин аткаруу үчүн максатка, Кудайдын жогорку сыйлыгына умтулбайт[65].
6. Ал бекем ишенимде Кудай менен мамилелерин сактоо үчүн руханий тартипке салууну практикада туруктуу колдонгон эмес.

### Талкуулоо жөнүндө баяндама

Үч адам айдоочунун жумушуна орношкусу келет. Биринчиси жумуш берүүчү адамга таасир  калтыргысы келип: «Мен унааны жардын четинен бир метр аралыкта катуу ылдамдыкта айдасам да, бейкапар отура берсеңиз болот», – дейт. Экинчиси, андан артта калууну каалабай мындай дейт: «Мен жардын четинен бир нече сантиметр аралыкта айдап өтүп кетем, кулабайм». Үчүнчүсү бир аз унчукпай тургандан кийин: «Сиздин өмүрүңүздү тобокелге салбоо үчүн жарга жакын айдабайт элем», – дептир. Кандай дейсиз, алардын кимиси жумушка орношту болду экен?

Биз азгырыкка канчалык жакын бара аларыбызды текшерип, эксперимент кылбашыбыз керек. Кудай ар бир адамга кайсы тармакта абайлаш керектигин көрсөтөт. Биз алсыздыгыбыз эмнеде экенин жана биз үчүн коптуу көңүл ачуулар кайсы экенин билип, алардан алысыраак болушубуз керек.

### Ишенген адам күнөө кылсачы?

► Күнөө кетиргенден кийин адам Кудай менен мамилесин калыбына келтирүү үчүн канча убакыт өтүшү керек?

[65] Филипиликтерге 3:13-15

Ишенүүчү күнөө кетиргенин түшүнөрү менен дароо тобо кылышы керек, ошондо ал өзүнүн жактоочусу – Ыйса Машайактын арачылыгы аркылуу кечиримге ээ боло алат[66]. Ал тобо кылуу үчүн ыңгайлуу учурду издеп, аны артка жылдырбашы керек. Ал Эң Жогорку Кудай менен элдешкиси келсе, демек Ыйык Рух анда ушул каалоону пайда кылып аны кайра Кудайга кайрылууга чакырып жатат. Эгер адам чын жүрөктөн тобо кылса, элдешүү дароо ишке ашат.

Кудай Өзүнүн Уулун курмандыкка берип, биздин куткарылуубуз үчүн бардыгын кылып койгон. Кудай биз ишенимди сактап калуу үчүн керектүү ырайымды көрсөтүүдөн баш тартып, бул курмандыктын куру болушуна жол бербейт.

> Өз Уулун аябастан, Аны баарыбыз үчүн берген Кудай кантип бизге Уулу менен кошо бардыгын бербесин? (Римдиктерге 8:32).

(Студенттер дептериндеги материалга кошулган.)

> Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин (Жүйүт 1:24-25).

## Топто талкуулоо үчүн

► Карап чыккан күнөөгө азгырылуу кадамдарын түшүнүү азгырыкка туш болгон адамга кандай жардам берери жөнүндө күбөлүк менен бөлүшүңүз. Башкаларга да күбөлүктөрү менен бөлүшүүнү сунуш кылыңыз.

► «Жогоруда айтылган алты себептин бири же бир нечеси күнөөнү жеңүүгө тоскоол кылган учур жөнүндө айтып бере алган адам барбы?» – деп сураңыз.

► Азгырыктар менен күрөшүп кыйналган адамдарга бул сабактын материалын колдонууга милдет алууну сунуш кылыңыз. Мисалы: «Азгыруучу ойлор келгенде, алар жөнүндө ой жүгүртүп отурбай, Кудайдын жардамына таянып, аны дароо четке кагууга убада кыла аласызбы?»

[66] 1 Жакан 2:1-2

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мен жөнүндө бардыгын: менин бардык алсыздыктарымды жана кемчиликтеримди билгениң үчүн ыраазымын. Мен жеңе албаган азгырыктардын мага келүүсүнө жол бербегениң үчүн рахмат, ошонун аркасы менен мен күнөөнү жеңе алам.

Мага дайыма Ыйык Рухтун үнүн угууга жана күнөөгө туш болгондо аны дароо четке кагууга жардам берчи.

Сен гана менин жүрөгүмдү чындап канааттандыра аларыңды унутпаганга жардам берчи.

Ыйса Машайактын ысымынан, Оомийин.

## Тапшырма

Аян 2-3тү окуңуз. Бул бөлүмдөрдө ар түрлүү көйгөйлөр жана азгырыктар менен күрөшкөн жети жыйынга жазылган каттар бар. Ар бир каттын аягында «жеңгенге» берилген убадага көңүл буруңуз.

# 1-сабак
# Куткаруучу жолугушуу

**Тема**

«Кудай менен куткаруучу жолугушуу Аны менен баарлашуунун башталышы болду».

**Киришүү**

Бардык жолугушуулардын башталышы – бир адамдын экинчи адамга ______________.

Адам таарынткан бирөө менен элдешүү үчүн кандай кадамдарды кылышы керек?

1. Айыптуу адам ____________ жана ____________керек.
2. Жабыр тарткан тарап ____________макул болушу керек.

Биз Кудайга каршы кылган бардык нерселерден кийин кантип Ага жолуга алабыз? Теңир менен достошуу үчүн биз жагдайды оңдоого аракет кылышыбыз керек.

**Кудайдан бөлүнгөн адамдын абалы**

Эфестиктерге 2:2-3тө Кудайдан бөлүнгөн адамдын абалы сүрөттөлөт:

► Адептүү адам өзүнүн эрки боюнча иш-аракет кылса жаманбы? Ышайа 53:6ны окуңуз.

**Кудайдын көрсөтүлгөн ырайымы**

Биз кечиримге ээ болуу үчүн керектүү ______________Ал Өзү алып келген жана бизде аны кабыл алуу каалоосун жана ________________ойготкон

Кудай бизди кечирүүнү каалайт жана ошол кечиримдин баасын төлөгөнгө да даяр. Ушундай экенин Теңир Ыйсага айкаш жыгачта өлүүгө жол бергенде далилдеген.

___________________________, күнөөкөр Кудайдын алдына келе да алмак эмес.

► Эфестиктерге 2:4-5

Адам куткарылган эмес болсо, бул анын ырайымдан _______________ билдирбейт; бул анын өзүнө берилген ырайымга ___________________билдирет.

## Жеке тажырыйба

Адам Кудайдын алдына жеке өзү келип __________ чечүүчү учурда машайакчы болуп калат.

Элчилердин иштери 26:18 жакшы кабардын таасиринин алдында күнөөкөр кандай өзгөрөрүн сүрөттөйт.

Чыныгы машайакчы – Кудайдын алдында жүрөгүн ачып, күнөөлөрү үчүн тобо кылып[67], ырайымдын негизинде кечиримге ээ болуп[68] жана Кудайдын Сөзүнө ылайык жашоого чечим чыгарган адам [69]. Бул жолугушуу анын Кудай менен жеке баарлашуусунун башталышы болуп эсептелет[70].

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мен Сенден бөлүнүп жүргөндө мени тапканың үчүн рахмат. Мен жашай алышым үчүн менин ордума өлгөн Ыйса үчүн рахмат.

Күнөөмдү ашкерелеп, кечирим издөөгө каалоо берип жана жүрөгүмдү Сага тил алчаак болууга бурганың үчүн рахмат.

Менин жашоомдо кылган өзгөрүүлөр үчүн рахмат. Мен дайыма Сага баш ийип жана Сени сүйүп жашагым келет.

## Тапшырма

Эфестиктерге 2-бөлүмдү окуп чыгыңыз. Кудай биздин жашообузда кандай иштээрине көңүл буруңуз. 1-3-аяттар биздин мурунку абалыбызды сүрөттөйт; 4-аятта Кудай биздин жашообузда кылган өзгөрүүлөр сүрөттөлөт. Бөлүмдө толугу менен өзгөчө 4, 6, 7, 14 жана 19да мамилелер тууралуу эмне деп айтылганына көңүл буруңуз Көргөнүңүз жөнүндө бир нече абзац жазыңыз.

---

[67] «Силерге айтып коёюн, андай эмес. Эгерде тобо кылбасаңар, бардыгыңар ошолорго окшоп өлөсүңөр» (Лука 13:5)

[68] «Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги…» (Эфестиктерге 2:8)

[69] «Машайактын ичинде жашап жаткан адам күнөө кылбайт. Ал эми күнөө кылган адам Аны көрө элек, Аны таанып биле да элек» (1 Жакан 3:6)

[70] «…Ал эми биздин мамиле – Ата жана Анын Уулу Ыйса Машайак менен болгон мамиле» (1 Жакан 1:3)

# 2-сабак
# Кудайдын кечиримине толук ишенүү

## Тема

«Мен тобо кылганда жана Кудайдын Сөзүнө ишенгенде, Кудай мени Өзүнүн баласы/кызы деп атады».

## Киришүү

Ыйык Китеп биз куткарылганыбыз жөнүндө толук ишеним менен айтсак болорун үйрөтөт.

► Римдиктерге 8:16

Бул билим Сот күнүн күтүүдө да бизге күч жана толук ишеним берет, биз өзүбүздөн кайра-кайра Кудайдын алдында чындап акталдыкпы деп сурабай эле койсок болот.

► 1 Жакан 4:17

Ишенүүчү ____________ ____________ _____________ так аткарып жаткандын негизинде куткарылганына толук ишенсе болот.

Тобо кылуу күнөөкөр өзүнүн күнөөсүн сезгенин жана жазага татыктуу экенин __________ ____________[71], ошону менен күнөөдөн кутулуу каалоосун көрсөткөнүн билдирет.

► Ышайа 55:7

Адам өзүн чындап күнөөлүү жана жазага татыктуу деп эсептебесе, ал тобо кылган эмес

Куткарылуу үчүн **ишеним** керек, демек…

1. Ал өзүн ____________ үчүн эч нерсе кыла албарын түшүнөт. *(Эфестиктерге 2:8-9).*
2. Ал Машайактын курмандыгы – анын куткарылуусу үчүн ___________ баа экенине ишенет *(1 Жакан 2:2).*
3. Ал куткарылууга ээ болуу үчүн _____________ гана ээ болгону жетиштүү экенин түшүнөт *(1 Жакан 1:9).*

---

[71] 1 Жакан 1:9: «Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт.»

Эгер адам чындап тобо кылса жана Ыйык Китеп эмне дегенине ишенсе, анда Кудай аны кечирди деп эсептөөгө толук ___________.

Кудай ишенүүчү чын жүрөктөн тобо кылганда жана ишенип калганда ага аны куткарып алганын өзгөчө ырастайт. «Себеби силер кайрадан коркунуч менен *жашоо үчүн* кулдуктун рухун кабыл алган жоксуңар, тескерисинче, Кудайдын баласы кылган Рухту кабыл алдыңар. Ошол Рух аркылуу: «"Абба!", Ата!» – деп чакырабыз. Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат.»[72]

Адам Жазууда айтылганды жолдоп, ал жакта жазылган боюнча өзүнүн абалын текшерип турса жана сезимдерин ырастоо үчүн кандайдыр бир белги издебесе, жаңылбайт. Бул толук ишеним Кудайдын Сөзүнө негизделген, ал эми Кудай дайыма Өзүнүн убадасына турат.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Ишениминин негизинде тобо кылган күнөөкөрдү кечирүүгө убадаң үчүн рахмат. Мен күнөөлөрүм үчүн тобо кылам жана Сенин убадаңа ишенем.

Мен Машайак айкаш жыгачта өлгөндө толугу менен менин күнөөлөрүм үчүн төлөгөнүн билем.

Менин күнөөлөрүм кечирилгендиктен, мен соттон коркпой эле койсом болорун билем.

Мен – сенин балаң экенимди күбөлөндүргөн Ыйык Рухтун күбөлөндүрүүсү үчүн рахмат.

Оомийин.

## Тапшырма

Эврейлерге 10:11-25ти кунт коюп окуңуз. Бул үзүндүнүн негизинде куткарылууга толук ишенсе болобу? Сиз жооп катары эмне кылышыңыз керек? Эмне кылышыбыз керектигин тизмелеп жазып, бул иштерди кантип аткаруу керектигин ойлонуп көрүңүз.

[72] Римдиктерге 8:15-16

# 3-сабак
# Кудай менен баарлашуу

**Тема**

«Мен Кудайды сыйынууда Аны менен баарлашуу аркылуу таанып-билем».

**Киришүү**

Сыйынуу машайакчынын жашоосунда абдан чоң орунду ээлейт. Башка динди туткан адамдар да сыйынышат. Машайакчынын сыйынуусу бутпарастын сыйынуусунан эмнеси менен айырмаланат?

**Машайакчы _______________ ____________билгиси келет**

Машайакчы катары биз өзүбүздүн жеке ________________ караганда Кудайдын эрки жакшы экенине ишенебиз. Кудайдын _____________________ жана сүйүүсү жеткилең болгондуктан, биз үчүн Анын эркин аткаруудан артык эч нерсе жок.

Башка арга жоктон эмес, Теңирге ___________ _______________ошондой кылабыз.

Сыйынуу – жөн эле муктаждыктардын тизмеси эмес, бул Кудай менен ______________.

**Машайакчы Кудай менен мамилесин Андан алган нерселерге караганда көбүрөөк баалайт.**

Биз биринчи кезекте Кудайды табуу үчүн сыйынабыз.

«Кудай менен өткөргөн убактыбыз жана ал биздин жашоодо канчалык _______________ ээ экени, биздин Ага карата сүйүүбүздүн чыныгы өлчөгүчү».

Чыныгы мамилелер толук ишеним артууга жана _____ ____________ курулат.

**Сыйынуу руханий жашоонун ажырагыс бөлүгү**

Сыйынуу – ________________; «өтө маанилүү» руханий мүнөздөгүч.

Биз Кудайдан руханий жашоону дем алабыз – анан ________________ менен демибизди чыгарабыз.

- ____________________________
- ____________________________
- ____________________________
- ____________________________

## В Жыйынтыктоо…

Машайакчынын сыйынуусу бутпарастын сыйынуусунан, биз Кудайдын __________ билгибиз келгени менен жана Андан _____________ нерселерге караганда, Аны менен мамилени көбүрөөк баалаганыбыз менен айырмаланат.

Сыйынуу  биздин Кудайга сүйүүбүздү ______________.

Сыйынуу  – биздин руханий _________________ көрсөткөн өтө маанилүү руханий мүнөздөгүч.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мага Өзүң менен баарлашуу артыкчылыгын бергениң үчүн рахмат. Мен Сени менен муктаждыктар тууралуу сүйлөшө алганыма кубанычтамын, бирок баарынан да Сени көбүрөөк таанып биле алганыма ыраазымын.

Сага болгон мамилемди баарлашуу аркылуу көрсөтүүгө жардам берчи. Сени таанып билген сайын Сага болгон сүйүүм бекемдешин каалайм.

Сени менен баарлашууну жашоомдун эң маанилүү артыкчылыгы катары биринчи орунга койгонго жардам берчи.

Оомийин.

## Тапшырма

Матай 6:5-18деги сыйынуу тууралуу Ыйсанын акыл-насаатын окуңуз. Адамдык муктаждыктар менен байланыштуу жерлерге, о.э. Кудай менен мамилелер тууралуу айткан жерлерге көңүл буруңуз жана шилтеме жазыңыз.

# 4-сабак
# Баш ийүүгө үйрөнүү

## Тема

«Кудайга сүйүүм канчалык көп болсо, Анын эркин  ошончолук аткаргым келет».

## Киришүү

► Филипиликтерге 1:9-11

Пабыл филипиликтердин сүйүүсү өсүшү үчүн жана ошол сүйүү аркылуу алар Кудайдын _____________ жакшыраак таанып билиши үчүн сыйынган.

Кудай бизге бир нерсени ________ ___________ биз дайыма жашообузду жакшыртып турушубуз керек.

## Ишенүүчү өсүшү керек болгон тармактар

### (1) Ал башкаларга кандай ______________ көрсөткөнүн байкап жүрүү

Сиздин жүрүм-турумуңузда башкалардан көргүңүз келбеген кандайдыр бир сапаттар барбы?

### (2) Сабырдуулук

Жагдайды туура жөнгө салуу үчүн _______________ жана каалоолоруңузду көзөмөлдөй аласызбы?

### (3) Ден соолукка кам көрүү

Сиз денеңизге кам көрүп, ага Кудайдын талаасында эмгек кылуу үчүн колдонула турган алмаштырылгыс __________________ тобу катары мамиле кыласызбы?

### (4) Көңүл ачууларды тандоо

Көңүл ачууларды тандаганда күнөөкөр ойлорго жана жүрүм-турумга түрткөн ашыкча азгырыкка туш болбойсузбу? Күнөөнү жымсалдап, аны ____________ жана _________ __________ кылып көрсөткөн көңүл ачуулардан абайлаңыз.

### (5) Адептер

Сиз жашаган айланадагы адамдар жүрүм-турумунда өздөрүнүн каада-салттарын карманышат. Сиз белгилүү бир коомчулукта кабыл алынган адептүүлүк эрежелерин үйрөнүшүңүз керек.

Достукту баалабагандарга да достук мамилесин көрсөтүңүз.

**(6) Иш алып баруу этикасы**

Сиз кылган иштериңиздин баарында ________________?

**(7) Пунктуалдуулук**

Сиз адамдардын убактысын баалап, белгиленген жолугушуу жана иш-чараларга ____________ максат кыласызбы?

**(8) Кийим**

Сиз дайыма  адептүү, токтоолук менен жана үнөмдүү ______________?

**(9) Сүйлөө речи**

Сүйлөшүүлөрдө Кудайга жана айланадагыларга ____________ көрсөтөсүзбү?

**(10) Жоопкерчилик**

Сиз өзүңүздүн _________________ аткарасызбы?

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Менин Сага болгон сүйүүм дайыма өсүшүн каалайм. Мен Сенин эркиңди жакшыраак таанып билип, Сага тил алчаак болгум келет.

Менин жашоом таза жана мүдүрүлбөс болушу үчүн, Сен менде көргүң келген нерсени таанып билгенди үйрөтчү.

Мен өзгөртүш керек болгон адаттарды жана иш аракеттерди айырмалай билип, Сенин атыңды даңктай турган жүрүм-турумга үйрөнүүгө жардам берчи.

Мен Сенин даңкың үчүн жемиш алып келгим келет.

Оомийин.

## Тапшырма

1 Корунттуктарга 13-бөлүмдү изилдеңиз. Бул бөлүмдө адамдын жашоосу жана адамдарга болгон сүйүүсү кандай болушу керектиги тууралуу айтылат. Сиздин жашооңуз Кудайга карата сүйүүңүздү чагылдырышы үчүн кандай өзгөрүү керектигин Кудайдан сураңыз.

# 5-сабак
# Ыйык Китепти жандилиңиз менен изилдөө

## Тема

«Кудайдын Сөзү күн сайын менин жашоомо жана ишенимиме таасир этет».

## Ыйык Китепти изилдөөнүн себептери

**(1) Кудай менен болгон мамиле үчүн.**

118-Забур, Кудайдын Сөзү– бул Кудайдын табиятынын көрүнүшү, демек Ыйык Жазуу – бул Кудайды таануу каражаты.

Ыйык Китепти изилдөөнүн дагы бир нече себеби 2 Тиметей 3:16да келтирилген:

**(2) Чындыкты билүү жана ал чындыка ишенүү** (Ыйык Китеп _________ булагы.)

**(3) Жашоого _____________ алуу үчүн**

**(4) ______________ кызмат кылуу үчүн**

**(5) Руханий _______________ үчүн**

► Эврейлерге 5:12-13тү окугула

## Төмөнкү максаттар менен Ыйык Китепти изилдебеш керек

**(1) __________ жоромолдорду ойлоп табуу үчүн**

Биз Ыйык Жазууну колдонгондо жана адамдарга жеткиргенде чыгармачыл болушубуз керек, бирок аны чечмелегенде эмес.

**(2) Талаш үчүн ___________ чогултуу**

Эгер кимдир бирөө Ыйык Китепти талаш-тартыш үчүн гана окуса, анын көзү көрбөй калат жана көргүсү келген нерсени гана көрө алат.

**(3) _______________ сезүү үчүн**

Эгер адам ар дайым үзүндүлөрдөн өтүп, сезимине жардам бере турган аяттарды издесе, анда ал Ыйык Китепке толук кабарын айтуусуна жол бербейт.

## Ыйык Китепти жандилиңиз менен кантип изилдөө керек

### (1) Үзүндүнү түшүнүү үчүн сыйынуу менен баштаңыз.

Үзүндүдөн чыныгы кабарды алыш үчүн жүрөгүңүдү даярдагыла. Сиз Кудайдын эркин билүү үчүн эмес, аны аткаруу үчүн окуп жатасыңар.

### (2) Үзүндүнү эмне деп жатат.

Үзүнду чынында эмне деп жатат? Айкаш сөздөр жана кандай билдирүүлөр бар. Сиздин корутундуңуз Ыйык Жазууга карма-каршы келбешин текшериңиз.

### (3) Үзүндүнү жеке колдонуу

Үзүндүдө бул сөздөр кезигеби, карап көргүлө:

- Күнөөнү моюнга алуу же моюнга алуудан качуу?
- Өзгөртүгө муктаж болгон жүрүм-турум?
- Убада ырастоо?
- Баш йүү үчүн буйрук?
- Кудайды ээрчүү үлгүлөрү?
- Сыйынуунун көрсөтмөлөрү сыйынган үчүн?
- Кудайдан качуунун каталары?
- Азгырыктан качуу жөнүндө?
- Кудайды даңкташ үчүн, эмне кылышыптыр?

Бир үзүндүдө булардын бир нечеси болушу мүмкүн.

### (4) Чындык сизге ачылыш үчүн сыйынгыла.

Кудай сиздин жүрөгүңөрдө жана жашооңузда керектүү өзгөрүүлөрдү жасоону сураңыз.

### (5) Төмөнкү колдонмодон эмнени өзгөрткөнүңүз келет, ошол жагын сыйнуу менен аныктаңыз.

Өзгөртүү айкын болушу керек:

- **Жеке** – сиз өзүңүздө кылам деген нерсе .
- **Практикалык жактан** – теориялык гана эмес, бирок натыйжада иш жүзүндө эмне кылуу керек.
- **Жооптуу болуу жактан** – белгиленген убакыттын ичинде аракет кылуу.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Ыйык Жазуудагы берген кенч үчүн рахмат.

Биз Сени кантип тааныганды, кантип жашашыбыз керектигин жана башкаларга кантип жардам берүү керек экенин ачып бергениң үчүн рахмат!

Сөзүңдү кылдаттык менен изилдөөгө үйрөтчү. Сенин Сөзүңдү окуганда, ал менин жүрөгүмдө иштесинчи. Теңир, мен күн сайын Сенин Сөзүңдүн үстүнөн ой жүгүртүүгө даярмын; ага болгон сүйүүм Сага болгон сүйүүмдү чагылдырсынчы.

Ыйсанын Атынан сыйынам. Оомийин!

## Тапшырма

1 Тесалоникалыктар 5ти берген кадамдар менен изилдегиле. Бул үзүндүдө тапкан жеке колдонмонуу айтып бергиле.

# 6-сабак
# Дөөт сыяктуу сыйынуу

**Тема**

«Менин Кудай менен баарлашуум жашоомдун ар бир мүнөтүн маңыздуу кылат».

**Сабак**

Көчүлүк забурлар _______________ жана алар бизге кандай сыйынуу керектигин айтып берет.

Эгер Кудай менен баарлашпай калсаң же кайсы бир темалар тууралуу аны менен сүйлөшүүдөн качсаң, анда Эң Жогорку Кудай сага айтканына __________ ____________ каалабасаң керек.

Забурлардан жашообузда болгон нерселердин ____________, ошондой эле ______________ Кудай менен сүйлөшүүдө бөлүшө аларыбызды биле алабыз.

Анткени Кудай менен сүйлөшө алган нерселерибиз Аны менен мамилебиздин _________ жана ____________ көрсөтөт.

Өз ара мамилелер кимдир бирөөнүн жашоосуна катышууну билдирет.

Кээде адамдардын ортосундагы мамилелер ___________ _____________ калгандай сезилет.

Сенин Кудай менен мамилең кандай? Эгер Аны менен сүйлөшө турган сөздөрүң жок болсо, анда силердин мамиле _____________ мамиле.

Биздин мамиледе биз Ага жагууга аракет кылып жана жашообузга ______________ киргизүү керек болсо, дайыма жүрөгүбүздү ачышыбыз керек.

Биздин жашоонун ____________ Кудай менен болгон мамиле.

Кудайдын алдына келип ачылганда бардыгы өз ордуна келет жана мааниге ээ болот. Бардык нерселер тууралуу сыйынбасак бир аз убакыт өткөндөн кийин баарлашуубуздун ____________ жоголот.

- Сезимдер _____________ болуп калат.
- Чечимдер _____________ болот.
- Мамилер _______________ болот.

Көп тынчсызданган адам аз сыйынат, ал эми көп сыйынган адам аз тынчсызданат.

Биз Кудайдын алдында бардык нерсебизди ачып берип, Анын жоопторуна кулак салып, _______ _________ __________, _______ _________ керек.

► Сен Кудай менен эмне жөнүндө сүйлөшөсүң? Сен Аны менен эмне жөнүндө сүйлөшүшүң керек?

## Сыйынуу

Менин жашоомдо болуп жаткан нерсеге карата Сенин эркиңди түшүнүүгө жана бардык нерсеге менин ичимдеги Сенин Рухуң кандай мамиле кылууну кааласа, ошондой мамиле кылууга жардам берчи. Сен менин кеңешчим болуп, кандай иш аракет кылышым керектигин жана жашоомдо эмнени өзгөртүшүм керектигин көрсөтүшүңдү каалайм.

Мурун Сени менен бөлүшүү керек деп ойлобогон муктаждыктарды жана жагдайларды көрүүгө жардам берчи.

Мен Сага толук баш ийгим келет. Сен менин жашоомдун бардык тармактарынын ажырагыс бөлүгү болушуңду каалайм.

Сен каалагандай иш аракет кылуу үчүн мага руханий өсүүгө жана өзгөрүүгө жардам берчи.

Оомийин.

## Тапшырма

Забур 33тү изилдеңиз. Жүрөгүбүздө болгон нерсенин баары менен Теңирге кайрылууга мүмкүн деген Дөөттүн толук ишенимине көңүл буруңуз. 16 жана 19чу аятты окуңуз.

# 7-сабак
# Ишенимди бекемдөө

## Тема

«Менин ишенимим сыноолорго туш болгондо, мен руханий өсөм».

## Киришүү

► 1 Петир 1:6-8, Эврейлерге 11:1, 6

Ишенимдин негизи – Кудай Өзүнө кайрылгандардын сыйынууларына _______________. Башкача айтканда биз Кудай бизге дүйнөдөгү эң баалуу нерсени ______ ________ишенебиз.

Биз кыйынчылыктардан өткөндө, ишенимибиз сыналат. Көйгөйгө туш болгондо Кудай бизге _______________ каааларына шектенип башташыбыз мүмкүн

Кыйынчылыктар жана көйгөйлөр – биздин ишенимди ___________. Ишеним – ошондой эле ар бир _____________ жеңип чыгуу.

► 1 Жакан 5:4

Дүйнө жана Кудай – бириге албайт. Дүйнө бардыгын өз көз карашы менен карайт: ал күнөөкөр нерселерди жашоонун кадимки көрүнүшү катары тартуулап, чындыкты бурмалайт. Биз ишеним менен Кудай Өзүн издегендерге сыйлык тапшырарын, ошол себептен ар бир сыноо – ишенимди сыноо экенин жана ишеним – ар бир сыноону жеңүү экенин өзүбүзгө эстетип турабыз.

__________________ руханий өсүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

► Жакып 1:2-4

Ишенимди сыноо чыдамкайлыкты пайда кылат. Чыдамкайлык күтө билүүнү эле билдирбейт; чыдамкайлыкка ээ болуу – демек ___________ ________ болуу.

Чыдамкайлык жана ишенимде бекемдик көрсөтүү аркылуу гана машайакчы «бардык нерседе жеткилең» боло алат.

## Сыноолордун түрү

**(1) Оор ________________**

Ишенимдин сыноосу – бул төмөнкүлөргө азгырык

- Кыжырланууга же ачууланууга жол берүү, о.э. абалды туура эмес кароо
- Шашылыш чечимдерди кабыл алуу
- Көйгөйдү өз күчү менен чечүү аракетинде убактылуу болсо да Кудайды укпай коюу

**(2) Адилетсиздик жана ______________**

Ишенимдин сыноосу – бул төмөнкүлөргө азгырык

- Башкаларга сиздин оюңузча алар татыктуу болгондой мамиле кылуу
- Кудай Өзү сот жүргүзөрүн күтпөө
- Машайак сыяктуу кечирүүнү жана сүйүүнү каалабоо

**(3) Денелик алсыроо**

Ишенимдин сыноосу – бул төмөнкүлөргө азгырык

- Чөгүп кетүү
- Кудайдын эрки менен эсептешпей, көңүл ачууларга берилүү

**(4) _____________**

Ишенимдин сыноосу – Кудайдын жакшылыгына жана Анын жогорку эркине шенктенүү азгырыгы.

**(5) _____________**

Ишенимдин сыноосу – Кудайдын эрки белгилүү болгонуна карабастан, өзүңдүкүн кылуу азгырыгы.

**(6) _____________**

Ишенимдин сыноосу – жагымсыз жагдайлардан качуу үчүн каршылык көрсөтпөй коюу азгырыгы.

**(7) _____________ менен азгыруу**

Ишенимдин сыноосу – күнөөкөр азгырыктарга берилүү азгырыгы.

► 1 Корунттуктарга 10:13

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Дайыма мени менен болгонуң үчүн жана оор жагдайларда жардам бергениң үчүн рахмат. Менин ишенимимди бекемдечи. Кыйынчылыктар менин ишенимимдин сыноосу экенин жана ишенимим солкулдабас болушу керектигин унутпаганга жардам берчи.

Оңой эмес болсо да мен Сага ишеним арткым келет. Мен эч нерсеге карабастан Сага баш ийгим келет.

Менин ишенимимди бекемдеп жана мага азгырыктарды жеңүүгө жардам бергениң үчүн рахмат!

Оомийин.

## Тапшырма

Жакып 5:7-11ди окуңуз. Элчинин сөздөрү боюнча эмнеге биз ишенимде бекем болушубуз керектигине көңүл буруңуз. Пайгамбарлар мисал катары келтирилет.  Ишеними солкулдабай, кыйынчылыктарды жеңген адамдарды билесизби? Алар жетиштүү ишенимге ээ болбосо эмне болот эле?

# 8-сабак
# Руханий жашоону тартипке салуу

**Тема**

«Мен убакытымды жана күчүмдү Кудай менен мамилемди өнүктүрүү үчүн колдоном».

**Киришүү**

Кудай менен мамилелерибизди сактап жана өнүктүрүү үчүн биз өз каалообуз менен алдыбызга руханий тапшырмаларды коёбуз.

**Төмөнкүнү эске алуу маанилүү**

- Практикалык кадамдар максатка жетүү үчүн жол, алардын өзү максат эмес.
- Практикалык кадамдар _________________ өлчөө үчүн өзгөчө так курал эмес.
- Алар биздин Кудайга _________________ ордун ээлей албайт.
- Аларды өз _______________ менен аткаруу керек, анткени ошондо гана биз эң жакшы натыйжага жете алабыз.

**Руханий тартипке салуунун тизмеси**

**(1) _________________**

**(2) _________________ изилдөө** (Забур 118 адамдын жашоосундагы Кудайдын Сөзүнүн ишин ачып берет.)

**(3) _________________** (Матай 9:15, 6:16-18)

**(4) Жыйынга _________________** (Эврейлерге 10:25)

**(5) _________________ ___________ ____________/нан сындыруу** (1 Корунттуктарга 11:23-26)

**(6) Руханий _________________** (Галаттыктарга 6:2)

**(7) _________________** (Эврейлерге  13:16, 1 Корунттуктарга 16:2)

**(8) _________________** (1 Корунттуктарга , 12)

**(9) Руханий _________________** (Забур 77:10)

**(10) ___________ __________** үчүн адабияттарды окуу

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Менин руханий өнүгүүмө олуттуу мамиле кылганга жана өзүмө алган милдеттерди аткарууга жардам берчи; мен Сага канча убакыт арнашым керек болсо, ошончо убакыт арнагым келет.

Сенин Сөзүңө ишенимдүү болгонго жардам берчи. Руханий жетишкендиктерим үчүн текеберденип кеткенден сакта.

Руханий тапшырмалар – Сага менин сүйүүмдү билдирүү жана менин ишенимимди сыноо экенин унутпаганга жардам берчи.

Менин колуман эмне келгенине карабастан, мага белек кылган ырайымың үчүн рахмат.

## Тапшырма

Руханий тартипке салуу тизмесинде берилген Ыйык Китептин шилтемелерин табыңыз. Машайакчынын жашоосунда тартипке салууну практикада колдонууга Ыйык Китеп кандай олуттуу караарына көңүл буруңуз (Биз Забур 118ди изилдегенбиз, ошол себептен аны кайталоонун зарылчылыгы жок).

**Менин руханий тапшырмаларымдын план-схемасы**

Аты: ___________________________

**(1) Сыйынуу**

Мен күнүнө саат__________ ___________ мүнөт сыйынам.

**(2) Ыйык Китепти изилдөө**

Мен Ыйык Китепти күн сайын ______________________________ изилдейм. Мен тапшырмаларымдын натыйжасын ________________________________________ (мүнөт, ж.б.) баалайм.

**(3) Орозо**

Мен жумасына _________________ _____________ (саат) орозо кармайм.

**(4) Жыйынга барып келүү**

Мен жыйынга жана Ыйык Китеп боюнча сабактарга туруктуу катышам:

Күнү ___________________ Убактысы _______________

Күнү ___________________ Убактысы _______________

Күнү ___________________ Убактысы _______________

**(5) Кечки тамак/нан сындыруу**

Мен биздин жыйында ____________ сайын болуп турган нан сындырууга катышам.

**(6) Руханий жооптуулук**

Мен руханий абалым жөнүндө айтып берип жана ___________________ (руханий акыл-насаатчынын аты) руханий акыл-насаатын _____________________ (качан) угам.

**(7) Курмандыктар**

Мен __________________ (жыйындын аты) ондугумду берем.

**(8) Кызмат**

Мен туруктуу түрдө төмөнкү кызматты кылам:

**(9) Журнал**

Мен журнал жүргүзүп ага жумасына ____________ жазып турам .

**(10) Мен руханий өнүгүү үчүн кийинки адабиятты окуйм:**

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

Убада берген күн _____________

Сыноо мезгили _____________ чейин

# 9-сабак
# Руханий жоопттуулуктун ролу

## Тема

«Кудай мени менен менин досторум аркылуу иштейт».

## Киришүү

Руханий (отчеттуулукту) **жоопттуулукту** (1) руханий ___________, (2) руханий _______ ________ийгилик жана ийгиликсиздик (3) ______________ аткаруу жөнүндө отчет берип бөлүшө алган акыл-насаатчы же топтогу бир адам менен бирге практика кылсаңыз болот.

## Эмнеге руханий жоопттуулук керек

Руханий **жоопттуулукту** практикада колдонбосок, биз Жазуунун осуяттарын аткара албайбыз, ошондой эле Кудай бизге руханий жеңиш жана өсүү үчүн бергиси келген Кудайдын ырайымын этибар албай койгон болобуз.

► Жакып 5:16, Галаттыктарга 6:2, Эврейлерге 10:24, Эврейлерге  13:17

Руханий жоопттуулукту практикада колдоноруңузду билүү үчүн кийинки суроолорду бериңиз.

Мен_____________кимдир бирөөнү билемби?

- көйгөйлөрүмдү бөлүшө алган.
- кемчиликтер жөнүндө айта алган.
- көйгөйлөр жөнүндө сүйлөшө алган.
- өзүмдүн руханий абалым жөнүндө сүйлөшө алган.

Мага төмөнкүдөй баарлашуу жетишпеген учурлар болобу?

- Кыйын учурда кайрыла турган эч ким жок болгон учур.
- Менин руханий абалымды эч ким билбегенине кубанган учур.
- Кандайдыр бир милдеттерди аткарбай койгонго мүмкүн болгон учур.

Мен кулак сала турган бирөөнү билемби?

- Ал мага буга чейин кандайдыр бир кеңештерди берди беле?
- Ал мага руханий күрөш жөнүндө айтты беле?

Келгиле руханий **жоопттуулукту** камсыздоонун кандай жолдору бар экенин карап көрөлү.

Төмөнкүлөр болгондо руханий жооптуулукту практикада колдонуу мүмкүн болот…

1. ___________________.
2. Сизди _________ жана __________ ________ аракет кылат деген толук ишеним.
3. ____________________ үчүн убакытты пландоо.

Эгер кимдир бирөөнүн руханий акыл-насаатчысы болсоңуз, ал адамдан утуру төмөнкүлөрдү сурап турасыз:

- Анын руханий ______________ кандай жүрүшүп жатат?
- Анын руханий ______________ барбы?
- Ал өзүнө алган ______________ аткарып жатабы?
- Ал бул маалыматты алгандан кийин өзүнө кайсы конкреттүү милдеттерди алгысы келет?

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мен Сенин Сөзүңө ишенимдүү болуп, Сенин бардык осуяттарыңды аткаргым келет, ошондой эле бир туугандарыма жардам берип жана оор кырдаалдарда колдогум келет, о.э. алар мен жөнүндө сыйынып турушу үчүн алар менен өзүмдүн кыйынчылыктарымды бөлүшкүм келет.

Мени көзөмөлдөө үчүн менин үстүмөн койгон акыл-насаатчыларыңа тил алчаак болгум келет.

Мага каталарымды көрсөткөндө момундук менен кабыл алууга жана башкаларга алардын катасын сүйүү менен көрсөтүүгө жардам берчи. Башкалардын эскертүүлөрүнө таарынбаганга жана бир туугандарды сөздөрүм менен таарынтпаганга жардам берчи.

Мен Руханий өсүп-өнүгө алышым үчүн берген Машайактагы үй-бүлө үчүн рахмат.

Оомийин.

**Тапшырма**

«Эмне үчүн бизге руханий жоопкерчилик керек?» деген бөлүктөн Ыйык Китептен келтирилиген төрт аятты табыңыз. Аларды контексти менен бирге окуңуз. Ошол аяттарда берилген көрсөтмөлөрдү практикада качан жана кантип аткарганыңызды эстөөгө аракет кылыңыз.  Бул аяттардагы осуяттарды аткарып баштоо үчүн же дагы жакшыраак аткаруу үчүн  эмне кылуу керектигин ойлонуңуз.

# 10-сабак
# Кызматка берилүү

## Тема

«Менин жашоомдун максаты – күнөөкөрлөрдү куткаруу».

## Киришүү

► Ыйык Китепте жакшы кабар таратуу биринчи орунда турат: Матай 9:36-38, Матай 28:18-20, Элчилердин иштери 4:29, Элчилердин иштери 11:18, Филипиликтерге 1:18, Эфестиктерге 6:19, Римдиктерге 10:13-15

## Эмне үчүн күнөөкөрлөрдүн куткарылуусу ишенүүчү үчүн ушунчалык маанилүү?

- Бул күнөөкөрлөрдү куткаруу үчүн Өзүнүн өмүрүн берүүгө асманды таштап келген Ыйсанын ____________ жолдоого умтулуу.
- Бул Кудайды четке каккан ____________ машайакчы болуп калганда Эң Жогорку Кудайдын даңкын көрүү каалоосу.
- Бул Машайактын _____________ жана курмандыгын маалым кылган жакшы кабардын тараганын көрүү каалоосу.
- Бул Кудайдын ______________ эмгек кылуу каалоосу.
- Бул күнөөсү үчүн түбөлүк азап чеге турган өлүмгө дуушар болгон адамдарга __________ ______.

## Эмне үчүн бардык машайакчылар жакшы кабар таратпайт?

- Руханий ____________ жоктугу.
- Бул жеке аларга _________ __________.
- Руханий темага _____________ кантип баштоону билишпейт.
- ________ __________ кантип туура түшүндүрүүнү билишпейт.
- ______________ коркушат.
- ______________ өзгөчөлөнүүнү каалабайт.
- Алардын аракети кандайдыр бир _____________ алып келерине шектенүү.

## Негизги учурлар

Адамдын руханий умтулуусу жок болсо, ал өзүнүн рухун жаңылашы керек.

Ар бир ишенүүчүгө кийинки эки нерсе керек:

1. ______________ – ал Кудайдын Сөзүнүн күчүнө ишениши керек.
2. ______________ – ал жакшы кабарды туура түшүндүрүү үчүн даярданышы керек. Мындан мурунку сабактардын биринде ушул жөнүндө айтылат.

Эң негизги суроо: Кудайдын Сөзүн таратуу үчүн жеке сага эмне керек?

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Сенин сүйүүң, бизди куткаруу үчүн жиберген Сенин Уулуң үчүн рахмат. Менин Сага болгон сүйүүм Сенин башкаларды куткарууну каалаганың жөнүндө айтууга жардам берсинчи. Сени мени жиберген адамдардын баарына ушул куткаруу жөнүндөгү кабарды жеткиргенге жардам берчи.

Күнөөкөр тобо кылган сайын мен Сенин даңкыңды көргүм келет.

Мага жол көрсөтчү жана күч берчи. Күнөөкөрлөрдү Сени издөөгө түрткөн Ыйык Рух менен кызматташканга жардам берчи.

Ыйсанын ысымынан суранам, Оомийин.

## Тапшырма

Адамдарга жакшы кабар таратуу жөнүндө  6-сабакты кайталаңыз. Акыркы жолу кимдир бирөөгө Кудай жөнүндө айтып берүүгө аракет кылган учурду эстеңиз. Сүйлөшүүңүздү анализдеп, кийинкиде таасирдүүрөөк болуу үчүн дагы эмнени көбүрөөк практика кылуу керектигин ойлонуп көрүңүз. Бул даярдыкты аткара алган убакытты белгилеңиз.

# 11-сабак
# Жыйындын ролу

### Тема

«Кудай менден күткөн нерсени мен жалгыз ишке ашыра албайм».

### Сабак

Жыйын бир. (Эфестиктерге 1:22-23, 4:4)

Ошол эле учурда ____________ жамааттар бар.

### Жаңы Келишимде жазылган жергиликтүү жыйындын аткара турган иштери

1. __________ жана тарбия алуу үчүн жер (1 Корунттуктарга 14:12).
2. Кабыл алынган _____________ бекемдеп кайталоо (1 Тиметейге 3:15).
3. Адамдарды ________ _________ ________жиберүү (Матай 28:19-20).
4. _______/ ___________ ________финансылык жактан каржылоо (1 Тиметейге 5:17-18).
5. _______________ баталоо жана финансылык жардам көрсөтүү (Элчилердин иштери 13:2-4, Римдиктерге 15:24).
6. Жыйындын ________ ________финансылык жардам (1 Тиметейге 5:3).
7. Күнөөгө баткан ________ ________тартипке салуу (1 Корунттуктарга 5:9-13).
8. ____________ ______ ________ ________өткөрүү (Матай 28:19, 1 Корунттуктарга 11:23-26).
9. Ишенүүчүлөрдүн________ ________Элчилердин иштери 2:42).

Ишенүүчү адамдар бул иштерди жалгыз жалгыздан аткара алышпайт.

Ар бир жергиликтүү жыйындагы ишенүүчүлөрдүн тобу үчүн Кудайдын белгилүү тапшыра турган иши бар. Ал ошол ишти аткаруу үчүн бардыгын камсыз кылат жана биздин жооп кайтаруубузду күтөт.

| Эмне керек | Кудайдын иш-аракети | Жыйын мүчөлөрүнүн иш-аракети |
|---|---|---|
| ____________________ | Жыйын жетекчилерин чакыруу | Жетекчиликке баш ийүү |
| ____________________ | Курмандык кылууга чакыруу | Финансы курмандык кылуу |
| ____________________ | Таланттарды берүү | Башка таланттар менен кызмат кылуу |
| ____________________ | Машайактын Денесин куруу | Өз ара көз-карандуулукту түшүнүү |

Ар бир машайакчы жергиликтүү жыйынга Кудай ал үчүн белгилеген иштерди аткаруу үчүн жардам берүүгө күчүн, каражаттарын жана таланттарын жумшашы керек. Эгер андай кылбаса ал машайакчы катары өзүнүн милдетин аткарган жок.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мага кыйынчылыктарда таяна алган Машайактагы бир туугандарды бергениң үчүн рахмат. Мени жерде Сенин эркиңди аткарып жаткан Сенин жыйыныңдын – бир дененин бир бөлүгү кылганың үчүн рахмат.

Мага мен сенин жыйыныңа муктаж экенимди жана менин жыйыным мага муктаж экенин унутпаганга жана жыйын Кудай ага тапшырган ролду ийгиликтүү аткаруу үчүн ар бир адамдан күткөн милдетти өзүмө алууга жардам берчи.

Баарыбызга чогуу Ыйык Рух жашаган ийбадаткана жана башка адамдар үчүн өмүр булагы болууга жардам берчи.

Оомийин.

## Тапшырма

1 Корунттуктарга 12ни окуңуз. Бир дененин мүчөлөрүнүн бири-бирине көз карандылыгы  жөнүндө жана ар бир бирөөнүн ар башка ролу жөнүндө ой жүгүртүңүз.

# 12-сабак
# Азгырыктарды жеңүү

## Тема

«Мага багыт берген жана мени бекемдеген Ыйык Рухтун жардамы менен мен азгырыктарды жеңе алам».

## Сабак

► 1 Корунттуктарга 10:13

_______________ адам азгырыкка туш болот.

Кудай ___________ туруктуулуктун чегин билери айтылат.

Кудай биз күнөөнү _______ ____________ айтат.

Кудай бизге күнөөнү жеңүү үчүн бардык ____________ _____________ берет.

Биздин ишенимибизге жооп катары Кудай бизге күнөөгө каршы туруу жөндөмүн берет (1 Жакан 5:4).

► Жакып 1:14-15

Джон Уэсли адам күнөөгө моюн сунганда кийинки кадамдардан өтөрүн айтат:[73]

1. ______________ пайда болот.
2. Рух ишенүүчүнү ____________ жөнүндө эскертет.
3. Адам ага улам барган сайын жагымдуу сезилген азгырык тууралуу _________ ________[ушул учурда адам биринчи ката кетирет].
4. Рух өчөт, адамдын _____________ алсырайт, Кудайга сүйүү унутулат.
5. Рух катуу жемелейт.
6. Адам Рухтун жемелеген үнүн укпай калат жана азгыруучунун жагымдуу сөздөрүнө кулак сала баштайт.
7. Анын жүрөгүн күнөөкөр ___________ толтурат; ишеним жана сүйүү унутулат; ал атайлап күнөө кылууга даяр болот.

[73] Стивен Гибсондун редакциясынын алдында «Убакыттан тышкары ишеним: 21-кылым үчүн Уэсли» деген чыгармадан өзгөртүлүп келтирилген.

Азгырык – бул биздин ишенимге чакырык, анткени бизди Кудайга толук баш ийүү – жалгыз туура жол экенине шектенүүгө мажбур кылат.

Адам күнөөнү жеңе албаса, төмөнкү себептерден ошондой болушу мүмкүн:

1. Ал Кудайга баш ийүү – ________ ________ ________ шарт экенин түшүнбөйт.
2. Ал Кудай бул ишке кантип кирише аларын түшүнбөйт же Кудай ага бардык нерседе __________ ______ аларына ишенбейт.
3. Ал Кудайдан жардам сурагандын ордуна ___________ ___________ гана таянат.
4. Ал өзүнө ____________ болгондо гана Кудайга кызмат кылганга жана Аны укканга даяр.
5. Ал бардык нерседе Кудайдын эркин ___________ үчүн максатка, Кудайдын жогорку сыйлыгына умтулбайт [74].
6. Ал бекем ишенимде Кудай менен мамилелерин сактоо үчүн руханий _________ ____________ практикада туруктуу колдонгон эмес.

Кудай Өзүнүн Уулун курмандыкка берип, биздин куткарылуубуз үчүн ________ _________ койгон. Кудай биз ишенимди сактап калуу үчүн керектүү ырайымды көрсөтүүдөн баш тартып, бул курмандыктын куру болушуна жол бербейт.

► Римдиктерге 8:32.

> Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин (Жүйүт 1:24-25).

---

[74] Филипиликтерге 3:13-15.

## Сыйынуу

Асмандагы Ата!

Мен жөнүндө бардыгын: менин бардык алсыздыктарымды жана кемчиликтеримди билгениң үчүн ыраазымын. Мен жеңе албаган азгырыктардын мага келүүсүнө жол бербегениң үчүн рахмат, ошонун аркасы менен мен күнөөнү жеңе алам.

Мага дайыма Ыйык Рухтун үнүн угууга жана күнөөгө туш болгондо аны дароо четке кагууга жардам берчи.

Сен гана менин жүрөгүмдү чындап канааттандыра аларыңды унутпаганга жардам берчи.

Ыйса Машайактын ысымынан,

Оомийин.

## Тапшырма

Аян 2-3тү окуңуз. Бул бөлүмдөрдө ар түрлүү көйгөйлөр жана азгырыктар менен күрөшкөн жети жыйынга жазылган каттар бар. Ар бир каттын аягында «жеңгенге» берилген убадага көңүл буруңуз.